КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

И. К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНА АКАДЕМИЯСЫ

У. А. Амираев

СТОМАТОЛОГИЯЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ ТОЛКОВЫЙ СЛОВАРЬ СТОМАТОЛОГИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Окуу куралы

Оңдолуп, толукталып 2-басылышы

*Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын
Борбордук окуу усулдук кеңеши басып чыгарууга сунуштайт.*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен студенттерге окуу куралы катары чыгарууга уруксат берилди. Буйрук № 559/1, 19-май, 2009-жыл.

Бишкек — 2009

УДК 616.3
ББК 56.6
С 81

И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын РБК чечими менен басылды.

РБКнын мүчөлөрү:

Зурдинов А. З. — ректор, мед. илим. доктору, профессор, башкы редактор;
Чолпонбаев К. С. — ОТИ, ЭК жана мамл.тил боюнча проректор, мед. илим. доктору, профессор, башкы редактордун орун басары
Адамалиев К. А. — балдар хирургиясы кафедрасынын башчысы, мед. илим. доктору, профессор, жооптуу катчы
Алымкулов Р. Д. — окуу-усул бөлүмүнүн начальниги, мед. илим. доктору, профессор
Абдымомунов А. О. — ортопедиялык стоматология кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, мед.илим. доктору
Молдобаева М. С. — пропедтерапия жана эндокринология башчысы, мед. илим. доктору, профессор
Рисалиев Д. Дж. — коомдук саламаттыкты жана саламаттыкты сактоо жана эпидемиология курсу кафедрасынын башчысы, мед. илим. доктору, профессор
Тилекеева У. М. — базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу
Ырысов К. Б. —нейрохирургияны дипломго чейин жана кийин окуу кафедрасында профессордун милдетин аткаруучу.

Амираев У. А.
Стоматологиялык терминдердин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Окуу куралы./ Түз. У.А. Амираев.– Онд. толук. 2-бас. – Б.: 2009. – 276 б.

ISBN 978-9967-434-66-0

Студенттер, врач-стоматологдор стоматологияда колдонулуучу материалдарды тереңирээк жана кеңенирээк билүү үчүн жардам берет деген максатта чыгарылды.

А 4108120000–09

УДК 616.3
ББК 56.6

ISBN 978-9967-434-66-0

© Түзгөн Амираев У.А., 2009.

Медицина илимдеринин доктору, доцент Амираев Убайдилла Амираевич кемчиликтерин оңдоп, толуктап, экинчи жолу (биринчиси 2005-жылы чыккан) түзүп чыккан «Стоматологиялык терминдердин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү» Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын медицина боюнча өкүлү, башкы эксперт М. Ж. Жээналиев тарабынан редакцияланып, медицина жана айыл чарба секторунда талкууланды.

Кыргыз тилин өздөштүрүп, бардык тармактарга кеңири таратуу үчүн жапа тырмак бардыгыбыз киришип, аракеттенүүбүз керек. Атадан калган алтынга бергисиз сөз бар эмеспи: «Көч бара-бара түзөлөт» деген.

Бул эмгек мамлекеттик тилди стоматология тармагында өнүктүрүүдөгү алгачкы саамалыктардын бири. Төл башы эмгек катары жалпы медицина жана стоматология окуу жайларынын эмгек жамааттарынын, студенттеринин, окутуучуларынын, дарыгерлердин, илимий жана башка кызматкерлердин эңсеп күткөн жан китеби болор деген ойдобуз.

Т. ЖУМАГУЛОВ

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы, Мамлекеттик тил фондунун директору

Эмгегимди И. К. Ахунбаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик медициналык
академиянын 70 жылдык юбилейине арнаймын!

А

АБДУ́КЦИЯ — абдукция. Ары түртүү, жылдыруу (мисалы, оозду ачканда ылдыйкы жаакты алдыга карай кыймылдатуу).

АБРАЗИ́ВНЫЕ ИНСТРУМЕ́НТЫ — жонуу аспаптары. Кыруу, өгөө, жонуу үчүн аспаптар абразивдерден жасалат. Буга алмаздуу же карборунддуу борлор, сепарациялык дискилер, таштар ж. б. кирет. Абразивдик аспаптар менен металл кошундуларынан, керамикадан, цементтен, пластмасса, фарфор ж. б. материалдардан жасалган тиш протездерин, кыттарды (пломбаларды) оңдоп түзөйт, жонот.

АБРАЗИ́ВНЫЕ МАТЕРИАЛЫ — жонуу материалдары. Алар табигый жана жасалма болуп бөлүнүшөт: табигый түрлөрүнө алмаз, корунд, пемза, талаа шпаты ж. б., жасалма түрлөрүнө карборунд, фарфор кыпыны ж. б. кирет. Бул абразивдерден кыргыч, чарык, кайрак, кескич, стоматологияда колдонулуучу ж. б. аспаптар жасалат.

АБРАЗИ́ВНЫЙ ХЕЙЛИ́Т МАНГАНОТТИ — эриндин кыюусунун кесилип-түлөгөн Манганотти жарасы. Астыңкы эринде пайда болуучу тегерек, сүйрү келген, бат-бат кайталанып туруучу өзгөчө жара. Өз убактысында, тезирээк дарылап, алдын албаса рак оорусуна өтүп кетиши мүмкүн. Кыргызча бул ооруну желке деп атайт, айрыкча жазында, жайында күч алат, кыргыздар дүлөй деп аталган өсүмдүктү эринге чаптап айыктырышкан.

АБРА́ЗИЯ — абразия. Тишке жасалма коронка жасоодо тиш коронкасынын айланасын, чайноо бетин жонуу жана оорулуу тиштин көңдөйүн кыруу.

АБСОЛЮ́ТНАЯ СИ́ЛА ЖЕВА́ТЕЛЬНЫХ МЫШЦ — чайноо булчуңдарынын эң жогорку күчү. Чайноо булчуңдарынын эң көп салмак көтөрүшү, жыйрылышы. Орто эсеп менен Вебердин пикири боюнча туурасынан кесилиши 1 см^2

болгон чайноо булчуңу 10 кг салмакты көтөрө алат. Чыкый булчуңу –8 см^2, чайноо булчуңунуку –7,52 см^2 жана медиал канат сымал булчуңунуку –4 см^2, ошондо бир жаактагы булчундардын кесилиш аянты 19,5 см^2 болсо, эки жагы 39 см^2, демек ылдыйкы жаактын көтөрүү мүмкүнчүлүгү 390 кг га барабар.

АБСО́РБЦИЯ — абсорбция. Сиңирүү, жутуу, абсорбциялоо.

АБСЦЕ́СС — ириңдүү шишик. Туюк жара, ириң тебүү, ириңдүү шишик. Негизги абсцесстер: А. заглоточный — кекиртек артындагы А.; А. твердого нёба — катуу таңдайдагы А.; А. подглазничный — көздүн алдындагы А.; А. боковой поверхности носа — мурундун каптал жагындагы А.; А. челюстно-язычного желобка — тил-жаак ноочасындагы, А.; А. языка — тилдеги А.; А. наружной поверхности нижней челюсти — астыңкы жаактын сыртындагы А. Булар — стоматологияга гана тиешелүү абсцесстер. Медицинада абсцесстин түрлөрү өтө көп.

АВИТАМИНО́З — витаминдин жоктугу. Тамак-ашта витаминдердин жетишсиздигинен же денеде зат алмашуу процессинин бузулушунан улам витаминдердин сиңбегенинин натыйжасында пайда болуучу оору. Мисалы, «С» витамининин жоктугунан тиштин бүйлөсүнүн жана ооз көңдөйүнүн былжыр кабыкчасынын канашы пайда болот. Дарылабаса күчөп, кабылдап кетип, тиштердин бошоп, түшүп калуусуна алып келет.

АВИЦЕ́ННА, Ибн Сина, Абу Али Хусейн Ибн Абдаллах (б. з. 980-ж., Бухара шаарына жакын Афшана кыштагы — 1037-ж., Хамадан). Чыгыштын атактуу илимпозу, философ, дарыгер, акын, энциклопедиячысы болгон. Илим-билимдин бардык тармактары боюнча 280ден ашык эмгегинин 160ка жакыны биздин заманга жеткен. Ибн Синанын ысымы Гиппократтын жана Галендин катарында турат. Анын «Медицина канону» деген эмгеги латынча 30 жолу басылган. Анда медицина теориясын, адамдын анатомиясын жана физиологиясын, түрдүү оорулардын себептерин жана белгилерин, тазалыктын жана тамактануунун эрежелеринин негизин

жазган. Атактуу «Канондо» ооз көңдөйү менен тиштерге зор маани берилип, кеңири орун баяндалган. Ал жугуштуу ооруларды өзүнчө бир көзгө көрүнбөгөн козгогучтар пайда кылат деген оюн Пастерден 6 кылым мурда айтып кеткен.

АВТОКЛА́В — автоклав. Жогорку басымдагы температура менен микроорганизмдерди өлтүрүүчү аппарат.

АГГРАВА́ЦИЯ — аггравация. Ооруган жердин оорусунун белгисин ашыра айтуу.

АГЕ́ВЗИЯ — агевзия. Даам сезүүнүн жок болушу.

АГЛОССИЯ — аглоссия. Тилдин тубаса болбой калышы, денедеги башка тубаса аномалиялар менен бирге болот.

АГНА́ТИЯ — агнатия. Үстүнкү же астыңкы жаактын тубаса жок болушу, эң сейрек кезигүүчү көрүнүш. Мындай бала адам болбойт.

АГРАНУЛОЦИТО́З — агранулоцитоз. Четки кан тамырларда жетилбеген лейкоциттер — гранулоциттердин азайышы, организмдин дарыларга, химиялык заттарга сезгичтигинен пайда болот.

АДАМАНТИНО́МА — адамантинома. Тиштин тамырында кездешүүчү зыянсыз шишик. Ал нык же ичинде сары суусу бар түрдө гана кездешет.

АДАМАНТО́МА — адамантома. Тиштин коронкасынын туура эмес өсүшү, тиштин моюнчасында эмалдан же эмаль менен дентинден турган түйүнчө түрүндөгү жооноюу.

АДАПТА́ЦИЯ — көнүү. Организмдин же анын органдарынын айлана-чөйрөгө ыңгайланышы.

АДАПТА́ЦИЯ К СЪЁМНОМУ ПЛАСТИ́НОЧНОМУ ПРОТЕ́ЗУ — пластиналуу кийме протезге көнүү. В. Ю. Курляндскийдин далилдөөсү боюнча мындай кийме протезге көнүү үч фазадан турат: 1-дүүлүктүрүү фазасы. Мында пациенттин оозундагы протез бөтөн нерсе болуп, кыжалаттанып эси-дарты протезде болуп, так сүйлөй албай булдуруктап калат. Шилекей көп чыгат, адамдын кускусу келет, тамакты чайнай албайт, жутушу кыйындайт. Бул 1 суткага чейин созулат. 2-фазада дүүлүктүрүү анча-мынча басаңдайт. Адам кичине көнө баштайт, шилекей азаят, айткан

сөзүн түшүнсө болот, тамакты жей баштайт. Бул фаза 1—5 суткага чейин болот. 3-фазада дүүлүктүрүү толук жок болот. Мында адам протези жок жүрө албайт, протез менен тамакты өз тишиндей жеп баштайт, сөздү так сүйлөйт. Бул фаза 5—33 күнгө чейин созулат.

АДГЕ́ЗИЯ — жабышкактык, илээшкектик. Ар кандай катуу же суюк нерселердин бири-бирине жабышуусу. Стоматологияда кийме протездердин таңдайга же ар түрдүү кыттардын тишке жабышуусу адгезиялык касиетине байланыштуу.

АДГЕЗИО́ННЫЙ МОСТОВИ́ДНЫЙ ПРОТЕ́З — жабыштырылган көпүрөчө протез. Тиштердин катарынан бир тиш жулунганда тишти өгөбөй жабыштырып коё турган көпүрөчө сымал жасалма тиш. Бул протезди **МЕ́РИЛЕНД МОСТ — мериленд көпүрө** деп айтышат. Мындай протездин конструкциясы 1961—1963-жылдары В. Н. Копейкин тарабынан сунушталган, бирок кеңири таралган эмес. Мериленд университетинин Тиш хирургиясы институтунун кызматчылары Ливатидис менен Томпсон желим менен жабышуучу көпүрө протезди жасашып, аны «мериленд-көпүрө» деп аташкан. Мындай конструкция жасаганда протез таңдайга же тил жакка желим менен жабыштырылат.

АДГЕ́ЗОР — адгезор. Эки компоненттүү цинк-фосфат цементи. Ал күкүм жана суюктуктан турат, ооздон алынбоочу тиш протездерин туруктуу бекитет. Күкүм менен суюктук тегиз аралашсын үчүн күкүмдү аз-аздан кошуп аралаштыруу керек. Адгезор ар түрдүү өңдө чыгарылат: № 1 ак, № 2 сары, № 3 боз-көгүш, № 4 күрөң. Катуу убактысы — 4,5—5,5 мүнөт.

АДГЕ́ЗОР КАРБОФИ́НЕ — адгезор карбофине. Цинк поликарбоксилаттуу цемент, тишке жабышкактуулугу менен айырмаланат, ооздон алынбоочу тиш протездерин туруктуу бекитет, күкүм жана суюктуктан турат. Аралаштыруу үчүн 2 ченем күкүм жана 5 тамчы (1 г) суюктук алуу керек, аралаштыруу мөөнөтү 30 сек. Иштөө мөөнөтү 8—10 мүнөт, катуу мөөнөтү 6—8 мүнөт. Чехиянын «Спофа Дентал» фирмасы чыгарат.

АДДУ́КЦИЯ — аддукция. Бери буруу, тартуу, кыймылдатуу, мисалы, оозду жапканда ылдыйкы жаакты жогору карай кыймылдатуу.

АДЕНО́ИДЫ — аденоиддер. Алкым бездеринин чоңоюп кетиши. Балдардын ар түрдүү жугуштуу ооруларынан жана жогорку дем алуу жолдорунун ар түрдүү сезгенүүлөрүнөн кийин пайда болушу мүмкүн.

АДЕНОКАРЦИНО́МА — аденокарцинома. Эпителийден пайда болгон коркунучтуу бездүү шишик (рак). Көбүнчө чоң жана майда шилекей бездеринде пайда болот.

АДЕНО́МА — аденома. Без шишиги, бездүү мүчөлөрдүн (эмчек, боор, бөйрөк, калкан сымал без, жыныс бездеринин) коркунучсуз шишиги.

АДЕНОФЛЕГМО́НА — аденофлегмона. Лимфа түйүнүнүн жана бездеринин ириңдешинен, инфекциянын айланадагы ткандарга таралып, шишитиши.

АДЕ́НТИЯ — тиштин санынын азайуусу. Жаак сөөгүнүн ичинде тиш түйүлдүгүнүн тубаса болбой калышынан тиштин чыкпай калышы ар кандай себептер менен айрым тиштердин же бардыгынын жулунушу.

АДРЕНАЛИ́Н — адреналин. Бөйрөк үстүндөгү бездин гормону. Организмдеги негизги зат алмашуунун жүрүшүн, айрыкча углеводдук алмашууларды тейлейт, чет жакадагы майда кан тамырлардын тарышына алып келгендиктен, артериялык басымды көтөрөт. Ушунун негизинде адреналинди башка дарыларга кошуу менен кан агууну токтотот.

АКВАМЕРОН — аквамерон. Эки компоненттүү (күкүм жана суюктук) айнекиономерлүү универсалдуу эмаль менен дентинге жабышкактуулугу өтө күчтүү цемент. Мунун суюктугу тузсуздалган суу, ошондуктан «аква» деген сөз кошо айтылат. Германиядан чыгат.

А́КВА-СЕМ — аква-сем. Айнекиономерлүү өңү ачык цемент. Ооздон алынбоочу жасалма тишти (протезди) жана ортодонтиялык аппараттарды бекитүү үчүн колдонулат. Күкүмү айнектин алюмосиликаты жана полиакрил кычкылынан турат. Суюктугу тузсуздалган суу. АКШда чыгарылат.

АККУМИ́КС И АККУФЛЕ́КС — аккумикс жана аккуфлекс. Тиштердин калыбын так алууда кеңири колдонулуучу, силикон тобуна кирүүчү массалар. АКШда чыгарылат.

АККУМУЛЯ́ЦИЯ — аккумуляция. Медицинада кээ бир ооруларда, анын ичинде, тиш ооруларында зыяндуу заттардын, дары-дармектин организмде чогулушу.

АКРЕ́Л — акрел. Кийме тиштердин негизи болуучу, физикалык жана механикалык касиеттери боюнча башкалардан жогору сапаттагы пластмасса. Күкүмү полиметилметакрилаттан жана дибутилфтолаттан, суюктугу метилметакрилаттан жана басаңдатуучудан (ингибитор) турат.

Acrylic denture base resin пластмассасы стоматологиялык практикада кийме пластиналуу протездерди жамоодо, кийме протездин негизин тактоодо (перебазировка), бет-жаак жана ортодонтиялык аппараттарды жасоодо, пародонттун оорусунда ар кандай шакшактарды жасаганда жана башка максаттар үчүн колдонулат. Кытайда чыгарылат.

АКРИЛА́ТЫ — акрилаттар. Акрил кычкылынын татаал эфири же анын туздары, алардан полиакрилатты синтездешет, стоматологияда кеңири колдонулат.

АКРИЛО́ВЫЕ СТОМАТИ́ТЫ — акрил оозулу. Акрил пластмассадан жасалган кийме тиштердин негизинде мономердин ашыкча болуп калышынан ооздун былжыр чел кабыкчасынын сезгениши. Көбүнчө тиш жасалган пластмассаны полимерлештиргенде анын даярдоо технологиясын бузгандан, б. а. полимерлештирүү тартиби бузулгандан болот.

АКРИЛОКСИ́Д — акрилоксид. Тиштерди кыттоо үчүн колдонулуучу полимерлүү материал. Акрил жана эпоксид чайырларынын (смола) кошулмалары. Акрилоксиддин күкүмү полимерметакрилатка органикалык эмес толуктоочу кошулат, ал эми суюк абалындагысы болсо метилметакрилат, активатор, этил спирти жана эпоксид ашгомеринен турат. Өзүнүн физика-механикалык касиеттеринин жогорулугу, илээшкектиги жана жабышкактыгы менен айырмаланат. Ошондой эле ал өңүн өзгөртпөйт, жеңил иштелет.

АКРОДЕ́НТ — акродент. Өзү катуучу материал. Акрилоксид пластмассасына окшош кылып чыгарылат № 10, 12, 16 ак түстөгү 20 г күкүмдөн (полимер) жана 50 г суюктуктан (мономер) турат. Ал убактылуу каптама жасаганда, кийме протездин тиштерин узартканда, пластмассадан жасалган каптаманын кырын тактаганда жана шиш тиштерди жасаганда колдонулат.

АКРОДЕ́НТ-2 — акродент-2. Жасалма тиштерди жасоодо ооз көңдөйүнүн, жаак сөөгүнүн калыбын алуу, кийме протезди жасаганда беттин ылдыйкы бийиктигин аныктоодо тиштелүүчү валикти жасоо үчүн колдонулуучу материал. Ал карагайдын чайыры, канифоль, стеарин, этилцеллюлоза, жумшарткычтар, толуктоочулар (каолин, ак цинк), боёк, ванилин ж. б. заттардан турат.

АКРОМЕГАЛИ́Я — акромегалия. Гипофиз безинин шишигинен жана анын ички секреция кызматынын бузулушунан пайда болгон оору. Акромегалияда колдун, буттун (манжаларынын), ээктин, жаак, мурун жана кулак сөөктөрү өз калыбынан ашкере чоң өсүп кетет. Жаак сөөктөрү өзгөчө өсүп кеткени менен тиштердин көлөмү өзгөрүлбөйт, болгондо арасы ачылып кетет. Тиштин тамырынын учу жооноёт, тилдин көлөмү чоңоёт.

АКРОНИ́Л — акронил. Кийме тиш протездин негизин жасоо үчүн колдонулуучу пластмасса, сууну аз сиңирет жана бекемдиги менен айырмаланат. Күкүмүндө поливинилацетат менен метилметакрилат жана суюктугунда метилметакрилат, басаңдатуучу жана токтотуучу заттар бар.

А́КРОН М СИ — акрон м си. Акрил пластмассасы: мала кызыл, түссүз жана майда «тамырлуу» болот. Күкүм жана суюктуктан турат. Микротолкун нурунун таасири менен пластмасса суунун ичинде 3 мүнөттө полимерлешет. Микротолкундарды өткөрүү үчүн атайын аспап (кювета) колдонулат.

А́КРО-СЕП — акро-сеп. Кийме тиш протездеринин негизи болгон пластмассаны гипстен чектөөчү катмар катары колдонулуучу суюк желим. Жасалма тиштин сырткы бетин тегиз, жылмакай кылат, андан оңой сыйрылат. Японияда чыгарылат.

АКР П — акр п. Кийме тиш протези үчүн калып ала турган материал. Тиштери жок жаактарга кийме протездерди жасаганда, ар кимдин жаагынын көлөмү ар башка болгондуктан, стандарттуу ченкеп (орусчасы ложка) туура келбей калышы мүмкүн, ошондуктан үчүн ар бир пациент үчүн калып алынуучу өздүк ченкепти ушул материалдан жасайт, ошондой эле өздүк ченкеп менен калып алып жасалган кийме тиш жакшы кармалат.

АКТИВА́ТОР ВУ́НДЕРЕРА — Вундерер активатору. Астыңкы жаак өсүп, маңдайкы тиштер алдыга чыгып кеткенде колдонулуучу ортодонтиялык активатор. Жабык түрдөгү каркастуу конструкциядагы активатор үстүңкү жана астыңкы жаактардын каптал тиштери үчүн негиз болот, төмөнкү маңдай тиштерге зымдан вестибулярдык дого жана Вазенин атайын бурамасы коюлат. Үстүнкү, астыңкы негиздер атайын бурама менен бириктирилет.

АКТИВА́ТОР ХО́ФМАНА — Хофман активатору. Ылдыйкы жаак өтө өсүп, алдыга чыгып калганда колдонулуучу, пластмассадан жасалган ортодонтиялык аппарат. Аппараттын жардамы менен жогорку жаактын өсүшүнө өбөлгө түзүлүп, ылдыйкы жаактын өсүүсү токтотулат.

АКТИВАТО́РЫ АНДРЕЗЕ́НА-ГО́ЙПЛЯ — Андрезен-Гойпль активаторлору. Бул аппарат тиштердин катышынын туура эместигинде колдонулат. Аппарат оозго кийүүчү аппараттарга кирет, үстүңкү жана астыңкы жаактарга жасалат, аларды тиштер тийишкен жерден бириктирет.

АКТИНОМИКО́З — актиномикоз. Нурлуу (лучевые) микроорганизмдер (грибки) себеп болгон өзгөчө өнөкөт оору. Микроорганизмдер ооз көңдөйүндө, жогорку дем алуу жолдорунда жана ичеги-карында жайгашышат.

АЛЛЕРГИ́ЧЕСКИЙ СТОМАТИ́Т — аллергиялык оозул. Ооздун былжыр кабыкчасынын аллергияга байланыштуу сезгениши.

АЛЛЕРГИ́Я — аллергия. Сезгичтиктин жана реактидүүлүктүн өзгөрүшү, кайсы бир заттарды (дары-дармекти, жакпаган тамакты, белок заттарын) кайталап кабыл ал-

ганда пайда болот. Аллергия оорусунун негизин аллерген менен антидененин ортосундагы реакция түзөт. Антидене — бул глобулиндин өзгөрүлгөн жаңы түрү. Аллергиялык реакция акырын жана тез өтүүчү түрдө болот. Организмдин сезгичтиги өзгөрүлгөн кезде, 5—15 мүнөттүн ичинде болуучу реакцияга анафилаксия, Артюс феномени, Квинке шишиги кирет. Жай болуучу аллергия 5—6 сааттан 3—7 күндүн аралыгында билинет.

АЛО́КС — алокс. Жасалма коронкаларды, көпүрөчө жасалма тиштерди жалтыратуу үчүн колдонулуучу жогорку катуулукка ээ болгон антимагниттүү альфа корунд, курамында 99,7% алюминий оксиди бар, көлөмү 50, 100, 250 мкм болгон учтуу курч зат. Германияда чыгарылат.

АЛО́Э — алоэ. Көп жылдык өсүмдүк (лилиялар тукумунан) маңыздуу, жалбырактуу 180ден ашык түрү бар. Терапиялык стоматологияда тиштин бүйлөсү жана пародонт ооруганда колдонулат.

АЛУСТРА́Л — алустрал. 99,5% электркорунддан турган, металл куймалардын бетин тазалоодо кум куюлуучу аппараттарда колдонулуучу зат. Германияда чыгарылат.

АЛЬВЕО́ЛА ЗУ́БА — тиштин уясы. Жаак сөөктөгү тиштин тамыры туруучу чуңкур.

АЛЬВЕОЛИ́Т — альвеолит. Тишти кыйналуу менен татаал жулгандан кийин тиштин тамырынын орду (уясы) болгон жаак сөөгүнүн сезгенүүсүнөн жана ага инфекциянын кирип кетүүсүнөн пайда болот. Ошондой эле жулунган тиштин ордун таза күтпөгөндөн да келип чыгат.

АЛЬВЕО́ЛОТОМИЯ — альвеолотомия. Жаак сөөктүн альвеола чорчогунун кырын жонуу.

АЛЬВЕОЛЭ́КТОМИЯ — альвеолэктомия. Альвеола чорчогунун кырын жана тамырлардын ортосундагы тосмолорду кертип алып таштоо.

АЛЬВЕОЛЯ́РНАЯ ДУГА — альвеолярдык дого. Жаак сөөгүнүн уландысы, тиштердин жайгашуусунун кыйшыктыгына жараша жаралган дого, ал жерде тиштердин тамырлары орношот.

АЛЬВЕОЛЯ́РНАЯ ПИОРРЕ́Я — альвеолярдык ириңдөө. Тиштердин тамырларынын айланасындагы байламталардын, жаактын, тиштердин жээгиндеги эттеринин сезгенип, ириңдеп, жоюлуп кетишинен тамырлары ачылып, тиштердин бошоп кетиши. Бул ооруну амфодонтоз деп да атаган, азыркы убакта муну пародонтоз деп айтышат. Бул ооруда бардык тиштер бошоп кетет. Эгерде бир-эки тиш бошосо, анда аны пародонтоз деп айтууга болбойт.

АЛЬВЕОЛЯ́РНЫЙ ОТРО́СТОК ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаактардын альвеолалдык жөлөк сөөгү. Жаак сөөгүндөгү тиштин тамырын кармап турууга ыкталган жөлөк сөөк, жаак сөөгүнүн уландысы, кыры. Сөөктүн көлөмү тиштин тамырынын санына жараша болот; бир тамырлуу тиштерде энсиз, эки-үч тамырлуу тиштерде эндүү болот. Тиштер жулунгандан кийин жөлөк сөөк убакыттын өтүшү менен сорулуп, азайып, жоюлуп олтуруп, жокко тете болуп калат.

АЛЬГИДУ́Р — альгидур. Тиштердин, кийме тиш протездери орун алуучу жаактын калыбын алууда керектелүүчү зат. Ал өтө бат жана жай ката турган чыгарылат. Атайын суюктук-басаңдатуучунун (стабилизатор) жардамы менен шашпай иштөөгө жана моделди көбүксүз, сапаттуу куюуга болот. Австрияда чыгарылат.

АЛЬГИНА́ТНЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ — калып алуучу альгинаттуу материалдар. Альгин кычкылынын калий жана натрий туздарынын негизинде жасалуучу ийкемдүү материалдар. Бул топко Стомальгин-73, -02, Новальгин (Россия), Эластик, Гидрогум, Юпен (Чехия), Кромопан, Кромопан-2000, Альгинмакс, Гидрогум (Италия), Дупальфлекс, Триклоральгин, Пальгофлекс, Пальгофлекс-КВИК (Германия), Ортопринт (Польша), Желтрейт, Желтрейт Плюс (АКШ), Альгидур, Протезил, Альгинат (Литва), Херопласт (Китай), Арома файн (Япония) ж. б. көп сандаган массалар кирет. Бул массалар күкүмдөн турат, аны сууга аралаштырып, коюу ботко жасап, металл же пластмассадан жасалган ченкепке салып, тиштерге коюп калыбын алат.

АЛЬТЕРА́ЦИЯ — альтерация. Клеткалардын, ткандардын жана органдардын (тиш, тил жана пародонт ж. б.) курамынын өзгөрүлүүсү менен алардын кызматынын бузулушу.

АЛЬФАКО́СТЬ 2 — альфакост 2. Алтындын кошундусун куюуда колдонулуучу фосфат-силикаттуу масса, куюлган металл бул массадан оңой ажырайт. Күкүмдөн жана суюктуктан турат. Германияда чыгарылат.

АМАЛЬГА́МА — амальгама. Курамында сымап бар бир же бир нече металлдын кошундусу. Амальгама тишти кыттоо үчүн колдонулат.

АМАЛЬГА́МА МЕ́ДНАЯ — жездүү амальгама. Жез менен сымаптын кошулмасы, курамында: 32–37% жез, 59–66% сымап жана 2–4% цинк болот.

АМАЛЬГА́МА СЕРЕБРЯ́НАЯ — күмүштүү амальгама. Курамында сымап менен металлдардын таарындылары бар куйма (сплав), 68,5% – күмүш, 28% – калай жана 3,5% га чейин жез болот.

АМОРТИЗА́ТОРЫ — амортизаторлор. Урунууну, термелүүнү, басымды жана теңселүүнү басаңдатуучу түзүлүш.

АМОЦИ́Д — амоцид. Бөлмөнү жана кийимдерди дезинфекциялап тазалоо үчүн колдонуучу дары. Россияда чыгарылат.

АМПУТА́ЦИЯ ВЕРХУ́ШКИ КО́РНЯ ЗУ́БА — тиштин тамырынын учун кесип алып таштоо. Тиштин коронкасын, тамырын калтырып, тамырынын учун кесип алып таштайт. Бул бир жана көп тамырлуу тиштерде жасалат.

АМПУТА́ЦИЯ ПУ́ЛЬПЫ — өзөктү ампутация жасоо. Тиштин коронка бөлүгүндөгү өзөктү ампутация жасоо, кесип алып таштоо, өзөктүн тамырдын ичиндеги бөлүгү калат.

АНАЛЬГИ́Н — анальгин. Ооруну басуучу дары. Стоматологиялык практикада бет-жаакта ар кандай себептерден улам (тиш оорулары, үчилтик нервдеринин невралгиясы, жара чыгуу, тиш жулунгандан кийин анын уясынын сезгенүүсү ж. б.) болуучу турган ооруну басуу, басаңдатуу үчүн колдонулат. Ошону менен катар премедикация жасарда оорулууну тынчтандыруу жана уктатуу дарыларына кошуп берилет.

АНАМНЕ́З — эске түшүрүү. Оорунун түрүн аныктоо жана белгилерин билүү үчүн оозеки чогултула турган маалыматтар. Анамнез чогулткан кезде, мисалы, кайсы тиш, кантип, кайсы убакта, эмнеден, качантан бери ооруйт деген сыяктуу суроолор менен, кайсы дарылоо ыкмалары туура келе турганы болжолдонот, аныкталат.

АНАСТОМО́З — анастомоз. Кан, нерв жана лимфа тамырларынын операция жолу менен жалганышы.

АНАТОМИ́ЧЕСКИЕ ОБРАЗОВАНИЯ НИ́ЖНЕЙ ТРЕ́ТИ ЛИ́ЦА — беттин астыңкы үчүнчү бөлүгүнүн анатомиялык түзүлүшү. Алар төмөнкүлөрдөн турат: 1) мурун-эрин бырышы; 2) үстүнкү эрин; 3) фильтр (таноордун ортосунан эринге чейинки нооча); 4) оздун жамажайы; 5) эриндердин тийишкен сызыгы; 6) астыңкы эрин; 7) ээктин бырышы.

АНАТОМИ́ЧЕСКИЙ МЕ́ТОД ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ ВЫСОТЫ ПРИ́КУСА БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕЛЮСТЕ́Й В ПОЛОЖЕ́НИИ ЦЕНТРА́ЛЬНОЙ ОККЛЮ́ЗИИ — борбордук окклюзия абалындагы тишсиз жаактардын ашташынын (прикусунун) бийиктигин аныктоонун анатомиялык ыкмасы. Бул ыкмада врач тиштери жок жаактарга момдон жасалган валикти негизи менен коюп, жарашабы же жокпу көрөт. Эгерде бет узарып, тартылып калса, валикти кесип төмөндөтөт, төмөн болуп калса валикке кошуп көтөрөт.

АНА́ТОМО-ФИЗИОЛОГИ́ЧЕСКИЙ МЕ́ТОД ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ ВЫСО́ТЫ ПРИ́КУСА БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕЛЮСТЕ́Й В ПОЛОЖЕ́НИИ ЦЕНТРА́ЛЬНОЙ ОККЛЮ́ЗИИ — борбордук окклюзия абалындагы тишсиз жаактардын ашташынын бийиктигин аныктоонун анатомиялык физиологиялык ыкмасы. Мында пациенттин оозун атайын ачтырбай же жаптырбай, астыңкы жаакты бош салаңдатып коюу керек. Аны үчүн пациент менен стоматологияга тиешеси жок темада сүйлөшүп, эриндеринин болор-болбос тийишип туруусунда астыңкы жаакты кыймылдатпай туруусун өтүнүп, ээктин астынан таноого чейинки бийиктикти ченеп алуу керек. Бул бийиктик тынчтануунун физиологиялык салыштырма бийиктиги деп аталат. Андан кийин жогорку жаакка жогор-

ку мом валикти негизи менен коюп, каптал бетин кулактын ортосу менен таноонун кырына жарыш кылып жасайт (эки жагын тең), маңдайкы бөлүгүн үстүңкү эриндин деңгээлинде же 1 мм көрүнүп тургудай кылып тегиздейт, анан астыңкы жаактын мом валигин негизи менен жаакка коюп, валиктерди тиштетип, беттин төмөнкү бөлүгүнүн бийиктигин ченейт. Ошондо бийиктик салыштырмалуу физиологиялык бийиктиктен 1,5–2 мм аз болушу керек. Эгерде мындан көп болуп калса, астыңкы валикти кесүү же жетпесе кошуу керек. Бул ыкма менен туура иштесе каталык өтө аз болот.

АНА́ТОМО-ФУНКЦИОНА́ЛЬНЫЙ МЕ́ТОД ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ ВЫСО́ТЫ ПРИ́КУСА БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕЛЮСТЕ́Й В ПОЛОЖЕ́НИИ ЦЕНТРАЛЬНОЙ ОККЛЮ́ЗИИ — борбордук окклюзия абалындагы тишсиз жаактардын ашташынын бийиктигин аныктоонун анатомиялык-функционалдык ыкмасы. Ыкмалардын ичинен эң жакшысы ушул, муну Габер сунуш кылган, бирок бул ыкманы ишке ашыруу үчүн атайын аппарат керек, ансыз болбойт.

АНАФИЛА́КСИЯ — анафилаксия. Денеге жат белокту кайталап куйганда байкалуучу ооруксунуу абалы. Мисалы, вакциналар, сывороткалар куюлганда, жат белокту (антиген) куйганда организм аны кээде оор кабыл алат. Тубаса анафилаксия идиосинкразия деп аталат.

АНАФИЛАКТИ́ЧЕСКИЙ ШОК — анафилактикалык сокку. Аллергиялык оорунун эң оор түрү. Соккунун себептери: дарылоо максатында денеге куюлган ар түрдүү дарылар, вакциналар, сывороткалар, ошондой эле ар кандай жаныбарлардын тиштеши, чагышы ж. б.

АНГИ́НА — басма. Алкым боздеринин былжыр кабыкчасынын жана анын лимфоиддик ткандарынын сезгениши. Аны жугуштуу стрептококк, стафилококк, дифтерия таякчасы ж. б. ириндетүүчү микробдор козгойт.

АНЕСТЕЗИ́Н — анестезин. Ооруган жерди баса турган дары. Ал дары күкүм, таблетка, эритме жана май түрүндө болот.

АНЕСТЕЗИ́Я — жансыздандыруу. Ар түрдүү жансыздандыргычтар (анестетиктер) менен (2,0%дуу новокаин, 1,0%дуу тримекаин, 2,0%дуу лидокаин, 1,0%дуу рихлокаин 2%дуу септанест, 4%дуу убистезин ж.б.) белгилүү бир жерди жансыздандырса, былжыр кабыкчага же териге ийне сайылат, бул жергиликтүү анестезия (местная анестезия), ошол эле жерди жансыздандырат, ал эми импульс өткөрүүчү нерв бутагы аркылуу жансыздандыруу өткөрүүчү анестезия (проводниковая анестезия) деп аталат. Өткөрүүчү анестезияда ошол нерв тараган тери, былжыр кабыкча, сөөк, тиштер бүт жансыз болуп калат. Ал эми өтө коркок адамдарга жалпы наркоз берүү менен тиштерди жулуу, өгөө, жонуу, дарылоо иши жүргүзүлөт.

АНКИЛО́З — сенек. Кыймылсыздыктан, муундун бүтүндүгүнүн бузулушунан пайда болуучу оору. Астыңкы жаак сынганда үстүңкү жаак менен бириктирип шакшактап, узакка калтырса сенек болот. Кол, бут сынганда коюлган таңуу көпкө чейин алынбаса, муундарды байланыштыруучу тарамыштар менен кемирчектер катууланып, сөөккө айланып, муундун кыймылы жоголот.

АНКИЛО́З ВИСО́ЧНО-ЧЕЛЮСТНО́ГО СУСТА́ВА — чыкый-астыңкы жаак муунунун сенектиги. Бул оору көбүнчө катуу урунгандан (травмадан) пайда болот. Ал жарым сенек жана толук сенек болушу мүмкүн, ошондой эле бир жактуу жана эки жактуу болот.

АНОМА́ЛИЯ — аномалия. Тиштердин, жаак сөөгүнүн туура эмес өсүшү же кыйшыктыгы. Аномалия тиштердин өсүүсү, өңү, көлөмү, жайгашкан орду, түзүлүшү, саны, формасы, тиштердин катышы, чыгуу мөөнөтү боюнча ар кандай абалда болот.

АНОМА́ЛИЯ ПРИ́КУСА — тиштердин катарларынын катышынын, ашташынын кыйшыктыгы. Үстүнкү жана астыңкы тиштердин катарларынын өз ара катышынын шайкеш келбегендиги, туура эместиги.

АНТИВЕ́РСИЯ — антиверсия. Алдыга карай орсок-терсектик, мисалы, тиштердин алдыга кыйшаюусу.

АНТИДО́Т — антидот. Ууга каршы дары. Мисалы, тиштин өзөгү сезгенгенде аны жансыздандыруу үчүн колдонулуучу мышьяк пастасынан ууланганда, ага каршы унитиол деген дары колдонулат. Унитиол магний кычкылы менен йоддун тундурмасынан турат. Дагы бир мисал, кийме тиштерди жаакка жакшы карматуу үчүн тез катуучу атайын пластмассаны аралаштырып даярдап, протездин ички бетине бир кабат жабыштырып, оозго коет, ошондо пластмассанын суюктугу (мономер) былжыр чел кабыкчаны күйгүзө баштайт. Мономердин күйгүзүү таасирин токтотуу үчүн соданын эритиндиси менен оозду бат-бат чайкоо керек.

АНТИМИКРО́БНЫЕ АГЕ́НТЫ — микробдорго каршы агенттер. Микробдордун көбөйүшүнө тоскоол болуучу полимер материалдардын курамындагы кошулмалар.

АНТИСЕ́ПТИКИ — антисептиктер. Жарааттын жана анын тегерегиндеги ткандардын ириңдөөсүнө каршы колдонулуучу, ириңдетүүчү бактерияларды өлтүрүүчү химиялык заттар.

АНТИОКСИДА́НТЫ — антиоксиданттар. Стоматологиялык түшүнүктө полимерлердин эскирүүсүнө тоскоолдук кылуучу кычкылданууга каршы табигый же синтетикалык заттар.

АНТРОПО́МЕТРИЧЕСКИЕ ОРИЕНТИ́РЫ — антропометриялык божомолдоолор. Кийме тиш протезине жасалма тиштерди туура коюу үчүн үч сызык жасоо керек: 1) борбордук сызык; муну туура белгилеш үчүн таноодон эринге чейинки оюктун ортосу аркылуу үстүңкү эриндин ортосундагы дөмпөктү жана үстүңкү эриндин чектөөчүсүн бириктирип, бетти экиге бөлүү керек. Пайда болгон сызык боюнча мом валикке тик сызык белгилейбиз; 2) кылкыйма сызыгы; көздүн кареги жана таноонун четки кыры боюнча жогорудан ылдый карай түшкөн эки тик сызыкты байкап, ошолордун ортосуна тик сызыкты болжолдосо, кылкыйма тиштин дал ортосу менен өтөт; 3) жылмаюу сызыгы; мында пациент жылмаюу жасайт, ошондо үстүңкү эриндин ылдый жагынан түз сызык жүргүзүлөт. Бул жасалма тиштин бийиктигин көрсөтөт. Мунун максаты — чоң кишиге майда тишти, кичине пациентке чоң тиштерди коюп койбоо.

АНТРОПО́МЕТРИЧЕСКИЙ МЕ́ТОД ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ ВЫСО́ТЫ ПРИ́КУСА БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕЛЮСТЕ́Й В ПОЛОЖЕ́НИИ ЦЕНТРАЛЬНОЙ ОКЛЮ́ЗИИ — борбордук окклюзия абалындагы тишсиз жаактардын ашташынын (прикусунун) бийиктигин аныктоонун антропометриялык ыкмасы. Мында пациенттин бетин бирдей үч бөлүккө бөлүү керек: 1) маңдайкы, жогорку бөлүгү — чачтын четинен каштардын ортосуна чейин; 2) каштардын ортосунан таноого чейин; 3) таноодон ээктин астына чейин. Бул европеоиддерге туура келүүчү ыкма. Биздин элдин маңдай бөлүгү көбүнчө кууш келет. Анын үстүнө биздин пациенттердин көбү улгайган адамдар болгондуктан, чачтары түшүп, бул үч бөлүк бири-бирине шайкеш келбей калат. Ошондуктан башка ар кандай ыкмалар сунуш кылынган: Уайт-Водсворд ыкмасы боюнча көздүн кареги менен ооздун жамажайынын бийиктиги таноо менен ээктин астынын бийиктигине барабар болушу керек. Юпитц циркулу менен аныктоо. Беттин ылдыйкы бөлүгүн аты жок манжанын бийиктигине, кулак калканынын узундугуна тең кылуу. Бул ыкмаларда каталыктар көп болгондуктан, кеңири колдонулбайт.

А́ПЕКС — апекс. Тиштин тамырынын учу.

А́ПЛАЗИЯ — аплазия. Дененин сырткы же ички бир мүчөсүнүн да тубаса жок болушу. Стоматологияда тиштин же анын эмалынын тубаса жок болушу.

А́ППАРАТ ГР-2 (ГАЛЬВАНИЗА́ТОР РОТОВО́Й) — ГР-2 аппараты (ооз гальванизатору). Бул аппарат менен тиш ооруларын гальванизация жана электрофорез мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп дарылайт.

А́ППАРАТ д'А́РСИССАКА — д'Арсиссактын аппараты. Урунуп-согулуудан кийин дарылаганда чыкый-астыңкы жаак мууну сенек болуп катып калбасын үчүн колдонулуучу дарылоо гимнастикалык аппарат.

А́ППАРАТ БО́ЙСЛЕРА И ШРЕ́ДЕРА — Бойслер жана Шредер аппараты. Жасалма тиш тизмегинен жана каппадан турган, ооздон алынбоочу ортодонтиялык механикалык аппарат. Катуу таңдайдын ортоңку жигин кеңейтүүгө арналган.

А́ППАРАТ ДЖОНСОНА — Жонсон аппараты. Кыйшык тиштерди, жаак сөөктөрдү оңдоочу аппараттардын бир түрү.

А́ППАРАТ ДКС-2М (ДИАТЕРМОКАОГУЛЯ́ТОР СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЙ) — ДКС-2М аппараты (стоматологиялык диатермокаогулятор). Жогорку жыштыктагы өзгөрүлмө токту пайдалануу аркылуу бүйлөдөн аккан канды каогуляция (күйгүзүү) жасап токтотуучу аппарат. Ошондой эле тиштин эти ашыкча өсүп, кайсы бир иштерге жолтоо болуп жатса, аны да ушул аппарат менен күйгүзүп алып таштоого болот.

А́ППАРАТ ЛА́РИНА — Ларин аппараты. Тиштери жок жаактарга кийме тиштерди жасоодо жасалма тиштердин катарын туура коюу үчүн керектүү мейкиндикти табууда колдонулуучу аспап.

А́ППАРАТ ЛИТЕ́ЙНЫЙ — куюу аппараты. Тиштин ар кандай бөлүктөрүн куюуда керек болуучу аспап. Алды менен металлдын кошулмасын эритип, анан калыпка куюшат. Куюу аспабы негизинен электр мешинен жана вакуум үйлөткүчүнөн турат.

А́ППАРАТ «ЛУЧ-2» — «Луч-2» аппараты. Дарылоо касиетине ээ микротолкун нурларын чыгаруучу стоматологиялык аппарат. Тиш, жаак сөөк жана пародонт ооруларын дарылаганда кан менен лимфанын айланышын тездетип, зат алмашуу процессин жакшыртат, ткандардын коргонуу касиетин күчөтөт.

А́ППАРАТ ЛУ́РИ — Лури аппараты. Үстүнкү маңдай тиштер эринге карай кыйшайып, орсойуп калганда, аларды ооз жакка карай жылдыруу үчүн колдонулат.

А́ППАРАТ МЕРШО́НА — Мершон аппараты. Жаак сөөгүн кеңейтип, тиштерди ордуна келтирүүдө колдонулуучу ортодонтиялык аспап.

А́ППАРАТ НАРКО́ЗНЫЙ — наркоз аппараты. Жасалма уктатуучу, наркоз берүүчү курал. Организмдин кээ бир жеринин же бүткүл организмдин бардыгынын сезүүсүн убактылуу жоготуу үчүн дары-дармекти берүүдө колдонулат. Наркоз менен уктаган адам кыймылдабайт, кескенди, сой-

гонду сезбейт, булчуң эттери жыйрылбай, операция жасоого тоскоолдук болбойт.

А́ППАРАТ О́КСМАНА — Оксман аппараты. Жаак сөөгү сынып, сөөктө кемтик пайда болгондо колдонулуучу, ж.б. көп кызмат аткаруучу аспап.

А́ППАРАТ ПЕТРО́СОВА — Петросов аппараты. Чыкый-астыңкы жаак муунунун көнүмүш чыгып кетүүсүн болтурбоочу аппарат. Аны менен оозду чоң ачырбай, чектөө коюлат.

А́ППАРАТ РЕНТГЕНО́ВСКИЙ — рентген аппараты. Рентген шоолалары, нуру аркылуу сүрөткө тартууга арналган аспап.

А́ППАРАТ РЕНТГЕНО́ВСКИЙ ДЕНТА́ЛЬНЫЙ — тиштин рентген аппараты. Тиштерди, жаак сөөктөрдү рентген нуру менен сүрөткө тартуучу курал.

А́ППАРАТ РЕНТГЕНО́ВСКИЙ ДЕНТАЛЬНЫЙ ПАНОРА́МНЫЙ — панорамалуу тиш рентген аппараты. Үстүнкү жана астыңкы жаактарды тиштери менен чоңойтуп жалпы сүрөткө тартуучу аспап.

А́ППАРАТ РЕПОНИ́РУЮЩИЙ А. Я. КА́ТЦА — А. Я. Катцтын калыптандыруучу аспабы. Жаак сөөгү сынып, сыныктары бири-бирине дал келбей калганда бар тиштерге шакек, каптама жасап, аларга түтүкчөнү ширетип көтөрүү үчүн (рычаг катары) колдонулуучу аспап.

А́ППАРАТ РЕПОНИ́РУЮЩИЙ В. Ю. КУРЛЯ́НДСКОГО — В. Ю. Курляндскийдин калыптандыруучу аспабы. Жаак сөөгү сынып, кемтик пайда болгондо тиши бар же жок жаак сөөктөрүнүн сыныктарын ордуна келтирүүчү бурамалуу аспап.

А́ППАРАТ РЕТЕНЦИО́ННЫЙ — токтоткуч аппарат. Тиштерди ордунан жылдырбай туруучу жана ортодонтиялык дарылоодон кийин жылдырылган тиштерди жана өстүрүлгөн жаакты кайра артка кетирбес үчүн колдонулуучу аспап.

АППАРАТ В. В. РУДЬКО — В. В. Рудьконун аппараты. Сынган жаак сөөктү ордуна тууралап салгандан кийин, аны сыртынан карматып коюучу аспап.

А́ППАРАТ САМСО́НА — Самсон аппараты. Чоң көлөмдөгү металл гильзаларды ырааттуулук менен кичирейтүүчү аспап.

А́ППАРАТ «УЛЬТРАЗВУ́К» — «Ультрадабыш» аппараты. Бул аппарат менен неврит, невральгия, кызыл ээк, тил ооруларын, беттин тыртыктарын дарылоого болот. «Ультрадабыш» аркылуу ткандарга дары-дармек сиңдирүү ультрофонофорез деп аталат. «Ультрадабыш» менен азыр стоматологияда йод, кальций ж. б. дарыларды сиңдиришет. Ультрадабыштын негизинде жасалган «Ультрастом» аппараты менен тиштердин ташын алууга болот.

А́ППАРАТ ФУНКЦИОНА́ЛЬНЫЙ БУ́НИ — Буни функционалдык аппараты. Ылдыйкы жаак өтө өсүп кеткенде колдонулуучу ортодонтиялык аппарат, ал оозго кийме болот.

А́ППАРАТ ХОДОРО́ВИЧ-БУРГО́НСКОЙ — Ходорович-Бургонская аппараты. Чыкый-астыңкы жаак муунунун көнүмүш чыгып кетүүсүндө оозду чоң ачырбай, чектеп туруучу аппарат.

А́ППАРАТ ХОРОШИ́ЛКИНОЙ — Хорошилкина аппараты. Бул эки бөлүктөн турган ортодонтиялык аппарат. Жогорку жаактын таңдайынын ортосундагы бириктирген жикти ажыратып, кеңейтип, туура эмес чыккан тиштерди оңдоого мүмкүнчүлүк берет.

А́ППАРАТ ХУРГИНО́Й — Хургина аппараты. Тиштердин катарын кеңейтүүдө колдонулуучу аспап. Таңдайга коюлат, ортосунда кеңейтүүчү бурамасы бар.

А́ППАРАТ Э́ЙНСВОРТА — Эйнсворт аппараты. Тиштердин катарында өспөй калган жерин гана кеңейтүүчү аппарат. Аспап таянып туруучу шакек же каптамадан турат, шакек же каптамага түтүк ширетилет, ага серпилмелүү (пружиналуу) догону киргизет. Серпилмелүү догонун түздөлүү аракети тиштерди ордунан керек жакка жылдырат.

А́ППАРАТ ЭЛОЗ-1 — ЭЛОЗ-1 аппараты. Тиштерди өгөгөндө ушул аппарат иштеп чыккан туруктуу токтун дене аркылуу өтүүсү менен пациент ооруну сезбейт, жумуш сапаттуу бүтөт.

А́ППАРАТ Э́НГЛЯ — Энглдин аппараты. Тиштер туура эмес чыгып, катары туура эмес, кыйшык болгондо колдо-

нулуучу механикалык аппарат. Эки учунда шакектери жана бурамалары бар. Шакектерди алтынчы тиштерге кадап бекитип, бурамаларды бурап тиштердин катарын кеңейтип, туура эмес турган тиштер ордуна келтирилет.

АППАРА́ТЫ ЗАМЕЩА́ЮЩИЕ — орун толуктоочу аппараттар. Бет, жаак сөөктөрү, тиш, тиштин катары жок болгондо ордуна коюлуучу аппараттар.

АППАРА́ТЫ ИСПРАВЛЯ́ЮЩИЕ — оңдоочу аппараттар. Ооздун сыртындагы ондоочу бурамалары менен тишти, тиштин тобун, жаактын альвеола бөлүгүнүн сөөгүн туура абалга келтирет.

АППАРА́ТЫ КОМБИНИ́РОВАННЫЕ — бириктирилген аппараттар. Бир нече кызматты аткаруучу аппараттар. Мисалы, оңдоочу-бекемдөөчү жана механикалык-функционалдык принципте иштөөчү аппараттар болот.

АППАРА́ТЫ МЕХАНИЧЕСКОГО ПРИ́НЦИПА ДЕ́ЙСТВИЯ — механикалык принципте иштөөчү аппараттар. Бул аппараттарда ортодонтиялык күч конструкциянын өзүндө жайгашкан, ал чайноо булчундарынын иштөөсүнө көз каранды эмес. Иштетүүчү күч катары серпилгич дого, серпилгич ором, резина жана бурамалар кызмат кылат.

АППАРА́ТЫ НАПРАВЛЯ́ЮЩИЕ — багыттоочу аппараттар. Айдөш тегиздиги бар аппарат, анын жардамы менен тиш же сөөктүн сыныгы керектүү багытта жылдырылат.

АППАРА́ТЫ ОРТОДОНТИ́ЧЕСКИЕ — ортодонтиялык аппараттар. Туура эмес өскөн тиштер, тиштердин катарын жана тиштердин амташын, жаак сөөгүн оңдоочу аппараттар. Алар жумшаган күчүнө карата механикалык, функционалдык, бириктирилген (бир аппаратта механикалык да функционалдык да таасир этүүчү күчтөр болот) жана ретенциялык (ортодонтиялык дарылоонун натыйжасында болгон өзгөрүүлөрдү бекемдөөчү) болуп бөлүнөт.

АППАРА́ТЫ ОРТОДОНТИ́ЧЕСКИЕ ПЛАСТИ́НОЧНЫЕ СЪЁМНЫЕ — пластиналуу кийме ортодонтиялык аппараттар. Кыйшык чыккан тиштерди ортодонтиялык жол менен оңдоодо колдонулуучу оозго кийме аппараттар.

АППАРА́ТЫ РАЗОБЩА́ЮЩИЕ — бөлүп туруучу аппараттар. Бул аппараттар обтуратор деп аталат, алар ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүн бөлүп турат.

АППАРА́ТЫ ФИКСИРУ́ЮЩИЕ — бекемдөөчү аппараттар. Ортодонтиялык дарылоодон өтүп, жаак сыныктары ордуна коюлгандан кийин, аларды бекемдейт.

АППАРА́ТЫ ФОРМИРУ́ЮЩИЕ — кейиптөөчү аппараттар. Бетке пластикалык операция жасаганда таяныч болуп, бет түзүлүшүн ондойт.

АППАРА́ТЫ ФУНЦИОНА́ЛЬНОГО ПРИ́НЦИПА ДЕ́ЙСТВИЯ — функционалдык талапта аракеттенүүчү аппараттар. Бул аппараттарда ортодонтиялык күч конструкциянын өзүндө эмес, чайноо булчуңдарынын иштөөсүнө жараша болот. Булчуңдар иштегенде ал жантык тегиздик менен тишти керектүү багытта жылдырат.

АППАРА́ТЫ ЭОМ-3 (ЭЛЕКТРООДОНТОМЕ́ТР), ЭОД (ЭЛЕКТРОО́ДОНТО-ДИАГНО́СТИКА) — ЭОМ-3, ЭОД аппараттары. Тиштердин нервинин соо же оору экени аныктай турган аспап. Соо тиштер күчү 3–6 мкА болгон токту сезет. Тиштин өзөгүнүн сезгичтиги төмөндөгөн болсо, анда ал тиш кайсы бир оорунун таасиринен жабыркаган болот.

АППЛИКА́ЦИЯ — бастырма. Ар кандай дары-дармектерди ооруган жерге коюу. Мисалы, тиштердин эти сезгенгенде рапин, парафин, бутадион майларын кебезге же бинттин үзүндүсүнө сиңирип, шишиген жерге басып коюу.

АРГИ́Л — аргил. Ооздон алынбоочу тиш протездерин туруктуу бекитүү үчүн колдонулуучу цинк-фосфаттуу цемент, күкүм жана суюктуктан турат. Күкүмүнө күмүш кошулат, бактериостатикалык касиетке ээ. Ак, сары, боз-көгүш, күрөң түстө болот.

АРО́МА ФАЙН — арома файн. Ооздон алынбоочу жана жасалма кийме тиштерди жасоодо калып алуу үчүн колдонулуучу материал. Альгинат тобуна кирет. Японияда чыгарылат.

АРТИКУЛЯ́ТОР — артикулятор. Астыңкы жаактын кыймыл-аракетин (жогору, төмөн, алдыга, артка, сол жакка, оң жакка) так кайталап бере турган аспап. Артикуля-

тор көбүнчө тиштер толук жулунуп, кийме тиш жасаганда колдонулат.

АРТИКУЛЯЦИОННАЯ БУМА́ГА — артикуляциялык кагаз. Калыңдыгы 200 мкм болгон эмаль, дентин, металл, фарфор, пластмассанын бетине так калтыруучу кагаз. Көк жана кызыл түстө болот.Үстүнкү жана астыңкы тиштердин катарынын катышын текшерүүдө колдонулат. Мындай кагаздардын түрлөрү көп. Мисалы, АРТИ-ФОЛ калыңдыгы 8 мкм, эки жагына сууну сиңирүүчү мом жабыштырылган, эни 22 мм болгон чыгырыкка оролгон түрдө чыгарылат, ал кара, кызыл, жашыл, көк түстө болот. CL артикуляциялык кагазы көк түстө, мом жабыштырылып, узундугу 80 мм, эни 22 мм болуп, чыгырык түрүндө чыгарылат. Калыңдыгы 40 мкм болгон артикуляциялык кагаз тиштердин катарындагы биринчи тийишкен тиштерди табуу үчүн чыгарылат, анын эни 22 жана 16 мкм болот. МЕДСТАР — калыңдыгы 40 мкм кызыл жана көк түстө болот; фарфордон жасалган коронкалардын карама-каршы турган тиштер менен тийишип ашташуусун текшерүүдө кызыл кагазда колдонулат, ал эми көк кагазда темирдин оксиди бар болгондуктан фарфорго эмес, башка материалдарга колдонулат, фарфорго боёгу сиңип, өңү өзгөрүлүп калат. АРТИЛОН — негизи нейлондон турат, эни 70 мм, өңү кызыл, жашыл, көк түстө чыгарылат, тиштердин тийишүү бетин аныктоодо колдонулат. Бардыгы Германияда чыгарылат.

АРТИКУЛЯЦИО́ННАЯ ПЯТЁРКА ГАНА́У — Ганаунун артикуляциялык бештиги. Алар төмөнкүлөр: 1) кескич тиштердин сагитталдык жолу; 2) муундун сагитталдык жолу; 3) чайноо тиштеринин дөмпөктөрүнүн билинүүсү; 4) Шпее кыйшыктыгынын, үстүңкү мандай тиштердин кыйшаюусунун билинүү даражалары; 5) муун жолунун кыйшаюу даражалары.

АРТИКУЛЯ́ЦИЯ ЗУБО́В — тиштердин артикуляциясы. Тамак жегенде, тиштегенде, чайнаганда, жутканда, ошондой эле ырдаганда, сүйлөгөндө ылдыйкы жаактын жогорку жаак менен болгон байланыш кыймылынын аралыгы.

АРТИКУЛЯЦИЯ ЧЕ́ЛЮСТИ — жаактын артикуляциясы. Астыңкы жаактын үстүңкү жаакка карата болгон ар кандай кыймылы: тамакты тиштегенде, чайнаганда, жутканда, ошондой эле ырдаганда, күлгөндө, сүйлөгөндө астыңкы жаактын үстүңкү жаак менен болгон аралык катышы. Астыңкы жаактын бардык кыймылы бири-бирине менен кесилишкен үч тегиздикте болот: фронталдык, сагитталдык жана горизонталдык.

АРТРАЛЬГИ́Я — артральгия. Муундун оорушу. Бул термин 1848-жылдан бери колдонулат.

АРТРИ́Т ВИСО́ЧНО-НИ́ЖНЕЧЕЛЮСТНОГО СУСТАВА — чыкый-астыңкы жаак муунунун сезгенүүсү. Сезгенүүнүн себептери ар кандай. Убагында дарыласа, бат айыгып кетет.

АРТРО́З ВИСО́ЧНО-НИ́ЖНЕЧЕЛЮСТНОГО СУСТА́ВА — чыкый-астыңкы жаак муунунун чордонушу. Сезгенүү оорусу узакка созулуп, өнөкөткө айланганда пайда болот. Мындай абалда ооруйт. Астыңкы жаакты кыймылдатканда катуу ооруйт, күчөйт. Муундун башы өзгөрүп, жылмакай болбой, убакыт өткөн сайын татаалдаша берет. Бул ооруда жаакты ачып, жапканда чыкыйда кырсылдаган үн чыгып турат, ооруйт. Бара-бара муун аралыктары кичирейип муунду түзүп турган ткандар ката баштайт.

АРТРОПАТИ́Я — артропатия. Жалпы эле муун ооруларын туюнткан жалпы түшүнүк.

АСЕ́ПТИКА — асептика. Операцияда, жараны дарылоодон колдонулуучу аспаптарды тазалоо аркылуу жараны ырбап, күчөп кетүүдөн сактоо. Асептика ар кандай жол менен ишке ашат: физикалык (сууда кайнатуу, автоклавда жогорку ысыктыкта буулоо ж. б.) жана химиялык (карбол кычкылы, хлорамин, спирт ж. б.).

АССИМЕ́ТРИЯ ЛИЦА́ — беттин кыйшыктыгы. Беттин оң жагы менен сол жагынын дал келишпестиги бири-бирине окшошпогондугунан көрүнүп, билинип турушу. Бул тубаса, тукум куучулук же ар кандай себептерден улам пайда болот. Мисалы, дайыма бир жак менен гана чайнай берсе, ошол жактын тиштери жешилип, чайнабаган жактын тиштери жешилбей, жаак чайнаган жакка кыйшаят.

АСФИКСИ́Я — тумчугуу. Аба өтүүчү жолдордун жабылышынан адамдын тумчугуп калышы. Баштын бет бөлүгүнө ар кандай доо кетүүнүн натыйжасында болот: ок жеп жараат алгандан, бет менен тамактын айланасынын ириңдеп, сезгенүүсүнөн, бет-жаактагы чоң операциядан кийин болушу мүмкүн.

АТТА́ЧМЕНЫ — аттачмендер. Оздон алынуучу кийме тиш протезин жасаганда колдонулуучу ашык-машыкка окшош тетик. Бул пародонту ооруган тиштерди бириктирүүдө, доголуу же көпүрөчө сыяктуу тиш протездерди оозсдо жакшы карматыш үчүн пайдаланылат.

АТТА́ЧМЕН РО́ОХА — Роох аттачмени. Тамакты чайнаганда тик басымда майдалоочу шарга окшош курал.

АТЕРО́МА — атерома. Май бездеринин кызматынын бузулушунан пайда болгон сары суулуу шишик. Ал баштын жана беттин терисинде болот. Эгерде инфекция кошулса ириңдеп кетет.

АТРОПИ́Н — атропин. Меңдубана сыяктуу уулуу өсүмдүктөрдөн алынуучу алкалоид. Стоматологияда шилекей бөлүп чыгарууну тездетүүдө жана операция жасар алдында премедикациялык максат үчүн колдонулат.

АТРОФИ́Я — жоюлуу. Органдардын же ткандардын клеткаларынын азыктанышынын бузулгандыгынан же органдардын, ткандардын ар түрдүү себептер менен басылып же кысылып калышынан алардын көлөмүнүн кичирейиши. Физиологиялык же патологиялык жоюлуу болот. Мисалы, жаш өткөн сайин тиштердин этинин качышы бул физиологиялык атрофия, ал эми жаштарда тиштердин эти сезгенүүдөн азайып, жоюлуп кетсе бул патологиялык атрофия деп аталат.

А́УРИТ — аурит. Курамы кристобалиттин, гипстин күкүмдөрүнүн кошулмаларынан турган аралашма. Суу менен аралаштырылып, алтындын кошулмасын куюу үчүн колдонулат.

АУТОГЕМОТЕРАПИ́Я — аутогемотерапия. Ооруган адамдын кан тамырынан канын алып, булчуңунун ичине (көбүнчө жамбашка) же теринин алдына куюу аркылуу дарылоо.

АФО́НИЯ — афония. Тамактын же нерв системасынын ооруларынын натыйжасында үндүн жок болуп калышы.

А́ФТА — оюк жалак жара, ыйлаакча. Ооз ичиндеги былжыр чел кабыкчага чыга турган жара. Анын формасы төгөрөк, узун келип, бети кызарып, айланасы канталап турат. Сүйлөгөндө, тамак жегенде тил тийип, шилекей жабышып ооруйт. Бул жара көбүнчө тил, таңдай, уурт, эрин жана алкымда болот.

АФФИНА́Ж — тазалоо. Асыл металлдарды (алтын, платина, күмүш) жогорку тазалыкта (проба) башка кошулмалардан ажыратып алуу ыкмасы. Ортопедиялык стоматологияда алтындын ылдыйкы тазалыктагы (3750, 5830) аралашмаларынан күмүштү жана жезди ажыратып, жогорку (9000, 9160) белгини алуу үчүн колдонулат.

АХД 2000 — СПЕ́ЦИАЛЬ и ЛИЗА́НИН – АХД 2000 – специаль жана лизанин. Колго сыйпалуучу тери антисептиктери.

АЦ-1 ЛАК РАЗДЕЛИТЕ́ЛЬНЫЙ — чектөөчү АЦ-1 лак. Ацетил целлюлозанын ацетондогу эритиндиси. Ацетондун учуп кетүүсүнүн натыйжасында гипстин бетинде жука чектөөчү катмар пайда болот да, гипске башка эч нерсе жабышпайт.

Б

БАББИ́ТЫ — баббиттер. Металлдардын стоматологияда колдонулуучу жеңил эрүүчү кошулмасы, тиш салуу техникасында металл штамптарды жасоодо колдонулат. Курамында 12 бөлүк цинк, 3 бөлүк сурьма, 2 бөлүк жез бар. Эрүү температурасы 220°С.

БАЗА́ЛЬНАЯ ДУГА́ — негизги дого. Тиштердин тамырынын учунун деңгээлинде үстүңкү жана астыңкы жаактардын сырткы бетинен өтүүчү ийри сызык.

БАЗА́ЛЬНАЯ МЕМБРА́НА — негизги мембрана. Ооз ичиндеги эпителий менен бириктиргич ткань арасындагы ичке аргирофилдүү талчалардан турган чел кабык.

БА́ЗИС ПРОТЕ́ЗА — протездин негизи. Оозго кийме тиштин негизин түзөт, жасалма тиштерди, илмектерди кармап турат. Көбүнчө жасалма тиштин негизин пластмассадан жасашат, кээ бир убакта анын металлдан жука жалпак түрүн да жасашат. Металлдан жасалган негиз жука пластинка болуп, ооздо орунду аз ээлеп, сүйлөгөнгө, тамак жегенге ыңгайлуу келет. Бирок металлдан протездин негизин жасоо кыйын, пластмассадан жасоо оңой. Пластмасса негизге деле адам бат көнүп кетет, көнүү мөөнөтү В. Ю. Курляндский айткандай 3 күндөн 31 күнгө чейин.

БА́ЗИСЫ С ПРИКУСНЫ́МИ ВА́ЛИКАМИ — негиздеги тиштетүүчү момдуу валиктер. Жаактарда тиштер аз болуп же жок болгондо беттин астыңкы бөлүгүнүн бийиктигин туура аныктоо үчүн альвеола сөөгүнүн бетине болочок протездин чек арасына тууралап, момдон негиз жасалат. Анан альвеола сөөгүнүн кырынын ортосуна туурасы 1 см, бийиктиги каптал жакта 1 см, маңдайда 1,5 см болгон момдон валик жасалып, бириктирилет.

БА́КРИЛ — бакрил. Жогорку катуулуктагы акрил пластмассасы, кийме тиштер үчүн негиз болуп колдонулат. Жарака кетүүгө, сүрүлүүгө, урунууга туруктуу бышык материал. Күкүмү өзгөчөлөнгөн эластомери бар полиметилметакрилаттан, суюктугу метилметакрилаттан турат.

БАЛЛОНИ́РУЮЩАЯ ДЕГЕНЕРА́ЦИЯ — баллон түрүндөгү ыдыроо. Ооз ичиндеги сырткы чел кабык (эпителий) клеткаларынын биригип туруучу байламталарынын бузулуп ажырашы, кээ бир убакта ал байламталардын өз ара биригип калышынын натыйжасында ыдыроо пайда болот.

БАЛО́ЧНОЕ КРЕПЛЕ́НИЕ ПРОТЕ́ЗА — протезди тосун менен бекитүү. Тиштердин катарынын кемтиги пайда болгондо, кемтикти чектеп турган тиштерге жасалма каптама жасап, ортосуна металлдан төрт кырдуу же тоголок тосунду ширетет. Анын үстүнө оозго кийме тиш протезди жасашат. Муну биринчи болуп, Румпель сунуш кылган.

БА́РЛОВА БОЛЕ́ЗНЬ — Барлов оорусу. 6 айдан 2 жашка чейинки курактагы жаш балдардын тиштеринин С ви-

таминининин жетишсиздигинен болгон оорусу. Мында ооздун ичиндеги былжыр кабыкча шишип, кызарып эң сырткы чел кабыгы (эпителий) түлөйт, тил кыпкызыл, кургак, жалтырак болот. Балага узак убак уйдун сүтүн же витамини кем ундан жасалган тамак бергенде пайда болот.

БЕГОДУ́Р — бегодур. Өтө катуу гипс, α – жарым гидрат, катуу убактысы 8–10 мүнөт, кеңейүүсү 0,07%, 1 сааттан кийин басканда катуулугу 30 н/мм.

БЕГОСТА́Л — бегостал. Асыл металлдын куймасын эритип куюуда форма жасоо үчүн колдонулуучу материал. Ушуга окшош дистирленген сууга аралаштырылуучу АУРОВЕСТ СОФТ, ДЕГУВЕСТ СОФТ жана ДЕГУВЕСТ HFG деген массалар бар. Бардыгы Германияда чыгарылат.

БЕДНА́РА А́ФТЫ — Беднар ыйлаакчалары. Бул оору эмчектеги жаш балдардын таңдайындагы былжыр чел кабыкчада пайда болот. Таңдайда симметриялуу жайгашкан, орто ченинде саргыч өңдүү ыйлаакча пайда болот. Тамактанууда оорутат. Жеңилдетүү үчүн 10% анестезиндин эмульсиясын бастыруу, жабыштыруу керек, 10% лидокаиндин аэрозолун чачуу керек.

БЕ́ЙСИК — бейсик. Үч катмарлуу пластмассадан жасалган тиштер, катмарлары тиштин моюнча жагында, дентин жана эмаль катмарында болот.

БЕЛА́ГЕЛЬ О — белагель О. Тиштин эмаль катмарын агартуу, фторлоо жана сезгичтигин азайтуу үчүн колдонулуучу бир нече килкилдектен турган пастадай зат. Россияда чыгарылат.

БЕЛА́ДОНТ — беладонт. Стоматологиялык кыттоочу цемент. Россияда чыгарылат.

БЕРНА́РА ТОКИ (ДИАДИНАМОТЕРАПИЯ) — Бернар токтору. Жыштыгы 50 жана 100 Гц болгон туруктуу токтун дарылоо үчүн колдонулуучу жарым синусоидалык импульстары. Француз стоматологу Р. Бернар (1929) биринчи ойлоп таап, неврит, невралгия, глоссалгия ж. б. ооруларды дарылоо үчүн колдонгон.

БИ КРА́УН МОЛЯР КИТ — би краун моляр кит. Убактылуу жасалма азуу каптамаларды жасоо үчүн поликар-

бонаттуу нейлондон жасалган азуу тиш комплекти. Муну тиштерди өгөп, калыбын алгандан кийин, ошол эле убакта кайчы же курч скальпель менен туура келтирип кесип, убактылуу бекитип коёт. Туруктуу каптама бүткөнчө пациент тамакты чайнап жей берсе болот. АКШда чыгарылат.

БИОКРО́Н, БИОПЛЮ́С — биокрон, биоплюс. Кийме тишке коюлуучу жасалма тиштер, алар акрил пластмассасынан жасалат. АКШдан чыгат.

БИО́ПСИЯ — биопсия. Оорунун түрүн (диагнозун) аныкташ үчүн тирүү тканды кесип алып гистологиялык жол менен изилдөө.

БИОСТА́БИЛ, АРТИПЛЮ́С — биостабил, артиплюс. Кийме тиштердин азуу тиштерине коюулуучу акрил пластмассасынан жасалган жасалма тиштер. АКШда чыгарылат.

БИОСТИМУЛЯ́ТОРЫ — биостимуляторлор. Биологиялык күчтөндүргүчтөр, организмдеги зат алмашуу процессин жөнгө салып, организмдин күч-кубатын арттырат. Буга өсүмдүктөрдөн, жаныбарлардан алынуучу заттар кирет. Азыр БАД биологиялык активдүү кошумчалар (биологические активные добавки) деп аталат.

БИПРОГНАТИ́Я — бипрогнатия. Тиштердин физиологиялык катышынын бир түрү. Маңдайкы үстүңкү жана астыңкы тиштердин жаак сөөк менен кошо алдыга эңкейип калышы.

БИ́СИКО — бисико. Германиялык компаниянын аты. Тиштердин калыбын алууда колдонулуучу ар кандай материалдардын жалпы аталышы. Мисалы, БИСИКО ПЛАТ, БИСИКО ИКЗЕТ, кийме тиш протезин жасоо үчүн калып алууда колдонулуучу БИСИКО ФРАНКШН, негизи силикон массасынан турган БИСИКО-S 1, БИСИКО-S 2, БИСИКО-S 4, БИСИКО-S 4 ХАЙДРОФИЛ, БИСИКО МЭНАЙЗЛ, БИСИКО ПРИСАЙЖН ж. б. түрлөрү болот.

БИФУРКА́ЦИЯ — бифуркация. Эки тамырлуу азуу тиштердин тамырынын ачаланган жери. Өпкөнүн трахеясынын оңго жана солго бөлүнгөн жери да бифуркация деп аталат.

БО́КСИЛ Э́КСТРА — боксил экстра. Тиштерге спорттук шакшак жасоо үчүн колдонулуучу силикон массасы. Россияда чыгарылат.

БОЛЕ́ЗНЬ — оору, ноокас, сыркоо, дарт. Сырткы жана ички чөйрөнүн дүүлүктүргүч таасиринен функционалдык же морфологиялык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында организмдин иштешинин бузулушу.

БОЛЕ́ЗНЬ ВАКЕ́ЗА — Вакезин оорусу. Оору көбүнчө 40–60 жаштарда кездешет. Ооздун ичиндеги белгилери: уурттун, эриндин өңү кочкул кызыл болуп, көгөргөнсүп турат, жумшак таңдай өтө көгөрөт, ал эми катуу таңдай болсо агарып турат (Куперман белгиси). Оорулардын 95%ынын терисинин өңү өзгөрөт, кычышат, ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын сезгичтиги жоголот.

БОЛЕ́ЗНЬ ВЕРЛЬГО́ФА — Верльгоф оорусу. Кандын курамында тромбоциттердин жетишсиздигинен болгон оору. Тромбоциттердин сөөк кемиктеринен аз иштелип чыгышынан же таптаза болбой калгандыгынан улам кан аккан, кесилген, жараланган жерлердин канын токтотуп, карттандырууга тромбоциттер жетишсиз болуп, адамдын мурдунан, тиштин этинен ж. б. жерлерден кан өзү эле агып кетет.

БОЛЕ́ЗНЬ БО́УЭНА — Боуэн оорусу. Бул ооруну 1912-жылы J. T. Bowen жазган. Ал башынан эле cancer in situ экенин билдирет. Ооз ичинде жалгыздан пайда болгон чымкый кызыл түстүү так, бети жылмакай же майда түкчөлөрү бар болсо баркыт сыяктуу болот. Атрофиянын натыйжасында былжыр кабыкчанын ортосу чуңкурайып калат. Гистологиялык текшерүүдө рак экени билинет.

БОЛЕ́ЗНЬ ЛАЙЕ́ЛЛА — Лайелл оорусу. Кандайдыр бир жакпаган дары ичкенде токсикалык аллергиялык түрдө теринин чириши менен мүнөздөлгөн оору.

БОЛЕ́ЗНЬ ЛЕ́ТТЕРА-ЗИ́ВЕ — Леттер-Зиве оорусу. Бардык тиштер пародонтит менен оорушу, жаак сөөктөрдүн өтө тез жоюлуп кетиши менен мүнөздөлгөн оору. Рентген менен караганда тиштердин ортосундагы жана жаак сөөгүнүн денесиндеги сөөктөр жоюлганын көрүүгө болот.

БОЛЕ́ЗНЬ МИКУ́ЛИЧА — Микулич оорусу. Шилекей жана көз жаш бездеринин эки жагы бирдей (симметриялуу) чоңоюшу. Себеби белгисиз, ооз ичиндеги жана көздүн кошулма тканы сезгенет.

БОЛЕ́ЗНЬ ПЕДЖЕ́ТА — Педжет оорусу. Чучуктуу жиликтерде, баш, жамбаш, бет жана жаак сөөктөрдө пайда болуучу оору. Мында эски сөөктөр жоюлуп, жаңы сөөктөр бат пайда болуп, кыйшайып өсүп кетет.

БОЛЕ́ЗНЬ СЛЮННОКА́МЕННАЯ — шилекей түтүкчөсүнө таш туруп калуу оорусу. Шилекей бөлүнүп чыгуучу түтүктө таш пайда болуп, шилекейдин жолун тосуп, аны өткөрбөй калышы. Тамак ичкенде ооруганы күчөйт. Себеби ушул мезгилде бездер шилекей бөлүп чыгарат, бирок ал өтө албай түтүктү кеңитип, оорутат.

БОЛЕ́ЗНЬ ТАНИСО́НА — Танисон оорусу. Бул оорунун өзгөчөлүгү тамакты чайнаган кезде чайноо булчуңдары бир топко тырышып катып калат. Бул оору тубаса болот жана тукум кууйт.

БОЛЕ́ЗНЬ ТАРАТЫ́НОВА — Таратынов оорусу. Сөөктүн кемигинде, чучукта ретиколоэндотелий элементтеринин чектен ашык иштелип чыгуусу (гиперплазия), көбүнчө ак кандын эозинофил тобу көбөйөт, турмушта өтө сейрек кездеше турган оору. Бул ооруну эозинофил бүртүкчөсү (гранулемасы) деп да аташат.

БОЛЕ́ЗНЬ ХЕ́НДА-ШЮ́ЛЛЕРА-КРИ́СЧЕНА — Хенда-Шюллер-Крисчен оорусу. Клиникалык көрүнүштө ооз ичинде бардык тиштер пародонтит менен ооруйт. Рентген менен караганда жаак сөөктөрдүн жоюлушу (ичкерип жукарышы) байкалат. Дененин башка сөөктөрүндө шишиктер пайда болот, көзү чоң көрүнөт (экзофтальм), кантсыз диабеттин клиникасы билинет.

БО́ЛИ ГЕТЕРОТОПИ́ЧЕСКИЕ — гетеротопиялык оору. Ооруну пайда болгон жерден эмес башка жерден сезүү дегенди билгизген жалпы түшүнүк.

БОЛТА́ЮЩИЙСЯ ГРЕ́БЕНЬ — салаңдаган таажы. Тиштери жок үстүңкү жаактын мандай жана астыңкы жаак-

тын азуу тиштеринин ордунда былжыр кабыкчанын сөөккө жабышпай ашыкча болуп кабатталып турушу. Мындай абал кийме тиш протездерди жасаганда жолтоо болот; кийме тиштин алдында кабатталып калып, оорутат.

БОЛЬ — оору. Себептери ар кандай болуп адамдын тынчын алган патофизиологиялык абал. Мында оорунун белгиси болуп сайгылашуу, какшоо, зыркыроо, салмактануу ж. б. эсептелет.

БОРМАШИ́НА — бормашина. Стоматологияда колдонулуучу машина. Тиш чирип, кариес болгондо терапевт стоматологдор бормашина менен бургулап, тазалап кыт коюшат. Ортопед стоматологдор тиштерди өгөп, жасалма тиш салышат. Биринчи чыккан бор машиналар бут менен айландырылчу. Азыр алар электр менен иштейт, ал тургай, турбинный деп аталган аба менен иштетилүүчү түрү бар.

БОРОДА́ВЧАТЫЙ ПРЕДРА́К КРА́СНОЙ КАЙМЫ́ ГУБЫ́ — эриндин кыюусунун рак оорусуна жакын сөөлү. 1965-жылы А. Л. Машкиллейсон сыпаттап жазган. Көбүнчө ылдыйкы кызыл эринде кездешет, көрүнүшү оорубаган түйүнчөктөй, жарым тоголок, бетинде сөөлү бар, 0,4–10 мм. Өңүнүн өзгөчөлүгү аз, бир аз кызаргансып гана турат, бети боз кабырчыктанат. 1–2 айда рак оорусуна өтүп кетет.

БОРОЗДА́ ДЕСНЕВАЯ — тиштин бүйлөсүнүн ноочасы. Тиш менен тиштин бүйлөсүнүн ортосундагы аралык, ноочанын терендиги 0,5-2 мм болот.

БРЕ́КЕТ СИСТЕ́МА — брекет системасы. Жаактардын туура эмес өсүшүн, тиштердин кыйшык чыгышын айыктырууда колдонулуучу заманбап аспап жана ыкма. Брекетти тиштердин сыртынан жана ич жагынан жабыштырып дарылайт.

БРОМШТРО́М И ПЕ́СТИК — бормштром жана пестик (сок билекче). Металлдан жасалма каптама (коронка) жасаганда кураштырылган ыкма менен штамптай турган аспап.

БРУКСИ́ЗМ — уктаганда тишти кычыратуу. Мындай көрүнүштөр көбүнчө ичегилерде мите курттар бар болгондо байкалат. Эгерде адам күндүз уктабай жүрүп эле тиштерин кычыратса анда БРУКСОМАНИЯ деп айтышат.

БРУЦЕЛЛЁЗ — бруцеллёз. Мальта безгеги, ооруну пайда кылуучу бруцеллалар ооз, тери жарааттары, сүт жана эт аркылуу адамга жугат. Оору башталганда ооз ичиндеги былжыр кабыкчада инфекциялык бүртүкчөлөр пайда болот. Астыңкы жаак алдындагы боздер чочуп, чоңоюп, кол тийгизбей ооруйт.

БУГОРО́К — дөмпөкчө. Көбүнчө кургак учук жана котон жара (сифилис) ооруларынын белгиси, былжыр кабыкчанын бардык катмарына таралат, ириндеп жүрүп айыкканда ордунда тыртык так калат.

БУГОРО́К АЛЬВЕОЛЯ́РНЫЙ — альвеолалык дөмпөкчө. Үстүнкү жаактын азуу тиштеринин катарынын ары жагында жайгашышкан сөөктөрдүн дөмпөкчөлөрү.

БУГОРО́К СУСТАВНО́Й — муун дөмпөкчөсү. Чыкый сөөгүнүн бет сөөк жактагы жөлөк сөөгү, ал муун чуңкурунун алды жагын түзүп турат, анын жантыгы менен ылдыйкы жаактын муундун башы оозду чоң ачканда жана ылдыйкы жаакты алдыга карай кыймылдатканда жылат. Орто эсеп менен жантык 33°ка барабар.

БУРА́ — бура. Ак кристаллдуу зат, эрүү температурасы 741°С, химиялык формуласы $Na_2B_4O_7 \cdot 10H_2O$, ал кычкылтекти өзүнө соруп алуу менен, ширетүү бетине кандоочтун жабышуусуна көмөкчү болот.

БУТАДИО́Н — бутадион. Сезгенүүгө каршы дары. Тиштер пародонтит менен ооруганда колдонулат, ошондой эле дененин ысыгын баса турган касиетке да ээ.

БУ́ФЕРНЫЕ ЗО́НЫ — буфердик зоналар. 1962-ж. Е. И. Гаврилов жана В. И. Кулаженко сыпаттаган, ал таңдайдын арткы бөлүгүндөгү былжыр кабыкчада жайгашкан. Анда майда кан тамырлардын, май жана былжыр ткандарынын көптүгүнүн натыйжасында калың тартып, кандайдыр бир жумшактыкка ээ болот. Басканда тамырлардан кан агып чыгып кетип, таңдай сөөккө такалып, баспаганда кан кайра толуп, көтөрүлгөндүктөн, бул жер серпилгич оромдой солкулдак болуп турат.

БЮ́ГЕЛЬ — дого. Кийме тиштердин ар түрдүү бөлүктөрүн бириктирип туруучу дого.

БЮ́ГЕЛЬНЫЙ ПРОТЕ́З — доголуу протез. Кийме тиштин бир түрү. Бул протездин айырмачылыгы анын догосунда гана эмес, ал өзүнүн таянып-кармоочу илмектери менен чайноо басымын былжыр чел кабыкчага толук түшүрбөй, бар тиштерге таянып, ошолорго басым жасагандыгында. Бул жасалма тиште адам сүйлөгөнгө, тамак жегенге бат көнөт, себеби таңдай ачык болот, тилдин алдында дого орунду аз ээлейт.

БЮГОДЕ́НТ — бюгодент. Доголуу тиш протезинин каркасын куят. Кобальттын жана хромдун кошундусунан турат. Ал жумшак, орто жана катуу болот. Буга кошумча молибден кошулат, көмүртектин саны 0,5%тен ашпайт. Кээде жез, ниобий, бор, кремний элементтери колдонулуучу максатына жараша аз-аздан кошулат. Россияда чыгарылат.

В

ВА́ЛЮКС ПЛЮС — валюкс плюс. Бузулган маңдайкы тиштердин турпатын калыбына келтирүүдө колдонулуучу материал. Ал 100% цирконий менен кремнийдин кошундусунан турат. Ушул түрдөгү ар кандай түстө СИЛЮКС ПЛЮС жана КОНСАЙЗ деген материалдар АКШда, жарыкта катуучу ПЕРТАК 11 Германияда чыгарылат. Блэктин классификациясы боюнча 1-У класстарда тиштердин турпатын калыбына келтирүүдө колдонулат.

ВАН СТЕП — ван степ. Жарыкта катуучу универсалдуу жабышкак (адгезив) материал. Ал дентинге, эмалга, металлга, фарфорго жана амальгамага жакшы жабышат.

ВАРИА́НТ — вариант. Доголуу (бюгельный) жасалма тиштерди электр-химиялык жол менен эки каркасты бир дегенде жалтырата турган аппарат, электролит куя турган өзүнүн атайын идиши болот. Вариантка окшош УНОПОЛ деген аппарат бар, ал доголуу жасалма тиштердин каркасын бирден гана электр-химиялык жол менен жалтыратат.

Электр тогунун кубаттуулугу 80 Вт, күчү 3,5–4,5 А, электролитти 35°–45°С жылытуу жакшы натыйжа берет. Германияда чыгарылат.

ВАСКУЛИ́Т ГЕМОРРА́ГИЧЕСКИЙ (болезнь Шенлейн-Геноха) — геморрагиялык васкулит (Шенлейн-Генох оорусу). Оору иммундук системанын бузулушунан келип чыгат. Мында ооз ичиндеги былжыр челде кандуу темгил пайда болот, анын ортосу чирип, ириңдеп турат. Оору айрыкча таңдайда, ууртта, тиштин этинде көп болот. Бул ооруда айрыкча бөйрөк жабыркайт. Тишти жулганда жана былжыр чел кабыкка дарт тийгенде кандын агышы көпкө созулат.

ВЕЗИКУЛЯ́РНЫЙ СТОМАТИ́Т — ыйлаакчалуу оозул. Ооздун тегерегинде, эринде, ооздун ичинде чыбырчыктар пайда болуп, алардын жарылып кызарышы менен мүнөздөлгөн илдет. Оорунун козгогучу вирус болгондуктан, жугуштуу.

ВЕ́КТРИС — вектрис. Ивоклар фирмасы тарабынан чыгарылган үч компоненттүү өңсүз материал. Алынбоочу протездин каркасы үчүн колдонулат, ал бир нече катмар айнек буладан турат. Лихтенштейнде чыгарылат.

ВЕНЕ́ЧНЫЙ ОТРО́СТОК — таажы өсүк. Чыкый-астыңкы жаак муунунун алды жагындагы сөөктүн өсүгү.

ВЕСТ ДЖИ — вест джи. Металлдардын ар кандай куймаларын алууда форма жасоо үчүн колдонулуучу фосфаттуу материал. Анча катуу эместиги куюлган металлдын оңой ажырашына көмөк берет. Ушуга окшош ФУДЖИВЕСТ СУПЕР (Япония), АЛЬФАКАСТ-2, КЕРАМИКОР (Швейцария) массалары бар.

ВИ́БРОБЕРИ — вибробери. Форма жасалуучу масса менен гипсти вакуумда аралаштыруу үчүн атайын аспап. Ушуга окшош ВИБРОМИСТЕР, КВ-16, КВ-36, КВ-56 деген атайын аспаптар бар, алар моделди көбүксүз, сапаттуу кылып куюга мүмкүнчүлүк берет. Германияда чыгарылат.

ВИ́ВОПЕРЛ-ПЕ — вивоперл-пе. Кийме тиштерге коюлуучу Россияда жана КМШ өлкөлөрүндө кеңири таралган

маңдайкы фарфор тиштер. Азуу тиштердин ордуна коюлуучу ВИВАПЕРЛ-ПЕ ОРТОПРИНТ фарфор тиштери болот. Германияда чыгарылат.

ВИ́ГАЛЕН-30 — вигален-30. Санкт-Петербургдагы синтетикалык каучук илим-изилдөө институтунда винилсилоксан каучугунун негизинде иштелип чыккан, тиштердин калыбын алуу үчүн колдонулуучу масса. Ошол эле жерден ушуга окшош СИЛЛИТ, Москвадан ЭРЛОСИЛ массалары чыгарылат.

ВИ́КАРНАЯ ФУ́НКЦИЯ — эки эсе иштөө. Жуп органдардын (бөйрөк, көз, өпкө, кол, бут ж. б.) бири иштебей калганда, экинчиси өзү үчүн да, иштебей калган орган үчүн да иштеп, эки эсе кызмат аткаруусу.

ВИ́КАСОЛ — викасол. Тиштерди жулганда, гингивит, пародонтит болгон тиштин этин дарылаганда кан токтобой агып калса, канда токтотуу үчүн колдонулуучу дары.

ВИ́КОПРЕС — викопрес. Функционалдык калып алуу үчүн чыгарылган цинкоксидэвгенол пастасы. Өзүнүн сууну соруу касиети менен калып алууда аянттын көчүрмөсүн өзгөчө так түшүрөт. Викопрес менен кошо ВИКО-1 деген оорулуунун эрдине жана врач стоматологдун колуна сыйпай турган крем берилет, ВИКО-2 дегени менен Викопрестин аспаптарга жабышып калган калдыктары тазаланат.

ВИНИ́РЫ — винирлер. Маңдай тиштердин вестибулярдык бетине жасалып коюлуучу косметикалык жасалма катмар.

ВИНОКСО́Л — виноксол. Тиштерге кыт (пломба) коюуда колдонулуучу материал.

ВИ́НТЫ ОРТОДО́НТИЧЕСКИЕ — ортодонтиялык бурамалар. Туура эмес өсүп жаткан тиштерди, жаак сөөгүн оңдоочу ортодонтиялык бурамалар. Бурама пластмассадан жасалган таңдай пластинкага орнотулат.

ВИРОВЕ́СТ — species вировест. Металл куймасын куюуда форма жасоо үчүн колдонулуучу масса. Ал эки түрдүү болот: 1-сууга аралаштырылуучу, катуулугу 140 Н/мм^2 жана атайын чыгарылган өзүнүн суюктугуна арашуучу, катуулугу 180 Н/мм^2. Катуулугу 190 Н/мм^2 масса ВИРОПЛЮС деп аталат.

ВИРО́Н-88 — вирон-88. Курамы 60–65% никель, 23–26% хром, 6–11% молибден, 1,5–2% кремнийден турган никель-хром, дат баспоочу болоттун куймасы. Мындай металл куймасынан тиштерди, каптамаларды, көпүрөчө тиш протездерин куят. Башка дат баспоочу болоттордон айырмасы курамында көмүртек болбойт. Германияда чыгарылат.

ВИСО́ЧНО-НИ́ЖНЕЧЕЛЮСТНОЙ СУСТА́В — чыкый-астыңкы жаак мууну. Ал муундун кабынан, чыкый сөөгү-муун чуңкурчасынан, муун дөмпөкчөсүнөн, астыңкы жаактын муун башчасынан, акыркы экөөнүн ортосундагы дөңгөлөкчөдөн, байламталардан жана аларды майлап турган синовиалдык суюктуктан турат.

ВИ́СФАТ ЦЕМЕ́НТ — висфат цемент. Оомдон алынбай турган жасалма тиштерди өз тиштерине жабыштыруу үчүн колдоно турган үч түрлүү түстөгү, күкүм жана суюктуктан турган препарат, фосфаттан айырмасы — курамында висмуттун кычкылы бар.

ВИ́ТА АКЦЕНТ – вита аксент. Майда дандуу күкүмдөр (20 түстүү). Фарфордон жасалган тиштерди өз тиштерге окшоштурууда колдонулуучу атайын боёктор, фарфор тиштерди үч өлчөмдүү кылып көргөзгөндө өз тиштерден айырмасы болбой калат. Ушул массага окшош ВИТА-ИНТЕРНО деген 12 түстүү масса бар. Германияда чыгарылат.

ВИ́ТА-ВА́КУМАТ — вита вакумат. Фарфордон жасалган тиштерди күйгүзүү үчүн чыгарылган вакуум меши, жалпы аралыктан башкаруу менен бирге, температураны автоматтык башкаруу программасы бар.

ВИ́ТА ЛЮМИ́Н ВА́КУУМ — вита люмин вакуум. Дүйнө жүзүндө 50 жылга жакын убакыттан бери таралып, керамика үчүн жасалган жана стандарт катары кабыл алынган өң таануу (расцветка). Ар кимдин тиши ар кандай түстө болот. Жасалма тиштерди жасаганда аны өз тиштерге окшотуп жасоо үчүн колдонулат. Анын А-1, А-2, А-3, А-3,5, А-4; В-1, В-2, В-3, В-4; С-1, С-2, С-3, С-4; Д-2, Д-3, Д-4 деген түстүү тиштери бар. Кимге кандай түс туура келсе ошол түстөгү масса менен жасап коёт. Керамика материал-

дары үчүн ушуга окшош Омега/Омега 800, Вита УМК 68/95, Вита Титанкерамик, Вита Хай Керам, Витадур Альфа расцветкалары бар. Пластмасса жана фарфор үчүн Витапан, Витапан 3Д мастер деген өңдөр (расцветкалар) болот. Бардыгын Германия чыгарат.

ВИТА́ЛЬНАЯ АМПУТА́ЦИЯ ПУ́ЛЬПЫ (ПУЛЬПОТОМИ́Я) — тиштин өзөгүн тирүүлөй ампутация жасоо. Тиштин тамырындагы өзөктү сактоо.

ВИТА́ЛЬНАЯ ЭКСТИРПА́ЦИЯ — тиштин өзөгүн тирүүлөй жулуп алуу. Тиштин өзөгүнө мышьяк коюп, аны некроз кылбай эле ийне сайып жансыздандырып, өзөктү жулуу.

ВИ́ТА ОМЕ́ГА 900 — вита омега 900. Жасалма каптама, тиш жасай турган фарфор материалы.

ВИ́ТАДУР — витадур. Алюминий оксидинен турган фарфор массасы. Жасалма каптама, көпүрөчө сымал жасалма тиш жасалат.

ВИ́ТАКРИЛ — витакрил. Россияда чыгарылуучу айнекиономерлүү цемент, күкүмү — алюмофторсиликаттуу айнек, суюктугу – полиакрил кычкылынын суудагы эритиндиси. Ортопедиялык стоматологияда ооздон алынбоочу жасалма тишти бекитет. Витакрил фтор иондорун бөлүп чыгарат, эмаль менен дентинге жакшы жабышат. Үч түстө болот: ак-сары – № 10, сары – № 16, боз-сары – № 24.

ВИ́ТАФТОР — витафтор. Тиштердин жана сөөктөрдүн жакшы жетилишине өбөлгө болуучу, курамында фтор, ретинол, эргокальциферол, А, С, Д витаминдери ж. б. бар дары. Ичүүчү суудагы фтордун саны 0,5 мг/л ден ашпаса бул дарыны бир жыл бою күнүнө 1 чай кашыктан тамактын алдында, ичүү керек.

ВИТРЕБО́НД — витребонд. Тиштин өзөгүнүн сезгенүүсүнө жеткирбей сактап калуу үчүн туруктуу кыттын таманына, түбүнө фторду бөлүп чыгаруучу айнекиономерлүү цемент. Терендеген кариесте коюлат. АКШда чыгарылат.

ВКЛА́ДКИ — кыпчыктар. Бузулган (кариес, травма, шынаа кетиктери) тиштердин анатомиялык формасын калыбына келтирүү үчүн тиштин жасалма бөлүгү. Кыпчыкты

металлдан, пластмассадан, фарфордон жана металл-пластмасса, металл-фрафордон жасоого болот. Вкладка жакшы кармалыш үчүн тиштин бузулган жерин өгөп, төрт бурчтуу кутуча жасашат.

ВКУС — даам сезүү. Ачуу, таттуу тамак ичкенде, дарыдармекти оозго алганда тилдин учу таттууну, капталы ачуу, кычкылды сезет. Эгерде даам сезүү ооздо толук жок болсо агевзия, аз болсо гипогевзия, көп болсо, жогоруласа гипергевзия, айныган болсо прогевзия деп аталат.

ВЛИЯ́НИЕ РАЗНОРОДНЫХ СПЛА́ВОВ МЕТА́ЛЛОВ НА СЛИ́ЗИСТУЮ ОБОЛО́ЧКУ ПО́ЛОСТИ РТА — табияты ар кандай металл куймалардын ооздун былжыр кабыкчасына тийгизген таасири. Кээ бир асыл (алтын, күмүш, палладий, платина) жана асыл эмес (хром, никель, темир, кобальт, кадмий, титан, марганец, кремний ж. б.) металлдардын куймаларынан жасалган жасалма каптамалардын, дат баспоочу көк тиштердин өңүн сары кыла турган титандын нитриди менен капталган жасалма тиштер бир ооздо болуп калышы мүмкүн. Ушундай клиникалык абалда кээ бир пациенттерде ар кандай тынчсыздануу пайда болот. Белгилери ачуу, кычкыл тамак жегенде күчөйт. Эртең менен турганда ооздон темир даам сезилет. Ооздун былжыр кабыкчасы кычышат, жыбырайт, ачышат, сайгылайт, ооруйт, деми кыстыгып аба жетпей калат. Шилекей бирөөлөрдө көп чыкса, бирөөлөрдө аз чыгып, оозу кургайт. Адамдын башы, чыкыйы, кежигеси оорушу мүмкүн.

ВОДЯНО́Й РАК (НОМА) — суулуу жара. Териден баштап сөөккө чейин сезгенип, ткандар эзилип сөөктөн өзүнчө ажырап калышы мүмкүн. Ооз ичинде жарааттанып чириген оозул коштоп жүрөт. Бул оору менен көбүнчө 2–15 жаштарда оорушат.

ВОКОЛО́ИД — воколоид. Тиштердин калыбын алууда колдонулуучу масса. Ал жагымдуу жыты бар күкүм, сууга аралаштырылат. Воколоид-3 үч мүнөттө, Воколоид-4 төрт мүнөттө катат. Германияда чыгарылат.

ВОКОСЕ́ПТ — вокосепт. Жугуштуу микробдорду жок кылуучу (дезинфекциялоочу) эритинди, аэрозоль. Германияда чыгарылат.

ВОКОТЕ́МП — вокотемп. Эки компоненттүү цемент, курамында гвоздика майы бар, ооздон алынбоочу жасалма тиштерди убактылуу бекитет. Германияда чыгарылат.

ВОЛДЫ́РЬ — исиркек ыйлаакча. Бөрү жатыш оорусунда байкалуучу, ар түрдүү көлөмдөгү териден бир аз көтөрүлүп, бөлүнүп турган жана тез таркай турган майда темгилдер, ыйлаакчалар.

ВОСК — мом. Стоматологияда момдун ар кандай түрлөрү колдонулат. Мисалы, негиз үчүн (базисный) (калыңдыгы 2 мм) дегени оозго кийме протезди жасап жатканда анын негизин түзүп, жасалма тиштерди, илмектерди өзүнө жабыштырып турат, дого үчүн (бюгельный) делгени (калыңдыгы 0,2 мм) догълуу протездерди жасоого керектелинет, жабышкак (липкий) делгени ар кандай бөлүктөрдү жабыштыруу үчүн, ошондой эле калыптандыруучу (моделировочный) делгени, лавакс, модевакс, катуу формадент 0,2 деген түрлөрү өтө көп. Мом табиятына жараша үч түрдө болот: жаныбарлардан (бал аары мому, ланолин – жаныбарлар жүнүнөн), өсүмдүктөн (жапон, карноуб), минералдан (озокерит, парафин ж. б.) алынуучу.

ВОСПАЛЕ́НИЕ — сезгенүү. Организмге дартка чалдыктыруучу таасир тийгенде, таасир тийген жердин ткандары менен кан тамырларынын коргонуу катары татаал реакциясы. Сезгенүүнүн белгилери: шишүү, кызуу-ысуу, кызаруу, ооруу.

ВРЕ́МЯ ЗАТВЕРДЕВА́НИЯ — катуу мезгили. Жумуш убактысынын бир бөлүгү. Гипс менен калып алганда, жасалма тиштерди цементке бекиткенде, пластмассаны бышырганда алар суюк абалынан катуу абалына өтүү үчүн талап кылынган убакыт.

ВСА́СЫВАНИЕ — соруу, сиңүү. Клеткалардын пардасы, тоскучу аркылуу заттардын өтүп кетиши менен мүнөздөлгөн физиологиялык процесс. Сиңүү негизинен ичегилерде жүрөт.

ВТОРИ́ЧНАЯ (ПРИВЫ́ЧНАЯ) ЦЕНТРА́ЛЬНАЯ ОККЛЮ́ЗИЯ — экинчи (көнүмүш) борбордук окклюзия. Ал жаактарда кайсы бир тиштер түшүп калганда аргасыздан калган тиштер менен тамакты чайнагандыктан, астыңкы

жаактын үстүңкү жаакка болгон алгачкы ашташынын, катышынын өзгөрүлүүсү.

ВТ-100 — ВТ-100. Титандын маркасы. Жасалма коронканы штамптап жасоодо анын калыңдыгы 0,14–0,28 мм баракча түрүндөгү кошулмасы колдонулат.

ВЫ́ВИХ ВИСО́ЧНО-НИ́ЖНЕЧЕЛЮСТНО́ГО СУСТА́ВА — чыкый-астыңкы жаак муунунун чыгуусу. Бардык муундардын чыгып кетүүсүнө салыштырмалуу бул 1,5–5,7%ды түзөт. Көбүнчө аялдарда кездешет. Себеби аялдардын чыкый сөөгүнүн муун чуңкурчасы тайыз, муун дөмпөкчөсү жапыз келет. Бул чыгуу оозду чоң ачып эстегенде, кусканда, азуу тиштерди жулганда, ашказанга зонд жуткурганда, операция жасоо үчүн наркоз бергенде ж. б. учурларда болот.

ВЫ́ВИХ ЗУ́БА — тиштин чыгуусу. Ар кандай урунупсогулуудан, жыгылуудан көбүнчө жогорку жаактын маңдай тиштери чыгып кетет.

ВЫРА́ВНИВАЮЩИЙ ПРОТЕ́З — тегиздөөчү протез. Жаак сөөгү сынып, кыйшык салынып, айыгып калганда үстүңкү жана астыңкы тиштер бири-бирине дал келбей калат. Ошондо жасалма тиш салып аларды тегиздейт.

ВЫСОТА́ ОТНОСИ́ТЕЛЬНОГО ФИЗИОЛОГИ́ЧЕСКОГО ПОКО́Я — салыштырмалуу физиологиялык тынчтыктын бийиктиги. Жаактардагы тиштер бар болсо, алар тийишпейт, ал эми тиштердин бардыгы түшүп калган болсо деле, бул абал сакталат. Себеби астыңкы жаакты көтөрүүчү жана астыга тартуучу булчундар тең салмакта болушат. Астыңкы жаак салмагына жараша салаңдап турат.

ВЫСОТА́ ПРИ́КУСА — тиштердин катнашынын (прикустун) бийиктиги. Табигый тиштери же кийме тиштер менен тиштенип тургандагы бийиктик. Бийиктикти ээк асты менен мурундун таноосуна чейин ченейт.

ВЯ́ЗКОСТЬ — илээшкектик, ички сүрүлүү. Газдын жана суюктуктун сырткы таасирлерге болгон каршылыгы.

ВЯ́ЛОЕ ЖЕВА́НИЕ — жай чайноо. Тиштердин катары толук болбосо, тиштер таптакыр жок же тиштердин катышы туура эмес болсо, адам тамакты узакка чайнап, жеп калат. Азуу тиштери кариес, пульпит, периодонтит менен ооруса, тиштер кыймылдап калса да, тамакты жай жеп калат.

Г

ГАЙМОРИ́Т ОДОНТОГЕ́ННЫЙ – каңылжарынын (Гаймор көңдөйүнүн) былжыр кабыкчасынын тиш себеп болгон сезгениши. Гаймор көңдөйү (кобулу) үстүңкү жаакта көздүн астында жайгашкан. Биринчи жолу изилдеп, жазып кеткени үчүн бул көңдөй Гаймордун атынан аталып калган.

ГАЛЛОДЕ́НТ-М — галлодент-М. Галлий элементинин негизинде жасалган, металлдан кыт коюу үчүн колдонуучу материал. Курамында күкүм жана суюктук бар. Кыт коюлгандан кийин галлодент ооз ичинде 10–15 мүнөттө катат.

ГАЛЬВАНИЗА́ЦИЯ — гальванизация. Ооруну дарылоо үчүн төмөнкү чыңалуудагы электрдин туруктуу тогун колдонуу.

ГАЛЬВАНОПЛА́СТИКА — гальванопластика. Электролиттин жардамы менен кайсы бир буюмдун бетин металл менен каптоо.

ГАЛЬВАНОСТЕ́ГИЯ — гальваностегия. Акрил пластмассасынан жасалган кийме тиш протезинин ички бетине күмүштү жабыштыруу. Мындай ыкма пластмассанын мономерине аллергия болгондо колдонулат.

ГА́ММА — гамма. Фарфор массасы, ал өтө майда күкүмдүү, түрдүү түскө боёлгон силикат массасы. Массаны 1100–1110°С ысытканда тирүү ткандарга зыяны жок (индифферентүү) болуп, аларга эч кандай таасир этпейт. Тазартылган (дистирленген) сууга аралаштырылып, жогорку температурада вакуум мешинде атайын режимде күйгүзүлөт.

ГАНГРЕ́НА — гангрена. Териден сөөккө чейинки ткандар жараланып, өлүп, ириңдетүүчү микробдордун пайда болушу менен бирге, ал жердин чириши аркылуу өзү эле органдан ажырап калышы. Алар көбүнчө күйүктөн, үшүктөн, урунуп-согулуудан кийин пайда болот.

ГАСТРИ́Т — гастрит. Ашказандын былжыр кабыгынын сезгениши.

ГЕКСОРА́Л, ЭЛЮДРИ́Л — гексорал, элюдрил. Ооз көңдөйдө ар кандай оорутуучу микрофлораларды жоготуу үчүн колдонулуучу антисептикалык заттар.

ГЕ́ЛИН — гелин. Форманы кайталоочу масса. Ал деңиз балырынан алынган агардан, этиленгликолдон жана дистирленген суудан турат. Доголуу жасалма тиштерди жасоодо моделдин тескери көчүрмөсү гелиндин жардамы менен алынат. Масса 70–80°С жылуулукта эрийт, ал эми 35°С болгондо жумшак, килкилдек болуп катат.

ГЕМАНГИО́МА — майда кан тамырларынын калыңдап кеткен шишиги. Адамдын бетинин же ооз ичиндеги былжыр кабыгынын гемангиомасынын өңү ачык кызыл, коччкул кызыл болот. Үстүнөн басканда ал агарып калат да, колду алганда кайра кызарып калат. Тезинен дарылабаса, беттин сөөк формасын өзгөртөт.

ГЕМАТО́МА — уюган кандуу шишик. Кан тамырынын жарылганынын себебинен, кан анын айланасына толуп кетет. Кичинекей гематома болсо убакыт өтүшү менен өзү жок болуп кетет, ал эми чоң болсо, анан ага инфекция кошулса, ириңдеп денени ысытып, оор болушу мүмкүн.

ГЕМИГИПЕРТРОФИ́Я — гемигипертрофия. Беттин бир жагынын өтө өсүп кетиши, ээктин алдыга чыгып кетиши менен прикустун бузулушу 14–19 жашта болот.

ГЕМИСЕ́КЦИЯ — гемисекция. астыңкы жаактын чоң азуу тиштеринин тамыры экиден болуп, пульпит, периодонтит болгондо бир тамырынын каналын дарылаганга мүмкүнчүлүк болбой калат. Андай учурда тиштин коронкасын тең бөлүп (сепарациялык диск менен), дарыланбаган тамыры менен кошо жулуп салууга туура келет. Тиштин коронкасынын жарымы бир тамыры менен калат.

ГЕМОФИЛИ́Я — гемофилия. Кан уюбай, өзүнөн өзү агып көп кыйынчылыктарга дуушарлантуучу, көбүнчө эркектерде кездеше турган оору. Негизинен кан токтотуучу факторлордун жетишсиздигинен пайда болот. Тишти жулганда кан токтобой калышы мүмкүн.

ГЕНИОПЛА́СТИКА — гениопластика. Ээктин формасын өзгөртүү боюнча жасалуучу хирургиялык операция.

ГЕПАРИ́Н — гепарин. Кандын уюшун жайлата турган дары. Аны ири мүйүздүү малдын өпкөсү менен боорунан алышат.

ГЕ́РБСТА МЕТОД — Гербст ыкмасы. Тиштери жок, кызыл ээк кезде жасалма кийме тиштерди сапаттуу жасаш үчүн жана өзүмдүк ченкеп менен функционалдык калып алыш үчүн колдонуучу ыкма. Ыкма үстүңкү жаактын ченкеби үчүн өзүнчө, астыңкы жаактын ченкеби үчүн өзүнчө болот. Мында калып алып жатканда кийме тиш кийүүчү киши оозун чоң ачып жутунат, тилинин учу менен үстүңкү жана астыңкы эриндерин жалайт, тилдин учун мурунга жеткирет, эки эринди түтүктөй, үйлөгөндөй кылып созот. Бул сыноолорду бир нече жолу кайталап, ченкепти ордунан жылбай турган абалга жеткирет.

ГЕРКУЛА́ЙТ — геркулайт. Тишке кыт койгондо жарык менен катуучу паста. Швейцарияда чыгарылат.

ГЕРМЕ́ТИКИ — тыгыздоочулар. Азуу тиштердин чайноо бетиндеги кычыктардын, чуңкурчалардын кариеске кабылбоосу үчүн жасала турган чаптоо, жабыштыруу ыкмасы. Бул ыкма 95%га жакшы жардамын берет. Герметиктер синтетикалык зат акрилаттын негизинде жасалат.

ГЕ́РПЕС — учук. Ооз менен эриндин былжыр кабыгында боло турган оору. Ооруну вирус таратат. Башталганда майда-майда исиркектенген жара болуп, бара-бара биригип, чоңоюп кетишет.

ГИГИЕ́НА ПО́ЛОСТИ РТА — ооз көңдөйүнүн тазалыгы. Тиш пастасы, күкүмү, дагы башка атайын тиштерди жуучу, ооз ичин чайкоочу заттарды колдонуу аркылуу оозду таза кармоо.

ГИДРОТЕРАПИ́Я — суу менен дарылоо. Ысыктыгы ар кандай суу менен тиштин бүйлөсүн чайкоо. Бул ыкманын касиетин жогорулатуу үчүн сууга туз, аш содасы, календула, эвкалипт, ромашка ж. б. дарыларды кошсо болот. Сууну же дарыларды кошкон сууну оозго ууртап алып, 3–5 минут кармап туруу керек.

ГИ́ЛЬЗЫ — гильзалар. Жасалма коронкаларды жасоо үчүн керектелүүчү дат баспас болоттон заводдо даярдалуучу оймок сыяктуу жабдык. Эгерде тиштин каптамасы (коронкасы) алтындан же башка асыл металлдардан жасалса, Самсон аппаратынын жардамы менен гильзаны лабораторияда жасоого болот.

ГИНГИ́ВА ЛИ́КВИД — гингива ликвид. Алюминий хлоридинин гексагидратынын 10% эритиндисине жип салынат. Коронкаларды жасаш үчүн тишти өгөрдө ошол жипти тиштин бүйлөсүнүн кырынын астына ороп коёт, ошондо жип бүйлөнү куруштуруп көтөрөт жана кан токтотууга өбөлгө түзөт.

ГИНГИВИ́Т — тиштин бүйлөсүнүн сезгенүүсү. Жергиликтүү жана жалпы терс таасир этүүчү факторлордун таасиринде пайда болот. Сезгенүүдө тиштин бүйлөсү менен тиштин жабышкан, тыкыс байланышы бузулбайт, б. а. тиш менен тиштин бүйлөсүнүн ортосунда ажыроо же чөнтөкчө пайда болбойт. Созулушу боюнча курч мүнөздө жана өнөкөт түрүндө болот.

ГИНГИВИ́Т ГИ́ПЕРТРОФИЧЕСКИЙ — тиштин бүйлөсүнүн өсүп сезгениши. Тиштин бүйлөсүнүн бир же бир нече тиштердин айланасында өтө өсүп, кызарып кетиши. Алар тиштерди щетка менен жууп тазалаганда, катуу тамакты тиштегенде (алма, алмурут, сабиз ж. б.) канап, ооруп кыйнайт. Мындай учурда адамдын оозунан сасык жана ириндин жыты келип турат.

ГИНГИВИ́Т КАТА́РАЛЬНЫЙ — тиштин бүйлөсүнүн сууланып сезгениши. Оозду таза күтпөгөндөн, периодонтиттен, оор металлдардын туздары менен уулануудан ж. б. себептерден улам болот. Турмушта өтө көп кездешет.

ГИНГИВИ́Т Я́ЗВЕННЫЙ — тиштин бүйлөсүнүн жараланып сезгениши. Тиштин бүйлөсүнүн жаралуу сезгениши көбүнчө суулуу сезгенүүнүн калдыгынан же кээде өзүнчө эле пайда болот. Жараланып-чириген сезгенүү организмдин кайдайдыр бир жалпы оорунун натыйжасы катары да пайда болот. Адамдын мындай дарттан жабырланганы аны менен сүйлөшкөндө алыстан эле сезилет.

ГИНГИВОПЛА́СТИ́КА — гингивопластика. Тиштин бүйлөсүнүн кырын өзгөртүү боюнча операция. Бул төмөнкү убакта жасалат: 1) гипертрофиялык гингивит болуп, тиштин бүйлөсү өсүп кеткенде; 2) тиштин моюнчасы боюнча жогору же ылдый карай кесип, операция жасоого туура келгенде.

ГИНГИВОТОМИ́Я — гингивотомия. Тиштин бүйлөсүн өйдөдөн ылдый карай кесүү, тилүү. Тиш менен тиштин бүйлөсүнүн ортосунда чөнтөкчө пайда болгондо, ага тамак толуп, ириңдеп адамды кыйнайт, ал жерде тиштин ташы көбөйөт. Тиштин бүйлөсүн тилип, ачып таштарын, грануляциялык ткандарын кырып алып тазалап, кайра жаап, тигип коёт.

ГИНГИВОЭКТОМИ́Я — гингивоэктомия. Тиштин бүйлөсүн кесип алып таштоо. Тиштин бүйлөсү өтө өсүп кеткенде, аны тиштин моюнчасынын деңгээлинде скальпель же электрокаогулятор менен кесип таштайт. Тиштин бүйлөсүнүн чөнтөкчөсү өтө тереңдеп, тамыр көп ачылып кетсе, бул операция оң натыйжа бербейт.

ГИПЕРАЛЬГЕЗИ́Я — гиперальгезия. Оорунун катуу күчөп оорушу.

ГИПЕРДОНТИ́Я — ашыкча тиштердин чыгуусу. Себеби белгисиз, тиштердин түйүлдүктөрү пайда болгондо ашыкча болуп калып, кийин чыгат. Көбүнчө алар үстүңкү жаактын маңдайкы тиштери болот.

ГИПЕРЕСТЕЗИ́Я ТВЁРДЫХ ТКА́НЕЙ ЗУ́БА — тиштин катуу ткандарынын ашыкча сезгичтиги. Эмаль катмары жешилип, дентин катмарына өтүп жатканда жана дентин катмары жешилип жатканда, тиш ысык-суукту, кычкылтаттууну сезгич болуп калат. Ошондой эле тиштин айланасындагы бүйлөсү, жаак сөөгү жоюлуп, тиштин тамыры ачылып кетсе да тиш сезгич болуп калат. Соо тишти өгөп каптама жасаганда деле тиштер сезгич болуп, аны цементке бекиткенде гана сезгичтик жоголот.

ГИПЕРКЕРАТО́З КРА́СНОЙ КА́ЙМЫ ГУБ ОГРАНИ́ЧЕННЫЙ ПРЕДРА́КОВЫЙ — эриндин кыюсунун оорусу күчөп, рак оорусуна жакындап калышы. Жаш балдарда жана орто жашаган кишилерде бул ооруну өз убактысында дарылабаса рак дартына айланып кетет. Жараланган эрин ак сур келип, кабырчыктап, эринден бир аз көтөрүлүп, бети тегиз болот.

ГИПЕРКИНЕ́З — гиперкинез. Борбордук нерв системасынын кайсы бир ооруларында колу-буттун, ылдыйкы жаак-

тын ыксыз көп кыймылдоосу. Тиштердин капталын сепарациялык диск менен өгөө бул учурда коркунучтуу.

ГИПЕРОСТО́З ВИСО́ЧНО-НИЖНЕЧЕ́ЛЮСТНОГО СУСТА́ВА — чыкый-астыңкы жаак муунундагы сөөк өсүшү. Муундун тийиштүү бетинде сөөктөн тикенектей өсүктөр пайда болот.

ГИПЕРПЛАЗИ́Я — гиперплазия. Ткандардын ыксыз өтө өрчүп кетиши.

ГИПЕРСАЛИВА́ЦИЯ — гиперсаливация. Шилекейдин ар кандай себептерден улам көп бөлүнүп чыгуусу.

ГИПЕРЦЕМЕНТО́З — гиперцементоз. Тиштин тамырынын айланасындагы цементтин катмары калыңдап, көбөйүп кетиши. Тиш пульпит, периодонтит менен ооруганда анын өзөгүн алып тишти дарылайт. Бир топ убакыт өткөндөн кийин ушундай тиштердин тамырынын сыртындагы цемент катмары калыңдап, сөөккө жабышып калат. Бошоп кыймылдап калган тиштердин өзөгүн алып каналын толтуруп, шакшак менен 6 айдан 12 айга чейин кыймылдатпай койсо, алар деле кыймылдабай катып калат.

ГИПОКСИ́Я — гипоксия. Ткандагы кычкылтектин көлөмүнүн азайышы. Азаюунун себеби болуп ууланууу, гиповитаминоз, ички секреция бездеринин сезгениши, закымданышы ж. б. Гипоксиянын тишке тийгизген таасирин Л. Б. Сабурова изилдеген. Анын айтуусунда деңиз деңгээлинен 2500–3000 метр бийиктикте жашаган элдерге кычкылтектин абада аздыгы, алардын тиштеринин айланасындагы ткандарга терс таасирин тийгизип, алардын ооруп калуусуна жана тиштердин түшүүсүнө себепкер болот.

ГИПОПЛАЗИ́Я ЭМА́ЛИ — эмалдын жетилбегендиги. Ар кандай ткандын, органдын жана организмдин бүтүндөй же бир бөлүгүнүн өсүп жетилбегендиги. Тиштин эмалынын өсүп жетилбегендиги. Буга Стентон-Капдепон оорусу мисал боло алат.

ГИПОСАЛИВА́ЦИЯ — гипосаливация. Шилекейдин ар кандай себептерден улам аз бөлүнүп чыгуусу.

ГИПС МЕДИЦИ́НСКИЙ — медициналык гипс. Стоматологиялык ортопедияда байыртадан бери колдонулуп келе жаткан материал. Ал клиникада жана лабораторияда кеңири иштелип келе жатат. Жаратылыштагы гипсти майдалап, кургатып, күйдүрүп майда көзөнөктүү элек менен элеп, эки суулуу $CaSO_4 \cdot 2H_2O$ гипстен, жарым суулуу $(CaSO_4)_2 \cdot H_2O$ кылышат. Гипс менен тиштердин калыбын алганда, ал оозго батыраак катышы үчүн ар кандай туздардын (NaCL, Na_2SO_4, KCL, K_2SO_4) 3–4% дуу эритиндисине аралаштырат. Булар — катализаторлор. Ал эми гипсти жайыраак катыруу үчүн ингибиторлорду кошуу керек. Алар бура, крахмал, кумшекер, желим, сода ж. б. заттардын эритиндилери.

ГИПСО́ВОЧНАЯ КО́МНАТА — гипстөөчү бөлмө. Бул бөлмөдө моделдерди куюшат, моделдерди окклюдаторго же артикуляторго гипстешет, кюветадан полимерленген протезди алышат, ооздон алынбай турган протездерди ширетүүдөн мурун гипстешет.

ГИ́ПСОГАЛ — гипсогал. Гипстин катуу түрү, диагностикалык жана жумушчу моделдерди куюп даярдоодо колдонулат. Курамында кальций сульфатынын жарым гидраты бар.

ГИ́ПСОЛ — гипсол. Аспаптарга жабышкан гипсти эритип тазалоочу зат. УЛ-10 да ушундай эле касиетке ээ. Германияда чыгарылат. Японияда ушуга окшош эритинди РОКЛИН деп аталат.

ГЛАБЕ́ЛЛА — глабелла. Эки каштын ортосундагы түгү жок (же аз) жери, антропометриялык чекит: борбордук сызык боюнча маңдай сөөктүн эң алды.

ГЛАЗУ́РЬ — айнектөө. Фарфордон, металлкерамикадан тиштерди жасаганда анын сырткы бетин эритип, өтө жалтырак айнектей кылып коёт.

ГЛАС СПАН — глас спан. Кыймылдап бошоп калган тиштерди кыймылдатпоо үчүн шакшак жасап коюуда колдонулуучу айнек була. АКШда чыгарылат.

ГЛЕЙЗ — глейз. Кыт койгондон кийин анын бетин шыбап коюучу зат. 1 флакону 200 кыттын бетин жабууга жетет. Кыттын бети жылмакай болуп, сырткы таасир азаят.

ГЛО́РИЯ СПЕ́ЦИАЛЬ — глория специаль. Бат эрүүчү металлдардын куймаларын куюуда форма берүүчү масса, негизин кварц жана катуу гипс түзөт. 1000°Ста эрийт. Чехияда чыгарылат.

ГЛОССА́ЛГИЯ или ГЛОССО́ДИНИЯ (СТОМА́ЛГИЯ) — глоссалгия же глоссодиния (стомалгия). Тилдин, ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын ачышып, сайгылашып оорушу. Бул оору нерв жана ашказан оорусуна байланыштуу. Стоматология жактан себепкер болуп беттин төмөнкү бөлүгүнүн кыскаруусу эсептелет. Оорукчал киши тилинин дуулдап ачышып, күйүп калгандай тызылдап турганын айтат. Тилде, былжыр кабыкчада өзгөрүүлөр байкалбайт.

ГЛОССИ́Т — глоссит. Ар кандай жергиликтүү травмалардын (тиштин, протездин кыры, күйүк ж. б.) таасиринен пайда болуучу тилдин оорусу. Ал катмарлуу, түлөгөн түрдө, бурчтуу, кылдуу болот.

ГЛОССОПТО́З — тилдин тубаса кемтиги. Тил толук өсүп жетилбегендиктен, артка карай саландашы. Бала өскөн сайын тили өсүп, жетилип кетет.

ГЛО́ТКА — алкым. Ооз менен кызыл өңгөч башталган чекке чейин жеткен кобул, көңдөй, тамак жутуучу мүчө.

ГЛУБО́КИЙ ПРИ́КУС — маңдайкы тиштердин терең айкашуусу. Мында астыңкы жаактын маңдайкы тиштери, үстүңкү жаактын маңдайкы тиштеринин таңдай жагындагы былжыр кабыкчасына тийип такалып, оорутат. Үстүнкү жаактын маңдай тиштери ылдыйкы жаактын маңдай тиштерин толук жаап калат. Тиштердин туура катышы боюнча үстүңкү мандай тиштер астыңкы маңдай тиштерди $^1/_4$ге гана жаап турушу керек.

ГНА́ТОДИНАМОМЕТР — гнатодинамометр. Тиштерге түшө турган басымды ченей турган аспап. Бул аспапты алгач 1893-ж. Блек сунуш кылган. Кээ бир булактарда гнатодинамометрди биринчи Габер ойлоп тапкан делет. Булардан башка Тиссенбаум, Курляндский, Конюшко, Перзашкевич, Амираев, Рузуддинов ж. б. жасаган аспаптар бар. Гнатодинамометр механикалык, электрондук, гидравликалык болуп бөлүнөт.

ГНА́ТОСТАТ — гнатостат. Тиштери, жаак сөөктөрү туура эмес өскөндө ортодонтиялык жол менен дарылоодо керектелүүчү аспап.

ГНА́ТОСХИЗИС — гнатосхизис. Ээктин эки ачалуулугу.

ГНУСА́ВОСТЬ — ич маңка. Адамдын кеңилжээринин анатомиялык түзүлүшүнүн бузулушунан келип чыккан абал. Ошондой эле тилдин кыскалыгы, узартыш үчүн тилдин чектөөчүсүн кесүү (френулотомия), чоңоюп кеткен тамак-мурун бездерин кесип алып таштоо (аденоэктомия) маңкалыкты жоёт.

ГОНОКО́ККОВЫЙ СТОМАТИ́Т — гонококктуу оозул. Көбүнчө жаңы төрөлгөн балдарда кездешет, алар оорукчан энесинен жуктуруп алат. Улгайгандарда, гомосексуалисттерде болот.

ГО́ССИЛ, СИ́ЛЭП — госсил, силэп. Катуу пластмассадан жасалган кийме протезге экинчи кабат кылып жабыштырылуучу силикондуу жумшак пластмассалар.

ГРАНУЛЕ́МА НА ВЕРХУ́ШКЕ КО́РНЯ — тиштин тамырынын учундагы түйүн. Тиштин оорусун өз убактысында дарылабай, кечиктирип, кариес кобулу ачык калып, сырттан ар кандай тамактын калдыктары кирип, тиштин тамырынын учунда көлөмү 5–6 мм жеткен баштыкча пайда болот. Ичи ириң-канга толуп, оорутуп, кыйнайт.

ГРАТ — грат. Металл буюмдарды чарыкка тарткандан кийин калган кыпындар.

ГРЕ́БЕНЬ АЛЬВЕОЛЯ́РНЫЙ — альвеоланын кыры. Тиштери жок жаак сөөгүнүн мурда тиштерди кармап турган альвеола учу, анын кыры курч, томпок жана жалпак болот.

ГРЕ́БЕНЬ АЛЬВЕОЛЯ́РНЫЙ БОЛТА́ЮЩИЕСЯ — альвеоланын кыймылдак кыры. Ылдыйкы жаактын азуу тиштери жулунгандан кийин, жаак сөөгүнүн кыры бат жоюлуп кетет, үстүнөн жаап турган былжыр кабыкча жоюлуп жетишпейт да, ашыкча болуп калат. Бул көрүнүш азуу тиштери бошоп түшкөндөрдө кезигет. Кол менен кармалап көргөндө кыймылдап турат. Кийме тиш жасоо үчүн калып алганда кабатталып калып, аны кийгенде оорутат.

ГРЯЗЕЛЕЧЕ́НИЕ — баткак менен дарылоо. Дарылык касиетке ээ болгон баткактардын бир топ түрлөрү бар. Аларды жаак сөөгүнүн узакка созулган кулгуна, тиштердин пародонтит деген ооруларын дарылоо үчүн колдонушат.

ГУБА́ — эрин. Үч бөлүктөн турат: 1-тери бөлүгү. Анын түзүлүшү теридей, кылдары, тер жана май бездери бар. 2-эрин кыягы. Ал сырткы жана ички бөлүктөн турат, кылдары, тер жана май бездери жок. 3-былжыр бөлүгү. Ал катмарлуу чордонбоочу эпителийден турат, шилекей бездери бар былжыр кабыкча менен капталган.

ГУБА́ ДВОЙНА́Я — кабатталган эрин. Жогорку эриндин тубаса өзгөрүлүшү. Мында жогорку эриндин былжыр бездеринин чоңоюп, былжырлуу кабыкчанын алдындагы майдын өсүүсү жогорку эриндин катарына дагы бир эрин пайда кылат. Сүйлөгөндө, күлгөндө тиштерге тийип, урунуп турат. Бул көбүнчө эркектерде кезигет да, кош эрин болуп, косметикалык кемчиликке алып келет.

ГУБА́ ЗАЯ́ЧЬЯ — жырык эрин (нышан). Баланын үстүңкү эринин тубаса кемтиги, жырыгы.

ГУТТА́КОНДЕНСОР — гуттакондесор. Тиштин тамырынын каналын гуттаперча менен кыттоочу аспап.

ГУТТАПЕ́РЧЕВЫЕ ШТИ́ФТЫ — гуттаперчадан жасалган шиштер. Тиштин каналын дарылаганда, каналга орнотулуучу шиштер.

Д

ДАВЛЕ́НИЕ ЖЕВА́ТЕЛЬНОЕ — чайноо басымы. Тамакты майдалап чайноо үчүн булчундар менен белгилүү бир күч, басым жумшоо.

ДА́ЙРКЕТ СЕМ — дайркет сем. Ооздон алынбоочу жасалма тишти туруктуу бекитүүчү жабышкактыгы жакшы цемент.

ДАРСОНВАЛИЗА́ЦИЯ — дарсонвализация. Электр тогунун жогорку жыштыктагы күчүн басайтуу менен алынган абалын физиотерапиялык дарылоо ыкмасында колдонуу.

ДЕ́ВИТ-АРС — девит-арс. Тиштин өзөгүн жансыздандырууда колдонулуучу курамында мышьягы бар паста. Россияда чыгарылат.

ДЕВИТАЛИЗА́ЦИЯ — девитализация. Тиштин өзөгүн жансыздандыруу үчүн мышьяктуу жана мышьягы жок параформальдегид пасталарды колдонуу.

ДЕГЕНЕРА́ЦИЯ — дегенерация. Ар кандай зыяндуу таасирлердин натыйжасында клеткалардын калыбына келбес болуп өзгөрүүсү.

ДЕГУВЕ́СТ СОФТ, ДЕГУВЕ́СТ Н10 — дегувест софт, дегувест Н10. Асыл металлдардын куймаларын куюуда форма берүүчү массалар. Германияда чыгарылат.

ДЕГУФЛЕ́КС — дегуфлекс. Тиштердин калыбын алууда колдонулуучу силикон массасы. Германияда чыгарылат.

ДЕЗИНФЕ́КЦИЯ — дезинфекция. Ooру козгоочу микробдорду атайын дарылар аркылуу жок кылуу.

ДЕЗОДОРА́ЦИЯ — дезодорация. Оoздогу жагымсыз жыттарды жок кылуу. Ооздун ичинде, тиштердин кычыктарында тамактын калдыктарындагы микробдордун көбөйүшүнөн ооздо жагымсыз жыт пайда болот. Аны жоготуу үчүн тиш пастасына, күкүмүнө, сагызга ар түрдүү дарыларды, жыт жоготуучу заттарды кошушат.

ДЕЗОККЛЮ́ЗИЯ — дезокклюзия. Тиштердин кыркасынын тиштөө, чайноо беттерин бири-биринен ажыратуу, алыстатуу. Ал үчүн тиштердин тийишүү бетине кайсы бир аспаптарды тиштердин патологиялык жоюлушунда, тиштердин кыркасында кемтик пайда болуп, өзгөрүү болгондо коюу керек.

ДЕКАЛЬЦИФИКА́ЦИЯ — декальцификация. Денедеги кальций элементинин азайышынын сөөктө, тиштерде байкалышы.

ДЕКОМПЕНСА́ЦИЯ — декомпенсация. Өз кызматын аткара албай калуунун анатомиялык жана физиологиялык шарттары. Мисалы, тиштер соо кезинде алар өз милдетин аткара алышат, тиштин бүйлөсү качып, сөөгү жоюла башташа аткаруу кызматы начарлай берет, тиштердин тамыры

ачылып, тиштер өтө кыймылдап, бошоп калса, алар кызматын аткара албай калып, декомпенсация абалына келет.

ДЕКУБИТА́ЛЬНАЯ Я́ЗВА — ооздогу жара. Туура эмес жасалган тиш протездеринен, ортодонтиялык аппараттардан, курч кырдуу тиштерден пайда болуучу жара. Эгерде аппарат-аспаптар туура жасалган болсо, мындай жара болбойт. Жаранын өнөкөт түргө өтүшү, орой айтканда, рак оорусуна алып келет. Ошондуктан өнөкөт дүүлүктүргүчтөр ооз ичинде болбоо керек.

ДЕМАРКА́ЦИЯ — демаркация. Гангрена, некроз болгондо өлүү ткань менен тирүү тканды бөлүп турган чек.

ДЕМИНЕРАЛИЗА́ЦИЯ — минералсыздануу. Денедеги зат алмашуу процессинин бузулушунун (кант оорусу, зат алмашуунун бузулушу ж. б.) натыйжасында минералдык элементтер организмден заара, заң менен чыгып кетет да, ар кандай оорулар пайда болот. Тиштер бат чирип (кариес), бузулат, пародонт ооруга чалдыгат.

ДЕНС НО́БИЛИС — денс нобилис. Пластмассадан жасалган, жешилүүгө туруктуу жасалма тиштер. Мандайкы тиштер үчүн 29 түрдүү, азуу тиштер үчүн 18 түрдүү чыгарылат. АКШда чыгарылат.

ДЕ́НТА — дента. Стоматологиялык кызмат көрсөтүүдө пациенттин кийимин булгап койбоо үчүн көп жолу колдонулуучу жапкыч, бир жолу колдонулуучусу СИМПЛЕКС деп аталат. Германияда чыгарылат.

ДЕНТАКО́Л — дентакол. Силикат жана фосфат массаларынан турган, көп жолу иштелүүчү, отко чыдамдуу моделдерди алуу үчүн колдонулуучу гидроколлоиддик агардан турган масса.

ДЕНТАЛО́Н ПЛЮС — денталон плюс. Убактылуу жасалма коронка жасоодо колдонулуучу пластмасса. Клиникада иштелет, ал эми ушул эле максатта, бирок лабораторияда иштелүүчү ПАЛАВИТ-55 VS пластмассасы бар. Японияда чыгарылат.

ДЕНТАФИ́КС — дентафикс. Стоматологиядагы чекиттик электр ширеткич, ширетүү убактысы 0,1–1,0 секундга созулушу мүмкүн. Токтун күчү 10 эсеге азаят.

ДЕНТАФО́ЛЬ — дентафоль. Тиштери жок жаактардан кийме протез жасоо үчүн ысытып, жумшартып калып ала турган масса. Негизин жаратылышта кезигүүчү чайырлар жана синтетикалык заттар түзөт (карагай чайыры, стеарин, глицериндүү канифоль эфири, этилцеллюлоза, алюминий уну, тальк жана ар кандай жумшартуучу заттар).

ДЕНТИ́КЛЬ — дентикль. Тиштин өзөгүндө пайда болгон катуулугу дентиндей зат. Эгерде дентикль чоңоюп кетсе, анда өзөктү кысып, тишти оорутушу мүмкүн.

ДЕНТИ́МЕТР, БИНДРА́Т — дентиметр, биндрат. Ричмонд конструкциясындагы шиштүү тишти жасоодо тиштин молтогунун айланасын ченей турган ичке жез зым.

ДЕНТИ́Н — дентин. Тиштин негизин түзүүчү зат. Дентинди тиштин коронка бөлүгүндө эмаль, тамыр бөлүгүндө цемент каптап турат, ал сөөккө окшош келет. Курамында 70% органикалык эмес заттар, 28% органикалык заттар жана 2% башка туздар бар. Дентин көп сандаган каналчалардан турат, алар пульпага жакын жагында 1 мм^2 15000, тереңинде, эмалга жакын жагында 75000ге чейин жетет.

ДЕНТИ́Н ДЛЯ ПОВЯ́ЗОК — карматуучу дентин. Тиштердин кариесин дарылаганда тиштин чуңкурчасында дарыларды токтотуп турат жана убактылуу кыт койгондо колдонулат. Дентинди сууга аралаштырып, дарынын үстүнөн жаап коёт. Туруктуу тиш протезин убактылуу бекитүү үчүн сууга аралаштырып, коронканын ичине дентин боткосун салып тишке бекитет. Өзү цинк кычкылынан жана ак топурактан (каолин) турат.

ДЕНТИ́Н ПА́СТА — дентин пастасы. Карматуучу дентинден айырмасы, ошол эле күкүмдү өрүк, шабдалы, калемпир майлары жана эвгенол менен аралаштырып коюшат. Бул деле тиштин чуңкуруна коюлган дарыларды жаап турат, убактылуу кыт боло алат жана цемент кыттын түбүнө төшөнчү катары колдонулат.

ДЕНТИПЛА́СТ — дентипласт. Тиштери жок жаактардан калып алыш үчүн ченкептин кырына жабыштырып, ар түрдүү кыймыл-аракет жасатып, чекти тактоо үчүн колдонулат. Чехияда чыгарылат.

ДЕОНТОЛО́ГИЯ — деонтология. Медицина кызматкерлеринин жүрүш-турушу жана пациентке жасаган адистик, юридикалык жана моралдык мамилеси, этикасы.

ДЕПУРА́Л — депурал. Тиштерди жалтыратуу үчүн колдонулуучу паста. Россияда чыгарылат.

ДЕРИПЛА́СТ — дерипласт. Эки пастадан турган, маңдайкы тиштерди кыттоодо колдонулуучу масса, тиштин өңүнө жараша тандап алып, тишти кыттап койсо, билинбей калат. Австрияда чыгарылат.

ДЕРМАТО́З — дерматоз. Тилге, эриндин кыюусуна, ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчага чыга турган оору. Алар: лейкоплакия (тилге жана ууртка чыга турган ак тактар), кызыл жалпак темир өткү (красный плоский лишай), кызыл чакалай (красная волчанка), бөрү жатыш (крапивница).

ДЕСЕНСИБИЛИЗА́ЦИЯ — сезимталдыкты жоюу. Организмге кирген аллергендерге жараша аллергиялык реакциянын пайда болушун, сенсибилизацияны (өтө сезгичтикти) ар кандай жолдор менен басуу, организмдин нормалдуу реактивдүүлүгүн калыбына келтирүү, башкача айтканда, аллергендерге туруштук берүү.

ДЕСКВАМА́ЦИЯ — түлөө. Эпителий клеткаларынын кабырчыктанып түлөшү. Эпителийдин, теринин физиологиялык жана патологиялык түлөө түрлөрү бар. Бала төрөлгөндөн 1–2 күн өткөндөн кийин терисинин түлөп түшүүсү физиологиялык болуп эсептелет. Ооз көңдөйүнүн, эриндин же дененин башка жерлеринин түлөшү патологиялык түлөө.

ДЕСНА́ — тиштин бүйлөсү. Үстүнкү жана астыңкы жаактын альвеола чорчогун, тиштин моюнчасын каптап туруучу былжыр кабыкча.

ДЕСНА́ ПРИКРЕПЛЕ́ННАЯ — бекилген бүйлө. Сөөктүн чел кабыгына тыгыз, катуу жабышып турган бөлүгү. Аны тиштин кыймылдабай турган бүйлөсү деп аташат.

ДЕСНА́ СВОБО́ДНАЯ — тиштин бош бүйлөсү. Тиштин бүйлөсүнүн тишке тийип турган кыры, бирок ал тишке жабышпайт. Тиш менен тиштин этинин кырынын ортосунда 1–2 мм тереңдикте жылчык болот, бош бүйлө ошол жылчыктан жогору жайгашат.

ДЁСНЕВА́Я ЖИДКОСТЬ — бүйлөнүн суюктугу. Курамында альбумин, глобулин, ферменттери бар кандын сөлүнө (сывороткага) окшош суюктук.

ДЕСТРУКТИ́ВНЫЙ ПРОЦЕ́СС — бузулуу процесси. Ткандардын жана клеткалардын бузулушу, бүтүн органдын бузулушу дегенди түшүндүрөт, мисалы, жаак сөөктүн альвеола бөлүгүнүн жоюлушу.

ДЕТАЗИ́Л — детазил. Бул массанын жардамы менен тиштердин калыбын алганда бир нече модель куюп алууга мүмкүнчүлүк болот. Германияда чыгарылат.

ДЕТАТРИ́Н — детатрин. Тиштердин таштарын алгандан кийин тиштердин бетин ушул паста менен жылмакайлайт. Жылтыратып жана фтор менен жууш үчүн ДЕТЕТРИН ФЛОУРЕ пастасы менен иштешет. Булар Францияда чыгарылат.

ДЕФЕ́КТЫ ЗУБНЫ́Х РЯДО́В — тиштердин катарларынын кемтиктери. Ар кандай себептер менен (кариес, пульпит, периодонтит, пародонтоз, урунуу ж. б.) тиштерди жулууга туура келет. Тиштердин катарынан 1 тиш жулунса да, 15 тиш жулунса да, тиштердин катарынын кемтиги деп аталат. Тиштердин кемтиги жөнүндө айтылганда ар бир жаакты өзүнчө түшүнүп айтуу керек.

ДЕФЕ́КТЫ КОРО́НОК ЗУБО́В — тиштин коронкасынын кемтиктери. Тиштин чиришинен, урунуп-согулуудан, тиштин эмаль катмарынын жетилбей калганынан (гипоплазия) жана дарынын таасиринен тиштин коронка бөлүгүнүн өңүнүн, формасынын өзгөрүп, нормалдуу болбой калышы.

ДЕФЕ́КТЫ НЁБА — таңдайдын жырыгы, кемтиги (нышаны). Бул оору тубаса жана туулгандан кийин ар кандай себептер менен (ок тийгенден, механикалык травмадан, шишиктерге операция жасагандан) пайда болот. Тубаса жырык менен кийин пайда болгон жырыктын айырмасы, тубаса жырыкта кемтик так ортодо болуп, четтери тегиз, жылмакай болот. Ал эми кийин пайда болгон жырык таңдайдын туш келген жеринде жайгашып, четтери бодур-бүдүр берчтенген болот.

ДЕФОРМА́ЦИЯ — бузулуу. Тиштерди жулгандан кийин дароо жасалма тиш салбаса, тиштердин катары бузулат, тиш жулунган жерди чектеп турган тиштер кыйшаят же болбосо тиштер жулунган жерге карай үстүңкү жана астыңкы тиштер өсүп кетет.

ДЖЕ́ЛТРЕЙТ, ДЖЕ́ЛТРЕЙТ ПЛЮС — джелтрейт, джелтрейт плюс. Альгинат массасынын тобуна кирүүчү, тиштердин калыбын алуу үчүн ийкемдүү масса. Күкүмдү сууга аралаштырат. АКШда чыгарылат.

ДЖЕ́КСОНА КЛА́ММЕР — Жексон илмеги. Доголуу тиш протезинде колдонулуучу арта салма илмек.

ДИА́ГНОЗ — дарттын аты. Ооруган кишинин ал-ахвалын, кандай ооруга кабылганын алды менен карап, сурап, кармалап, тыңшап, текшерип көрүп, анын чыгарылган медициналык тыянак менен заманбап түшүнүктө аныкталган оорунун аты.

ДИАГНОСТИ́ЧЕСКИЕ МОДЕ́ЛИ — диагностикалык моделдер. Гипстен куюлган жаактар, булар ортодонтиялык же ортопедиялык дарылоо башталганга чейин алынып, диагнозду толук аныктоо үчүн колдонулат.

ДИАГРА́ММА ХАУЛЕ́Я-ГЕ́РБСТА — Хаулей-Гербст диаграммасы. Бул диаграмманын жардамы менен үстүңкү жаактын туурасынан өсүш деңгээлин аныктоого болот.

ДИАЛО́Г — диалог. Жарык менен катуучу тиштердин бетин жабуу үчүн шприцтеги пастага окшош бир компоненттүү масса, 8 түстүү. Германияда чыгарылат.

ДИАСТЕ́МА — диастема. Чоң кашка тиштердин ортосундагы аралык, ал тубаса жана кийин пайда болот. Тукум куучулук касиетке ээ.

ДИАТЕ́З ГЕМОРРАГИ́ЧЕСКИЙ — геморрагиялык диатез. Жалпы түшүнүк, өзгөчөлүгү, урунуп-согулуудан же өзүнчө эле кандын агышы.

ДИАТЕРМИ́Я — диатермия. Атайын аппарат аркылуу алынуучу жогорку жыштыктагы, чоң күчү бар электр тогунун жардамы менен ткандарды ысытып дарылоо.

ДИВЕРГЕ́НЦИЯ — дивергенция. Тиштердин катарындагы кемтикти чектеп турган тиштердин кемтиктен четке карай кыйшаюусу.

ДИЕ́ТЫ ПРОФИЛАКТИ́ЧЕСКИЕ В СТОМАТОЛО́ГИИ — стоматологиядагы алдын ала мүнөздөп тамактануу. Келечекте бала жакшы өссүн, тиштери жакшы болсун үчүн ал төрөлө электе эне убактысы менен жакшы, сапаттуу тамактануу керек. Керектүү витаминдер, микроэлементтер энеге, балага сиңип туруу үчүн жашылча-жемиштерди жеп, күндүн нурунда, таза абада болуу керек.

ДИЗАРТРИ́Я — чулдур. Сүйлөөнүн бузулуусу, кээ бир сөздөрдү, муундарды, тамгаларды айта албай токтоп, балдырап айтуу.

ДИКА́ИН — дикаин. Тийген жеринин нерв учтарынын сезгичтигин жоготуучу, ооруну сездирбөөчү зат. Стоматологияда тиштердин ташын алууда, кариес, пульпит ооруларын дарылаганда жана оозулду оорутпагандай кыла турган дары.

ДИОКСИВИ́СФАТ — диоксивисфат. Ооздон алынбоочу тиш протездерин тиштерге жабыштыруучу күкүм жана суюктуктан турган, фосфат-цементтин ордуна чыгарылган препарат. Фосфат-цементтен айырмасы күмүштүн тузунун ордуна бактерияны өлтүрүүчү диоксидин кошулган. Күмүштүн тузу тиштин өңүн өзгөртөт.

ДИСБАКТЕРИО́ЗЫ — дисбактериоздор. Денедеги микрофлоранын санынын ыксыз бузулушу. Себептери: рентген нурларынын терс таасири, бир эле дарыны чексиз көп ичүү (тетрациклин ж. б.), туура эмес тамактануу жана инфекциялык оорулар.

ДИСБИО́З, БИОЦЕНО́З, МИКРОБИОЦЕНО́З — дисбиоз, биоценоз, микробиоценоз. Ооз көңдөйүндө ар кандай бузулуулар (патология) болгондо бактериялардын, вирустардын, грибоктордун, дрожжи, спирохета, трепанема, таякчалар жана башка микроорганизмдердин көбөйүп кетиши.

ДИСПАНСЕРИЗА́ЦИЯ — диспансеризация. Өнөкөт оорулууларды эсепке алып, мезгил-мезгили менен аларды чакырып, көрүп, зарыл болгон кошумча дарылоону жүргүзүп туруу. Стоматологияда көбүнчө тиштердин пародонтунун сезгенүүсүнөн жабыркагандар диспансердик эсепке алынып, жылына 2 жолу чакырылып, керек болгон дарылоо жүргүзүлөт.

ДИСПЛАЗИ́Я КА́ПДЕПОНА — Капдепон дисплазиясы. Биринчи жолу Капдепон сыпаттап жазган. Тиштин коронкасынын эмаль катмарларынын жоктугу же дентиндин бетинде арал-арал гана болгондугу менен мүнөздөлгөн оору, дентин катмары катуу болуп, ысык-суукту өткөрбөйт.

ДИСТОПИ́Я — дистопия (ууру тиш). Тиштин чыгышынын аномалиясы. Мында тиш өз ордунан башка жерге же тиштердин катарынын ары же бери жагына чыгат. Кыргызда мындай тишти «ууру тиш» деп коёт.

ДИСТРОФИ́Я — дистрофия. Организмдеги зат алмашуу процессинин бузулушунун натыйжасында клеткаларга жана ткандарга керектүү заттар сан жана сапаты жагынан жетишпегендиктен нормалдуу процесстин бузулушу, арыктоо алсыздык менен коштолот.

ДИСФУ́НКЦИЯ ВИСО́ЧНО-НИЖНЕЧЕЛЮСТНО́ГО СУСТА́ВА — чыкый-астыңкы жаак муунунун кыймыл ишинин бузулушу. Чыкый-жаак муунунун морфологиялык өзгөрүүсү жок эле иштөөсүнүн бузулушу. Бул оору психосоматикалык оорулардын катарына кирет.

ДО́НДЕРСА ПРОСТРА́НСТВО — Дондерс мейкиндиги. Адам оозун жаап кыймылдабай турган мезгилде тил менен катуу жана жумшак таңдайдын ортосундагы мейкиндик, көңдөй.

ДРИЛЬБО́РЫ — дрильборлор. Тиштердин каналын кеңейтүүгө жана жууп тазалоодо колдонулуучу аспап.

ДРОБИ́ТЕЛИ НАГРУ́ЗОК — басымды бөлүүчүлөр. Доголуу тиш протезин жасаганда, тишке таянып-кармап туруучу илмектер колдонулат. Кээ бир убакта таянып турган тиштер бошоп, кыймылдап калганда чайноо басымын кыймылдаган тишке көп түшүрбөй, жаактын былжырлуу кабыкчасына көбүрөөк түшүрүү үчүн жасалат.

ДУГА́ АЛЬВЕОЛЯ́РНАЯ — альвеолалык дого. Альвеолалык жөлөк сөөктүн сырт жагындагы нооча аркылуу өтүүчү дого.

ДУГА́ БАЗАЛЬНА́Я — негизди түзүүчү дого. Үстүнкү жана астыңкы жаактагы тиштердин тамырынын учунун деңгээлинен өтүүчү дого.

ДУГА́ ЗУБНА́Я — тиштердин догосу. Тиштердин катары боюнча алардын кыры жана чайноо бети менен өтүүчү дого.

ДУПЛО́ — көңдөй, кобул. Стоматологияда биз, албетте, тиштин көңдөйүн түшүнөбүз. Көңдөй кариесте пайда болот, эгерде аны кыттап койбосо, ал тереңдеп тиштин өзөгүнө жетет да, пульпит болот, андан ары чирип олтуруп, тиштин учунан өтүп, периодонтит, периостит, остеомиелитке кетет. Тиштин чириген көңдөйүн элибизде «тишти курт жеди» деп коюшат.

ДУРОГА́Л — дурогал. Жарык менен катуучу материал. Коронка жана көпүрөчө тиш протезинин бетин өз тиштердин түсүндөй кылуу үчүн чапталат. Металл куймаларынын бардыгына жакшы жабышат. 16 түстө чыгарылат. Дурогал менен капталган тиш протезинде жарака пайда болсо, аны ооздон чыгарбай туруп эле ЛЮКСОГА́Л деген көк жарык чыгаруучу аппарат менен оңдоп, жамап койсо болот.

Ж

ЖА́БЕРНЫЕ ДУ́ГИ — бакалоордогу дого сымак кемирчек. Ал төмөнкү омурткалууларда жана жогорку омурткалууларда (буга адам дагы кирет) түйүлдүк кезинде болот.

ЖА́РОПОНИЖАЮЩИЕ СРЕ́ДСТВА — дененин ысыганын баса турган заттар. Буга аспирин (ацетилсалицил кислотасы), антипирин, амидопирин, феноцетин, антигриппин ж. б. кирет.

ЖЕВА́НИЕ — чайноо. Жеген тамакты сиңирүү үчүн майдалоо процессинин башталышы, тамак ооздун ичинде майдаланылып, шилекей менен аралашуучу физиологиялык акт.

ЖЕВА́ТЕЛЬНОЕ ДАВЛЕ́НИЕ — чайноо басымы. Чайноо булчуңдары жыйрылганда тишке келтирилген басым.

ЖЕ́ЛЕЗЫ — бездер. Адамдын жашоосу үчүн эң керектүү заттарды иштеп чыгаруучу эпителий клеткаларынан турган органдар, ошондой эле ал денеге керек эмес болгон

заттарды, алмашуу процессинин эң акыркы керексиздерин бөлүп чыгарат.

ЖЕЛОБО́К ДЕСНОВО́Й — тиштин бүйлөсүнүн ноочасы. Бүйлөнүн бош кыры менен тишке бириккен бүйлөнүн ортосундагы тереңдиги 0,5–1,5 мм ге барабар болгон аралык.

ЖЕЛУ́ДОК — аш казан, карын. Тамак сиңирүү аппаратына тиешелүү орган, кызыл өңгөч менен 12 эли ичегинин ортосунда жайгашкан, тамакты чогултуп, аз-аздан сиңирип баштайт.

З

ЗАБОЛЕВА́ЕМОСТЬ — дартка чалдыккандык. Жалпы элдердин же алардын бөлүгүнүн жашына, жынысына, кесибине жана жашаган жерине жараша белгилүү бир оору менен оорушунун эсеби.

ЗАБОЛЕВА́НИЯ НЕ́РВОВ ЧЕ́ЛЮСТНО-ЛИЦЕВО́Й О́БЛАСТИ — бет-жаак аймагындагы нервдердин оорулары. Бет-жаактагы ар кандай оорулар, аларга ар кандай невралгия оорулары кирет. Мисалы, желке нервинин невралгиясы, үчилтик нервинин невралгиясы, тил-алкым нервинин невралгиясы жана бет нервинин сезгенүүсү аттуу оорулар кирет.

ЗАБОЛЕВА́НИЯ ПАРО́ДОНТА — пародонттун оорулары. Аларга папиллит, гингивит, пародонтит, пародонтоз, пародонтолиз, травма, идиопатикалык оорулар жана пародонтомалар кирет.

ЗАВЕ́СА РЕЗИ́НОВАЯ — резина тосмосу. Англиялык дантист С. Барнум ооз ичинде операция жасаганда ал жерге шилекей келтирбөө үчүн «кофердам» сунуш кылган. Аны «рубердам» же резина менен тосуу деп да аташат.

ЗАГИПСО́ВКА МОДЕ́ЛЕЙ В КЮВЕ́ТУ — моделди кюветага гипстөө. Гипстөөнүн 3 жолу бар: 1-түз жолу. Моделди окклюдатордон же артикулятордон бошотуп, негизин кюветага кенен баткыдай кылып кесип даярдайт. Суюк боткодой болуп аралаштырылган гипсти кюветанын негизине толтура куюп, моделди таман жагы менен суюк гипске ор-

нотот, маңдай жана азуу тиштерди сырт жагынан гипс менен 3–4 мм калыңдыкта жаап, шыбайт. Протездин сырткы бети да гипс менен жабылат. Протездин ооз жагы – таңдай, тилдин бети момдуу негизи менен ачык калат. Кюветанын бөлүктөрү оңой ажырасын үчүн четин жантайма жасоо керек. Гипс каткандан кийин анын бетин чектөөчү лак менен сүртөт. Бул үчүн самындын суусун, вазелин майын, тальк-ты колдонсо болот же болбосо кюветаны 15–20 мүнөт суууга салып койсо да болот. Андан кийин кюветанын жогорку бөлүгүн капкаксыз негизине орноштурат да, суюк гипс боткосун куят. Аба туруп калбасын үчүн гипсти куюп жатканда кюветаны силкилдетип турат. Кюветага гипс абасыз толгонуна толук ишенгенден кийин капкагын жаап, ашык гипсти чыгаруу үчүн пресске бастырат. Гипс каткандан кийин, аны идиштеги кайнак суууга салып момду эритет. Кюветаны ачып, анда калган момдун калдыгын кайнак суу менен эритип, жууп кетирип, муздатат жана кургатат. Эми гипстин бетине протездин бети жылмакай болсун үчүн чектөөчү лакты, кагаз желимин, кастор майын сүйкөйт. Бул жол менен тиштери жок жаакка протез жасаганда, сынган протезди жабыштырып оңдогондо иштешет. Эритилип алынган момдун ордуна пластмасса эритиндисин куят. Пластмассанын күкүмү суюктукта текши эрип, жумшак жана идиштин бетине жабышпагандай болушу керек. Эми пластмассаны кюветага салып, кюветанын эки бөлүгүн бириктирип, пресске бастырып, бюгелге (струбцинага) кысып суууга салат. 2-тескери жолу. Мында протез жасалып жаткан модель бир бөлүгүндө, тиштер жана илмектер экинчи бөлүгүндө болуп калат. Тескери жол менен гипстегенде моделди момдогу турган тиштери менен кюветанын жогорку бөлүгүнө өтмө катмарга чейин гипстейт. Гипс каткандан кийин 15–20 мүнөткө суууга салып коюп, анан төмөнкү бөлүгүн жогорку бөлүгүнө кийгизип, суюк гипс боткосу менен толтурат, аба калып калбасын үчүн силкилдетет, капкагын жаап пресске бастырат. Ысык суууга салып, момду эриткенден кийин кюветаны ачканда тиштер илмектер менен кошо

кюветанын төмөн жагына өтүп калат. Момдун калдыктарын кайнак суу менен жууйт, кургатат. Бул жол анча-мынча тиштери бар кийме протез жасаганда колдонулат. 3-курраштыруу жолу. Мында жогоруда айтылган эки жолдун жумушу колдонулат. Протезди кюветанын төмөнкү бөлүгүнө гипстейт. Кийме протезди жасаганда альвеоланын маңдай бөлүгүндөгү жаак сөөгү жоонойгон, чоң болсо, бул жерге жасалма бүйлө коюлбайт да, аны на приточке деп айтат, ал эми азуу тиштерде болсо пластмассадан жасалган жасалма бүйлө болот. Протезди кураштыруу жолу менен гипстегенде маңдайкы тиштер кырына чейин эрин же тил жагынан гипстелет, азуу тиштер ачык бойдон калат. Ушунун натыйжасында азуу тиштер карама-каршы бөлүккө өтүп кетет, маңдай тиштер кюветанын төмөнкү бөлүгүндө калат. Кайсы гана жол менен моделди кюветага гипстебесин, пластмассаны моделге коёрдун алдында жасалма тиштерди, илмектерди мономер менен сүртүп, майдан арылтат. Ошондо алардын пластмассага жабышуусу жакшы болот.

ЗАЕ́ДА — жамажайдын сезгенүүсү. Ооздун жамажайына кээ бир мите, микробдордун таасир тийгизүүсүнөн пайда болгон ооу. Жамажайдын кабаты тереңдеп, кесилип кетет. Себеби тиштери жок же тиштери бар, бирок алар патологиялык жешилүүгө дуушар болгондуктан, беттин ылдыйкы бөлүгүнүн бийиктиги кыскарат да жамажай тереңдеп, дайыма сууланып тургандан улам сезгенүү пайда болот.

ЗАКА́ЛКА — чыңалуу. Металлды жана анын куймасын кызарганча ысытып, тез муздак сууга салганда, ал чыңалат. Эгерде аны акырындап муздатса, ал чыңалбай жумшак болуп калат.

ЗАКО́НЫ БО́НВИЛЯ — Бонвиль мыйзамы. Ал төмөнкүлөрдөн турат: 1-астыңкы жаактын муун башчаларынын жана астыңкы жаактын борбор кескич тиштеринин ортосундагы чекиттин аралыгы 10 см; 2-маңдайкы тиштердин катышынын тереңдиги кичи жана чоң азуулардын дөмпөктөрүнүн бийиктигине жараша; 3-тик прикуста кичи жана чоң азуулардын дөмпөктөрү жокко эсе; 4-маңдай тиш-

тердин терендиги канчалык көп болсо, сагиталдык окклюзиялык кыйшык ошончолук көп билинет.

ЗАКО́НЫ (ПЯТЁРКА) ГАНА́У — Ганау мыйзамы (бештиги). Ал төмөнкүлөрдөн турат: 1 – муун жолунун эңкейишинен; 2 – кашка тиштердин жабуусунан; 3 — сагиттал-дык жана трансверзалдык ийриликтерден; 4 — болжол мейкиндиктин эңкейишинен; 5 — тиштердин дөмпөктөрүнүн бийиктигинен. Кийме тиштерди жасаганда ушул 5 далил бири-бирине байланыштуу болот.

ЗАЩИ́ТА ПРЕПАРИ́РОВАННЫХ ЗУБО́В — өгөлгөн тиштерди коргоо. Тиштерге жасалма коронкаларды жасарда аларды өгөшөт. Өгөгөндөн кийин тиштер температуралык, химиялык, биологиялык дүүлүктүргүчтөргө сезгич болуп калат. Сезгичтикти жоготуу үчүн ал тиштерди лак менен шыбап же убактылуу коронка менен каптап коёт.

ЗЁРНА ТРЕ́ЛЯ — Трель данчалары (бүртүктөрү). Ооз көңдөйүндөгү былжырлуу кабыкчадагы туберкулёздуу жара (кургак учук). Жаранын айланасында майда сары тактар пайда болот. Алгач аны Трель изилдеп, сыпаттап жазган.

ЗЕТАПЛЮ́С — зетаплюс. Металл-керамика, металл-пластмасса ж. б. жасалма коронкаларды, тиштерди жасаганда эки катмарлуу калып алууда колдонулуучу, эки компоненттүү силикон массасы. Италияда чыгарылат.

ЗМЕНТ — змент. Каптама, көпүрөчө протезди убактылуу беките турган цинкоксидэвгенолдук цемент, шилекейге туруштугу бекем. Убактылуу бекилген тиш протездерин кайра чыгарганда оңой чыгат. АКШда чыгарылат.

ЗО́ЛОТО — алтын. Тиштерди салуу ишинде алтындын куймалары нечен кылымдан бери колдонулуп келе жатат. Жаратылышта химиялык таза алтын сары түстө кездешет, салыштырма салмагы 19,32, эрүү температурасы 1063°С, кайноо температурасы 2970°С. Таза алтын жумшак болот, ошондуктан ага жез жана күмүш кошсо катуу, өңү да жагымдуу болуп калат. Алтындын тазалыгына жараша ага белги коюлат. Мисалы, орустардын мурунку белги системасы боюнча таза алтын 96 золотник деген белгиге бара-

бар. Ал эми алыскы чет мамлекеттерде бул 24 каратка барабар. 1927-жылы Совет өлкөсүндө таза алтынга 1000 деген метрикалык белги коюлган. Демек, 1000 белги = 96 золотник = 24 карат. Ошондо 1 карат 1000 : 24 = 41,66 метрикалык белгиге же 96 : 24 = 4 золотникке, 1 золотник 1000 : 96 = 10,4 метрикалык белгиге барабар. Союз мезгилинде 916, 900, 750 белгидеги 10% платина жана 750 белгидеги 8–10% кадмий менен болуучу. 916, 900 белгидеги алтындан коронка, көпүрөчө тиш протездерин жасаса, 750 белгидеги жана 10% платина кошулган куймадан илмектерди, шиштерди, доголуу тиш протезинин каркасын жасашат. 750 белгидегиге 8–10% кадмий кошуп койсо, ал каңдооч болуп калат. Ширетме менен тиш протездеринин ар кандай бөлүктөрүн, мисалы, көпүрөчө протездерди даярдоодо, коронка менен коронканы ширетип шакшак жасоодо колдонулат. Кадмий кошулган алтын төмөнкү ысыктыкта эрийт, кадмий аралашмада калбайт, ал буранын жардамы менен күйүп кетет. Данакерленген жердин алтыны кайра жогорку белгиде болуп калат. Алтындын кошулмалары ооз ичинде дат баспайт, анын зыян, пайдасы жок, башка металлдар (дат баспоочу болот, амальгама, сырты титан нитриди менен капталган дат баспоочу болот) болгондо реакцияга катышышы мүмкүн. Белгиси жок болсо алтындын тазалыгын текшерүү үчүн, хлордуу алтындын суудагы эритиндиси жана азот кислотасы колдонулат. 600-белгиге чейин хлордуу алтын, андан жогорку белгидегисине азот кислотасы колдонулат.

ЗОНД — зонд. Учу түз же бүгүлгөн, учу ийнедей болгон стоматологиялык аспап. Тиштин тамыры менен бүйлөсүнүн ортосунда пайда болгон чөнтөкчөнүнүн тереңдигин, каптаманын, вкладканын кырын, тиштин көңдөйүнүн тереңдигин аныктоо үчүн колдонулат.

ЗОНДИ́РОВАНИЕ — зондоо. Стоматологиялык зонд менен чириген тиштин көңдөйүн изилдөө, ооруган жерин табуу, тиштин каналын чукуу, ошондой эле тиш менен тиштин бүйлөсүнүн ортосундагы чөнтөкчөнүн терeңдегин аныктоо.

ЗО́НЫ БЕЗОПА́СНОСТИ ЗУБО́В — тиштердин коопсуз зонасы. Тиштин өзөгүнө доо кетирбей тиштерди өгөөчү жерлери.

ЗУБНА́Я БЛЯ́ШКА — тиштин кири. Бактериялардан, клетка аралык заттардан, лейкоциттерден, макрофагдардан, эпителий клеткаларынан, шилекейдин компоненттеринен жана тамактын калдыктарынан турган структуралуу жабышкак зат.

ЗУБНА́Я ИМПЛАНТА́ЦИЯ — тиштин имплантациясы. Тиш катарынын аяккы же чектелген кемтигинде кошумча таяныч жасоо. Имплантаттын формасы жана материалы ар кандай болот.

ЗУБНА́Я КИСТА́ — тиш кобулу. Тиштин тамырынын учунда, жаак сөөгүнүн ичинде пайда болгон кобул, көңдөй. Аны рентгенге тартуу менен аныкташат, көлөмү 1 см^{2}ден кем эмес.

ЗУБНО́Й КА́МЕНЬ — тиштин ташы. Тиш таштары жайгашкан ордуна карай тиштин бүйлөсүнүн астында жана үстүндө болуп бөлүнүшөт. Үстүнкү катмары жумшак келет, ал кальций фосфатынан турат. Тиштин ташынын өңү, катуулугу, калыңдыгы шилекейдин курамынан жана оозду убактысы менен жууп жүрбөгөндүктөн болот. Тиштеринде таштары бар адамдар менен сүйлөшкөндө алардын оозунан жагымсыз жыт келип турат.

ЗУБНО́Й ЭЛИКСИ́Р — тиш эликсири. Тиштерди, ооз ичин чайкоо менен дезинфекциялоочу жана жагымдуу сезим пайда кылуучу суюктук. Курамы кандай заттардан турат.

ЗУБНЫ́Е КА́ПЛИ — тиш тамчылары. Курамында ар түрдүү дары-дармек бар, тиш ооруган учурда колдонулуучу эритме.

ЗУБНЫ́Е НИ́ТИ (ФЛО́ССЫ) — тиш жиби. Атайын гигиеналык жана оорулардын алдын алуу үчүн чыгарылуучу синтетикалык жип. Ал тиштердин ортосундагы тыгылып калган тамактын калдыктарын тиштин этин оорутпай алат. Жипти атайын даамдуу, жыттуу кылат. Жиптерди тиш тазалаш үчүн колдонуу жакшы натыйжа берет.

ЗУБНЫ́Е ПРОТЕ́ЗЫ — тиш протездери. Тиштердин катарында кемтик пайда болгондо, же тиштердин бардыгы түшүп калганда, аны калыбына келтирүү үчүн жасалган ар түрдүү жасалма тиштер. Бул түшүнүккө вкладка, шиштүү тиштер, жарым коронка, жасалма коронка, көпүрөчө протез, доголуу протез, пластиналуу протез кирет.

ЗУБОДЕСНЕВО́Й КАРМА́Н — тиш менен тиштин бүйлөсүнүн ортосунда пайда болгон чөнтөкчө. Чөнтөкчө тиш кыймылдап бошоп кеткенде пайда болот. Анын тереңдигин бурчтуу зондду киргизүү менен аныктайт.

ЗУБОЧИ́СТКИ — тиш чукугучтар. Алар катуу жыгачтан же пластмассадан жасалат. Тиштердин ортосундагы тамактын калдыктарын чыгаруу үчүн колдонулат. Тиштери тыгыз жайлашкан кишилер колдонсо анча жакшы эмес, тиштеринин арасы ачык адамдарга жакшы. Тиш чукугучтун жаман жери эки тиштин ортосундагы тыгылып калган этти чукуганда, тиштин этинин бүртүкчөсүн басып, тиштин тамырынын ачылышына себепкер болот.

ЗУ́БЫ — тиштер. Ооз ичинде катар тизилип жайгашкан, эң катуу сөөктөн турган, тамакты майдалап, чайнап, жутууга даярдоочу, ошондой эле тыбыштарды так айтууга катышуучу орган. Жайланышкан ордуна жана аткарган кызматына жараша алар чоң азуулар (акыл азуу да), кичи азуулар, кылкыйма, кичине жана чоң кашка тиштер болуп бөлүнүшөт. Жаш балдардын тиши сүт тиш, ал эми сүт тиштер түшкөндөн кийин чыккан тиш — туруктуу тиш деп аталат. Жаш балдарда тиштердин саны 20, ал эми чоң кишилерде 32 болот.

ЗУ́БЫ БОКОВЫ́Е — каптал тиштер. Үстүнкү жана астыңкы кичи жана чоң азуулар.

ЗУ́БЫ ГЕ́ТЧИНСОНА — Гетчинсон тиши. Бул жогорку кашка тиштердин кескич кырынын жарым ай сыяктуу кетик болуп чыгышы. Бул котон жара (сифилис) менен ооруган энелердин балдарында тубаса болот.

ЗУ́БЫ ДИАТОРИ́ЧЕСКИЕ — тешиктүү тиштер. Түп жагында чуңкурчасы, тишке тийишкен капталында тешикте-

ри бар фарфордон жасалган жасалма тиштер. Кийме тиш протезин жасаганда протездин негизи пластмассадан болот. Фарфор тиштерди пластмассага карматуу үчүн атайын таманына, капталына көңдөй жасалат, көңдөйгө пластмасса кирип калып, фарфор тиш жакшы кармалат. Аларды тешиктүү же түтүктүү деп да айтышат.

ЗУ́БЫ ИМПА́КТНЫЕ — алмашып чыккан тиштер. Туруктуу тиштердин өз ордуна эмес, жанындагы тиштин жолтоосу менен башка жерге чыгышы.

ЗУ́БЫ ИСКУ́ССТВЕННЫЕ — жасалма тиштер. Байыркы замандан бери жасалма тиштерди, колу ар нерсеге эптүү адамдар жасап келген. Аны катуу жыгачтын түрлөрүнөн, мамонттун, пилдин сөөктөрүнөн, тишинен, кийин металлдын кошулмаларынан жасашкан. Азыр алтындан, анан дат баспоочу болоттон, пластмассадан, фарфордон жана металлпластмассадан, металлкерамикадан жасашат. Азыр металлфарфорду металлкерамика деп айтышат.

ЗУ́БЫ КОМБИНИ́РОВАННЫЕ — табияты түрдүү материалдардан кураштырылган жасалма тиштер. Мындай тиштердин көрүнүп турган бети өз тиштердей ак (пластмасса, фарфор, ситалл) болот, чайноо бети жана тандай, тил беттери металлдан болот. Мындай тиштер фасетка деп аталат.

ЗУ́БЫ МУ́ДРОСТИ — акыл азуулар. Бул тиштер 18 жаштан 25 жашка чейин чыгат. Тамак жегенге, тиш протезин карматканга жардам берет.

ЗУ́БЫ ПЕРЕ́ДНИЕ — маңдай тиштер. Алар жогорку жана ылдыйкы жаактардагы борбордук жана кичине кашка тиштер жана кылкыйма тиштер.

ЗУ́БЫ ПЛАСТМА́ССОВЫЕ — пластмассадан жасалган тиштер. Акрил пластмассасынан адамдын тишине окшотуп жасалат, мында көлөмү, формасы, түсү ар түрдүү болот.

ЗУ́БЫ РЕТИНИРОВАННЫЕ — чыкпай калган тиштер. Тиштин түйүлдүгү жаак сөөктө кыйшык жайгашып калгандыгынын натыйжасында, коңшу тиштер жолтоо кылбаса деле жаак сөөктө чыкпай калган тиштер.

ЗУ́БЫ ФАРФО́РОВЫЕ — фарфордон жасалган тиштер. Тиштер маңдайкы жана азуу тиштер болуп бөлүнөт. Маң-

дайкы тиштерде пластмасса же металл менен жакшы карматуу үчүн күмүш-палладийден, алтындан, платинадан жасалган урчук зымдары (крампоны) болот, ал эми азуу тиштерде болсо тешиктер болот. Тешиктерге протездин негизи болгон пластмасса кирип, тишти жакшы кармап турат.

ЗУ́БЫ ШТИФТО́ВЫЕ — шиштүү тиштер. Ооздон алынбай турган тиш протези. Тиштин коронка бөлүгү чирип, сынып жок болгондо, тиштин каналы дарылоочу материал менен толтурулат. 2–3 күн тиш оорубаса, каналды бор машина менен кайра ачып, каналдын тереңдигин ченейт, ал тамырдын узундугунун жарымынан узун, жок дегенде тамырдын узундугунун жарымындай болуу керек. Ошончо тереңдикке шиш киргизилет, шиштин сырткы учун кайырып коёт. Коронка жагын өгөлгөн тиштей кылып пластмассадан жасайт же момдон коронка жагын калыптап, аны металлдан куюшат. Шиштүү тиштерди Ричмонд, Ахмедов, Ильина-Маркосян, Копейкин, Перзашкевич, Амираев сунуш кылышкан. Шиштүү тиштерди бир тамырлуу маңдайкы тиштерге жана көп тамырлуу азуу тиштерге жасоого болот.

И

ИВАКЛА́Р — Иваклар. Тиш жасалуучу ар кандай аспаптарды, материалдарды жана тишти таза күтүү үчүн керектелүүчү заттарды чыгаруучу германиялык фирма.

ИВА́КРИЛ — ивакрил. Кийме тиштерге коюлуучу маңдайкы жана каптал жактагы жасалма тиштер. 9 түстө болот. Москвада чыгарылат.

ИГЛО́ТЕРАПИЯ — ийне менен дарылоо. Дарттын мүнөзүнө жараша белгилүү бир жерлерге ийне сайып дарылоо ыкмасы.

ИДИОПАТИ́ЧЕСКИЙ — пайда болуу себеби белгисиз болгон оорудан азап чегүү. Ушул аталыш пародонттун ооруларынын кайсы бир түрлөрүнө да карата колдонулат.

ИДИОСИ́НКРАЗИЯ — идиосинкразия. Адамдын тамакка, дары-дармекке болгон жогорку сезгичтиги.

ИЗМЕРЕ́НИЕ ЭЛЕКТРИ́ЧЕСКИХ ПОТЕНЦИА́ЛОВ (ИЛИ МИКРОТО́КОВ) В ПО́ЛОСТИ РТА МЕ́ЖДУ МЕТА́ЛЛАМИ, МЕТА́ЛЛАМИ И ДРУГИ́МИ УЧА́СТКАМИ ТЕ́ЛА — ооз ичиндеги металлдардын жана металлдар менен дененин башка жерлеринин ортосунда пайда болгон электр чыңалуусун (же микротокту) ченөө. Ооз ичинде пайда болгон электр чыңалуусун жана токту потенциометр, микроамперметр, милливольтметр деген аспаптар менен ченейт. Норма катары эки көпүрөчө тиш протезинин ортосундагы пайда болгон 50 мВ чыңалуу, 1–3 мкА ток күчү эсептелет. Ошондой эле ушул аппараттар менен тиш жана дененин башка (баш, ээк, төш, оң жана сол колдор, оң жана сол буттар) жерлеринин ортосундагы пайда болгон токту ченөөгө болот.

ИЗОДЕ́НТ — изодент. Гипстин бетин чектөө боюнча катмар жасоодо колдонулуучу суюктук. Чехияда чыгарылат.

ИЗОЛИРУ́ЮЩИЕ МАТЕРИА́ЛЫ — бөлүүчү, ажыратуучу материалдар. Гипс менен пластмассаны бири-биринен чектеп туруучу — материал. Акрил пластмассасынан ар кандай тиш протездерин жасаганда, гипстен жасалган форманын (моделдин) бетине пластмасса жабышпас үчүн кандайдыр бир затты сыйпап коюу керек. Ал пластмассадан жасалып бүткөн тиш протезинин бетине гипсти жабыштырбай, жылмакай кылып чыгарат. Буга кагаз желими, изокол кирет.

ИММЕДИА́Т ПРОТЕ́З — иммедиат протез. Тиштер бошоп, жарабай калган кезде, аларды жулбай туруп калыбын алып, жасалма тишти даярдап, анан тиштерди жулуп, даяр жасалма тиш протезин коюп коюу. Бул учурда оозго кийме жана алынбай турган, дайыма тиштерде тура турган жасалма тиш протезин жасоого болот. Тиш жулунгандан кийин жарым же бир сааттын ичинде адам жасалма тиш менен кете берет.

ИММОБИЛИЗА́ЦИЯ — кыймылдатпай таңуу. Шакшактын жардамы менен сынган жаак сөөктөрүн кыймылдат-

пай таңып байлап коюу, бошоп кеткен тиштерди шакшак менен кыймылдатпай коюу.

ИММУНИТЕ́Т — иммунитет. Оору козгоочу микробдорду организмдин кабыл албоочулугу, микробдорго каршы күрөшүүсүнүн күчтүүлүгү, турушту беруусу.

ИМПЕ́ТИГО — импетиго. Пиодермиянын оорусунун биринчи башталышы стрептококк менен башталып, анан стафилакокк кошулат. Ал балдардын бет терисинде, эрининде пайда болот, өтө жугуштуу оору.

ИМПЛА́НТАТ — имплантат. Тиштин, жаактын, беттин протезине керектелинүүчү жасалма таяныч катары колдонулуучу атайын курал. Кээ бир стоматологдор жана тиш техник лаборанттар «имплант» деп туура эмес айтышат.

ИМПЛАНТА́ЦИЯ В ОРТОПЕДИ́ЧЕСКОЙ СТОМАТОЛО́ГИИ — ортопедиялык стоматологиядагы имплантация. Ооздон алынбоочу тиш протездерин жасоо үчүн тиштери жулунган жаак сөөккө хирургиялык жол менен имплантатты киргизип, бекитип коюу. Бул эки түрдө жасалат, биринчиси жаак сөөк кабыгынын астына, экинчиси жаак сөөктүн мурун тиштер турган альвеола кырынын ортосунан чуңкур жасап, ошол жерге дат баспоочу болоттон, хромокобальттан, алтындын, титандын куймаларынан ар кандай формадагы казыкчаларды бурап коюшат. Казыктын бурама сайы (резьба) бар. Имплантат тоголок жана жалпак пластинка түрүндө болот. Пластинка инплантатты койгондо жаак сөөктүн кырын арыкча кылып оюп орнотот. Андан кийин имплантаттын үстүнө ооздон алынбоочу жасалма тиш жасалат.

ИМПРЕГНА́ЦИЯ — импрегнация. Тиштердин тамырынын каналынын тардыгынан, анын учуна чейин өтө албаган кезде, калып калган тиштин өзөгүн зыянсыз кылып катыруу үчүн резорцин-формалин же күмүштүн кошулмасынын эритмеси каналдан ичине сиңирилет.

ИНГИБИ́ТОР — ингибитор. Химиялык реакцияны, физиологиялык аракетти токтотуучу же кечеңдетүүчү зат.

И́НДЕКС ВОССТАНО́ВЛЕННОСТИ КОРО́НКИ ЗУ́БА (ИВКЗ) — тиш коронкасынын толукталгандык көрсөткүчү (ТКТК). Тиштин коронкасындагы кыттын чоңдугуна жара-

ша коронка жасоо же жасабоо аныкталат. Эгерде кыт тиштин бетин 0,2–0,4ке толуктаса, жасалма коронка жасаштын кереги жок, 0,5 болсо бир аз убакытка коронканы жасабай байкоо керек, кыт тиштин четинде болсо коронка жасоого туура келет, ал эми кыт 0,6–0,9га чейин толуктаса, айрыкча, тиштин кайсы бир капталы жок болсо, анда жасалма коронка менен каптоо керек. Муну У. А. Амираев сунуш кылган.

И́НДЕКС ГИГИЕ́НЫ ФЁДОРОВА И ВОЛО́ДКИНОЙ — Фёдоров менен Володкинанын тазалык көрсөткүчү. Тиштердин тазалыгын аныктоо үчүн Люголь эритмесин (йоддун глицериндеги эритмеси) астыңкы жаактын алты тишинин эринге караган беттерине сыйпайт. Эгерде тиштердин беттери бүтүн бойдон толук боёлсо 5 балл, төрттөн үчү боёлсо 4 балл, тиштердин жарымы боёлсо 3 балл, төрттөн бири боёлсо 2 балл жана тиштер таптаза бойдон калып, эритинди жабышпаса 1 балл. Индекстин формуласы:

$$К_{орт} = \frac{Кn}{П};$$

мында $К_{орт}$ — бардык боёлгон тиштердин орточо көрсөткүчү, Кn — бардык тиштердин көрсөтүчтөрүнүн жыйынтыгы, П — текширилген тиштердин саны. Көрсөтмө боюнча таза тиштердин даражасы 1,0–1,2 болуу керек. Индекс саны канчалык жогору болсо, ооздун ичинин тазалыгы ошончолук төмөн болот.

И́НДЕКС ДИАСТОЛИ́ЧЕСКИЙ (ДС) — дикротикалык тишчелердин теңселүүсүнүн реопародонтограмманын теңселүүсүнүнө болгон катышы.

$$ДС = \frac{h_5}{h_2} \cdot 100\%;$$

мында изилденип жаткан органдан, ткандан кандын агып өтүүсүн көргөзөт, эгерде өзгөрүү (патология) бар болсо, кан агып өтүү азаят же көбөйөт.

И́НДЕКС ДИКРОТИ́ЧЕСКИЙ (ДИ) — инцизуранын теңселүүсүнүн реопародонтограмманын теңселүүсүнө болгон катышы.

$$ДИ = \frac{h_4}{h_2} \cdot 100\%;$$

артериолдордун абалын көргөзөт, өзгөрүү (патология) болгондо кан агып өтүү азаят же көбөйөт. Мисалы, кан тамырлар бошошуп кеткенде (атония) 20–30%, ал эми алар жыйрылганда (спазм) 80–90% болот.

И́НДЕКС ПА́ПИЛЛЯРНО-МА́РГИНАЛЬНО-А́ЛЬВЕОЛЯРНЫЙ (РМА) — тиштин этинин бүртүкчөсү менен кырынын жана жаак сөөгүнүн кырынын уясынын көрсөткүчү. РМА индекси же тиштин этинин сезгенүүсүнүн (гингивит) көрсөткүчү ар бир тиштин айланасындагы тиштин этинин сезгенүү көлөмүн үч баллдык көрсөткүч менен эсепке алат. Тиштин этинин бүртүкчөсүнүн шишимек тартуусу (Р) — 1 балл; тиштин этинин кыры сезгенсе (М) — 2 балл; тиштин этинин тиш уясынын (жаак сөөгүнүн кырынын) шишип кетиши (А) — 3 балл. РМА индексинин көлөмдүк көрсөткүчү төмөнкү формула менен чыгарылат:

$$РМА = \frac{\text{баллдардын жыйынтыгы}}{3 \cdot \text{тиштердин саны}} \cdot 100\%;$$

И́НДЕКС ПАРОДОНТА́ЛЬНЫЙ (РИ) — пародонт көрсөткүчү. Пародонттун ооруларынын таралышын жана жыштыгын аныктоо үчүн 1956-ж. Рассел сунуштаган индекс. Ошондон бери клиникада колдонуп келе жатат. Ал ар бир тишке 0дөн 8 баллга чейин баа берген. 0 болсо сезгенүү жок; 1 — тиштин эти жеңил сезгенген, бирок тишти айланасын толук курчаган эмес; 2 — сезгенүү тиштин айланасын толук курчаган; 6 — сезгенүү күчөп, тиш менен эттин ортосунда чөнтөкчө пайда болгон, тиштин чайноо кызматы мурункудай, тиш өз ордунда; 8 — пародонт ткандары

бузулуп жарабай калгандыктан, чайноо кызматын аткарудан калып, өтө эле шалкылдап бошоп, кыйшайып калган.

$$\text{РИ} = \text{ар бир тишке карата } \frac{\text{баллдардын жыйынтыгы}}{\text{тиштердин саны}};$$

алынган сан РИ индексин көргөзөт. Мисалы 0,1–1,0 — пародонт ооруларынын алгачкы белгисин; 1,5–4,0 — пародонт ткандарынын орточо бузулушун; 4,0–8,0 — пародонт ткандарынын оорусунун оор экендигин көрсөтөт.

И́НДЕКС ПЕРИФЕРИ́ЧЕСКОГО СОПРОТИВЛЕ́НИЯ (ИПС) — чет жактагы кан тамырлардын каршылыгынын көрсөткүчү. ИПС — инцизураны теңселүүсүнүн эң ылдыйкы чекити менен кан тамырдын бат толушунун катышы.

$$\text{ИПС} = \frac{h_4}{h_1} \cdot 100\%.$$

Өзгөрүүлөрдө каршылык чукул көтөрүлөт, нормада 70–80%га барабар.

И́НДЕКС ПО́НА — Пондун көрсөткүчү. Тиштердин катарынын энинин көрсөткүчү, индекси. Оң жак, сол жак кичи азуулардын же чоң азуулардын аралыгын ченеш үчүн төмөнкү формулаларга кайрылуу керек:

$$\frac{\text{мандайкы 4 кашка тиштин энинин суммасы} \cdot 100}{80} = \text{кичи азуулардын аралыгы};$$

$$\frac{\text{мандайкы 4 кашка тиштердин энинин суммасы} \cdot 100}{64} = \text{чоң азуулардын аралыгы}.$$

Орто эсеп менен кичи азуулардын индекси 80ге барабар, ал эми чоң азуу индекси 64. Пондун индексинде эсептөөлөр туура чыгат, ошого карап өзгөрүүлөр канчалык экенин билүүгө болот.

И́НДЕКС РАЗРУШЕ́ННОСТИ ОККЛЮЗИО́ННОЙ ПОВЕ́РХНОСТИ ЗУ́БА (ИРОПЗ) — тиштин чайноо бетинин бузулуу көрсөткүчү (ТЧББК). Бул түшүнүктү В. Ю. Миликвич сунуш кылган. Тиштин чайноо бетинин бузулушу кичине (0,2–0,4) болсо, аны кыттап коюуну, ал эми бузулуу чоң болсо (0,6–0,8) вкладка жасоону сунуш кылган.

И́НДЕКС РЕОГРАФИ́ЧЕСКИЙ (РИ) — реографиялык индекс. Артерия кан тамырындагы агуунун эң чоң көрсөткүчү. Ом менен ченелет.

И́НДЕКС СОСТОЯ́НИЯ РАСТЯЖИ́МОСТИ СОСУДИ́СТОЙ СТЕ́НКИ В ЕДИНИ́ЦУ ВРЕ́МЕНИ (ИРЕС) — мезгилдин бир бирдигинде кан тамырдын бетинин чоюлушунун көрсөткүчү. Бул реографиялык толкундун анакротунун узундугуна болгон катышы.

И́НДЕКС ЭЛАСТИ́ЧНОСТИ (ИЭ) — чоюлуу индекси. Кан тамырга кандын бат (h_1) жана жай (h_3) толушунун катышы.

$$ИЭ = \frac{h_1}{h_3} \cdot 100\%.$$

Бул кан тамырдын жумшактыгын мүнөздөйт, кандайдыр бир бузулуулар (патология) болсо катуулап калат, норма боюнча 80–90%га барабар.

ИНДИВИДУА́ЛЬНАЯ ЛО́ЖКА ПО БОЯ́НОВУ — Боянов боюнча өздүк ченкеп. Боянов өздүк ченкепти патефон пластинкасынан даярдоону сунуш кылган. Пластинка иштөөгө жеңил жана анын жолдорунда калып алуучу масса жакшы кармалат.

ИНИЦИА́ТОРЫ — демилгечилер. Кайсы бир заттардын ажырап, эркин радикалдарга бөлүнүүсүндө пластмассада полимерленүү реакциясы башталат.

ИНКЛЮ́ЗИЯ ЗУ́БА — тиш инклюзиясы. Кандайдыр бир себептер менен тиштердин жаак сөөктүн ичинде калып чык-

пай калышы. Бул көрүнүш көбүнчө тиштердин түйүлдүгүнүн туура эмес (тик эмес) жайгашуусунан, сүт тиштин түшпөй калышынан, жаак сөөк кичине болуп, чыгууга орун жетпей же чыгуучу тиш бир кыры менен жанындагы тишке такалып калуусунан болот.

ИНОРО́ДНЫЕ ТЕЛА́ — жат нерселер. Ок, темир-терсектин сыныгы, жыгач ж. б. нерселер бет-жаак айланасына кирип калып, өзү менен кошо ар кандай инфекцияны киргизип, абсцесс же флегмонанын пайда болушуна себеп болот.

ИНСТРУМЕ́НТЫ ДЛЯ ПРОХОЖДЕ́НИЯ КОРНЕВО́ГО КАНА́ЛА — тамыр каналын өтүү үчүн аспаптар. Бул аспаптарды жалпы жонунан римерлер (K-Reamer) деп атайт. R-Flexoreamer, R-Flexoreamer Golden Medium, K-Reamer Forside деген түрлөрү бар.

ИНСТРУМЕ́НТЫ ДЛЯ РАСШИРЕ́НИЯ КОРНЕВО́ГО КАНА́ЛА — тамыр каналын кеңейтүү үчүн аспаптар. Аларга K-Flexo File, K-Flexo File Golden Medium, Hedstrem File, ProFile, Greater Taper, Pro Taper кирет.

ИНСТРУМЕ́НТЫ ДЛЯ РАСШИРЕ́НИЯ У́СТЬЯ КОРНЕВО́ГО КАНА́ЛА — тамырдын каналынын оозун ачуу үчүн аспаптар. Дрилдин узундугу 15–19 мм болгон иштөөчү бөлүгү тамчы сыяктуу кыска – Gates Gliden, дрилдин иштөөчү бөлүгү узунураак жана катуу – Largo, никель-титандын кошулмасынан учу томпок жасалган бир канча аспап, кесүүчү бети 10 мм — Profile Orifice Shapers.

ИНТА́КТНЫЙ — соо абал. Тиштин өзү жана аны кармап турган ткандардын сопсоо экендигин билгизүү үчүн колдонулуучу термин.

ИНТЕГРА́ЦИЯ КО́СТНАЯ — сөөк интеграциясы. Сөөккө коюлган имплантаттын сөөккө биригиши, бул остеоинтеграция деп да аталат.

ИНТЕГРА́ЦИЯ ФИБРО́ЗНАЯ (ФИБРОИНТЕГРАЦИЯ) — фиброздук интеграция (фиброинтеграция). Сөөктүн ичине орнотулган имплантат менен жаак сөөктүн ортосунда пайда болгон бириктирүүчү талчалар, фиброздук капсула.

ИНТОКСИКА́ЦИЯ ОДОНТОГЕ́ННАЯ — тиш оорудан ууланyу, залалдануу. Тиштин бузулушунан пульпит, периодонтит, тиштин этинин чөнтөкчөсүнүн терендеп, сезгенип, шишип кеткенинен улам интоксикация болот. Тиште пайда болгон ириндер кан аркылуу бүт денеге таралып, ууландырат. Тиштин залалы менен жүрөк, бөйрөк, боор, көз, алкым, муундар оорушу мүмкүн. Мындай учурда адамдар тишинин оорушу менен бирге өзүлөрүн алсыз сезишет, денеси ысыйт, башы ооруйт.

ИНТРАДЕНТА́ЛЬНО — тиштин ичинде деген түшүнүк.

ИНЦИЗИО́Н — инцизион. Үстүнкү жана астыңкы кескич тиштердин ортосуна келүүчү антропометриялык чекит.

ИНФИЛЬТРА́Т — шишик. Оору процессинин натыйжасында организмге клеткалык элементтердин чогулуп жыйылып, суюктуктун толуп калышы.

ИНФИЛЬТРА́ЦИЯ — шишип-көбүү. Кайсы бир жерди жансыздандыруу үчүн дары сиңирүү жана ар түрдүү заттардын денеге киришинен көөп калышы, сезгенүүнүн негизги бир белгиси.

ИНФРАДЕНТА́ЛЕ — инфрадентале. Астыңкы жаактын борбордук кашка тиштеринин моюн деңгээлинде, тиштердин алды жагында альвеоланын жөлөк сөөгүнүн кырына тиешелүү антропометриялык чекит.

ИНФРАОККЛЮ́ЗИЯ — инфраокклюзия. Бир же бир нече тиштердин окклюзиялык мейкиндиктен төмөн түшүп турушу.

ИНЪЕ́КЦИЯ — инъекция. Ийне саюу аркылуу организмге дары жиберүү.

ИОНОСЦЕ́Л — ионосцел. Ооздон алынбоочу тиш протездерин туруктуу бекитүүдө колдонулуучу айнекиономерлүү цемент. Францияда чыгарылат.

ИРРАДИА́ЦИЯ — иррадиация. Дененин бир жериндеги ооруну башка жерден сезүү. Мисалы, кайсы бир тиш ооруса, анын ооруганы бет, жаак, чыкый кулакка чейин берилип, какшатып кыйнайт.

ИРРИГА́ЦИЯ — ирригация. Жараланган, сезгенген жерди батыраак айыктыруу үчүн суюк дарыларды жаранын бетине, арасына себүү же жараны жуу, чайкоо.

ИСКУССТВЕННЫ́Е ЗУ́БЫ — жасалма тиштер. Тиштер жарым жартылай түшүп, тиштердин катарында кемтик пайда болгондо же тиштер толук түшүп калганда жасалма тиштер менен тиштердин катары толукталат. Жасалма тиштерди металлдан (дат баспоочу болот, алтындын куймасы, күмүш-палладий куймасы, платина), пластмассадан, фарфордон, металл-пластмасса, металл-фарфордон жасашат.

ИССЛЕДОВА́НИЯ ИНСТРУМЕНТА́ЛЬНЫЕ И ЛАБОРАТО́РНЫЕ — аспаптар менен жана лабораториялык изилдөөлөр. Аспаптар менен изилдөөдө алдын ала угуу, сүйлөшүү, анан көрүү, сыйпалоо, анан сол колго стоматологиялык күзгү, оң колго зонд же пинцет алып, астыңкы жаактын оң жактагы чоң азуу тиштеринен баштап, катары менен көрүп, сол жактагы азуу тиштерге жетип, анан үстүңкү жаакка көтөрүлүп, азуу тиштерден баштап катары менен көрүп олтуруп оң жактагы азуу тиштер менен бүтүрүү керек. Лабораториялык изилдөөлөргө тиштин тирүүлүгүн билүүчү аппараттар ЭОД-1, ооздун былжыр кабыкчасынын ийкемдүүлүгүн, рентгенография, миотонометрия, гнатодинамометрия, миография, артрография, ар түрдүү материалдан жасалган тиш протездеринин ортосунда пайда болгон токтун күчүн ченөө (гальванометр, потенциометр), тиш жасоочу материалдардын ооз ичине жакпай калышын аныктоо ж. б. изилдөөлөр кирет.

ИСТО́РИЯ БОЛЕ́ЗНИ — оорунун тарыхы. Поликлиникада же ооруканада дарылануучу оорулуулардын оорусунун жүрүшүн байкап, анын абалын баалоочу, аныктоочу медициналык жана юридикалык документ.

К

КАЙМА́ КРА́СНАЯ — эриндин кыюусу. Эриндин ортонку бөлүгү, эриндин кыясы. Ал сырткы жана ички бөлүктөн турат.

КА́ЛВЕЛИСА ПЛАСТИ́НКА — Калвелис пластинкасы. Калвелис сунуш кылган ортодонтиялык аппарат. Муну менен үстүңкү жаактагы алдыга жылып калган кылкыйма тиштерди артка жылдырат. Аппаратта Коффин жана кол сымак серпилмелери бар.

КАЛСИНО́Л — калсинол. Цинкоксидэвгенолдуу цемент, кариес тереңдеп кеткенде тиштин өзөгүнө доо кетирбеш үчүн төшөлчү катары колдонулат, төшөлчүнүн үстүнө пластмасса, амальгама, силикат цемент материалдарынан кыт коюуга болот. АКШда чыгарылат.

КАЛЬМЕЦИ́Н — кальмецин. 50–60% кальций кычкылынын гидратынан, 15–20% цинк кычкылынан, бир аз кан плазмасы менен альбуциддин күкүмүнөн жана карбоксилметилцеллюлоза суюктугунан турган дары. Бул тиш терең оюлуп, чирип кеткенде тиштин пульпасын сактап калуу максатында ж. б. чараларда колдонулат.

КАЛЬЦИ́Н ПА́СТА — кальцин паста. Негизи вазелинглицерин болгон цинк кычкылы, кальций кычкылынын гидратынан турган жумшак масса. Тиштин өзөгү сезгенип баштаганда дентин клеткаларын калыбына келтирип, айыктырууда колдонулат.

КА́МЕНЬ ЗУБНО́Й — тиштин ташы. Тиштин айланасына, бүйлөсүнүн астына жана үстүнө чогулган, курамында кальций элементи бар тиштин таштары, ал шилекейдин туздары жана тамактын калдыгынан турат.

КА́МПЕРОВСКАЯ ПЛО́СКОСТЬ, ЛИ́НИЯ — Кампер мейкиндиги, сызыгы. Бул мейкиндик кулактын упчусунун ортосу менен таноону бириктирип турган сызык. Бардык тиштер түшүп калганда жасалма тиштердин катарын туура түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

КАНА́Л КО́РНЯ ЗУ́БА — тиш тамырынын каналы. Тиштин тамырынын ортосундагы тиштин өзөгү жайгаша турган жер. Тиште канча тамыр болсо, ошончо канал болот, кай бир тиштерде бир тамырда эки канал болот.

КАНДИДО́З — кандидоз. Организмде сырткы жана ички факторлордун таасири менен жана антибиотик дарысын ченемсиз көп ичкен адамдардын денесинде Candida микробунун көбөйүп кетиши менен мүнөздөлгөн оору. Өтүшүнө карата курч жана өнөкөт түрдө болот. Оорунун белгиси жаргактанган, сүзмөдөй ак чекиттер болот да, убакыт өтүшү менен алар биригип, былжыр кабыкчага жайылып, ички органдарга да өтүп кетиши мүмкүн. Эгерде кандидоз ооз ичиндеги былжыр кабыкчада болсо аны кандидоздуу стоматит, тилде — кандидоздуу глоссит, эринде — кандидоздуу хейлит деп аталат.

КАНАЛОНАПОЛНИ́ТЕЛЬ LENTULO — Lentulo канал толтургучу. Иштөөчү бөлүгү 17, 21 мм келген спираль сыяктуу, каналга кыттоочу материалды толтуруу үчүн колдонулуучу аспап.

КАНДИДОМИКО́З — кандидомикоз. Уурттун кычыгынын сезгениши Candida себебинен (ангулярный хейлит).

КАНИНО́Н — канинон. Үстүнкү жана астыңкы кылкыйма тиштердин кырчуучу кырына дал келүүчү антропометриялык чекит.

КАНЦЕРОГЕ́ННЫЕ ВЕЩЕСТВА́ — канцерогендик заттар. Рак оорусун пайда кылуучу заттар. Алар айлана-чөйрөнүн таасиринен жана ички себептерден пайда болот.

КАОЛИ́Н — ак топурак. Фарфор массасынын негизин түзүп, бириктирүүчү, байланыштыруучу катары кызмат кылат.

КА́ППЫ ЛЕЧЕ́БНЫЕ — дарылоочу каппалар. Кыйшык чыккан тиштерди түздөөдө, жаак сөөк сынганда, пластмассадан тиштердин коронкасына убактылуу коюлуучу, шакшак катары колдонулуучу аспап.

КАРА́Т — карат. 1. Жасалма тиштерди жасоодо колдонулуучу фарфор массасы. АКШда чыгарылат. 2. Алтын-

дын куймасынын тазалыгынын бирдиги да карат деп аталат. Таза алтын 24 каратка барабар.

КАРБО́КО — карбоко. Өзүн жакшы көргөзө алган поликарбоксилаттуу цемент. Германияда чыгарылат.

КАРБОПЛА́СТ, КАРБОПЛА́СТ-М — карбопласт, карбопласт-М. Тишсиз жаактарга өздүк ченкеп жасаш үчүн чыгарылган пластмасса, өңү сары. Харьковдо чыгарылат.

КАРБУ́НКУЛ ЛИЦА́ — беттеги чыйкан. Май бездеринин түбүнүн сезгениши. Сезгенүүнүн себеби стафилакокк жана стрептококктордун көбөйүшүнөн болот. Тезирээк дарыланбаса, оору көбөйүп канга өтүп, сепсисти пайда кылат.

КА́РИЕС ЗУ́БА — тиштин чириши. Тишти өз убактысы менен тазалап жүрбөсө, тамактар тыгылып кала берсе, кайсы бир витаминдер, микроэлементтер жетишсиз болсо, тиште чирүү башталат (элде тишти «курт жеди» деп коюшат). Кариес башталгандан чуңкур болгончо кариес тактары, баштапкы кариес, орто жана терең кариес деп аталат.

КА́РИЕС РЕ́ТРОГРАДНЫЙ — ретрограддык кариес. Кариестин тиштин өзөгү жагынан пайда болушу.

КА́РИЕС ФИССУ́РНЫЙ — фиссурадагы кариес. Тиштин фиссурасында пайда болгон патологиялык процесс.

КА́РИЕС ЦИРКУЛЯ́РНЫЙ — моюнчанын тегерегиндеги кариес. Тиштин моюнчасын айландыра пайда болгон патологиялык процесс.

КА́РИЕСРЕЗИСТЕНТНОСТЬ — кариеске резистенттүүлүк. Кариес оорусуна каршы туруктуулук.

КА́РИОСАН — кариосан. Күкүм жана суюктуктан турган цемент, тиштин каналын кыттоодо жана төшөлчү катары колдонулуучу материал. Чехияда чыгарылат.

КАРКА́С БЮ́ГЕЛЬНОГО ПРОТЕ́ЗА — доголуу протездин сынчы (каркасы). Жалаң металлдан турган дого, таянып-кармоочу илмектер же ашык-машыкка окшош жана жасалма тиштерди, негизди кармап туруучу тордон турат, жалаң металлдын кошулмасынан жасалат. Сынч дат баспоочу болоттон, кобальт-хром куймасынан жана алтындын

платина кошулган 7500 белгисинен жасалат. Сынчты ийип, ширетип жана куюп жасоого болот, акыркы убакта жалаң куюу жолу менен жасайт жана ал сапаттуу болот.

КАРКА́С МОСТОВИ́ДНОГО ПРОТЕ́ЗА — көпүрөчө протездин сынчы, негизи. Ал металлдын куймасынан жасалат. Металл коронканын, көпүрөчө протездин негизин түзөт.

КАРМА́Н ПАРОДОНТА́ЛЬНЫЙ — пародонт чөнтөгү. Ар кандай себептерден пародонт бузулуп, ооруганда ар кандай терендиктеги чөнтөкчөлөр пайда болот. Сезгенүүнүн натыйжасында тиштин этин жаак сөөк менен тишке жабыштырып турган байламталары чирип, ажырайт, тиш бошоп, кыймылдап калат.

КАТАРА́ЛЬНОЕ ВОСПАЛЕ́НИЕ — сууланып сезгенүү. Ооздун былжыр кабыкчасынын сезгенүүсү, түлөгөн эпителий клеткаларынын өтө көп бөлүнүүсү менен билинет.

КВАРЦ — кварц. Кремний диоксиди, дүйнөдө эң көп тараган материал. Ал стоматологиялык фарфордун курамын түзөт.

КВИ́НКЕ ОТЁК — Квинке шишимеги. Тил, жумшак таңдай, тамак, эрин, мурун ткандарында кайсы бир аллергиялык себеп же тукум куучулук менен пайда боло турган оору.

КЕЛЛО́ИД — берч. Коллаген жипчелеринен, фибробласттардан турган бириктирүүчү ткандардан түзүлгөн териде жана ооз ичиндеги былжыр кабыкчада дөмпөйүп, күйүктөн, көпкө созулган оорулардан, хирургиялык операциядан кийин пайда болуучу өзгөрүү. Өңү боюнча ал кызгылт, көгүш же ачык күрөң түстүү болот.

КЕРА́МИКА — карапа. Чеберчиликте ар кандай минералдык кошулмаларды, оксиддерди жана органикалык эмес курамаларды кошуп күйгүзүү жолу менен ар кандай буюмдарды жасоочу материал. Стоматологиялык карапага фарфор жана ситаллдар кирет.

КЕРА́МИКА ГИДРООКСИАПАТИ́ТНАЯ — гидроксиапатиттүү карапа. Кальций жана фосфаттын композициясынын физиологиялык катышы, катуулугу, эрибестиги сөөккө жакын. Тиштин имплантатында жаңы тиштерди, жаактын тиши жок кырын өстүрүүдө колдонулат.

КЕРАМИКО́Р — керамикор. Ар кандай металл куймасын куюу үчүн колдонулуучу күкүм жана суюктуктан турган, фосфаттын негизинде жасалган масса. Швейцарияда чыгарылат.

КЕРАМИКСЕПАРА́ТОР — керамиксепаратор. Карапа массаларынын катмарын бөлүү үчүн атайын суюктук. Лихтенштейнде чыгарылат.

КЕРАТО́ЗЫ — кератоздор. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын чордонуп, калыңдап кеткен патологиялык өзгөрүүсү. Мындай өзгөрүүлөр сырткы чөйрөнүн таасиринен жана ичеги-карын, инфекциялык жана шишик ооруларынан кийин болот.

КЕРОМЕ́РЫ — керомерлер. Карапа менен оптималдаштырылган полимер.

КЕТА́К-СЕМ — кетак-сем. Керамика жана металл-керамика тиш протездерин бекитүүдө колдонулат. Мунун түрлөрү бар: КЕТАК-СИЛЬВЕР, КЕТАК-ФИЛ. Германияда чыгарылат.

КИСТА́ — шишик. Органдардын ичинде жайгашкан ичинде суюк заты бар шишик. Тиштин тамырынын учундагы канал аркылуу инфекция өтүүнүн натыйжасында пайда болот.

КИСТОГРАНУЛЁМА — кистогранулёма. Ичи эпителий менен капталган көңдөй, шишик, көлөмү 0,5–1,0 см ге жетет. Ал өнөкөт периодонтит оорусунда көпкө дарыланбай жүргөндө пайда болот. Дарылоо үчүн тиштин тамырынын учун кертип, кистаны кошо алып салуу операциясын жасоо керек.

КЛА́ММЕР — илмек. Илмек, оозго кийме тиш протездерин жасаганда, протезди ооздо жакшы карматуу үчүн атайын илмек жасалат. Алар кармоочу жана таянып кармоочу болуп аткарган кызматы боюнча бөлүнүшөт. Илмектер металлдын кошулмаларынан (алтын, болот) жана пластмассадан жасалып, тиштерге коюлат.

КЛА́ММЕР А́ДАМСА — Адамс илмеги. Тиш коронкасынын мойнуна гана тийип туруучу илмек. Ал ортодонтиялык аппаратты жасаганда колдонулат.

КЛА́ММЕР А́ККЕРА — Аккер илмеги. Өз тишке таянып кармап туруучу илмек. Ней адистер тобу доголуу жасалма тиштер үчүн таянып кармап туруучу 5 түрдүү илмектерди сунуш кылышкан, Аккер илмеги ошолордун биринчиси.

КЛА́ММЕР А́ККЕР-РО́УЧА — Аккер-Роуч илмеги. Доголуу тиш протези үчүн сунуш кылган Ней системасынын үчүнчү илмеги.

КЛА́ММЕР БО́НВИЛЯ — Бонвиль илмеги. Доголуу жасалма тиш жасаганда колдонулуучу илмек. Ал эки эселенген Аккер илмегине окшош.

КЛА́ММЕР ДЖЕ́КСОНА — Джексон илмеги. Доголуу тиш протезинде колдонулуучу илмектин бир түрү.

КЛА́ММЕР КЕ́МЕНИ — Кемени илмеги. Азуу тиштери жок болгон учурда оозго кийме тиш протезин жакшы карматыш үчүн мандайкы тиштерге металлдан илмек коюуга туура келет. Бул илмектер косметикалык жактан жаман көрүнөт, ошондуктан металл илмектин ордуна тиштин түсүнө окшош акрил пластмассасынан тишти жаап турган илмек коюлат. Ал илмек протездин негизинин уландысы болот.

КЛА́ММЕР НЕПРЕРЫ́ВНЫЙ — үзгүлтүксүз илмек. Доголуу жасалма тишти жана бошоп, кыймылдап, шалкылдап калган тиштерди шакшактоодо колдонулуучу үзгүлтүксүз илмек, ал тиштердин тил же таңдай жагынан өтөт. Үзгүлтүксүз илмектин жардамы менен басымды бар тиштерге жүктөп, былжырлуу кабыкчага басымды азыраак түшүрсө болот.

КЛА́ММЕР РЕЙХЕЛЬМА́НА — Рейхельман илмеги. Тиштерге таянып, жасалма тишти кармоочу илмектерге жатат, доголуу тиш протезин жасаганда кичи азууга, кылкыйма тиштерге коюлат.

КЛА́ММЕР РО́УЧА — Роуч илмеги. Доголуу тиш протездери үчүн сунуш кылган Ней системасынын экинчи илмеги. Бул илмектер негизинен кыйшайып турган тиштерге коюлат.

КЛА́ММЕРЫ ОПИРА́ЮЩИЕ — таянуучу илмектер. Доголуу жасалма тиш жасаганда колдонулуучу таянып туруучу илмектер. Таянып турганда чайноо басымы тиш аркылуу кабыл алынат.

КЛА́ММЕРЫ СИСТЕ́МЫ НЕ́Й — Ней системасынын илмектери. 1948-жылы Ней башында турган жамаат: врачтар, металлисттер жана инженерлер чогулуп, таянып кармап туруучу 5 түрдүү илмектерди доголуу тиш протезине колдонуу үчүн иштеп чыгышкан. Алардын биринчиси Аккер, экинчиси Роуч, үчүнчүсү Аккер-Роуч, төртүнчүсү бир таянычтуу айланма, бешинчиси эки таянычтуу айланма илмектер деп аталган.

КЛА́ПАН ЗАМЫКА́ЮЩИЙ — туюктоочу капкак. Кийме тиш протезинин капкагын, кырын чектөө. Туура чектелген протездин астына аба же суюктук кирбей, протездин астында вакуум пайда болуп, ал түшпөй тамакты жакшы чайнайт. Бул терминди В. Ю. Курляндский сунуш кылган.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ БЕЗЗУ́БОЙ ВЕ́РХНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ А. И. ДО́ЙНИКОВА — тиштери жок жогорку жаактын А. И. Дойников классификациясы. Дойников Шредердин үч классына дагы эки класс кошкон: 4-класс тиши жок үстүңкү жаактын мандайкы бөлүгүндө сөөк бар, азуу тиштер турган жерде сөөк жок, 5-класс азуу тиштер турган жерде сөөк бар, мандайкы жакта сөөк жок.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ БЕЗЗУ́БОЙ НИ́ЖНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ КЕ́ЛЛЕРА — тиштери жок астыңкы жаактын Келлер классификациясы. Классификация төрт класстан турат. 1-тиштери толук жулунган жаак сөөгүнүн альвеола кырынын жоюлуусу болор болбос, жаак сөөгүнүн кыры бийик, кийме тиш жасаганда жакшы кармалат, 2-жоюлуу өтө көп болуп, жаак сөөгүнүн кыры жокко эсе, 3-жаак сөөгүнүн кыры мандай жакта бар, азуу жакта жокко эсе, 4-азуу тиштер туруучу жакта жаак сөөгүнүн кыры бар, мандайкы жакта жокко эсе. Мында экинчи жана төртүнчү класстарда протез жакшы кармалбайт.

КЛАССИФИКА́ЦИИ БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕЛЮСТЕ́Й В. Ю. КУРЛЯ́НДСКОГО — тиштери жок жаактардын В. Ю. Курляндский классификациялары. В.Ю. Курляндский тиштери жок үстүңкү жаакка өзүнчө, астыңкы жаакка өзүнчө классификация сунуш кылган. Тиши жок үстүңкү жаак үч класстан

турат: 1-класс – жаак сөөгүнүн кыры өсүк, жоюлуусу жоктой, акыл азуу жайгашкандан ары турган жаак сөөгүнүн дөмпөгү бийик, таңдайдын ортосундагы сөөктүн дөмпөгү жокко эсе, таңдай терең; 2-класс – жоюлуу орто, жаак сөөгүнүн кыры былжыр кабыкчадан жогору көтөрүлүп турат, таңдайдын тереңдиги орточо, ортосундагы дөмпөгү билинип калган; 3-класс – жаак сөөгүнүн кыры жокко эсе, таңдай тегиз жана акыл азуунун ары жагындагы дөмпөгү жокко эсе. Таңдайдын ортосундагы дөмпөк өсүп, оркоюп көтөрүлүп турат. Ал эми тиши жок астыңкы жаак 5 класстан турат: 1-класс – тиши жок жаак сөөктүн кыры өсүк, бийик, жаактын ички жана сырткы бетине бекилүүчү булчуңдар жаак сөөгүнүн кырынан алыс жайгашкан; 2-класс – жаак сөөгүнүн кыры орто өсүктүктө, ичинен жана сыртынан бекилүүчү булчуңдардын деңгээлинде; 3-класс – жаак сөөгүнүн кыры ичинен жана сыртынан бекитилген булчуңдардын деңгээлинен төмөн жайланышат; 4-класс – жаак сөөгүнүн кыры каптал жагынан көп жоюлуп кеткен, маңдай жакта өсүгүрөөк; 5-класс – жаак сөөгүнүн кыры маңдай жакта жок, каптал жагында өсүгүрөөк. Кийме тиш биринчи класста жакшы кармалат, начар кармалганы үчүнчү – бешинчи класстарда.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ БЕЗЗУ́БЫХ ЧЕ́ЛЮСТЕЙ И. М. О́КСМАНА — тиштери жок жаактардын И. М. Оксман классификациясы. Жаактарда тиштер жок болгондо жаак сөөгүнүн кырынын бийиктиги ар кандай болот. Автордун классификациясы боюнча мындай абал 4-класстан турат. Классификациянын өзгөчөлүгү эки (жогорку жана ылдыйкы) жаак тең каралат. 1-класс – жаак сөөктөрү тегиз жакшы өсүк; 2-класс – жаак сөөктөрү тегиз орто өсүк; 3-класс – жаак сөөктөрү тегиз жокко эсе; 4-класс – жаак сөөктөрүнүн өсүктүгү ар кандай. Мында бир эле жаактан 1–2–3-класстарды көрүүгө болот. Автор муну тиштердин ар кандай убакытта жулунушу менен түшүндүрөт.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ БЕЗЗУ́БОЙ ВЕ́РХНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ШРЁДЕРА — тиштери жок жогорку жаактын Шрёдер классификациясы. Тиштери жок жогорку жаактын Шредер

классификациясы үч класстан турат: 1-класс – жаак сөөгүнүн кырынын жоюлушу болор-болбос, демек кийме тиш жакшы кармалат; 2-класста – жаак сөөгү орто жоюлган; 3-класста – жаак сөөгү тегиз, көп жоюлуп, жокко эсе болуп калган, мында кийме тиш өтө начар кармалат.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА У. А. АМИРА́ЕВА — тиштердин катарынын кемтигинин У. А. Амираев классификациясы. Бул классификация 5-класстан турат, ар бир класста экиден кошумча (же камтылган) класстары бар.

1-класс — тиштердин катарынын чектелген кемтиги:

а) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлбөгөн;

б) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлгөн.

2-класс — тиштердин катарынын чектелбеген кемтиги:

а) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлбөгөн;

б) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлгөн.

3-класс — тиштердин катарынын аралаш кемтиги:

а) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлбөгөн;

б) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлгөн.

4-класс — тиштердин пародонтунун оорусунда тиштердин катарынын ар кандай кемтиги:

а) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлбөгөн;

б) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлгөн.

5-класс — тиштердин катуу тканынын оорусунда тиштердин катарынын ар кандай кемтиги:

а) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлбөгөн;

б) тиштердин катарынын катышы өзгөрүлгөн.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА А. И. БЕТЕ́ЛЬМАНА — тиштердин катарынын кемтигинин А. И. Бетельман классификациясы. Автор тиштердин катарынын бардык кемтиктерин эки класска бөлгөн. Биринчи класс боюнча тиштердин катарында бир же бир нече кемтик болот жана алар эки топко бөлүнөт. Биринчи топко тиштердин катарынын бир тараптуу кемтиги кирет, ал акыркы тиш менен чектелип турат. Экинчи топко жаактын эки жагын-

дагы кемтиктер кирет, анын бир жагы өз тиш менен чектелип турат. Экинчи класска бир же бир нече кемтиктери бар жаактар кирет. Бул класс деле эки топтон турат: биринчи топко тиштердин катарында бир же бир нече кемтиктери бар тиштердин катары кирет, бул жердеги кемтиктерде үчтөн ашык эмес тиштер жулунган болушу керек. Экинчи топко тиштердин катарында бир же бир нече кемтиктер болуп, аларда жулунган тиштер үчтөн ашык болот.

КЛАССИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА Е. И. ГАВРИ́ЛОВА — тиштердин катарынын кемтигинин Е. И. Гаврилов классификациясы. Ал төмөнкүлөрдөн турат: 1) бир жактуу каптал жактагы чектелбеген кемтик; 2) эки жактуу каптал жактагы чектелбеген кемтик; 3) бир жактуу каптал жактагы чектелген кемтик; 4) эки жактуу каптал жактагы чектелген кемтик, 5) маңдайдагы чектелген кемтик; 6) аралаш (бир жагы чектелген, бир жагы чектелбеген) кемтик; 7) жаакта бир гана тиш калган кемтик. Бул классификацияны оңойлотуу үчүн; 4 класс кылып айтса да болот: 1) бир же эки жактуу чектелбеген кемтик; 2) чектелген кемтиктер; 3) аралаш кемтиктер; 4) жаакта бир гана тиш калган кемтик.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА А. Л. ГРОЗО́ВСКОГО — тиштердин катарынын кемтигинин А. Л. Грозовский классификациясы. Ал үч негизги класстан турат, жасалма тишти ошолорго ылайыктап жасашат. 1-класска – маңдай тиштердеги кемтиктер кирет. Автор аларды эки топко бөлгөн: биринчи топко маңдай тиштердин аймагында жок дегенде бир тиш болуу керек; экинчи топко маңдай тиштердин аймагында бир дагы тиш жок болот. 2-класска – азуу тиштердин аймагындагы кемтиктер (бир жактуу, эки жактуу). Автор бул классты үч топко бөлгөн. Биринчи топто кемтикти чектеп турган акыркы тиштери бар; экинчи топто кемтикти чектеп турган акыркы тиштери жок; үчүнчү топто бир жагы өзүнүн акыркы тиши менен чектелет, экинчи жагында чектеген тиш болбойт. 3-класста – кемтик маңдай жана азуу тиштердин аймагында жайгашат.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА КЕ́ННЕДИ — тиштердин катарынын кемтигинин Кеннеди классификациясы. Төрт класстан турат. 1-класс – эки жактагы азуу тиштердин жоктугу; 2-класс – бир жактагы азуу тиштердин жоктугу; 3-класс – азуу тиштердин чектелген кемтиги; 4-класс – мандай тиштердин жоктугу. Бул классификациянын башкалардан өзгөчөлүгү 1–,2–,3-класстарда кошумча дагы камтылган төрттөн класстары бар.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА Л. М. ПЕРЗАШКЕ́ВИЧА — тиштердин катарынын кемтигинин Л. М. Перзашкевич классификациясы. Классификация эки класстан турат, ар бир класстын үчтөн камтылган класстары бар. Биринчи классты тиштердин катарында бир же эки жактуу чектелбеген, аяккы кемтиктер түзөт. Экинчи класс аралык кемтиктер, б. а. кемтиктерди аяк жагында өз тиштер чектеп турат.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ДЕФЕ́КТОВ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА В. А. ПОНОМАРЕ́ВОЙ — тиштердин катарынын кемтигинин В. А. Пономарева классификациясы. Автордун көз карашы боюнча бул классификация тиштердин катарында кемтик пайда болгондо тиштенүүнүн (прикустун) функциялык абалын чагылдырып, 4 класстан турат. 1-классста тиштердин катарынын кемтигинде функциялык болжолдонгон карама-каршы үч топ тиштер сакталат; 2-класста функциялык болжолдонгон карама-каршы эки топ тиштер болот; 3-класста функционалдык болжолдонгон бир топ карама-каршы тиштер сакталат; 4-класста бир жаакта тиштердин катары кемтиктери менен, ал эми карама-каршы жаакта тиштери жок. Бул классификациянын айырмасы бир жаактын тиштери жок экендигинде.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ КАРИО́ЗНЫХ ПОЛОСТЕ́Й ЗУБОВ ПО БЛЕ́КУ — тиш бетиндеги кариес көңдөйчөсүнүн жайгашуусунун Блек классификациясы. Блек классификациясы 5 класстан турат: 1-класста – тиштин кариеси бардык тиштердин табигый чуңкурчаларында болот; 2-класста – кариес чоң жана кичи азуулардын тийишип турган бетинде болот;

3-класста – кариес маңдайкы (кашка тиштер менен кылкыйма) тиштердин тийишип турган бетинде; 4-класста – кариес маңдайкы тиштердин тийишип турган бетинин бузулушу тиштин бурчуна жана кесүү кырына өтүп кеткен учуру; 5-класста – кариес бардык тиштердин моюнчасында кезигет.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ПЕРЕЛО́МОВ ВЕ́РХНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ПО ЛЕ ФОРУ — Ле Фордун жогорку жаактын сыныктарын классификациялоосу. Үстүнкү жаактын ок тийбеген сыныгын Ле Фор үч класска бөлгөн: 1-класс – сыныктын жаракасы үстүңкү жаактын тиш тамырынын учу менен таңдай сөөктөрүн баш сөөктөн ажыратышы менен мүнөздөлөт; 2-класс – сыныктын жаракасы мурундун таноосу, көздүн чарасынын ички жана ылдыйкы бети боюнча бет-жаак жиги канат сымал урчукка жетет; 3-класс – сыныктын жаракасы бет сөөгүн (үстүнкү жаакты, бет жана мурун сөөктөрү) баш сөөгүнөн ажыратып коёт.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ПЕРЕЛО́МОВ ВЕ́РХНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ПО В. Ю. КУРЛЯ́НДСКОМУ — В. Ю. Курляндскийдин жогорку жаактын сыныктарын классификациялоосу. Автордун жогорку жаактын ок тийбеген сыныктарын классификациялоосунун 1-, 2-, 3-класстары Ле Фордун классификациясына окшош, болгону Курляндский 4-класска бет сөөгүнүн өзүнчө (мурун, бет) сөөктөрүнүн сыныктарын бир топко (группага) киргизген.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ПЕРЕЛО́МОВ НИ́ЖНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ПО В. Ю. КУРЛЯ́НДСКОМУ — В. Ю. Курляндскийдин ылдыйкы жаактын сыныктарын классификациялоосу. Ылдыйкы жаактын ок тийбеген сыныктарын Курляндский үч класска бөлгөн; 1-класс – сынык, тиштердин катарынын чегинде, сыныктарда тиштер бар; 2-класс – сынык тиштердин катарынын чегинде, бирок кайсы бир сыныкта тиштер жок, 3-класс – сынык тиштердин катарынын чегинин ары жагында.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ПЕРЕЛО́МОВ ВЕ́РХНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ПО И. Г. ЛУКО́МСКОМУ — И. Г. Лукомскийдин үстүңкү жаактын сыныныктарын классификациялоосу. Ле Фордун классификациясына окшош.

КЛАССИФИКА́ЦИЯ ПЕРЕЛО́МОВ НИ́ЖНЕЙ ЧЕ́ЛЮСТИ ПО Д. А. Э́НТИНУ — Д. А. Энтиндин астыңкы жаактын сыныктарын классификациялоосу. астыңкы жаактын ок тийбеген сыныгы: жаактын ортосунан, кичи азуунун тушунан, бурчунан жана муундун моюнчасынан болорун айткан. Бул жерлер астыңкы жаактын бош, морт жери болуп эсептелет.

КЛИНИ́ЧЕСКАЯ ШЕ́ЙКА — клиникалык моюнча. Тиштин ооздо көрүнүп, тиштин этине тийишип турган бөлүгү.

КЛИНИ́ЧЕСКИЙ АНА́ЛИЗ КРО́ВИ — канды клиникалык текшерүүдөн өткөрүү. Кийме тиш пациентти тынсыздандырганда канын алып текшерүү жүргүзүү. Уулануу-химиялык реакция болгондо лейкоциттер көбөйөт, эритроциттер азайат, СОЭ көтөрүлөт, ал эми аллергиялык таасир болгондо лимфоциттер, моноциттер көбөйөт, лейкоциттер, сегмент ядролуу нейтрофилдер азаят.

КЛИНОВИ́ДНЫЙ ДЕФЕ́КТ — шынаа сымал кемтик. Тиштердин моюнчасында, көбүнчө сырткы бетинде, эмалдын жана дентиндин жешилип кетиши. Формасы боюнча үч бурчтукка, шынаага окшош болот. Пайда болуу себептери көп, ошонун ичинен негизгилеринин бири – тишти щётка менен түз багытта сүрүп жуугандан болот.

КЛЫКИ́ — кылкыймалар. Ар бир жаакта экиден болот. Сырткы түзүлүшү найза сыяктуу, катуу тамакты, жипти кырчып салат.

КОБАЛЬТОХРО́МОВЫЕ СПЛА́ВЫ — кобальтхром куймасы. Жасалма коронкаларды, металлкерамика жана металлакрил коронкаларды жасаганда колдонулуучу калпакчаларды, тиштерди, көпүрөчө сымал жасалма тишти жана доголуу протездерди ар кандай тиштерге таянып, жасалма тишти кармап туруучу илмектери менен жасаганда жакшы куюла турган эритинди. Жыйрылуу касиети жокко эсе. Ооз ичиндеги ткандарга зыяны жок. Курамында 0,3–0,5% кремний, 0,5–0,7%, марганец 2,7–3,5% темир, 25–28% хром, 62,8–64% кобальт жана 3,1–9,7% башка майда кошулмалары бар.

КОГЕЗИ́Я — когезия. Шилекейдин молекулаларынын ортосундагы жабышуу күчү.

КО́ЖНЫЙ РОГ — калыңдаган тери. Кератоз оорусунун бир түрү. Мында теринин эпидермис катмары өсүп кетет, сырткы көрүнүшү: таманы 1 см болуп ортосунан узарып конус формасында өсөт, ирeңи киргилт-сур келет, кармап көрсө катуу. Көбүнчө жашы 60тан ашкан адамдарда кездешет. Кесип, алып таштаса айыгат.

КОЛПА́ЧКИ ЗАЩИ́ТНЫЕ — коргоочу калпакчалар. Жасалма тиш салуу убагында өгөлгөн тиштердин дентин түтүкчөлөрүнө ар кандай дүүлүктүргүч заттар кирбеш үчүн убактылуу коюлуучу каптама. Алар пластмассадан, целлулоидден, жука калайдан жасалат. Ал ошол тиштин көлөмүндөй, формасындай болот. Калпакчалар заводдон даярдалып келет, аны тиш врач тиштин көлөмүнө жана кайсы тиш экенине карап, кайчы менен кесип ыкташтырып, тишке кийгизип коёт.

КО́ЛЛАПС — коллапс. Борбордук нерв системасынын жана башка органдардын иши токтоп, кан жана вена басымдары төмөн түшүп, кандын көлөмү азайып, адам эсучунан танган абал.

КО́МА — эс-учунан тануу. Борбордук нерв системасынын кызматы бузулуп, сырткы дүүлүктүргүчтөргө жооп бере албай, кан айлануусу бузулуп, эс-учун жоготуу.

КОМО́К ПИЩЕВО́Й — майдаланган тоголок тамак. Тамактын чайнап бүткөндөн кийин майдаланып жутууга даяр болгон абалы.

КОМПАКТООСТЕОТОМИ́Я — компактоостеотомия. Аномалиянын өтө оор түрүндө ортодонтиялык дарылоонун алдында тиштерди бат жылдыруу үчүн хирургиялык жол менен ондоолуучу тиштердин аймагындагы жаак сөөгүн жыш кылып көзөп чыгуу. Ошондон кийин ортодонтиялык аспап менен дарылайт.

КОМПЕНСА́ЦИЯ — компенсация. Оорунун натыйжасында структуралык жана функциялык бузулууларды ондоо аракети. Компенсациялык процесстерге регенерация, гипертрофия жана гиперплазия кирет.

КОМПОЗИ́ТНЫЕ ПЛОМБИРОВО́ЧНЫЕ МАТЕРИАЛЫ — кыттоочу композит материалдар. Алар күкүм-суюктук, паста-паста, паста түрүндө болот. Алардын катып калышы үчүн көзгө көрүнгөн көк жарыкты колдонуу керек. Мисалы, эвикрол күкүм-суюктуктан, консайз паста-пастадан, ал эми силюкс болсо пастадан турат жана берүүчү Визилюкс аппаратынын жардамы менен катат.

КОМПОМЕ́РЫ — компомерлер. Композициялык полимерлер.

КОМПОСА́ЙТ — компосайт. Тиштерди кыттоодо колдонула турган химиялык жол менен катуучу паста. АКШда чыгарылат.

КОНАЛО́Р — коналор. Универсалдуу опак жана боёочу система. Күкүмдөн (полиметилметакрилат, пигменттер) жана суюктуктан (триэтиленгликольдиметакрилат) турат. Көпүрөчө протездин фасеткасынын металл каркасын, доголуу протездин торун өңү пластмассадан көрүнүп калбасын үчүн боёп коюуда колдонулат. Чехияда чыгарылат.

КОНВЕРГЕ́НЦИЯ — конвергенция. Тиштердин катарында пайда болгон, кемтикти чектеп турган тиштердин кемтикке карай кыйшайып калуусу.

КОНДЕ́НСОР — конденсор. Тиштин каналындагы гуттаперчаны конденсациялоочу аспап.

КОНДИЛИО́Н — кондилион. Астыңкы жаактын бурчунун эң арткы антропометриялык чекити.

КОНКРЕМЕ́НТ — конкремент. Дененин туура иштешинин бузулушун (патологиялык абалын) билдирүүчү ташка окшош катуу зат. Шилекей бөлүнүүчү жолдорго туруп калып, шилекейди тосуп, адамды көп ыңгайсыздыкка дуушар кылат.

КОНСИСТЕ́НЦИЯ — коюулук, тыгыздык. Изилденип жаткан органды кармап көргөндө анын катуулугун, жумшактыгын сезүү.

КОНСО́ЛЬНЫЙ ПРОТЕ́З — жасалма асма тиш. Тиштердин катарынын кемтигин толуктоодо, бир жагында гана таянычы бар жасалган, ооздон алынбоочу жасалма асма тиш.

КОНТА́КТ МЕЖЗУБНО́Й — эки тиштин тийишкен жери. Кырка турган тиштердин бири-бири менен тийишүүсү. Жаш кезде тиштердин тийишкен бети чекиттей болот. Адам картайганда тиштердин физиологиялык жешилүүсүнүн натыйжасында, ал жерлер аянтчага айланып, тиштердин катары 1 см ге кыскарат.

КОНТА́КТ ОККЛЮЗИО́ННЫЙ — тиштердин катарынын тийишүүсү. Үстүнкү жана астыңкы тиштеринин катарынын чайноо бетинин тийишүүсү, тиштешиши.

КОНТА́КТ ОККЛЮЗИО́ННЫЙ ПРЕЖДЕВРЕ́МЕННЫЙ — үстүңкү жана астыңкы жаактардын кээ бир тиштеринин мурда тийишип калышы. Алар өз мөөнөтүндө физиологиялык жешилүүгө дуушар болбой калган тиштер. Мындай тиштерди бор машина менен өгөп койбосо, ал пародонттун оорусуна, тиштин бошошуна алып келет.

КОНТАМИНА́ЦИЯ – контаминация. Эки металлдын тийишүүсүндө катуу металлдын бетинде жумшак металлдын микробөлүкчөлөрүнүн калып калышы.

КОНТРАКТУ́РА ЧЕЛЮ́СТЕЙ — жаактардын карышуусу (контрактурасы). Ооздун аз же таптакыр ачылбай калышы. Мында чайноо булчуңдарынын кайсы бир себептер менен катып калышы. Себептери: бет-жаактагы сезгенүүлөр, былжыр кабыкча менен теринин берчтенип калышы ж.б.у.с.

КО́ПЛИКА-ФИЛА́ТОВА ПЯ́ТНА — Коплик-Филатов тактары. Кызамык оорусунда пайда болуучу тактар. Көбүнчө чоң азуу тиштердин тушундагы былжырлуу кабыкчада жайланышат, өңү агыш-жашыл түстө.

КО́РЕНЬ ЗУБА — тиштин тамыры. Тиштин жаак сөөгүнүн ичинде жайланышкан бөлүгү, тамырды сыртынан цемент катмары бекемдеп турат.

КО́РКА — карт. Жара болгон жердин бетиндеги айыга баштагандагы катыган катмары.

КОРНЕВЫ́Е ШТИФТЫ́ — тамыр шиштери. Ал үчүн күмүш, пластмасса, гуттаперча шиштери колдонулат.

КОРО́НКА ЗУБА — тиштин коронкасы. Тиштин эмаль катмары менен капталып, көрүнүп турган калың бөлүгү. Тиштин коронкасы анатомиялык жана клиникалык деп айырмаланат. Анатомиялык коронка тиштин жешилүүсү

менен кичирейет, ал эми клиникалык коронка жаак сөөгүнүн кыры жоюлуп, тиштин этинин качышы менен чоңоёт. Демек клиникалык коронка дегенде анатомиялык коронканы жана тамырдын көрүнүп турган бөлүгүн түшүнүү керек. Тиштин коронкасынын формасы адамдын бет түзүлүшүнө карата төрт бурчтуу, үч бурчтуу жана тоголок түрүндө болот.

КОРО́НКА ИСКУ́ССТВЕННАЯ — жасалма каптама (коронка). Адамдын өзүнүн тишинин үстүнөн каптап туруучу протез. Жасалма каптама бузулган тиштин сырткы түзүлүшүн оңдоп, анын аткаруучу кызматын калыптандырат. Ал ар кандай материалдардан: металлдардын куймаларынан (алтындын, күмүш-палладийдин, дат баспоочу болоттун), платинадан, фарфордон, пластмассадан, ситаллдан, металл-фарфордон, металл-пластмассадан, компомер жана керомерден жасалат.

КОРОНКОСНИМА́ТЕЛЬ — коронка чечкич. Копп сунуш кылган аспап. Ал каптаманы, көпүрөчө сымал жасалма тишти табигый тиштен алыш, чыгаруу үчүн колдонулат.

КОРО́НКИ ТЕЛЕСКОПИ́ЧЕСКИЕ — телескоптук коронкалар. Эки кабат коронкадан турат — ички жана тышкы. Биринчиси жаактагы таянып тура турган тишти жаап турат да, формасы цилиндрдей, конустай болот, цементке бекилет; экинчиси тиштин кейпиндей (формасындай) болуп кийме тишке жабыштырылат. Кийме (пластиналуу, доголуу) жасалма тишке телескоптук каптамаларды жасаганда алар жакшы кармалат, эстетикалык жактан утат.

КОРРЕ́КЦИЯ ОККЛЮ́ЗИИ — окклюзияны жөнгө салуу. Тиштердин катарын бири-бирине тийгизип жылдырганда тиштер токтоосуз кыймылга келбей кээ бир тиштер эрте тийип, урунуп калганда көчүрмөлөгүч кара кагаз менен изин алып, ошол жерлерди өгөп коюу керек. Антпесе алар тамакты сапаттуу чайноого жолтоо болот, ал тургай мурун тийген тиш же анын каршысындагысы (антагонисти) бошоп түшүп калат.

КОРРЕ́КЦИЯ ПРОТЕ́ЗА — протезди жөнгө салуу, жонуу. Жаңы жасалганда кийме тиш протезинин негизи кээ

бир жерде ашыкча болуп, былжыр кабыкчаны оорутат, ал жер кызарып, шишип, канталап, кээде жара болуп кетиши мүмкүн. Ошол жерин өгөп, оңдоп, түзөп жөнгө салуу керек. Көп ооруп кетпесин үчүн протезди кийгизген күндүн эртесине пациент жасалма тишти кийип келиши керек, өтө ооруп-са чечип коюп, бирок врачка келерден 2 саат мурда кийип алса, ооруган жери кызарып, билинип, врачтын жардам берүүсүнө шарт түзүлөт.

КОРРЕ́НТИЛ — коррентил. Төмөнкү жылуулукта өзү катуучу жумшак пластмасса.

КОРРО́ЗИЯ — дат басуу. Химиялык жана электр-химиялык процесстердин таасирлеринин натыйжасында металлдын бетинин чириши.

КРА́МПОН — крампон. Фарфордон жасалган жасалма тиштерди пластмасса менен бириктирүү үчүн фарфор тиштерге платина, алтын же дат баспаган болоттон атайын урчуктуу зымдарды коюу.

КРА́СНАЯ ВОЛЧА́НКА — кызыл чакалай. Бул оору менен 20–40 жаштагы аялдар көбүрөөк ооруйт. Ал ооздун ичиндеги былжыр кабыкчага да тарап кетет. Ал тургай ал бетте, мурунда, маңдайда, кулактын калканында, баш терисинин чач чыккан жеринде да кездешет. Өзүнчө көпөлөк сыяктуу формада болот.

КРА́СНЫЙ ПЛО́СКИЙ ЛИША́Й — кызыл жалпак темиротку. Өнөкөт сезгенүүчү-дистрофиялык оору. Пайда болуу себеби так аныкталган эмес. Көбүнчө ууалануу жана аллергия оорулары себепчи болушу мүмкүн. Алгачкы белгилеринин бири кызыл көк исиркек (папула), быдыракай майда шишик. Ооздун былжыр кабыкчасында кездешип, тил менен азуу тиштердин тушунда жайгашкан. Көбүнчө 40–45 жаштагы аялдар оорушат.

КРА́УДИНГ — краудинг. Тиштердин катары менен жайгашпай, бири-бирине учкашып, жыш болуп калышы.

КРЕ́МНИЙ — кремний. Химиялык элемент. Көптөгөн куймалардын жана болоттун курамындагы бөлүк. Дат баспоочу болоттун жабышкак жана ийкемдүү касиетин жо-

горулатып, болоттун түзүмгө бирдей түзүмгө (структурага) айландырат.

КРЕПИ́ТА́ЦИЯ — шыкырлоо. Сөөк сынганда, теринин астында эмфизема болгондо, муундун ички кабаты сезгенгенде кармап көрүп же тыңшап көргөндө угулган добуш.

КРЕПЛЕ́НИЕ ЗАМКО́ВЫЕ — кулпуга окшош бекитүү. Кийме тиш протездерин карматуу үчүн каражат.

КРИВЫ́Е ОККЛЮЗИО́ННЫЕ КОМПЕНСАЦИО́ННЫЕ ШПЕЯ́, УИЛСО́НА — тиштешүүнүн компенсациялык Шпей, Уилсон кыйшыктары. Үстүнкү жаактагы тиш катарынын чайноо бети боюнча өткөн кыйшыктар. Алдыдан артка карай кеткени Шпея кыйшыгы, оңдон солго кеткен кыйшык Уилсон кыйшыгы деп аталат.

КРИО́ТЕРАПИЯ — криотерапия. Суук менен дарылоо жолдору: муздак суу, кар, музду ооруган жерге коюу менен дененин кандайдыр бир бөлүгүндөгү ооруну басаңдатуу, кан агууну токтотуу, дарылоо.

КРОВОТЕЧЕ́НИЕ ИЗ ЛУ́НКИ — тиштин уясынан кан агуу. Көбүнчө астыңкы жаактын азуу тиштерин жулгандан кийин, гранулема, кисталарды тазалаганда альвеолалык артерияны жарып алуунун натыйжасында болот. Тиш уясынан аккан канды токтотуу үчүн аны тигет же тыгын (тампон) коюп токтотот.

КСЕРОСТОМИ́Я — ксеростомия. Ооздун ичинин кургашы. Шилекей бездеринин ооруга учурап, шилекейдин аз бөлүнүшүнөн, коюу болушунан же таптакыр шилекей чыкпай калышынан улам пайда болот. Мында ооздун былжырлуу кабыгы кызарып, жукаланууга, жоюлууга (атрофияга) учурайт.

КУЛЬТЯ́ — молток. Хирургиялык операция болгон мүчөлөрдүн калдыктарынын (молтогунун) учу. Стоматологияда тиштин коронкасынын чирип, сынып калгандан кийинки калдыгы же тишти көп өгөгөндөн кийин калган калдыгы.

КУЛЬТЯ́ ИСКУССТВЕ́ННАЯ — жасалма молток. Тиштин тамыры жакшы болуп, бирок коронка бөлүгү жок бол-

со, тиштин тамырына шиш коюп, анын үстүнө ар кандай материал (металл, пластмасса) менен тиштин коронкасындай мулук жасайт. Ал мулуктун сыртынан ар кандай жасалма каптама жасап, тишти оңдоп коёт. Мында тиштин тамыры жулунбайт жана молток тишти чектеп турган соо тиштер өгөлбөй таза калат.

КУ-ПЛЦ — ку-плц. Акрил пластмассасын кыска мөөнөттө полимерлештирүү үчүн колдонулуучу жеңил аппарат. Германияда чыгарылат.

КУПРОВЕ́НТ — купровент. Тиштери жок жаактардан калып алуу үчүн колдонулуучу зат. Аны жеке ченкептин кырына коюп, ар кандай кыймыл-аракет аркылуу тактоодо керектелинет, ысык сууда жумшарат Хорватияда чыгарылат.

КУТИ́КУЛА — кутикула. Эпителий клеткаларынан бөлүнүп туруучу кабыкча, тиштер жаңы чыкканда эмаль катмарынын эң үстүңкү катмары, бөлүгү.

КЮВЕ́ТА — кювета. Кийме тиш протездерин жасаганда мом негизин пластмассага алмаштырганда колдонулуучу эки бөлүктөн турган металл аспап. Протез бул аспапка түз, тескери жана түз менен тескери айкалыштырылган түрдө гипстелет.

КЮРЕ́ТА — кюрета. Тиштин этинин астындагы ташты алып, тазалоочу аспап, анын жумушчу учу томпок болот.

КЮРЕТА́Ж — кырып тазалоо. Инфекциялык өнөкөт жараларды, пародонттун чөнтөкчөсүн, тиштин этинин өсүп кетишин жана анын ташын тазалоодо колдонулуучу ыкма.

Л

ЛАБОРАТО́РИЯ ЗУБОТЕХНИ́ЧЕСКАЯ — тиш-техникалык лаборатория. Ар кандай конструкциядагы жасалма тиштерди жасоочу өндүрүштүк комплекс. Ал жерде төмөнкүдөй бөлмөлөр болуусу керек: 1) ооздон алынуучу, бекилүүчү жасалма тиштерди жана ортодонтиялык аппараттарды жасоо бөлмөсү; 2) доголуу протездерди жасоо; 3) алтындын куймаларынан; 4) куюу үчүн; 5) гипстөө үчүн; 6) пластмас-

садан жасалуучу жасалма тиштерди бышыруу (полимерлештирүү) үчүн; 7) жылмалап жалтыратуу үчүн.

ЛА́ЗЕР — лазер. Лазер нурун, шооласын иштеп чыгара турган аппарат. Түрлөрү боюнча: газ, жарым өткөргүч, катуу дене жана суюк зат лазерлери болуп бөлүнөт. Пародонт ооруларында, иммунитетти көтөрүүдө ж. б. дарылоочу себептерде натыйжасы жакшы болуп келе жатат. Стоматологияда стоматит, глоссит ооруларын дарылайт. Ошондой эле жаактын сөөгү сынганда, бет-жаак системасына операция жасаганда лазер нуру колдонулат.

ЛАЙФ — лайф. Стоматологиялык дарылоодо тиштин көңдөйүнө төшөлчү катары колдонулуучу паста. Швейцарияда чыгарылат.

ЛАК СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЙ ПОКРЫВНО́Й — стоматологиялык шыбоо үчүн лак. Коюу, түсү ак-саргыч келген суюктук. Пластмассадан металл көрүнүп калбасын үчүн металлдын бетине шыбалат.

ЛАКТОДО́НТ — лактодонт. Силикат-фосфат цементи, жаш балдардын тишине кыт коюу үчүн колдонулат. Сүт тиштерге кыт койгондо көңдөйдүн таманына төшөлчү коюлбайт. Ошондой эле балдарга жасалган ортодонтиялык аппараттарды жана тиштерге бекилүүчү жасалма тишти жабыштырганда колдонулат.

ЛЕГИ́РОВАНИЕ — легирлөө. Негизги куйманын өзгөчө касиетке ээ болушу үчүн бир аз санда башка металлдарды кошуу.

ЛЕГКОПЛА́ВКИЕ СПЛА́ВЫ — бат эрүүчү куймалар. Калай, коргошун, висмут, кадмийден турат. Алардан штамп, контрштамп, кураштырылган моделдер, жаактын сөөгү сынганда колдонула турган каппалар (шакшактын бир түрү) жасалат.

ЛЕЙКО́З — лейкоз. Рак оорусу өңдөнгөн, кандын системалык оорусу: канда пайда болуучу ткандардын башаламан өсүп-өрчүшү, толук жетиле элек жаш лейкоциттер канга өтө көп кошулуп кетет, эритроциттер азайып калат. Ал турсун боордо, бөйрөктө, теринин астындагы майда жана

ичегиде, кан клеткаларында өтө көп пайда болот, оору курч жана өнөкөт түрдө өтөт. Тиштин эти кызарып, шишип, ооздун ичинин ар жеринде жаралар пайда болот.

ЛЕЙКОПЛАКИ́Я — лейкоплакия. Ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчанын эпителийлеринин өтө көп өсүп кабырчыктанып, чордонуп жана терең катмарларынын сезгениши. Алды менен майда-майда ак сепкилдер пайда болот, оору күчөгөн сайын алар чоңоюп, бири-бири менен кошулуп, чоң тактарга айланат. Ички жана тышкы дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен пайда болот. Лейкоплакиянын жапалак, сөөлдөй (бодур-бүдүр), жалаңкат жана чылым тартуучуларда гана болуучу Таппейнер түрү болот. Рак оорусуна жакын болгондуктан, муну онколог врачтар диспансерлик кароого алып мезгил-мезгили менен текшерип, дарылап турат.

ЛЕЧЕ́БНАЯ ЭФФЕКТИ́ВНОСТЬ — дарылоонун натыйжалуулугу. Дарылоодон кийин оору кайталанбай, оорулуунун тез арада сакайып кетүүсү.

ЛЕЧЕ́БНЫЕ СРЕ́ДСТВА В ОРТОПЕДИ́ЧЕСКОЙ СТОМАТОЛО́ГИИ — ортопедиялык стоматологиядагы дарылоочу каражаттар. Медицинанын башка тармактарында дарыдармек менен дарылоо бат-бат жүргүзүлүп турат, ал эми ортопедиялык стоматологияда дарылоо касиетке ээ болгон тиш протези бир жолу коюлса, көп убакытка чейин кызмат кылат. Ортопедиялык дарылоочу нерселер негизинен төмөнкүлөр: 1) тиштердеги жана тиштердин катарындагы жасалма тиштери; 2) тиштерди шакшактоочу аппараттар жана жасалма тиштер; 3) ортодонтиялык максат үчүн колдонуучу аппараттар; 4) бетин жаракатында (травма) колдонулуучу аппараттар; 5) жасалма жаактар жана беттер.

ЛИГАТУ́РА — лигатура. Тиштер бошогондо, жаак сөөгү сынганда, аларды кыймылдатпай байлаш үчүн, шакшакты карматыш үчүн колдонуучу ичке зым же жип. Зымды болоттон, алтындан, күмүштөн, жезден, калай менен алюминийдин куймасынан даярдашат. Синтетикалык жана жибек жиптер дагы лигатурага кирет.

ЛИДА́ЗА — лидаза. Ири кара малдын урук безинен даярдалган дары-фермент. Бет-жаактагы операциядан, күйүктөн кийин пайда болгон тыртыкты, берчтерди жок кылуу үчүн дары колдонулат. Тиштин эти ашынып же ашыкча (гипертрофия) өсүп кеткенде да лидаза колдонулат.

ЛИ́ЗИС — лизис. Клеткалардын жана ткандардын ар кандай бактериялык ферменттердин таасири менен ыдырап кетиши, эзилип кетиши.

ЛИЗОЦИ́М — лизоцим. Организмди коргоо кызматын аткаруучу фермент, шилекейде, көз жашта, канда, без бөлүп чыгаруучу маңызда болот, стрептококк, стафилококк, гонококк микробдорун жок кылат.

ЛИКВА́ЦИЯ — ликвация. металлдын эритиндиси каткандан кийин структурасынын ар кандай себептерден улам бирдей болбой калышы.

ЛИМФАДЕНИ́Т — лимфаденит. Лимфа түйүнүн сезгениши. Айлана-чөйрөдөн ар кандай инфекциялар лимфа жана кан тамырлар аркылуу лимфа түйүнүнө жетип анын сезгенүүсүнө алып келет. Бет-жаак органдарынын ар кандай оорулары: флегмона, абсцесс, сөөктүн кулгунасы, периостит, периодонтит, фурункул, стоматит, травма ж. б. таасиринде лимфа түйүнү сезгенип, шишип, ооруйт.

ЛИМФАНГО́ИТ — лимфангоит. Лимфа тамырларынын сезгенүүсү, мында тамырдын ички бети шишип, тамырдан лимфанын агып өтүүсү кыйындап, бара-бара өтпөй калышы мүмкүн.

ЛИ́НИЯ «А» — «А» сызыгы. «А» деген тамганы айтканда катуу таңдай менен жумшак таңдайдын чеги кыймылдап турат, жумшак таңдайга бир аз калганда борбор сызыктын эки жагында билинер-билинбес эки чуңкурча бар, кийме тиш протезин жасаганда анын негизинин арткы кыры «А» сызыгынан өтпөстөн, ошол чуңкурларды жаап турушу керек.

ЛИ́НИЯ РЕЗЦО́ВАЯ — кесүү сызыгы. Үстүнкү жана астыңкы борбордук кашка тиштердин ортосунан өткөрүлгөн тик сызык. Беттин кыйшыктыгын, астыңкы жаактын оңго же солго кыйшайганын аныктоодо колдонулат.

ЛИНИ́Я ЧЕ́ЛЮСТНО-ПОДЪЯЗЫ́ЧНАЯ — жаак-тил асты сызыгы. Астыңкы жаактын тил жагында узунунан жайгашкан дөңчө бар, бул жерге жаак-тил асты булчуңу бекилген. Жаак сөөктүн альвеолалык өсүгү көп жоюлуп кеткенде дөңчө оркоюп көтөрүлүп, кырдуу болуп, кийме тиш менен жүргөндө ооруй турган болот. Кээ бир адистер аны ички кыйшык сызык деп айтышат.

ЛИПО́МА — липома. Теринин алдындагы май тканынын зыянсыз шишиги, дененин бардык жеринде кездешет, айрыкча эринде, маңдайда, жаактын астында, бетте, кулактын айланасында көбүрөөк болот.

ЛИТЕ́ЙНАЯ КО́МНАТА — куюу бөлмөсү. Бул бөлмөдө жасалма тиштин (протездин) бөлүктөрүн куюшат.

ЛИТЕ́ЙНЫЙ АППАРА́Т — куюучу аппарат. Тиштин ар кандай бөлүктөрүн куюуга керек аспап. Алды менен металлдын кошулмасын эритип калыпка куюшат. Куюу аспабы негизинен электр мешинен жана вакуум насосунан турат.

ЛИТЬЁ — куюу. Эритилген металлды даярдалган формага толтуруп, анын так өзүндөй кылып металлды катыруу.

ЛИЦО́ — бет. Баштын алдыңкы жагы. Стоматологиялык ортопедиянын максаты – адамдын сырткы көрүнүшүн оңдоо, калыбына келтирүү. Мында беттин төмөнкү бөлүгү менен иштөөгө туура келет, ал – мурундун таноосунан ээктин астына чейинки аралык. Себеби тиштер түшкөндө ушул аралыктын бийиктигин өзгөртөт, ал тиш протездерин жасоо менен оңдолот. Беттин ортоңку бөлүгүндө болсо кулак, мурун, көз, бет сөөк кемтиктерин оңдойт. Беттин формасы ар кандай: чарчы, үч бурчтук жана тоголоктураак. Маңдай тиштер беттин түзүлүшүнө окшош болот.

ЛО́ЖЕ ИМПЛАНТАЦИО́ННОЕ — имплантациялык орун. Жаак сөөккө имплантатты коюу үчүн жасалган орун. Былжыр кабыкча менен сөөктүн чел кабыгын кесип, ачып, бор машинанын акырын айлануусунда (мүнөтүнө бир нече жүз) цилиндр же пластина формасындагы фрезалар менен жаак сөөктүн альвеола кырын оюп, бурамалуу же пластиналуу имлантатка орун жасалат.

ЛО́ЖКИ СЛЕПО́ЧНЫЕ (ОТТИ́СКНЫЕ) — калып ченкеби. Жасалма тиштерди жасоо үчүн ошол тиштердин же протезди коюучу жердин калыбын алуу үчүн ченкептер. Ал ченкептерди металлдан, пластмассадан жана момдон жасашат, алар стандартуу (көп кишиге туура келет) жана жекече (бир эле адамга туура келет) болот. Стандарттуулар металлдан, пластмассадан, ал эми жекече пластмассадан, момдон жасалат. Стандарттууну заводдон, жекечени врач же тиш-техник лаборант жасайт.

ЛУЧЕВА́Я БОЛЕ́ЗНЬ — нур оорусу. Келип чыгышына көбүнчө рентген нуру себеп болот. Оору төрт даражага бөлүнөт: биринчи даражада адам 200 Р өлчөмдөгү рентген нурун алганда, экинчи даража 300–400 Р, үчүнчү даража 500–600 Р, төртүнчү, эң оор даража 600 Р өлчөмүнөн ашык алганда болот. Нурдун саны өтө көп болсо, адам сокку (шок) болуп, эс учун жоготуп, ошол бойдон эсине келбей өлүп калышы мүмкүн. Нур оорусу адамда төрт мезгил менен өтөт. Биринчи мезгилде алынган нурдун көлөмүнө жараша жүрөккан тамыр системасынын иштеши өзгөрүп, канда ак кан денечелеринин саны көбөйүп кетет. Экинчи мезгилинде адам өзүн дурусураак сезип калат, муну эки жума байкоо керек. Үчүнчү мезгилинде адам алсырап, сөөк кемигинен иштелип чыгуучу кан элементтери азаят, ооз ичинде былжыр кабыкча канталап, шишип, жара пайда болот. Ички бездердин кызматы төмөндөп, организм тышкы дүлүктүргүч таасирлерге туруштук бере албайт. Төртүнчү мезгилинде алынган нур өтө көп болбосо, адам акырындап айыга баштайт же оору өнөкөт түрүнө өтөт.

ЛЮГО́ЛЯ РАСТВО́Р — Люголдун эритиндиси. Иод жана иоддуу калийдин глицериндеги эритиндиси. Тиштин эти, тиштин тамырынын айланасы сезгенгенде (периодонтит) электрофорез ыкмасы менен дарылоодо колдонулат. Шиллер-Писарев сыноосунда аныктагыч катары керектелинет.

ЛЮМИНЕСЭ́НС — люминесэнс. Фарфордон, айнекиономерлеринен, асыл металлдын куймаларынан жасалган тиш протездерин жана тиштин эмалын жалтыратууда жакшы

натыйжа бере турган аспаптар. Ал аспаптар алмаздын майда күкүмү менен толукталган. АКШда чыгарылат.

ЛЮМИНОФО́РЫ — люминофорлор. Жасалма фарфор жана пластмасса тиштерге кошулганда жаркылдап тура турган синтетикалык зат. Алынбай турган протездерди полимер, компомер, керамика менен каптаганда да кошот.

ЛЯБИО́Н — лябион. Беттин ортоңку сызыгы боюнча үстүңкү жана астыңкы эриндин көбүрөөк чыгып турган антропометриялык чекити.

М

МАЗО́К — мазок. Микроскоп менен текшерүү үчүн айнектин бетине сыйпалган суюктук. Суюктуктар кан, шилекей, ириң ж. б. болушу мүмкүн.

МАКРОГЛО́ССИЯ — чоң тил. Тилдин өтө чоң болуп оозго батпай турганы. Мындай тилди карап көргөндө анын учунда, каптал бетинде тиштердин баткан издери болот. Тилдин чоңоюшу киста, флегмона, лимфангиома ж. б. ооруларда байкалат.

МАКРОДО́НТИЯ — чоң тиш. Тиштердин көлөмүнүн нормадагыдан чоң болушу. Тиштин көлөмү менен беттин катышынын бузулганы көзгө урунуп турат. Көбүнчө борбордук кашка тиш чоң тиш болуп чыгат, аны «гигант» тиш деп коёт.

МАМЕЛО́Н — дөмпөкчө. Жаңы чыккан маңдайкы (кашка) тиштердин кырындагы дөмпөкчөлөрдүн чоңураагы.

МАНДИБУЛЯ́РНЫЙ — астыңкы жаакка тиешелүүлүктү билдирүүчү түшүнүк. Мисалы, мандибулярная анестезия — астыңкы жаактагы нервдерди жансыздандыруу.

МА́РГАНЕЦ — марганец. Химиялык элемент. Дат баспоочу болоттун туруктуулугун жана катуулугун жогорулатат, ийкемдүүлүгүн азайтат.

МА́СКА́ ЛИЦА́ — беттин кеби. Беттин гипстен жасалган оң көрүнүшү.

МАССАЖ — укалоо, ушалоо, сылоо. Көбүнчө зат алмашуу процессин жакшыртуу үчүн жасалат. Кан, лимфанын айланышын жакшыртып, ооруган жер бат айыгат. Стоматологияда гидромассаж (суу менен), вибромассаж (дирилдөө менен), вакууммассаж (абасыз массаж), ошондой эле бармактар менен да тиштин бүйлөсүн, бет-жаакты сылап массаж жасалат.

МАСТИКАЦИОГРА́ФИЯ — мастикациография. Тамакты оозго салып, чайнап толук жутканга чейинки процессти жазып алуучу функционалдык ыкма. Беш фазаны график түрүндө чиймелеп көргөзөт: 1) астыңкы жаактын физиологиялык тынч туруусу; 2) оозду ачып тамакты оозго салуу; 3) тамакты чайнап баштоо; 4) тамакты чайноонун негизги фазасы; 5) тамакты тоголоктоо жана жутуу. И. С. Рубинов сунуш кылган.

МАТЕРИАЛОВЕ́ДЕНИЕ — материал таануу. Материалдын түзүлүшүн, курамын, касиетин жана аны колдонуусуну изилдөөчү илим.

МАТЕРИАЛОВЕ́ДЕНИЕ СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКОЕ — стоматологиялык материал таануу. Илимдин стоматологиялык практикага тиешеси бар материалдардын жаңы түрүн табуу же көптөгөн бар материалдардын технологиялык жана клиникалык касиетин, колдонушун өркүндөтүүнү иликтеп-изилдөөчү колдонмо, б. а. практикалык бөлүмү.

МАТЕРИА́ЛЫ ДЛЯ ДУБЛИ́РОВАНИЯ ГИ́ПСОВЫХ МОДЕ́ЛЕЙ ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаактардын гипс моделин кайталоочу материалдар. Доголуу жасалма тиштердин каркасын так куюу үчүн отко чыдамдуу массалардан модель жасоо талап кылынат. Алынган отко чыдамдуу моделге доголуу тиш протезинин каркасын мом менен калыптап, металл каркасты моделдин үстүнө куйса, каркас сапаттуу болот. Моделди кайталоочу материалдарга көп жолу колдонулуучу гидроколлоиддүү термопластикалык массалар жана силикон материалдар кирет.

МАТЕРИА́ЛЫ МОДЕЛИРОВО́ЧНЫЕ — калыптоочу материалдар. Момдун ар кандай түрлөрү, гипс, оңой эрүүчү металл кирет.

МАТЕРИА́ЛЫ СЛЕ́ПОЧНЫЕ (ОТТИ́СКНЫЕ) — калып ала турган материалдар. Гипсти сууга аралаштырып калыпка куюп, үлгү алышат. Үлгүнүн жардамы менен тиш, жаак, бет жана ар кандай ортодонтиялык аппараттарды жасашат. Булардын эң байыркысы — гипс. Үлгү ала турган массалардын азыр катуу, ийкемдүү жана ысыкта жумшара турган ж. б. ар кандай түрлөрү көп.

МАТЕРИА́ЛЫ СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЕ — стоматологиялык материалдар. Стоматологиялык практикада колдонулуучу материалдар негизинен негизги, жардамчы жана клиникалык болуп бөлүнөт. Негизгилерге протездерди, аппараттарды, кыттарды жасоочу материалдар кирет. Аларга металл жана алардын куймалары, керамика (стоматологиялык фарфор жана ситаллдар), полимерлер (базистер үчүн, каптоочу, жумшак-ийкемдүү, тез катуучу), композиттик, кыттоочу материалдар кирет. Жардамчыларга гипс, момдун түрлөрү, формалоочу материалдар, кислоталар кирет. Клиникалык материалдар — цементтер.

МАТЕРИА́ЛЫ ФОРМО́ВОЧНЫЕ — формалоочу материалдар. Металлды, полимерди куйганга форма жасоочу массалар. Негизги компоненти майда дисперстүү күкүм жана байланыштыруучу, бириктирүүчү суюктуктан турат. Бул материалдар төмөнкүлөргө бөлүнөт. Гипстүү (сульфаттуу) материалдар 25–45% гипстен, 55–75% кремний окисинен турат. Кремний окисинде кварц, тридимит жана кристобалит болот. Гипстүү формалоочу материалдарга Силаур, Силаур-3Б, Силаур-9; СМ-10 Кристобалит, Глориа специаль, Экспадента ж. б. кирет. Фосфаттуу формалоочу материалдарга Силикан, Силикан-F, Уолдвест, Пауэр Кэст, Пауэр Кэст Ринглесс Систем, Сегакест, Вест Джи, Фудживест и Фудживест Супер, Альфакост 2, Керамикор ж. б. кирет. Силикаттуу формалоочу материалдарга Формалит, Аурит, Вироплюс, Бегостал, Дегувест-HFG, Ауровест Софт и Дегувест Софт, формалоочу Цитрин, Лютова, Манукян массалары ж. б. кирет. Ошондой эле белгилүү формалоочу материалдарга кошумча Силамин, Кристосил, Формолит, Мольдин Сиолит, Стомаформа ж. б. чыгарылат.

МАЦЕРА́ЦИЯ — жумшаруу. Тиштин жасалма коронкасы кенен жасалып калганда, адегенде коронканы кармап турган цемент эзилип чыгып жок болуп кетет, коронканын ичине тамак кирип, чирип, тиштин эмаль, дентин катмарларын жумшартат. Ушул убакта коронканын ичиндеги тиш ооруп баштайт, ооздон сасык жыт чыгат, соргондо чирик даамданат. Коронканы чыгарганда тиштин коронка бөлүгүнүн көлөмү сакталган болот, бирок туздардын бардыгы жуулуп чыгып кеткендиктен зонд менен сайганда зонд кирип кетет.

МЕДИА́ЛЬНЫЙ — медиальный. Тиштин, жаак сөөгүнүн, дененин башка бир жерлеринин ортого караган жагы. Мисалы, эки чоң кашка тиштин бири-бирине тийип турган жери МЕДИАННЫЙ, ал эми чоң кашка тиштин кичи кашка тишке тийип турган жагы ДИСТАЛЬНЫЙ деп аталат. Ал эми кичи кашка тиштин чоң кашка тишке тийишип турган кыры МЕДИАЛЬНЫЙ деп аталат.

МЕЖЗУБНО́Й — тиштердин ортосу.

МЕЛАНО́МА — кара шишик. Денедеги меңден, калдан пайда болгон шишик.

МЕ́НТОН — ментон. Астыңкы жаактын ортодогу бириккен жеринин эң төмөнкү чекити.

МЕ́ТОД ГЕ́РБСТА — Гербст ыкмасы. Тиштери жок, кызыл ээк кезде кийме тиш протезин сапаттуу жасоо үчүн функционалдык калып алууда колдонулуучу ыкма. Мында калып алып жатканда протез кийүүчү киши оозун чоң ачат, шилекейин жутат, тилинин учу менен үстүңкү жана астыңкы эриндерин жалайт, тилдин учун мурундун учуна жеткирет, тилди ууртка, оңго-солго такайт, эки эринди түтүктү үйлөгөндөй кылып созот ж. б. Бул сыноолорду бир нече жолу кайталоо керек.

МЕ́ТОД МАКА́РИ — Макари ыкмасы. Тиштердин, жаактын сөөгүнүн туура эмес өскөндүгүн аныктоочу ыкма. Ал көбүнчө астыңкы жаак өспөй, артта (дистальный прикус) калганда колдонулат.

МЕТО́ДИКА ХОРОШИ́ЛКИНОЙ-МАЛЫ́ГИНА — Хорошилкина-Малыгин ыкмасы. Тиш-жаак системасынын

өзгөрүлүшүн аныктоо ыкмасы. Баш сөөктүн чайноо, бет, мээ бөлүктөрүнүн катышы жана жумшак ткандардын жайгашуусу баштын каптал бет жагынан жасалуучу телерентгенограмманын жардамы менен аныкталат.

МЕ́ТОДЫ ШТАМПО́ВКИ МЕТАЛЛИ́ЧЕСКИХ ИСКУССТВЕ́ННЫХ КОРО́НОК — жасалма металл коронкаларды штамптоо жолдору. Штампоонун 3 жолу бар: 1) ички штамптоо, Шарп ыкмасы, жасалма коронканын формасын алып, ичине гильзаны коюп, гильзанын ичине майда бытыра салып, бытыраны түйүү, соккулоо жолу; 2) сырткы штамптоо, Паркер ыкмасы, металл штампикке форма берилип, күйгүзүлгөн коронканы каолинде пресстөө жолу; 3) кураштырылган штамптоо, ММСИнин (Москва медициналык стоматологиялык институту) ыкмасы, бромштром, пестик аспабы жана оңой эрүүчү металлдын жардамы менен жүргүзүлөт.

МИАЛГИ́Я — миалгия. Чайноо булчуңунун көп иштегенден кийин оорушу.

МИАСТЕНИ́Я — миастения. Булчуңдун алсыздыгы.

МИКО́ЗЫ — микоздор. Адамды жана жаныбарларды чач, тырмак ооруларына дуушар кылуучу микобактериялар.

МИКРОГЕ́НИЯ — төмөнкү жаактын толук өспөй калуусу. Мындай кишилерди элде «куш мурун» деп да аташат.

МИКРОГЛО́ССИЯ — тилдин кичинелиги. Тилдин көлөмүнүн кичине болушу, көбүнчө тубаса болот. Ар кандай оорулар: тилге жара чыгуу, операциядан кийинки берчтенүүдөн өспөй калуусу да себеп болот.

МИКРОГНА́ТИЯ — жогорку жаактын кичинелиги. Үстүнкү жаактын өспөй калышы.

МИКРОДЕ́НТИЯ — тиштин кичинелиги. Тиштин катарында кайсы бир тиштердин көлөмүнүн кичине болуп калуусу, бул өзгөрүү тубаса болот.

МИКРО́МЕТР — микрометр. Ортопедиялык аспап, калыңдыкты жукартуу тактыгын (1/10 мм ге чейин) аныктоодо колдонулат.

МИКРОСТОМИ́Я — кичинекей ооз. Күйгөн, үшүк алгандан же жарадар болгондон кийин айыккан ооздун кичире-

йип калышы. Уурт, эрин берчтенип, ооз чоң ачылбайт. Бул көрүнүш тубаса болушу да мүмкүн.

МИКСО́МА ЧЕ́ЛЮСТИ — жаак сөөгүнүн шишиги. Шишик көбүнчө астыңкы жаак сөөгүндө жайгашат, кээде жогорку жаакта да болот (30 жашка чейин). Шишик бат өсүп тарайт, хирургиялык ыкма менен кесип алып таштабаса, кайталана берет.

МИОЗИ́Т — булчуңдун сезгенүүсү. Жанчылуудан, суук тийгенден, грипп оорусунан кийин болот. Чыкый жана жаак булчуңдары бат эле сезгенет, мында ооз ачылбай, тамак чайноо кыйын болуп калат.

МИОРЕЛАКСА́ЦИЯ — бошоңдоо, шалдыроо. Дарылардын жардамы менен булчуңдардын чымыркануусун басаңдатуу.

МИОТЕРАПИ́Я — миотерапия. Тиш-жаактын туура эместигинде (аномалия) дарылоодо жана алдын алуу иштеринде булчуңдарды дарылоо ыкмасы.

МОДЕ́ЛИ ВСПОМОГА́ТЕЛЬНЫЕ — жардамчы үлгүлөр. Протез жасалуучу жаактын карама-каршы жагынын үлгүлөрү.

МОДЕ́ЛИ ДИАГНОСТИ́ЧЕСКИЕ — диагностикалык үлгүлөр. Ортопедиялык жана ортодонтиялык стоматологияда диагнозду туура коюу үчүн алынган модель. Мисалы, ортодонтиялык (тиш-жаактын кыйшыктарын) дарылоодо дарылап баштай электе, дарылап жатканда дарылоо кандай жүрүп жаткандыгын тактап турууда колдонулат.

МОДЕ́ЛИ КОНТРО́ЛЬНЫЕ — көзөмөл үлгүлөр. Бул моделдер дарылоо башталганга чейин жана дарылоо бүткөндөн кийин жасалып, дарылоонун натыйжасын көргөзөт.

МОДЕ́ЛИ ОГНЕУПО́РНЫЕ — отко чыдамдуу үлгүлөр. Акыркы мезгилде металлдын куймаларын моделде куюу кеңири таралууда. Отко чыдамдуу Бюгелит, Силамин, Кристосил-1, Кристосил-2 (Россия), Кристобалит (США), Вироплюс, Вировест, Виропайнт, Белловест Т, Бегорал, БегоСол, Ауроплюс, Тонковест, Ликвид-контроль, Беллатерм (бардыгы Германияда чыгарылат) массалары 1400–1700°Сге чейин

ысытса да, физикалык жана химиялык касиеттерин өзгөртпөйт. Ошондуктан өтө татаал конструкциядагы доголуу протездердин каркасын отко чыдамдуу моделдерде куйганда протез сапаттуу болот.

МОДЕ́ЛИ РАБО́ЧИЕ ИЛИ ОСНОВНЫ́Е — жумушчу же негизги үлгүлөр. Бул моделдерде жасалма тиш же ар түрдүү бет-жаак жана таңдай аппараттары жасалат.

МОДЕЛЬ СЕПАРА́ТОР — үлгү сепаратор. Гипсти керамика массадан бөлүү үчүн жасалган атайын суюктук. Гипстин бетине сыйпагандан кийин 2 мүнөттө кургап, катмар пайда болот. Лихтенштейнде чыгарылат.

МОДИО́ЛЮС — модиолюс. Оолдун бурчунун тегерегинде жайгашкан сегиз ымдоо булчуңдарынын ооздун кире беришин эрин жана уурт жакка бөлүп турушу.

МОЛО́ЧНИЦА — оозул. Жаш баланын тили, эриндеринин ичи ылжырап сезгенүүсү, ооздун ичи көчүп кеткен оору. Мында бала тамактана албай, дененин температурасы көтөрүлүп кыйналат.

МОЛО́ЧНЫЕ ЗУ́БЫ — сүт тиштер. Сүт тиштерди рим цифрасы менен белгилейт. Алар 5,5–6 айдан 30–36 айга чейин чыгып бүтөт, саны 20 болот.

МОЛО́ЧНЫЙ ПРИ́КУС — сүт тиштердин катышы. Үстүнкү жаакта төрт кашка тиш, эки кылкыйма, төрт азуу тиш болуп, бардыгы 10 болот, ылдыйкы жаактагы 10 тиш дагы ушундай аталат.

МО́НСОНА КРИВА́Я — Монсон ийриси. Автордун далилдөөсү боюнча тиштердин кесүү жана чайноо бети диаметри 20 см болгон сферанын бетине тегиз тийип турса, ал эң жакшы окклюзиялык тегиздик боло алат.

МОЛЬДИ́Н — мольдин. Глицерин менен каолиндин (ак топурак) кошулмасы. Жасалма жана ортодонтиялык коронка жасаганда керектелүүчү материал.

МОЛЯ́РЫ — чоң азуулар. Үстүнкү жаакта үч, астыңкы жаакта эки тамырлуу болот. Чайноо беттери жайык келип, 4–5 дөмпөкчөлөрү менен тамакты майдалап чайнайт.

МОСТОВИ́ДНЫЙ ПРОТЕ́З — көпүрөчө протез. Тиштердин кыркасында эки жагы чектелген кемтик пайда болгондо коюлуучу эки жактан таянычы бар жасалма тиш. Бул тиш ооздо туруктуу жана ооздон алына турган болушу мүмкүн.

МОТИВА́ЦИИ К ПРОФИЛА́КТИКЕ — алдын алууга кызыктыруу. Стоматологиялык оорулардын алдын алууга адамды кызыктыруу аракети. Ал үчүн массалык түрдө туура жашоонун гигиенасын дайыма аткарууну үйрөтүп түшүндүрүү. Жашына, адистигине байланыштуу жекече иш аракет өзүнчө болот.

МУМИФИКА́ЦИЯ — мумиялаштыруу (кургатып катыруу). Тиштин өзөгүн дарылоодо канал тар болуп, толук ачылбай калганда аны химиялык заттар менен катырып, кургатып зыянсыздандыруу.

МЫШЛЕ́НИЕ КЛИНИ́ЧЕСКОЕ — клиникалык ой жүгүртүү. Пациентке тиешелүү диагностикалык жана терапиялык маселеде врачтын аӊ-сезимдүүлүк менен өзүнүн тажрыйбасын, билимин, илимин, клиникалык мүмкүнчүлүгүн эффективдүү пайдалануу үчүн ойлонуп аракеттенүүсү.

МЫ́ШЦЫ ЖЕВА́ТЕЛЬНЫЕ — чайноо булчуӊдары. Жаакты кыймылга келтирип, чайноо процессин ишке ашыруучу булчуӊдар. Алар бир учу менен астыӊкы жаакка бекилип, аны ар кандай кыймылга келтирет. Астыӊкы жаакты көтөрүүчүлөр: чыкый, чайноо, ички канат сыяктуу; төмөн тартуучулар: эки карындуунун алдыӊкы булчуӊу, жаак-тил асты, ээк-тил асты; алдыга жылдыруучулар: сырткы канат сыяктуу булчуӊдар. Төмөнкү жаакты артка тартууда ээк-тил булчуӊу да аракеттенет.

МЫ́ШЦЫ МИМИ́ЧЕСКИЕ — ымдоо булчуӊдары. Бул булчуӊдардын баштары сөөккө бекилбейт, алар теринин астында жайгашышат. Сүйлөгөндө, күлгөндө, оозду ачканда, жапканда, чекени тырыштырганда, кулакты кыймылдатканда ж. б. кызмат аткарат.

МЫШЬЯКО́ВИСТАЯ ПА́СТА — мышьяктуу паста. Тиштин өзөгү сезгенгенде, катуу ооруганда колдонуучу уулуу зат. Кошулмасында мышьяктан башка кокаин, тимол же преднизолон, танинге окшош дарылар болот.

МЫЩЕЛКО́ВЫЙ ОТРО́СТОК — муун жөлөк өсүгү. Чыкый-астыңкы жаак муунунун негизги бөлүгү, астыңкы жаактын өсүгүнүн чыкыйга жетип, жумуруланып бүткөн өсүгү.

Н

НА́ДДЕСНЕВИК (Э́ПУЛИС) — эпулис. Тиштин бүртүгүндө жана тиштин моюнунун айланасында пайда болгон өсүк.

НАДКО́СТНИЦА — сөөктүн кабыгы. Тыгыз бирикме ткандан түзүлүп, сөөктү каптап турган жана майда кан тамыр менен нервге бай кабык.

НАЖДА́ЧНАЯ БУМА́ГА — жылмалоочу кагаз. Кагаздын же матанын бетине жабыштырылган корунддун, темирдин күкүмүнөн жана майда кумдан (кремнезём) турган, жасалма тиштерди жылмалоочу кагаз.

НАЗА́ЛЬНЫЙ — назальный. Мурунга тиешелүү дегенди билдирүүчү түшүнүк. Мисалы: үстүңкү жаактын мурун жөлөк сөөгү (носовой отросток верхней челюсти).

НАЗИО́Н — назион. Бет сөөгүн капталдан караганда ортоңку сызыгы боюнча мурун сөөк менен маңдай сөөк бириккен антропометриялык чекит.

НАКЛЁП — наклёп. Согуунун натыйжасында металлдын катуулугун арттыруу.

НАКОВА́ЛЬНЯ ЗУБОТЕХНИ́ЧЕСКАЯ — тиш техникалык дөшү. Таманы төгөрөк, оор металлдан жасалып, ага тик (вертикалдуу) устун коюлат. Таманда, устунда көлөмү, формасы тиштерге окшош өсүктөр (талча) болот, өсүктөрдүн жардамы менен жасалма коронканын зарыл формасын алдын ала келтирип алат.

НАКОНЕ́ЧНИК — учтук. Бор машинанын жеңинин акыркы механизми. Учтукка врач ар кандай кесүүчү (таш, бор, диск) аспаптарды салып, тишти өгөйт, кесет. Учтуктун түз жана бурчтук түрлөрү бар, түз учтук үстүңкү жаактын тиштерин ал эми бурчтугу астыңкы жаактын тиштерин дарылоого ыңгайлуу.

НАКЛО́ННАЯ ПЛО́СКОСТЬ — айдөш мейкиндик. Туура эмес өскөн тиштерди, жаак сөөгүн оңдоочу ортодонтиялык аппараттын бир бөлүгү — жантык аянтча. Тиштер аппараттын эңкейиш бетинде тамак жеген сайын сыйгаланып олтуруп түздөлөт.

НАЛЁТ ЗУБНО́Й — тиштин кебери. Тиштерин дайыма тазалабагандарда, айрыкча тамеки тарткандарда, тиштин эти сезгенгенде, кайсы бир тиш ооруп, ошол жак менен тамак чайнабай калганда тиштердин бетинде жабышкан катмар пайда болот. Ушул бойдон кала берсе ал тиштин ташына айланып кетет.

НАПОЛНИ́ТЕЛИ КОМПОЗИ́ТНЫХ МАТЕРИА́ЛОВ — композиттик материалдардын толуктагычтары. Тиштерди кыттоо үчүн колдонулуучу заттардын өңүн тиштерге окшоштуруу жана алардын тишке жабышкактыгын жогорулатуу үчүн кошулган заттар. Толуктагычтардын саны аз эле пайызды түзөт.

НАПЫЛЕ́НИЕ — чаңдаштыруу. Жогорку ысыктыкта, абасыз көлөмдө, тиштин бетине күкүм түрүндөгү заттарды чаңдатып жабыштыруу. Мисалы, дат баспоочу болоттон жасалган жасалма тиштердин бетине титан нитритин жана цирконийдин чаңын жабыштырганда алар сары (алтынга окшош) түскө боёлот, алардын катуулугу артып көпкө чыдайт.

НАРКО́ЗНЫЙ А́ППАРАТ — уктатуу аспабы. Оорутпоо жолу менен организмдин кээ бир жеринин же бүтүн бардыгынын сезүүсүн жоготуу үчүн колдонуучу аспап. Наркоз менен уктаганда адам кыймылдабайт, кескенди, сойгонду сезбейт, булчуң эттери жыйрылбай, операция жасоого тосколдук кылбайт.

НЁБНЫЕ СЛЕПЫ́Е Я́МКИ — таңдайдын сокур чуңкуру. Катуу тандай менен жумшак тандайдын чек арасында, катуу тандайды тең экиге бөлгөн сызыктын эки жагында бирден эки чуңкурча жайгашкан. Алар кийме тиш жасаганда, анын акыркы кырын, жумшак таңдайды канча жаап турарын көргөзүүчү болжол.

НЕВРАЛГИ́Я — невралгия. Анатомиялык бир аз өзгөрүүлөрдүн натыйжасында боло турган четки нерв талчаларынын оорусу. Функционалдык-динамикалык бузулуулардан келип чыккан өзүнөн өзү курч, катуу оору. Нерв талчалары тараган жер ооруйт, ошол жерлерде тери кызарып, бозоруп, тердегенсип же кургап турат. Түнкүсүн оору күчөбөйт, ооруган адам тынч уктайт.

НЕВРИ́Т — неврит. Четки нерв тамырларынын анатомиялык өзгөрүүлөрдөн улам пайда болуучу оорусу. Мында ооруган жердин кичирейип, азайып жоюлушу (атрофия), булчуңдун күчүнүн азайышы, сезгичтиктин төмөндөшү байкалат, кыймылдоо, ж. б. иш-аракеттер басаңдап, толук иштебей шал болуп калат.

НЕЙРОПАТИ́Я ТРОЙНИ́ЧНОГО НЕ́РВА ОДОНТОГЕ́ННАЯ — үч илтик нервдин тиштин себебинен оорушу. Тишти же анын тамырын жулганда, ийне сайганда, тиштин каналы аркылуу аны дарылаганда заттардын көп чыгып, үч илтек нервди басканда, жанчылганда боло турган оору. Оорунун пайда болушуна тиштин оорусу себепчи болот. Мында жулунган тиштин орду же дарыланган тиш жана анын айланасы сыздатып ооруйт, тиштин, тиштин этинин, тилдин жармысынын, ошол жактагы беттин сезгичтиги азаят, кээде эч нерсени сезбей да калат. Айыктыруу үчүн физиотерапиялык дарылоону колдонуу керек.

НЕЙРОФИБРОМАТО́З (болезнь Реклингхаузена) — нейрофиброматоз. Оорунун негизги белгиси былжырлуу кабыкчада жана териде нейрофиброма (нерв тканынын чарымдуу шишиги) – темгил-тактар көбөйүп кетиши. Оору бир эле үй-бүлөдө болуп, психикалык, гормоналдык, неврологиялык өзгөрүүлөргө дуушар кылат. Балдар өз теңтуштарына караганда акыл-эси начар болот. Өсүшү, чоңоюшу жагынан артта калат.

НЕКРО́З — өлүмтүккө айлануу. Тиш-жаак системасында үшүктөн, күйүктөн болот. Ошондой эле тиштин өзөгүн жансыздандырууда мышьяк пастасын колдонушат, пастанын былжыр кабыкчага, жаак сөөгүнө тийишинен алар өлүмтүккө айланат.

НЕПЕРЕНОСИ́МОСТЬ К ПЛАСТМА́ССОВЫМ ПРОТЕ́ЗАМ — пластмасса жасалма тиштин жакпагандыгы. Пластмассадан жасалган кийме тиш менен жүргөн кээ бир кишилерде ар түрдүү тынчсыздануулар пайда болот. Кийме тишти (протезди) ооздон алып койсо, басылып калат. Мындай учурда пластмассаны бышыруу технологиясы бузулуудан деп айтууга болот, бирок кээде технология так аткарылганда да абал өзгөрүлбөйт. Анда кийме тиштин пластмасса негизин металлдан жасоо керек.

НЕПРА́ВИЛЬНОЕ ГЛОТА́НИЕ — туура эмес жутуу. Тамакты жутуу аракетинде тил, уурт, жумшак таңдай, ооздун астындагы булчуңдар, тамак, кызыл өңгөчтөр ишке кирет. Нормада тамак жутканда тиштер (үстүнкү жана астыңкы жаактагы) тиштенип, тийишип турат, эриндер дагы. Тил катуу таңдайдын алды жагына жана үстүңкү маңдай тиштердин моюнчаларына такалат, тил алдындагы сөөк көтөрүлөт да, ооз көңдөйүндө басым көбөйүп, тамак жутулат. Жаңы төрөлгөн, эмчектеги баланын тиштери жок болгондуктан, жаак жабылбайт, тил таңдайга такалбастан, эринге жана ууртка такалат. Мындай жутуу 8–10 айга, тиштер чыкканга чейин созулат. Бул туура эмес жутуу, эгерде бала эмчек эмбей, бөтөлкөдөн тамактанып чоңойсо, өмүр бою ушинтип калат. Мунун себеби упчу узун жана көзөнөгү чоң болгондуктан, сүт, суюк ботко өзү эле агып келип, баланын астыңкы жаагы соруу кызматын дээрлик аткарбагандыгында. Бул акыры бала чоңойгондо ачык тиштенүүчү (прикустуу) болушуна же астыңкы жаактын өспөй калышына алып келиши мүмкүн.

НЕРЖАВЕ́ЮЩАЯ СТАЛЬ — дат баспоочу болот. Жасалма коронкаларды, көпүрөчө протездерди, шакшактарды, илмектерди даярдоо үчүн колдонулат. Курамы: 0,1% көмүртек, 18% хром, 9% никель, 0,3% кремний, 0,5% марганец, 2% га жакын титан жана 70% темир. Кайнатып куюу үчүн ЭИ-95 маркасындагы болот чыгарылат, мында кремний, хром, никелдин кошулмасы көбүрөөк. Бул КХК – кобальт, хром эритиндиси.

НЕСТИРА́ЕМОСТЬ ТВЁРДЫХ ТКА́НЕЙ ЗУБО́В — тиштин катуу тканынын (эмаль, дентин) жешилбей калышы. Адам 35 жашка чыккан убакта кылкыйма, кичи жана чоң азуулардын курч дөмпөктөрү жешилип, аянтчага айланышы керек. Жешилбесе тиштер тишке урунуп отуруп бошоп, кыймылдап түшүп калат. Ошондуктан врач стоматолог кара кагаздын (копирка) же момдун жардамы менен аларды таап өгөп, резина менен жылмалап койсо тиштер көпкө турат. Врач өгөгөндөн кийин тиш кариес менен ооруп бузулбайт.

НЕСЪЁМНЫЙ ПРОТЕ́З — алынбоочу же бекилүүчү протез. Жасалма тиштин цементтин же атайын жасалган желимдин жардамы менен табигый таяныч тиштерге бекитилген түрү.

НЁБО — таңдай. Ал катуу жана жумшак бөлүктөрдөн турат. Ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүн бөлүп, калпактай болуп ооз ичин түзөт.

НИ́КЕЛЬ — никель. Химиялык элемент. Дат баспоочу болотко жогорку катуулукту берүү менен бирге, аны ийкемдүү, жабышкак кылып, дат баспоочулук касиетин күчөтөт.

НО́БУС ТМ — нобус ТМ. Жогорку ысыктыкта полимерленүүчү жумшак пластмасса. Ал полифосфазендүү флюорэластомерден турат.

НОЗОЛОГИ́ЧЕСКИЕ ЕДИНИ́ЦЫ ИЛИ ФО́РМЫ — нозологиялык бирдиктер же формалар. Морфологиялык жана функционалдык өзгөрүүлөрдүн негизинде өзүнүн өзгөчөлөнгөн белгилери бар, пайда болуу себеби жана механизми билинген оорулардын түрлөрүнө же формаларына кирет.

НО́МА — нома. Ооз, мурун, беттин жумшак ткандарын жабыркатуучу нымдуу, ириңдүү жара. Териден сөөккө чейинки ткандарды жаралантып, ириңдетип, сөөктөн ажыратып коёт. Бул оору менен 2 жаштан 15 жашка чейин балдар көп оорушат. Ооздогу жара-чирик оозулдай болот. Оору жыныс органдарында жана арткы тешикте да болот.

НОРАКРИ́Л-100 — норакрил-100. Тиштерге кыт коюу үчүн чыгарылган акрил пластмассасынан жасалган зат. Ал ар кандай өңдөгү күкүмдөн жана суюктуктан турат. Күкүмдүн 80% толуктоочу катары кварцтан, өң берүүчү

боёктон турат, толуктоочу тишке жабышкактыгын жогорулатып, көлөмүнүн кичирейиишине, жыйрылышына жол бербейт, күкүм менен суюктук аралашканда полимерлешүү процесси жүрүп, пластмасса катат.

О

ОБЕЗБО́ЛИВАНИЕ — оорутпоо. Сезгичтикти атайын жоготуу, стоматологияда кеңири колдонулат. Дарылай турган жер ооруй турган болсо, ал жердин сезгичтигин убактылуу жок кылып, адамды кыйнабай, чочутпай, оорутпай жумуш бүтөт. Мисалы: пульпит, периодонтитти дарылаганда ийне сайып койсо адам эч нерсе сезбейт. Тиш же тиштин тамыры жарабай калса аны жулуу үчүн да ийне сайылат. Ийне саюу үчүн новакоин, тримекаин, лидокаин, рихлокаин, убистезин, септанест ж. б. дарылардын эритиндилери колдонулат.

О́БЖИГ — күйгүзүү. Ар кандай материалдарды ысытып, күйгүзүп жана жогорку ысыктыкта бир нече убакытка кармап, ысыткан материалды каалаган касиетке ээ кылып, керексиз аралашмалары болсо аларды жок кылуу. Алтынды тазалоодо, фарфор тиштерин жасоодо, дат баспоочу гильзаны жумшартууда күйгүзүү иштери жүргүзүлөт.

ОБЛИТЕРА́ЦИЯ — тарылуу. Адам улгайган сайын тиштин ичиндеги көңдөйү жана каналы тарый берет, каналдары тарып, бүтөлүп калган тиштерди дарылоо кыйыныраак. Ар кандай дарылар, аспаптар менен кеңейтип дарылоого аракеттенүү жакшы натыйжа берет.

О́БЛОЙ — облой. Металлды штамптаганда, куйганда кырында пайда болгон кабырчык.

О́БМОРОК — эстен тануу. Стоматологиялык иш аракетте мындай көрүнүштөр боло берет. Кээ бир коркок адамдар тиштин тамырын же тишти жуларда шприцти көргөндө эле же ийне сайгандан кийин эстен танып, кан басымы түшүп, муздак тер басып, жыгылып калат.

ОБОЛОЧКА СЛИ́ЗИСТАЯ ТВЁРДОГО НЁБА — катуу таңдайдын былжыр кабыкчасы. Таңдай сөөктүн чел кабыгы менен тыгыз өскөн былжыр кабыкчасы. Люнддун аныктамасы боюнча төрт зонага бөлүнөт: 1) таңдайдын так ортосунан алдыдан артка карай өткөн — борбордук зона (былжыр кабыкчанын астында катмар жок); 2) таңдайдын жантыгы боюнча азуу тиштерге чейинки четки зона (былжыр кабыкчанын астындагы катмары болор-болбос); 3) таңдайдын алдыңкы жагындагы үчтөн бир бөлүгү — майлуу зона (былжыр катмардын астында май катмары бар); 4) таңдайдын арткы жагындагы үчтөн эки бөлүгү — бездүү зона (былжыр кабыкчанын астында былжыр бездери, майда кан тамырлар, май катмары көп жайгашкан). Төртүнчү зонаны Е. И. Гаврилов менен В. И. Кулаженко буфердик зона деп аташкан.

ОБСЛЕ́ДОВАНИЕ ЗУБО́В — тиштерди изилдөө. Тиштерди изилдөөдө стоматологиялык күзгү, зонд, пинцет керек. Сол колго күзгүнү, оң колго зонд же пинцетти кармап оң жактагы астыңкы азуу тиштерден баштайт, карап олтуруп сол жактагы азуу тиштерге жетет, анан сол жактагы үстүңкү азуу тиштерден баштап, оң жактагы азуу тиштерге чейин карайт. Күзгү тиштерди бардык жагынан (ичи, сырты) кароого мүмкүнчүлүк берет, зонд кариестин тереңдигин, тиштин этинин чөнтөкчөсү болсо анын тереңдигин, пинцет менен тиштин кыймылдаганын аныктайт.

ОБТУРА́ТОРЫ — обтураторлор. Катуу жана жумшак таңдайлардын жырыгын жабуу үчүн жасалуучу атайын протез. Алар каучуктан, металлдан, пластмассадан жасалат. Ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүн айтылган протез менен чектегенден кийин соруу, жутуу, чайноо жана тагыраак сүйлөө калыбына келет. Катуу таңдай жырыгын оңдоо оңой, жумшак таңдай кыймылдап тургандыктан, оңдоо бир топ кыйын. Жаакта кармалып турушуна байланыштуу кыймылдабай турган (Сюерсендики), кыймылдап турган (Шильдскийдики) жана калкылдап турган (Кезаныкы) болуп бөлүнөт. Ошондой эле обтуратордун ар кандай түрлөрүн Л. В. Ильина-Маркосян, З. Н. Померанцева-Урбанская, В. Ю. Курляндский, А. А. Аксенов, З. И. Часовская ж. б. жасашкан.

ОДОНТОБЛА́СТ — одонтобласт. Тиштин өзөгүнүн ичинде болуп, тиш сырткы дүүлүктүргүчтөрдү сезген сайын, тиштин көңдөйүнүн ички катмарын дентин катмары менен калыңдатып туруучу өзгөчө клетка.

ОДОНТО́МА — одонтома. Тиштин айланасындагы кошулма ткандарда болуучу шишик, клиникалык өзгөчөлүгүнө жараша жөнөкөй жана кисталуу болуп бөлүнөт.

ОДОНТОПАРОДО́НТОГРА́ММА — одонтопародонтограмма. Тиш менен тиштин этинин ортосундагы чөнтөкчөнүн тереңдигинин деңгээлин сыпаттап жазуу үчүн В. Ю. Курляндский атайын таблица сунуш кылган. Таблицаны жасаш үчүн ал Габердин айткандарына кайрылган. Габер ар бир тиштин көтөрүү чыдамдуулугун аныктаган. Мисалы, эркектерге тиешелүү үстүңкү жаактын каптал кескич тиштеринин жана астыңкы жаактын төрт кескич тиштеринин эң аз физиологиялык чыдамдуулугу 23 кг болгон. Аларга 1 деген бирдик берилген, калган тиштердин чыдамдуулугун 23кө бөлгөн. Ошондо ар бир тиш өзүнүн бирдигине ээ болгон. Таблицада тиштердин формуласы жана тиштин этинин качышына (атрофия) байланыштуу төрт даражасы бар. Тамырдын узундугун көз менен көрүнбөгөндүктөн, тиштин коронкасы эсепке алынат. Болжол менен тиштин тамыры тиштин коронкасына караганда эки эсе узун, ошондо коронканын жарымы тамырдын 1/4 бөлүгү болуп эсептелет. Күзгү жана зонд менен ар бир тиштин айланасын төрт жагынан чукуп, зонд менен тереңдигине жараша таблицага белгилейбиз. 1-даража – тиштин тамырынын айланасындагы бүйлөнүн 1/4 бийиктиги качып калды дегенди түшүндүрөт. Демек зонд чөнтөкчөгө коронканын узундугунун жарымына чейин кирди. Эгерде зонд коронканын бийиктигин бүт ээлесе, тиштин тамырынын айланасындагы тишти кармап турган ткандардын атрофиясы тамырдын жарымына чейин деп билүү керек. Бул – 2-даражадагы атрофия процесси. Атрофия тиштин коронкасынан көп болсо, анда тиштин тамырынын айланасындагы бузулуу болот. Эгерде зонд 3/4төн көп болсо, анда бул тиш жокко эсе. Тиштер жулунуп жок болгон учур үчүн нөл (0) деген графа бар.

ОЖО́ГИ — күйүктөр. Себебине жараша электр тогунан, ысык металлдан, кайнак суудан, химиялык заттардан күйүү деп бөлүнөт. Катуулугуна жараша күйүктүн төрт даражасы бар: 1-даражада тери кызарып калат; 2-даражада тери кызарып, шишип, ыйлаакчалар пайда болот; 3-А даражада теринин анча-мынча жери өлүү тканга айланат; 3-Б даражада теринин бети сыйрылып, тегиз өлүү тканга айланат; 4-даражада күйүк териде гана эмес, терең катмарга чейин жетип, бүт бойдон өлүү тканга (некроз) айланат.

ОЗОКЕРИТО́ЛЕЧЕНИЕ — озокерит менен дарылоо. Церезин, парафин, чайырдан (смола) турган, дарылык касиетке ээ кошулма. Бул зат тиштин бүйлөсү ооруганда колдонулат.

ОКА́ЛИНА — ширенди. Дат баспоочу болоттон жасалма коронка жасоо ишинде, аны отко ысытып, ийкемдүү кылып иштешет. Ошондо металлдын бетинде пайда болгон күйүндү катмар.

ОКИСЬ ЦИ́НКА — цинк кычкылы. Тиштин тамырынын каналын дарылоодо колдонулуучу зат. Сезгенүүнү жеңилдетет, жаралардын бетине сепкенде аны кургатат. Дары паста түрүндө, сыкма идиште чыгарылат,

ОККЛЮДА́ТОРЫ — окклюдаторлор. Үстүнкү жана астыңкы жаактарды ачып жаап туруучу эң жөнөкөй аппараттар. Үстүнкү жана астыңкы алкактан жана аларды бириктирип турган ашык-машыктан, бийиктикти кармап туруучу шиш (штифт) же бурамадан турат. Бул аспап тиштердин кемтигин толуктоодо жана тиштер жок болгондо пайдаланылат. Жаак-тиш системасынан айырмаланып, окклюдатордо жогорку алкак кыймылга келип турат.

ОККЛЮЗИОГРА́ММА — окклюзиограмма. Тиштердин чайноо бетиндеги кээ бир дөмпөкчөлөр канадайдыр бир себептер менен физиологиялык жешилүүгө учурабай калат да, тамак чайнаганда ошол дөмпөкчөлөр бири-бирине урунуп, тиштер бошоп, кыймылдап кетет. Ошол дөмпөкчөлөрдү таап өгөп салуу керек, аны үчүн көчүрмөлөгүч кагазды (копировальная бумага) же калыңдыгы 0,2 мм болгон мом пластин-

касын тиштердин чайноо бетине коюп, тиштетет, ошондо кайсы дөмпөкчөдө так калса же момду жарыкка караганда тешилген жери болсо, ошол дөмпөкчөлөрдү бор машина менен өгөп, резина менен жылмакайлап коюу керек.

ОККЛЮЗИО́ННАЯ ВЫСОТЫ НИ́ЖНЕЙ ТРЕ́ТИ ЛИЦА́ — беттин ылдыйкы үчүнчү бөлүгүнүн окклюзиялык бийиктиги. Тиштери бүтүн жаштардын бети үчкө бөлүнөт: маңдайдын чач чыккан жеринен каш сөөгүнө чейин, каш сөөгүнөн таноого чейин, таноодон ээктин астына чейин, ушул үч аралык (бийиктик) өз ара тең болуу керек. Тиштери бар кишилерде астыңкы бийиктик аралыгы сакталат, тиштер толук түшкөндө же үстүнкү жаакта сол жакта, астыңкы жаакта оң жакта тиштери болуп, бири-бирине тийбей турса, анда бул бийиктик бузулат да, беттин төмөнкү үчүнчү тиштенүү бийиктиги кичирейет же тиштенүү (прикус) жок болот.

ОККЛЮ́ЗИЯ — окклюзия. Тиштердин тийишип, тиштешип турушу. Тиштешүү бардык тиштерде жана кайсы бир гана тиштерде болот. Ошондуктан бардык тиштер тийишип турса, борбордук тийишүү, маңдайкы тиштер тийишип турса, алдыңкы тийишүү жана каптал тийишүү деп аталат. Каптал тийишүү оң жана сол болуп экиге бөлүнөт.

ОКОНТО́ВКА — оконтовка. Тишсиз жаактарга кийме тиш жасаш үчүн гипстен калып алгандан кийин, өздүк калыптын кырларын кайнак мом менен жука кылып куюп чыгуу же жумшак момду калыптын кырына жабыштырып коюу. Бул калыпты үлгүдөн оңой ажыратат жана жасалган протез жаакта жакшы кармалат.

ОМНИФЛЕ́КС — омнифлекс. Полисульфиддүү (тиоколдуу) калып алуу үчүн сапаттуу масса. АКШда чыгарылат.

ОПАЛЕСЦЕ́НЦИЯ — опалесценсия. Жарыкты күңүрт чөйрөдө чачыратуу. Мисалы, коллоиддүү чөйрөгө жарык берүү.

ОПЕРАТИ́ВНАЯ ОБРАБО́ТКА КАРИО́ЗНОЙ ПО́ЛОСТИ — кариес көңдөйүн оперативдик иштетүү. Тишке кыт (пломба) коёрдун алдында тиштин чиригин (кариес) ар түрдүү формадагы бор менен өгөп даярдоо төрт этаптан турат: алды

менен тиштин чириген көңдөйүн кеңейтүү, бузулуп калган тиштин эмаль, дентин катмарын өгөп алып таштоо (некротомия), көңдөйгө форма берүү жана кутуга, үкөккө окшош форманын четин кыруу.

ОПЕРА́ЦИЯ ЦЕЩИНСКО́ГО-ВИ́ДМАНА-НЕ́ЙМАНА — Цешинский-Видман-Нейман операциясы. Тиштин этинде пайда болгон чөнтөкчөлөрдү жана жаак сөөгүнүн доо кеткен кырын кесип алып таштап, жараланган жерди тазалап, тиштерди шакшактап кыймылдатпай коюу. Пародонт ткандарынын оорусун дарылоодо колдонулат.

ОПРЕДЕЛЕ́НИЕ ВЫСОТЫ́ ПРИ́КУСА В ПОЛОЖЕ́НИИ ЦЕНТРА́ЛЬНОГО СООТНОШЕ́НИЯ ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаактардын борбордук абалында тиштердин катышынын бийиктигин аныктоо. Ортопедиялык стоматологияда кийме тиш жасоодо колдонулуучу ыкма. Үстүнкү жана астыңкы жаактардын борбордук катышын аныктоо. Мында анатомиялык, антропометриялык, анатомия-физиологиялык жана функциялык-физиологиялык ыкмалар бар. Бул ыкмаларды атайын адабияттарда окуса болот.

ОПРЕДЕЛЕ́НИЕ pH СЛЮНЫ́ — шилекейдин кычкылдуулугун аныктоо. Нормада шилекейдин кычкылдуулугу 6,9–7,0ге барабар. Ооз ичинде сезгенүү жана электр-химиялык процесстер, ичеги-карын оорулары пайда болсо, ооздун гигиенасы начар болсо, кычкылдуулук 5,5–6,0га төмөндөйт. Тиштерге таштар чогулганда кычкылдуулук төмөндөп, 4,5–5,0 болуп калат.

ОПО́РНЫЕ ЧА́СТИ МОСТОВИ́ДНОГО ПРОТЕ́ЗА - көпүрөчө сымал жасалма тиштин таяныч бөлүктөрү. Көпүрөчө сымал жасалма тиштин таянычы табигый тиш. Таяныч болуп жасалма каптамалар, кыпчыктар, шиштүү тиштер, өз тишке таянып, жасалма тишти кармоочу илмектер жана алардын айкалышуулары (комбинациясы) кызмат кылат.

ОПРО́С — сурамжылоо. Пациенттин оорусунун тарыхын тактоо.

О́ПУХОЛЬ — шишик. Ар кайсы ткандардын көлөмүнүн өзгөрүшүнө, кайсы жерде жайланышканына жараша: был-

жыр кабыкчанын шишиги, байланыштыргыч ткандын шишиги, кан тамыр, сөөк жана башка органдарда болсо ошонун атынан шишикти атап айтышат.

ОРА́ЛЬНЫЙ — ооз жак. Тиштерди тиштегенде пайда болгон тил-таңдай жактагы көңдөйдү оральный деп айтат. Тиштердин тил-таңдай бети оральный жагы, эми тиштер менен уурт-эрин жагы вестибулярный деп аталат.

ОРБИТАЛЬНАЯ ПЛО́СКОСТЬ — көздөрдүн эң ылдыйкы кыры менен өткөн түз сызык.

ОРМОКЕ́РЫ — ормокеры. Тиштерди кыттоо үчүн жаңы чыгарылган полимерлүү материал. Курамында органикалык полисилоксан бар.

ОРОГОВЕ́НИЕ — чордонуу. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын эпителий катмары кератиндин таасиринен катуулап чордонот. Айрыкча чайнаганда басым көп түшкөн, көп сүрүлгөн жерлерде, таңдай менен кызыл ээкте кездешет.

ОРТОГНАТИ́Я — ортогнатия. Тиштердин катышынын физиологиялык түрү, мында үстүңкү жаактын маңдайкы тиштери астыңкы жаактын тиштерин 1/4 бийиктикке чейин жаап турат.

ОРТОДОНТИ́Я — ортодонтия. Ортопедиялык стоматологиянын бир тармагы. Тиш-жаак системасындагы туура эместиктерди: тиштердин катарынын, өсүшүнүн, жайгашуусунун, формасынын ар кандай өзгөрүүлөрүн изилдейт, ар кандай ортодонтиялык аспаптар менен дарылайт, ооруну болтурбоо үчүн алдын алууну жүргүзөт.

ОРТОДОНТИ́ЧЕСКИЕ АППАРА́ТЫ — ортодонтиялык аппараттар. Туура эмес өскөн тиштерди, тиштердин катарын жана тиштердин катышын, жаак сөөгүн оңдоодо колдонулуучу ар кандай аспаптар. Алар жумшаган күчүнө карата механикалык (ортодонтиялык таасир этүүчү күч аппаратта болот, ал күчтүн жардамы менен врач бураманы бурап, жипти кайра тартып байлап, серпилме оромду чоюп киргизет), функциялык (ортодонтиялык күч чайноо булчуңунда болот) жана курамдырылган (бир аппаратта механикалык да, функциялык да аракет болот) болуп бөлүнөт. Бул аппарат-

тар тишке, үстүңкү жаакка, таңдайга, астыңкы жаакка коюлат. Ортодонтиялык дарылоо бүткөндөн кийин алынган натыйжаны кармап калуу үчүн ретенциялык аппарат болот. Акыркы убакта Брекет системасын колдонуу жакшы натыйжа берүүдө, алар тиштин сырткы жана ички бетине жабыштырып бекитилет.

ОРТОКО́Р — ортопедиялык корректор. Эки жагы целлофан кагаз менен чапталган (кургап калбасын үчүн) пластинка. Тиштер таптакыр жок болгондо кийме тиш жасалат. Кайсы бир убакта ал протездерди көп өгөгөндөн же калыпты туура эмес алып протез жасагандан алар жаакта кармалбай калат. Ошондой учурда ортокор пластинкасын жылуу сууга салып жумшартып протездин бетине жабыштырып оозго кийгизет. Пациент 24–48 саат кийип жүрүп келет, ошондо ашыкчасы ысык тамак жегенде, чайнаганда чыгып жутулуп кетет (адамга зыяны жок), тийиштүү чек боюнча керегинче калат, анан протезди ооздон абайлап алып, кюветага гипстейт. Протездин чегине жетпей калган жерлерди ортокор толуктап калат. Гипстелген кюветаны ачып, протездин бетиндеги болгон ортокорду кырып алып салып, ордуна пластмассаны салып, кюветаны кайра жаап, пресстеп, полимерлейт. Ортокордун курамы: табигый канифоль чайырынан, этиллцелюлозадан, толуктагыч жана жумшарткыч заттардан турат.

ОРТОПЕДИ́Я — ортопедия. Медицинанын дене жана колу-буттун кыйшайып калышын дарылоо ишин жүргүзүүчү эң ири бөлүмү. Ал эми стоматологияда ортопедия тиш кемтиктерин, тиштердин катарынын кемтигин же тиштер таптакыр жок болгондо жасалма тиштер (протез) жасап оңдоочу илим.

ОРТОПЕДИ́Я ЧЕЛЮ́СТНО-ЛИЦЕВА́Я — жаак-бет ортопедиясы. Ортопедиялык стоматологиянын бир бөлүгү: тиш-жаак травматология жана тиш-жаак тиш салуу болуп бөлүнөт.

ОРТОСИ́Л-М — ортосил-М. Ийкемдүү пластмасса тобундагы материал, толукталган силикон каучугунан турат. Бул материалга атайылап вулканизация жасап убаралануунун

зарылдыгы жок, суюктугу менен аралаштырганда өзү эле оодун ичинде катууланат. Акрил пластмасса менен ортосилдин жакшы жабышышы үчүн комплектте атайын өзгөчө суюктук — поливинилметилоксиметиленсилоксан диизопролан эфири болот. Кийме тиш протездерин жасаганда жаак сөөгүн каптап турган былжыр кабыкча өтө жука болгондо ортосилден төшөнчү катмар жасаса, көп оорубайт, протезге батыраак көнөт.

ОСМО́ТР СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛОЧКИ ПО́ЛОСТИ РТА — ооз ичиндеги былжыр кабыкчаны кароо. Ооз ичиндеги жарааттардын себеби эмнеде экенин жөнөкөй көз менен карап билүү. Эгерде ал механикалык травма болсо, кичине жерде жанчылып кызарганы көрүнөт, токсиндик-химиялык болсо, анда былжыр кабыкча жалпы кызарууга, ооруга учурайт. Былжыр кабыкча өтө жука болсо, пациент ооруду дейт, бирок жакшы көрүнбөйт.

ОССИФИКА́ЦИЯ — сөөккө айлануу. Кемирчек жана бириктирүүчү ткандардын жана клетка аралык заттардын ар кандай минерал туздары менен толукталышы (айрыкча кальций тузу менен). Бул сынган сөөк бүтө баштаганда болуучу физиологиялык процесс.

ОСТЕОАРТРИ́Т — остеоартрит. Муунду түзүп турган сөөктөрдүн сезгиниши. Ооруган адам түндө уктай албай, тамак жей албай, денеси ысып бир топ азап чегет.

ОСТЕОАРТРО́З — остеоартроз. Билинбей, узакка созулган, сезгенүү процессинин натыйжасында ткандардын акырындап азайышы, кемирчек, сөөк, бириктирүүчү ткандардагы өзгөрүүлөр.

ОСТЕОБЛА́СТЫ — остеобласттар. Сөөк пайда кылуучу клеткалар. Тиш-жаак системасынын патологиясында (сынганда) айыгуу ушул клеткалардын катышуусу менен жүрөт.

ОСТЕОДИСПЛАЗИ́Я — остеодисплазия. Жалпы сөөктөрдүн өсүшүнүн бузулушу. Көбүнчө балдар оорушат. Бул көрүнүш «херувизм» оорусуна окшош болот, төмөнкү жаактын бурчтары симметриялык түрдө өзгөчө чоңоюп кетип, адамдын бет түзүлүшү бузулат, бет топтоголок болуп калат.

ОСТЕОДИ́СТРОФИЯ — остеодистрофия. Зат алмашуу процессинин бузулушунан жана калкан безинин ооруга чалдыгуусунан келип чыгат. Организмде туздардын азайышына алып келип, сөөктүн катуулугун начарлатат.

ОСТЕОКЛА́СТ — остеокласт. Сөөк тканынын көп ядролуу клеткасы. Сөөк кайсы бир себептер менен патологияга (бузулууга) кабылса, остеокласттар резорбция (сорулуу, жоюлуу) процессине катышышат. Пародонтит процессинде, тиштердин кыймылдап, шалкылдап, бошоп түшүп калуусуна остеокласттар себепкер болушат.

ОСТЕОМИЕЛИ́Т — кулгуна. Сөөктүн ириңдеп сезгениши.

ОСТЕОМИЕЛИ́Т ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаак сөөгүнүн кулгунасы. Кулгунанын себептери: кан аркылуу (гематогенный), ок жегенден же урунуудан (травматический) жана тишке байланыштуу (одонтогенный) деп бөлүнөт.

ОСТЕОПОРО́З — остеопороз. Организмдеги фосфор-кальций алмашуусунун бузулуусунун натыйжасында пародонттун жана жаак сөөгүнүн борпоңдошуусу, көңдөйлөнүшү.

ОСТЕОСКЛОРО́З — остеосклероз. Сөөктүн катууланышы, жаак сөөгүндө да кездешет.

ОСТЕОТОМИ́Я — остеотомия. Бет сөөгүнүн деформациясын оңдоодо сөөктү кесүү, кертүү, жонуу.

ОСТЕОЭКТОМИ́Я — остеоэктомия. Кийме тиш жасоодо жолтоо болушу мүмкүн болгон сөөктүн дөмпөкчөлөрүн операция жолу менен кертип алып салуу.

ОСТИ́Т — остит. Сөөктүн өзүнүн, чучугунун жана кабыгынын сезгениши.

ОСТРО́Н — острон. Тиши жок жаактардан калып алуу үчүн жеке ченкеп жасай турган акрил пластмассасы. Японияда чыгарылат.

ОСТЬ ПОДБОРО́ДОЧНАЯ — ээктин ички бетиндеги дөмпөкчө. Астыңкы жаактын борборунун тил жак бетиндеги дөмпөкчө сөөк, ага астыңкы жаактагы ылдый жылдыруучу булчуңдар жабышат.

ОТБЕ́Л — агартуучу зат. Туз, азот, күкүрт кычкылдарынын суудагы эритиндисинен турган суюктук; дат баспоочу

металлдан жасалган жасалма коронканын ширендисин (бетиндеги күйүндү) эритет. Алтынга жана платинага 40-50% дуу туз кислотасын, күмүш-палладий кошулмасына 96° спиртти колдонот.

ОТБЕ́ЛИВАНИЕ — агартуу. Туз, күкүрт, азот кычкылынын суудагы эритиндисине болоттон жасалган жасалма тиштерди салып, 45 секундга чейин кайнатып, дат баспоочу болоттон жасалган тиштердин сыртындагы окистик күйүндү катмарын эритүү.

ОТЁК — шишимек. Организмде туз жана суу алмашуу процессинин бузулушунан, суюктуктун чыкпай, тканда токтоп калышынан же жанчылуудан, сезгенүүдөн дененин формасы менен көлөмүнүн чоңоюп кетиши. Стоматологияда кан тамыр-нерв (ангионевротический) шишиктери эринде, мурунда, ооз ичиндеги былжыр кабыкчада кездешет. Өнөкөт инфекциялык оорулар, шамалдап калуу, дары-дармек, тамакка жана ар кандай заттарга аллергиялык реакциялар да шишимек болууга себепкер болот. Ошолордун бири Квинке шишимегинде эриндер шишисе, Мелькерссон-Розенталь синдромунда эрин менен бирге бет нервинин сезгениши жана тилдин бетинде кабырчыктардын пайда болуусу менен коштолот.

ОТЕ́К КВИ́НКЕ — Квинке шишимеги. Тил, жумшак таңдай, кулкун, эрин, мурун ткандарында кайсы бир аллергиялык себептен же тукум куучулуктан пайда боло турган оору.

О́ТЖИГ — күйдүрүү. Металлдын ички чыңалуусун жоготуу үчүн аны керектүү ысыктыкка чейин кызартып туруп, акырындап муздатуу.

ОТМОРОЖЕ́НИЕ ЛИЦА́ — бетти үшүк алуу. Турмушта катуу суукта бет, мурун, кулактын үшүгү кездешет.

ОТТИСК — калып. Слепок деген макаланы кара.

ОЦЕ́НКА КА́ЧЕСТВА И ПРА́ВИЛЬНОСТИ КОНСТРУ́КЦИЙ ЗУБНЫ́Х ПРОТЕ́ЗОВ — тиш протездеринин сапатын жана конструкциясынын тууралыгын баалоо. Мында ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын сезгенүүсүнүн себебин аныктоого болот. Механикалык сезгенүү протезге байланыштуу болуп, кичинекей эле жерде болот, аллергиялык сезгенүүдө кийме тишке тийип турган былжыр кабыкчанын бардыгы сезгенет.

ОЧАГИ́ ИНФЕКЦИО́ННЫЕ, СТОМАТОГЕ́ННЫЕ — стоматологиялык инфекциянын очоктору. Аларга ооз ичинде ириңдеп, сезгенген процесстер кирет: тиштин этинин сезгениши, пульпит, периодонтит, пародонтит, тиштин этинин чөнтөкчөлөрүнүн сезгенип татаалданышы, тиштин тамырынын учундагы гранулема жана кистанын чириши, перикоронорит (акыл азуу чыгарда бетиндеги эттин жанчылып, сезгенүүсү), тиштин таштары, туура жасалбаган жасалма тиштер, оо здогу ар кандай жаракаттар. Бул өнөкөт очоктордун зыяны бүт денеге таралышы мүмкүн.

П

ПАКО́ВКА — толтуруу. Кайсы бир көлөмдү толтуруу. Мисалы кийме тиштин негизин пластмассага алмаштырганда кюветага камырдай болуп жетилген пластмассаны салып толтурат.

ПАЛАДО́Н-65, ПАЛАДУ́Р, ПАЛАПРЕ́СС — палодон-65, паладур, палапресс. Кийме тиштин негизине колдонулуучу пластмассалар. Алар полимер жана мономерден турушат, мала кызыл, мала кызыл талчалары жана мала кызыл «кан тамырлары» менен жана түссүз болот. Германияда чыгарылат.

ПАЛАДУ́Р — паладур. Кийме тишке жумшак төшөнчү катары колдонулуучу полихлорвинил пластмассасы. Германияда чыгарылат.

ПАЛЛИАТИ́ВНЫЙ — паллиативный. Дарылоодо убактылуу жардам берүүчү ыкма.

ПАЛЬПА́ЦИЯ — кармалоо. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын, тилдин, сөөктүн ооруган — оорубаганын, шишиги бар-жогун, жумшак-катуулугун, кыймылдар-кыймылдабастыгын сыйпалап, кармап көрүү ыкмасы. Ал тургай бар тиштин кыймылдаганын же кыймылдабаганын, лимфа безинин «чочуганын», тиштин тамырынын уясынын курч кырларын, кийме тиштин ооруган жерин бармак менен сыйпалап, кармап табуу.

ПАПИЛЛИ́Т — папиллит. Эки тиштин моюнчасынын деңгээлинде үч бурчтук болуп көтөрүлүп турган тиштин этинин кырынын сезгенүүсү. Сезгенүү себеби: тиштин ташынын эттин астына жыйналып калып басышынан, тиштердин катары менен туура турбай чогулуп калуусунан, каптама кенен болуп этти басып калышынан, сабиз, алма тиштегенде көчүп кетишинен.

ПАПИЛЛО́МА — папилома. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчада боло турган эпителий катмарынын шишиги. Көлөмү ар кандай болуп шишик карттанып, бети агарып турат. Травма өнөкөт боло берсе, ракка айланып кетиши мүмкүн.

ПАПИЛЛОМАТО́З — папиломатоз. Оoздун былжыр кабыкчасынын же теринин кайсы бир жеринде бир нече папилломанын чогуу болушу. Өнөкөт травма же сезгенүүдөн пайда болот.

ПА́ПУЛА — исиркек. Териде пайда болгон өтө майда ыйлаакчалар. Экзема оорусунда кездешет, кызыл жалпак темиреткү же түрдүү эксудативтик эритема ооруларынын морфологиялык белгиси болуп саналат.

ПАРАИМПЛАНТИТ – параимплантит. Имплантаттын моюнчасынын айланасындагы жумшак ткандын сезгенүүсү.

ПАРАКЕРАТО́З — паракератоз. Теринин мүйүздөй катууланышы менен катар анын түлөшү.

ПАРА́ЛИЧ — шал. Нервге суук тийүүдөн же анын жанчылып калышынан ошол нерв таралган жерлердин иштебей калышы.

ПАРАЛЛЕЛОМЕ́ТР — параллелометр (грекче parallelos — жарыш болуучу, metron — ченөө). Көбүнчө доголуу жасалма тиш жасоодо өз тишке таянып протезди кармай турган илмектерди туура коюу үчүн, таянып, турган тиштердин тиктигин аныктоодо колдонулуучу аспап. Үлгүнүн кайсы абалында илмектер жакшы кызмат кыларын тактайт. Адистер арасында кеңири таралган параллелометрди В. Ю. Курляндский жана дагы башка авторлор сунуш кылган. Кийинчерээк ЦНИИСтин конструкциясы да чыгарылды.

ПАРАФУ́НКЦИЯ ЖЕВА́ТЕЛЬНЫХ МЫШЦ — чайноо булчуңдарынын парафункциясы. Чайноо булчуңдарынын

чайноо жана сүйлөө менен байланышы жок эле өзүнчө иштеши. Бул түндө тиштерин кычыратуу (бруксизм), күндүз тамаксыз чайноо кыймылын жасоо (бруксомания) түрүндө байкалат. Пайда болуу себеби белгисиз, көбүнчө жаш балдарда жана тиштери жакшы кармабаган кишилерде кездешет.

ПАРЕ́З — парез. Булчуңдардын нервденишүүсүнүн (иннервация) начарлашынын себебинен булчуңдардын алсыздануусу. Бул көрүнүш бет-жаак булчуңдарында кездешет.

ПАРЕСТЕЗИ́Я — парестезия. Эрин, таңдай, тил былжыр кабыкчаларында өзүнөн өзү пайда боло турган сайгылашуу, ысуу жана чымырап кетүү сезимдери.

ПАРНИКО́ВЫЙ ЭФФЕ́КТ — парник эффекти. Кийме тиштердин негизи көбүнчө пластмассадан жасалат. Былжыр кабыкча менен пластмассанын аралыгындагы жылуулук ооздун ичине караганда жогорураак келет, себеби акрил пластмассасы жылуулукту жакшы өткөрбөйт. Натыйжада ар кандай бактериялар жана козу карындардын (грибоктордун) көбөйүшүнө шарт түзүлүп, былжыр кабыкчанын сезгенүүсүнө алып келет.

ПАРОДО́НТ — пародонт. Тиштин тамыры, анын айланасындагы байламталар, жаак сөөгүнүн кыры жана тиштин этинен турган ткандардын жыйындысы.

ПАРОДОНТИ́Т — пародонтит. Пародонттун сезгениши. Бир же бир нече тиштин (тиштердин бардыгы эмес) нерв, кан тамыр оорулары, иммун системасынын өз ара карымкатышынын бузулушунан микробдор көбөйүп, тиштин эти шишип, ириңдеп, тиштин тамыры бошоп, ачылып кетиши.

ПАРОДОНТО́З — пародонтоз. Тиштердин бардыгы бошоп, кыймылдап, шалкылдап, тиштин эти качып, тамыры ачылып, тиштин тамыры менен этинин ортосундагы чөнтөкчөлөр тереңдеп, сезгенип, ириңдеп кетиши. Эгерде бир же бир жуп тиштер бошоңдобосо, анда пародонтоз жок. Бир эле тиш кыймылдап, бошоп калса, бул пародонтоз эмес, пародонтозго окшош оору, мунун пайда болуу себеби таптакыр башка (В. Ю. Курляндский так жана анык далилдеген).

ПАРОДОНТО́ЛИЗ — пародонтолиз. Тиш тамырынын айланасындагы ткандарда өтө сейрек кездеше турган өзгөчө

ооруу. Тиштин тамырынын айланасындагы (жаак сөөгүнүн кыры, тиштин мүлкү) ткандардын кескин азайышынын, тиштин тамырынын ачылышынын натыйжасында тиш бошоп, анын тез арада түшүп калышы менен мүнөздөлөт.

ПАРОРЕ́КСИЯ — парорексия. Тамакка болгон табиттин бузулушу, даамдын бузулушу.

ПАРОТИ́Т — басма. Жугуштуу инфекциялык оору. Кулак алдындагы бездин сезгенүүсү. Дененин температурасы 40°Сга чейин көтөрүлүп, кулак алдындагы без шишип, шилекей азайып, ооз кургап, кулак түп кол тийгизбей ооруйт.

ПАССИВАЦИЯ — пассивация. Металл имплантардын коррозиялык туруктуулугун арттыруу.

ПА́СТА — паста. Курамында ар түрдүү дары-дармеги бар, негизин күкүм, майлар түзгөн сыкма. Мисалы, сыйпагандан кийин оорутпай кала турган Кабилов пастасы, алтын жана дат баспай турган болоттон жасалган тишти жалтырата турган пасталар бар.

ПАЦИЕ́НТ — ооруп келген киши. Ооруп врачка келген киши, стоматологго тиш маселеси боюнча кайрылган адам дагы пациент делинет.

ПАЯ́НИЕ — ширетүү. Бул көпүрөчө жасалма тиш жасаганда каптама менен жасалма тишти жана каптама менен каптаманы бириктирүүдө колдонулат.

ПЕ́ЛЛИКУЛА ЗУБО́В — тиштин кабыгы. Тиштер чыккандан кийин эмалдан сыртында пайда болуучу негизинен белоктон жана углеводдон турган жука катмар. Ал эмалдын эришине, чиришине жол бербей коргоо кызматын аткарат.

ПЕ́МФИГУС — ыйлаакча. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчага жана териге чыга турган ыйлаакча (пузырчатка).

ПЕРЕБАЗИРО́ВКА ПРОТЕ́ЗА — кийме тиш протезинин негизин калыптандыруу. Кийме тиш протезин 3–4 жылдан ашык кийилгенден кийин, шалкылдап, жакшы кармабай калат. Жаңы кийме тиш жасоо керек. Бирок, кээде ушул эле кийме тишти дагы бир аз убакытка кийип жүрүү мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн анын ички бетинен бир катмарын өгөп таштап, бат катуучу пластмассадан (Протакрил, Редонт) ичине бир катар салып, жаакка кийгизип, 2–3 мүнөт кармап туруп, анан алып, жылуу сууга салып коюу керек.

Ооздун былжыр кабыкчасы күйүп калбасын үчүн, соданын эритиндиси менен чайкоо зарыл. Пластмасса каткандан кийин четиндеги ашыкча пластмассаны өгөп алып таштап, кийме тишти оозго кийгизип койсо, жакшы кармалып калат.

ПЕРЕ́ДНЯЯ ОККЛЮ́ЗИЯ (САГИТТАЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ НИЖНЕЙ ЧЕЛЮСТИ) — алдыңкы окклюзия (астыңкы жаактын сагитталдык кыймылы). Эки жактагы сырткы канат сыяктуу булчуңдардын жыйрылуусунун натыйжасында астыңкы жаактын алдыга жылуусу. Бул окклюзия көбүнчө астыңкы жаактын азуу тиштери жок болуп, маңдайкы тиштери гана калганда пайда болот. Л. В. Ильина-Маркосян мындай клиникалык абалды көнүмүш окклюзия деп атаган.

ПЕРЕЛО́М — сынык. Үстүнкү жана астыңкы жаактын, бет скелетинин сөөгүнүн ар кандай себептер менен сынышы. Денедеги жалпы сөөк сыныктарынын 3,8% бет сөөктөрүнө тиешелүү. Бет сөөктөрү сынганда адам көп азап чегет: ооз толук ачылбайт, чайноо менен жутуу кыйынчылыкка турат, оозунан шилекей агат, сынган жер шишийт, ооруйт сынган жердин тушу канталап көгөрөт.

ПЕРЕЛО́МЫ ЗУБО́В — тиштердин сынуусу. Урулуу, сугулуу, жыгылуунун натыйжасында тиштердин сынышы. Сынык тиштин көрүнүп турган бөлүгү – коронкада жана тамырында болот. Эгерде сынык тамыр деңгээлинде болсо айыгуу төрт түрдүүчө өтөт: А, В, С, Д. А — тиштердин бөлүктөрү тыкыс тургандыктан, биригип өсүп кетет; В — тамырдын сыныктарынын ортосу алысыраак болгондуктан, бириктирүүчү тканы өсүп калат, ал рентген жасаганда гана көрүнөт; С — тамырдын сыныктарынын ортосунда бириктирүүчү жана сөөк ткандары өсүп калат; Д — мында сыныктардын ортосунда жетилбеген (грануляционная) ткань толуп калат.

ПЕРИАПЕКА́ЛЬНЫЙ — периапекальный. Тиштин учунун айланасында жайгашкан ткандар: периодонт байламталары жана жаак сөөгү.

ПЕРИИМПЛАНТИТ — периимплантит. Имплантаттын сөөктүн ичиндеги бөлүгүн курчап турган жумшак ткандын сезгенүүсү.

ПЕРИКОРОНИ́Т — перикоронит. Акыл азуу тишинин толук чыкпай, былжыр кабыкчанын жанчылып, эзилип, шишип, инфекциянын кошулуусу менен ириңдеп сезгениши. Азуу тиштин бетиндеги былжыр кабыкча сезгенгенде ал шишип, ооз ачырбай, лимфа бездерин чочутуп, оорусу ууртка, моюнга таркалат, ооздон сасык жыт келет. Медиастинит оорусунун башталышына себеп болушу мүмкүн.

ПЕРИОДО́НТ — периодонт. Тиштин тамырынын айланасындагы тамыр менен сөөктүн ортосундагы тишти кармап турган байламта. Алар бириктирүүчү ткандардын булаларынан, кан жана лимфа тамырларынан, нерв булаларынан, фибробласттардан, цементокласттардан, остеобласттардан, Маляссанын эпителий клеткаларынан, коргоочу клеткалардан турат. Анын көп функцияларынын ичинен негизгиси тишти кармап-таяп туруусу.

ПЕРИОДОНТИ́Т — периодонтит. Тиштин тамыры менен жаак сөөгүнүн ортосундагы тишти кармап турган байламталардын сезгениши. Көбүнчө инфекциянын таасиринен болот. Инфекция тиштин өзөгү сезгенгенде тиштин тамырынын учундагы көзөнөкчө аркылуу байламталарга өтөт, тиш менен тиштин этинин чөнтөкчөсү тереңдеп кетип, байламтаны сезгендирет же ар түрдүү дары-дармектин таасири тийгенде ооруйт. Бул оору курч жана өнөкөт түрүндө болот, өнөкөт түрү кээде ашынып оорушу мүмкүн. Өнөкөт периодонтит 3 түрдүү болот: фиброздуу, гранулалуу, грануломатоздуу. Ооруган тиш башка тиштерге караганда бийик болуп, тамак чайнатпайт, күндүз-түнү тынбай ооруйт, бир нерсе тийип кетсе өтө катуу ооруп кетет. Мында адамдын денеси ысып, башы ооруп, жергиликтүү лимфа бездери шишип, адам алсызданып шалдырайт.

ПЕРИОСТИ́Т — периостит. Сөөктүн кабыгынын сезгениши, бул оорунун курч жана өнөкөт түрлөрү болот. Оорунун себептери: тиштен болгон инфекция, кургак учуктун, жана ар кандай травмалардын салдары.

ПЕРКУ́ССИЯ — уруу. Тиштин ооруган, оорубаганын аныкташ үчүн тыкылдатып уруп көрүү. Зонд же күзгүнүн арты менен жүргүзүлөт. Тишти текшерүүдө клиникалык негизги ыкмалардын бири.

ПЕРОРА́ЛЬНО — ооз аркылуу. Пациенттин ар түрдүү дары-дармектерди оозу менен ичүүсү.

ПЕРФОРА́ЦИЯ — тешүү. Тиштин тамырынын каналын ачууда учуна жетпей, кыйшык кетип, бор менен тамырдын боорун тешип алуу.

ПЕТЕ́ХИИ — кан тактар. Былжыр кабыкчадагы жана теридеги майда кан куюлуулар, канталаган жерлер, кандын майда уюшу.

ПЕТРИФИКА́ЦИЯ — петрификация. Тканга кальций туздарынын бир калыпта жыйналып, алардын таштай катууланышы. Стоматологияда петрификация тиштин өзөгүндө (пульпада) болот.

ПИГМЕНТА́ЦИЯ — теридеги так. Былжыр кабыкчага жана териге меланин, гемосидерин пигменттеринин чогулуусунан түсүнүн өзгөрүүсү (Аддисон оорусу).

ПИНЦЕ́Т — кыпчуур. Операция жасаганда, тиштерди дарылаганда ар кандай майда аспаптарды алуу үчүн колдонулуучу аспап.

ПЛА́ГГЕР — плаггер. Тиштин тамырындагы каналга гуттаперчаны тыгыздоо үчүн колдонулуучу аспап.

ПЛА́СТИКА УЗДЕ́ЧКИ ЯЗЫКА́ — тилдин астындагы чектегичке операция жасоо. Тилдин алдында анын кыймылын чектеп турган анатомиялык чектегич бар. Эгерде ошол чектегич кыска болбой тилдин учуна чейин өсүп калса, аны кесип коюу керек. Себеби ал тилдин туура кыймылдашына, так сүйлөөгө жолтоо болот. Ошондой эле кийме тиштин жакшы орун алышына жол бербей, жасалма тиштин кыры аны басып, оорутат.

ПЛАСТИ́НКА НАКУ́СОЧНАЯ — тиштөөчү пластинка. Таңдайга жабыштырылып жасалган пластинка. Анын айдөш мейкиндиги болот да, ылдыйкы жаактын маңдай тиш-

теринин тийишип, сыйгаланып туруусун өзгөртөт, азуу тиштери тийишпейт.

ПЛАСТИ́НКА С ВЕСТИБУЛЯ́РНОЙ ДУГО́Й — вестибулярдык догосу бар пластинка. Өтө алдыга чыгып, ортолору ачылып калган маңдайкы тиштерди оңдоочу ортодонтиялык аппарат. Диаметри 0,8–1,0 мм ортодонтиялык болот зымдан маңдайкы тиштердин сыртынан дого катары өткөрүп жасалат. Мезгил-мезгили менен зымды кысып турса, тиштер артка чогулат, тиштердин туура турушун ылдыйкы тиштердин катары аныктайт.

ПЛАСТИ́НКИ НЁБНЫЕ ЛИТЫ́Е — таңдайдын куюлган пластинкасы. Көбүнчө доголуу жана пластиналуу кийме протезде таңдайга коюулуучу металл куймадан куюп жасалган пластинка. Ал жука болот, орунду аз ээлейт, жылуулукту жакшы өткөрөт. Тиштин катарынын кемтигине жараша таянып-кармоочу илмектерди каалаган жерге коюуга мүмкүндүк берет.

ПЛАСТИ́НОЧНЫЕ АППАРА́ТЫ СЪЁМНЫЕ — пластиналуу кийме аппарат. Кыйшык чыккан тиштерди ортодонтиялык жол менен оңдоодо колдонулуучу кийме аппараттар.

ПЛАСТИ́НОЧНЫЙ СЪЁМНЫЙ ПРОТЕ́З — кийме пластиналуу протез. Ооздо тиштер такыр жок болгондо же анчамынча эле калганда жасала турган кийме протез.

ПЛАСТИ́ЧЕСКАЯ ОПЕРА́ЦИЯ — пластикалык операция. Бет-жаактын түзүлүшүн жана аткаруучу кызматын калыбына келтирүү, кемчиликтерин оңдоо үчүн жасалуучу пластикалык операция.

ПЛАСТИ́ЧНОСТЬ — эпке келгичтик. Таасир эткен сырткы күчтөн кийин пайда болгон форманы сактап калуу.

ПЛАСТИФИКА́ТОРЫ — пластификаторлор. Жасалган нерсеге ийкемдүүлүк, серпилгичтик касиет берүүчү заттар.

ПЛАСТМА́ССОВЫЕ ЗУ́БЫ — пластмасса тиштер. Акрил пластмассасынан адамдын тишине окшотуп жасалган тиштер. Мында пациентке карата көлөмү, формасы, өңү эске алынат.

ПЛАСТМА́ССЫ СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЕ — стоматологиялык пластмассалар. Стоматологияда колдонулуучу пластмассалар. Алар аткарган милдетине карай ар түрдүү болот. Мисалы, кийме протездин негизи үчүн тиштин бүйлөсүнүн түсүндөй (Фторакс, Этакрил); адамдын тишинин түсүндөй жасалма тиштер, каптамалар жана көпүрө сымал жасалма тиш үчүн пластмасса (Синма М, Синма 74); өзү катуучу пластмассалар (Протакрил, Редонт, Карбопласт, Норакрил-65, Акродент, Карбодент, Акрилоксид ж. б.); ийкемдүү, жумшак пластмасса (АКР-9, Эладент-100, ПМ-01, Боксил, ГосСил, Эгмасс-12 ж. б.).

ПЛАСТМА́ССЫ ТЕРМОПЛАСТИ́ЧЕСКИЕ — термоийкемдүү пластмассалар. Алар катканда химиялык реакция жүрбөйт, кайрадан жылытканда жумшаруу касиетин жоготпойт, б. а. аларды кайра колдонсо болот.

ПЛАСТМА́ССЫ ТЕРМОРЕАКТИ́ВНЫЕ — термореактивдүү пластмассалар. Алар химиялык реакция жүрүү менен катат, ошондуктан ал кайра иштетүүгө жарабайт, б. а. аларды кайра колдонууга болбойт.

ПЛАТО́НОВА ЖИ́ДКОСТЬ ОБЕЗБО́ЛИВАНИЯ — Платоновдун ооруну токтотуучу суюктугу. Ооруну басуучу, курамында дикаин, фенол, хлороформ дарылары бар № 1 жана дикаин, этил спирти бар № 2 суюк дарылар. Платонов сунуш кылган.

ПЛО́МБА — кыт. Тиштерде пайда болгон көңдөйлөрдү бүтөш үчүн коюлат. Кыт коюунун максаты-тиштердин мурунку калыбындагы жумушун аткарууга мүмкүчүлүк берүү. Кытты цементтен, пластмассадан, амальгамалардан, ошондой эле ар кандай композиттерден коюшат. Азыр алар химиялык жана жарык кыт болуп да бөлүнөт.

ПЛО́СКОСТИ НАКЛО́ННЫЕ — жантык тегиздик. Туура эмес өскөн тиштерди, жаак сөөгүн оңдоочу ортодонтиялык аппараттын кыйшык, жантык турган бир бөлүгү. Тиштер тамак жеген сайын жантык бетте сыйгаланып олтуруп түздөлөт.

ПЛО́СКОСТЬ ОККЛЮЗИО́ННАЯ — окклюзиялык мейкиндик. Астыңкы жаактын борбордук кескич тиштеринин кесүү кыры менен азуу (жетинчи, сегизинчи) тиштердин чайноо бетине карай уурт жактагы дөмпөкчөгө жүргүзүлгөн тегиздик. Азуу тиштер жок болсо, азуу тиштерден ары турган бурчтагы дөмпөкчөнүн (ретромолярный бугорок) ортосуна чейин жүргүзүлөт.

ПЛО́СКОСТЬ ОРБИТА́ЛЬНАЯ — көз тегиздиги. Көздөрдүн эң ылдыйкы кыры менен өткөн сызык.

ПЛОСКОКЛЕ́ТОЧНЫЙ РАК — жалпак клеткалуу рак. Шилекей бездеринде кездешүүчү рак.

ПМ-01 — пм-01. Жаак сөөктүн былжыр кабыкчасы жука болуп, кийме тишти кийгенде чыдатпай катуу ооруган учурда жасалма тишке төшөнчү катары коюлуучу жумшак пластмасса.

ПОБО́ЧНОЕ ДЕ́ЙСТВИЕ ПРОТЕ́ЗА — жасалма тиштин терс таасири. Протез ар кандай терс таасир тийгизиши мүмкүн. Кийме протездер көбүнчө былжыр кабыкчага таасир тийгизгендиги менен өзгөчөлөнөт. Буга чейин басым түшпөгөн ткандар эми басымдын астында кысылып, кан тамырларда кандын айланышы начарлайт. Пластмассанын курамындагы мономердин бөлүнүп чыгып ууландырышы же аллергиялык таасир кылуусу, жасалма тиштин пластмасса негизи жылуулукту жакшы өткөрбөгөндүктөн жана даам билүүчү рецепторлорду жаап калгандыктан, бир аз убакытка бир топ кыйынчылык туудурат. Ал эми тиштерге бекилген туруктуу жасалма тиштер көп учурларда таянып турган тиштерге салмакты көбүрөөк салып тургандыктан, алардын бошоңдоп кетишине алып келет. Ошондой эле көпүрө сымал жасалма тишти ширеткенде жез, цинк, темир элементтери кошулат, алардын кычкылы уулуу болот, адам туздуу, кычкыл даамды сезет.

ПОВРЕЖДЕ́НИЕ — бузулуу. Ар кандай сырткы таасирден бет-жаак ткандарынын анатомиялык жана физиологиялык бүтүндүгүнүн, кызматынын бузулушу. Тиш-жаак сис-

темасынын бузулуусу механикалык, температурадан, электр тогунан, радиациядан жана башка себептерден болот.

ПОВТО́РНОЕ ПРОТЕЗИ́РОВАНИЕ — кайрадан жасалма тиш салуу. Көп убакыт колдонгондон кийин кийме жана жасалма туруктуу тиштерди кайра жасоо керек болот. Жаңы жасалган жасалма тиш жакшы болсун үчүн эски жасалма тиштин кандай мүчүлүштөрү бар экенин изилдөө керек.

ПОВЫ́ШЕННАЯ СТИРА́ЕМОСТЬ ЗУБО́В — тиштердин жогорку сүрүлүүсү. Тиштердин эмалы өмүр бою сүрүлүп, жешилип турат. Эгерде сүрүлүү дентин катмарына өтүп кетсе, ал чектен тышкары, өтө көп сүрүлүү же патологиялык сүрүлүү деп аталат. Кээде бул процесс ушунчалык тез жүргөндүктөн, тиштин коронка бөлүгү жешилип, жокко эсе болуп калат.

ПОВЯ́ЗКА — таңуу. Негизинен жараатты дарылоо максатында, ар түрдүү дарыларды сыйпап, анын үстүнөн даки менен таңуу. Бет-жаак сөөктөрү сынганда таңуу аркылуу сынган жерди кыймылдатпай коёт. Таңгыч катары бинт, жоолук, лигатура, желим колдонулат.

ПОГО́НИОН — погонион. Ээктин алдыга карай чыгып турган антропометриялык эң четки чекити.

ПОДА́ТЛИВОСТЬ СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПРОТЕЗНО́ГО ЛО́ЖА — протездин ордунун былжыр кабыкчасынын эпке келгичтиги. Кийме тишти былжыр кабыкчанын үстүнө коёбуз, ошондо былжыр кабыкча жумшак болсо, кийме тиш жакшы турат, бирок өтө жумшак болсо да жасалма тиш үчүн жакшы эмес, серпилгич оромдой болуп тээп калат. Бул маселени Люнд, Суппле, Ирошникова, Калинина менен Загорский, Амираев менен Султанбаева изилдеген.

ПОДА́ТЛИВОСТЬ СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПРОТЕ́ЗНОГО ЛО́ЖА ПО ЛЮ́НДУ — Люнд боюнча протездин ордунун былжыр кабыкчасынын жумшактыгы. Люнд боюнча үстүңкү жаактын кийме тиш туруучу орду 4 бөлүккө (зонага) бөлүнөт: 1) таңдайды так экиге бөлгөн сагитталдык тигиш аймагы; 2) альвеолалык жөлөк сөөгүнүн аймагы; 3) катуу таңдайдын алдыңкы бөлүгүндөгү туурасынан кеткен

катмарлар аймагы; 4) катуу таңдайдын арткы үчтөн бир бөлүгүнүн аймагы.

ПОДА́ТЛИВОСТЬ СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПРОТЕ́З-НОГО ЛО́ЖА ПО СУППЛЕ́ — Суппле боюнча протездин ордунун былжыр кабыкчасынын жумшактыгы. Суппле боюнча үстүңкү жана астыңкы жаактардын кийме тиш туруучу орду 4 класска бөлүнөт: 1) былжыр кабыкча кийме тиш орнотулуучу жерде бирдей жумшактыкта, тегиз жакшы билинип турат, табигый катмарлар (эриндердин, тилдин жана уурттун чектөөчүлөрү) альвеоланын чокусунан алыс турушат; 2) былжыр кабыкчалар таңдайга, альвеола сөөктөрүнө тартылып, жукалыгы менен мүнөздөлөт; 3) таңдайдын арткы үчтөн бир бөлүгү өтө жумшак болот; 4) бул класстын өзгөчөлүгү жаактарда альвеола сөөгүнүн бетинде саландаган, сөөккө жабышпай турган былжыр кабыкчанын болгондугу. Мындай клиникалык абалда протез жасоо үчүн калып алганда саландап турган былжыр кабыкча кабатталып калып, кийме тиш койгондо оорутат.

ПОДВИ́ЖНОСТЬ ЗУБО́В ПАТОЛОГИ́ЧЕСКАЯ — тиштердин патологиялык кыймылдашы. Травмадан же тиштердин пародонтунун оорусунун натыйжасында тиштер бошоп кыймылдап калат. Д. А. Энтин тиштердин кыймылдашын 4 даражага бөлгөн: 1) бир тарапты карай кыймылдоо; 2) эки тарапты көздөй кыймылдоо; 3) тиш өз ордунда туруп тегерете айланат; 4) тегерете айланат жана өйдө-ылдый (вертикалдуу) кыймылдайт.

ПОДВИ́ЖНОСТЬ ЗУБО́В ФИЗИОЛОГИ́ЧЕСКАЯ — тиштердин физиологиялык кыймылдашы. Тиштин көзгө көрүнбөгөн микроэкскурсиясы. Муну эртең менен турганда тишти кыймылдатып көрүп, сезсе болот, ал 0,1–0,2 мм ге барабар.

ПОДВИ́ЖНОСТЬ СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ — былжыр кабыкчанын кыймылдашы. Былжыр кабыкча жакын жайгашкан булчуңдун таасири менен кыймылдаса, ал активдүү кыймылдоо деп аталат. Былжыр кабыкчанын бармак жана жасалма тиштин таасири менен кыймылдашы пассивдүү кыймылдоо болот.

ПОДВЫ́ВИХ — муундун жарым чыгуусу. Астыңкы жаактын муун урчугунун жарымы чыгып, жарымы муундун ичинде калышы. Бул чыкый-астынкы жаак муунунда кездешет. Буга ревматизм, артрит, подагра, талма оорулары себеп болушу мүмкүн. Тез эле өнөкөт болуп калат.

ПОДНУТРЕ́НИЕ — оюк. Тиштин экваторунун (тиштти жанынан караганда эң чыгып турган дөңү) тиштин бүйлөсүнө карай ичкерген жери, тиш кыйшайып калганда, вертикалдык чийим менен тиштин моюнчасына чейинки боштук.

ПОДЪЯЗЫ́ЧНОЕ ПРОСТРА́НСТВО — тилдин астындагы мейкиндик. Астыңкы жаактын тиштеринин бүйлөсүнүн тил жагы жана тилдин асты жагы чектеп турган жер, бул жерди алдыңкы, каптал жана арткы бөлүккө бөлүшөт. Тиши жокто кийме тиштти жасаганда жасалма тиштин кыры ошол жерге жетет.

ПОЗИЦИОНЕ́Р — позиционер. Дрошель менен Бонтмон сунуштаган аспап, муну менен кургак эмалдын кайсы жерине Брекет системасынын кулпусун орнотуу керектигин белгилейт.

ПОКАЗА́ТЕЛЬ ИНТЕНСИ́ВНОСТИ ПОРАЖЕ́НИЯ — бузулуунун ургаалдуулугунун көрсөткүчү. Кариес менен ооругандагы орто сан. Кариес болгон (К), кытталган (К), жулунган (Ж) тиштердин ККЖ оорусунун жалпы суммасынын индекси. Мисалы, 100 текшерүүдө ККЖ 1270ке барабар болсо, өркүндөө 1270:100=12,7ге барабар. Бул жогорку көрсөткүч болуп эсептелет.

ПОКАЗА́ТЕЛЬ ТО́НУСА СОСУ́ДОВ (ПТС) — тамырдын толуктугунун көрсөткүчү. Кан тамырынын толуктугунун көрсөткүчү, ошондой эле реографиялык коэффициент деп да аталат. Мында кан тамырдагы басымдын көтөрүлүшү же төмөн түшүшү боюнча тамырдын оору же соо экендиги аныкталат.

ПОКО́Й ФУНКЦИОНА́ЛЬНЫЙ ЖЕВА́ТЕЛЬНЫХ МЫШЦ — чайноо булчуңдарынын функциялык тынчтануусу. Астыңкы жаакты көтөрүүчү булчуңдардын жана ымдоо булчуңдарынын иштебей тургандагы абалы. Астыңкы жаак

кыймылдабай саланңдап турат.Үстүнкү жаак менен астыңкы жаактын тиштеринин ортосунда 1ден 13 мм ге чейинки аралык пайда болот. Орто эсеп менен 2–3 мм деп эсептейбиз. Каралган абал булчуңдардын гана кыймылсыздыгын билдирбестен, ал пародонттун жана чыкый-астыңкы жаак муунунун да кыймылсыздыкта экенин түшүндүрөт.

ПО́ЛЕ ОККЛЮЗИО́ННОЕ — тиштердин тийишүү аймагы. Жаактардын ар кандай кыймыл-аракетинде жогорку жана ылдыйкы тиштеринин чайноо беттеринин тийишүүсү.

ПО́ЛЕ ПРОТЕ́ЗНОЕ — жасалма тиштин (протездин) жайгашуу аймагы. Чайноо аппаратына кирүүчү ткандарды билгизүүчү түшүнүк. Аларга жасалма тиштин орду, пародонт, чайноо булчуңдары, шилекей бездери, чыкый-жаак мууну кирет. Проекциясы боюнча жасалма тиштин аймагы ашказан-ичегилерге жана аң-сезимге чейин жетет.

ПОЛИВИ́К — поливик. Шакшак жасоо үчүн колдонулуучу материал. Жалпы травматология жана ортопедияда кол, бут сынганда шакшактоо үчүн колдонулат, мушкерлер үчүн тиштерди коргоочу шакшак жасалат, ал эми ортопедиялык стоматологияда тишсиз жаактарга кийме протез жасаганда өздүк ченкеп жасоого болот.

ПОЛИКОНДЕНСА́ЦИЯ — поликонденсация. Полимерлешүүнүн бир түрү. Поликонденсация процессинде пластмассанын катуу учурунда башка (суу, аммиак, спирт) заттар бөлүнүп чыгат.

ПОЛИМЕРИЗА́ЦИЯ — полимерлешүү. Бир нече молекулаларды бириктирүүчү химиялык реакция, башкача айтканда, мономердин полимерге айлануусу.

ПОЛИМЕРИЗА́ЦИЯ ПЛАСТМА́ССЫ — пластмассаны полимерлөө. Пластмассаны кюветага салып, пресске басып, бюгелге бекиткенден кийин, аны муздак сууга салат. Сууну ысытып кайнаганга чейин жеткирип, 45 мүнөт кайнатат. Андан кийин газды, электр тогун өчүрөт же кюветаны салып кайнаткан идишти мештен алып коюп, муздатат. Кюветаны кайнап турган сууга жана полимерлешүү мөөнөтү

бүткөндөн кийин кюветаны кайнак суудан алып, муздак сууга салуу туура эмес.

ПОЛИМЕРИЗАЦИО́ННАЯ КО́МНАТА — полимерлөө бөлмөсү. Бул бөлмөдө пластмассаны полимерлегенге даярдайт: даярдалган пластмассанын камырын кюветага салат, пресстейт, бюгелге бекитип муздак сууга салып, 45 мүнөт кайнатат.

ПОЛИМЕ́РНЫЕ ПЛОМБИРОВО́ЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ НЕКОМПОЗИ́ТНЫЕ — композит эмес кыттоочу полимер материалдар. Пластмассадан турган кыттоочу полимер материалдардын негизин полимерлешүү процесси түзөт. Буга акрилоксид, карбодент кирет. Акрилоксид үч түстө болот: № 10, 12, 20. Мономери эки флакондо 15 граммдан. Карбодент 6 түстө болуп: (№ 0, 6, 10, 12, 16, 19). 2 флакон суюктук 15 граммдан, 50 калакча (шпатель), аралаштыруу үчүн чөйчөкчө, 10 целлофан кагазы бар.

ПОЛИМЕ́РЫ — полимерлер (poly– к ө п + meros – бөлүк) молекулалары кайталанып туруучу көп сандаган бөлүктөрдөн турган синтетикалык заттар.

ПОЛИМОРФИ́ЗМ — полиморфизм. Табияты бирдей, бирок ар түрдүү түзүлүштөгү клеткалар, ткандар же органдар. Ооздо, эринде жана былжыр кабыкчада пайда болгон ыйлаакча, жара, чордонуу ж. б. морфологиялык элементтерди көрсөтүүчү түшүнүк.

ПОЛИ́П — полип. Тиштин этинин былжырлуу катмарынан өсүп чыккан, түбү жанындагы ткандар менен биригип турган бүдүрчө, шишик.

ПОЛИПЛА́СТ — полипласт. Кытты жалтыратып физика-механикалык жана физика-химиялык касиетин жогорулатуу үчүн колдонулуучу паста. Германияда чыгарылат.

ПОЛИПРИСОЕДИНЕ́НИЕ — полибиригүү. Полимерлешүүнүн бир түрү. Полибиригүү процессинде башка заттар бөлүнүп чыкпайт, мономер менен полимердин курамы бирдей болот.

ПОЛИСУЛЬФИ́ДНЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МА́ССЫ — калып алуучу полисульфиддүү массалар. Калып алынуучу жердин

көчүрмөсүн толук, так алуучу жана көпкө чейин жыйрылбоочу, көлөмүн өзгөртпөөчү массалар. Бул топко тиодент, тиодент М (Россия), КОЕ-флекс (АКШ), пермопластик (Германия) кирет. Алар эки сыкмадан турат: бири толуктоочу, экинчиси тездетүүчү.

ПОЛИЭФИ́РНЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МА́ССЫ — калып алуучу полиэфир массалар. Бул топко Полижет, Импрегум, Импрегум-ф, Пермадин, Пермадин-Гарант аттуу массалар кирет.

ПОЛИРОВО́ЧНАЯ КО́МНАТА — жылмалап жалтыратуу бөлмөсү. Бул бөлмөдө даяр жасалма тиштерди жылмалап жалтыратуу иштери жүргүзүлөт.

ПОЛОСКА́НИЕ РАСТВО́РАМИ ФТОРИ́ДОВ — фторлуу суюктуктар менен чайкоо. Фторлуу дары-дармектерди колдонуп кариес оорусунун алдын алуу чараларынын бири. 0,05–0,2% фторлуу натрийдин эритмесин ууртап, 3 мүнөткө чейин тиштерди чайкоо керек, анан түкүрүп салып, оозду таза суу менен чайкап коёт. Муну бир жылда 2 жолу, ар бир 6 айда 10–15 күндөн чайкаса жакшы натыйжа берет. Эч убакта фторлуу натрийди жутпоо керек, кокустан бала жутуп алса 100–150 мл туздуу суу ичирүү керек.

ПОЛУКОРО́НКА — жарым коронка. Көпүрөчө тиш протезин жасаганда таяныч иретинде колдонулуучу жасалма коронка. Ал тиштердин эрин жак бетинен башка үч бетин жаап турат, бул косметикалык жактан жакшы, металлды көргөзбөө үчүн болгон аракет.

ПОНИ́ЖЕННАЯ СТИРА́ЕМОСТЬ МОЛО́ЧНЫХ ЗУБО́В — сүт тиштердин аз жешилүүсү. Сүт тиштердин дөмпөкчөлөрү алардын түшүү мөөнөтү жакындаганда жешилип бүтүү керек. Кээде тиштердин катуу болуп калышынан кайсы бир тиштердин дөмпөкчөлөрү жешилбей калып, тиш-жаак системасынын туура эмес өсүшүнө алып келет. Көбүнчө кылкыйма сүт тиштер физиологиялык жешилүүгө дуушар болбой калышат.

ПОРО́ШКИ ЗУБНЫ́Е — тиш тазалоочу күкүм. Тиштерди тазалоодо бирден бир колдонуучу зат. Курамына бор, дикальций-фосфат, трикальций-фосфат ж. б. жакшы сүрүүчү

заттар кирет. Жыты жагымдуу болсун үчүн эвкалипт, ментол майлары кошулат.

ПОРОШО́К ДЛЯ ПОЛИРО́ВКИ ПРОТЕ́ЗОВ — жасалма тиштерди жалтыраткыч күкүм. Анын курамына талаа шпаты, кварц, каолин, кремний кирет. Ал суугa же майга аралаштырылып колдонулат.

ПОСКА́Л — поскал. Цинк-фосфат цементи, төшөнчү үчүн колдонулат жана бекилме жасалма тиштерди туруктуу бекитет.

ПОСТОЯ́ННЫЕ ЗУ́БЫ — туруктуу тиштер. Сүт тиштер түшкөндөн кийин чыккан туруктуу тиштер. Араб сандары менен белгиленет, саны 32.

ПОЧИ́НКА СЪЁМНОГО ПЛАСТИ́НОЧНОГО ПРОТЕ́ЗА — пластиналуу кийме жасалма тишти жамоо, оңдоо. Кайсы бир себептер менен сынып калган пластмассадан жасалган пластиналуу жасалма тиштин сыныгын бириктирүү. Аны тез катуучу пластмассалар (протакрил, редонт) менен бириктирип, мурункудай эле кийип жүрсө болот.

ПРАЩА́ ПОДБОРО́ДОЧНАЯ — салмоор. Жаак сөөгү сынганда, сөөк сыныктарын ордуна салгандан кийин аларды кыймылдатпай шакшак менен бекем байлоо керек. Тиштерге тиштерди туура келтирип, ээктин формасындай табакчаны ээкке коюп, аны баш сөөгүнө тартып бинт, жоолук же жалпак резина менен таңып коёт.

ПРЕДВАРИ́ТЕЛЬНОЕ ЛЕЧЕ́НИЕ БОЛЬНО́ГО ПЕ́РЕД ПРОТЕЗИ́РОВАНИЕМ — жасалма тиш жасар алдында ооз көңдөйүн, тиштерди, жаак сөөгүн дарылоо. Ал жалпы даярдоо жана атайын даярдоо болуп бөлүнөт. Жалпы даярдоого бузулган тиштерди мүмкүн болсо дарылоо, мүмкүн болбосо жулуу, тиштердин ташын тазалоо, стоматит, гингивит болсо, ооруларын дарылоо керек ж. б. Атайын даярдоодо жасалма тиштерди жасоодо жолтоо болуучу тиштердин нервин алып, аларды өгөп, кесип кыскартуу же болбосо жулуп салуу, жаак сөөктө өсүп калган дөңчөлөрдү, урчуктарды (экзастоз, нёбный торус) алып таштоо, ооз өтө кичине (микростомия) болсо операция жасап кеңейтүү, тиш катарынын кыйшыктыктарын (аномалия) оңдоп, ооз ичиндеги

былжыр кабыкчада муздактан, ысыктан пайда болгон берчтерди хирургиялык жол менен алып таштоо ж. б. иштер жүргүзүлөт.

ПРЕДРА́К КРА́СНОЙ КАЙМЫ́ ГУБ, БОРОДА́ВЧАТЫЙ — эриндин кыюусунун сөөл түспөлдөнүп ракка окшоштугу. Диаметри 0,4–1 см келген көлөмү чектелген түйүн, түбү катуурак келип, бети кабырчыктап турат, өңү кызгылтыраак, мындай түйүнчөк эриндин өнөкөт сезгенүүсүнөн болот. Көрүнүшү сөөлгө окшош болгондуктан, кээде жаңылып калышат. Гистологиялык изилдөөдө эриндин терисинин катуулашы жана түлөшү көрүнөт.

ПРЕМЕДИКА́ЦИЯ — премедикация. Кээ бир оорулууларга дарылоо жүргүзөр алдында нерв системасын тынчытуу үчүн өзүнчө дары (триоксазин, седуксен, амидопирин ж. б.) берүү. Бул коркууну, тынчсыздануууну жоготот.

ПРЕМОЛЯРЫ — кичи азуулар. Жогорку жаакта 4, ылдыйкы жаакта 4 кичи азуулар бар, булар да тамак чайноого катышат. Жогорку жаактын биринчи кичи азуусу эки тамырлуу, калгандары бир тамырлуу, экиден дөмпөчөлөрү бар.

ПРЕПАРИ́РОВАНИЕ ЗУБО́В — тиштерди өгөө. Кыт коюш үчүн тиштин кариес болгон көңдөйүн өгөө же оозго бекилме жасалма тиш жасоодо жасалма каптама жасаш үчүн тиштердин сыртын өгөп, формасын цилиндрге окшоштуруу.

ПРЕ́ТЫЛ — претыл. Этилацетаттын негизинде жасалган суюктук, доголуу тиш протезинин сынчын (каркасын) химиялык жол менен тазалоодо колдонулат. Суюктукка малып алып, абада кургатат. Германияда чыгарылат.

ПРИВЫКА́НИЕ К ПРОТЕ́ЗАМ — жасалма тиштерге көнүү. Кийме тиштерге көнүү бул татаал психологиялык процесс. Бул көнүү процесси 3 фазадан турат деп В. Ю. Курляндский далилдеген: 1) дүүлүктүрүү фазасы, мында жасалма тиш адамдын тынчын алат, кыжырын келтирет, тамак жей албайт, так сүйлөй албайт, шилекейи токтобой көп агат, жүрөгү айланып, кускусу келет, уурт-эриндери тартылгансып, чыңалгансып сезилет. Кээ бир кишилерде жасалма

тиштен жийиркенүү сезими пайда болот. Бул сезимдер тишти оозго койгон күнү өтө катуу сезилет; 2) дүүлүктүрүү жарым жартылай азайып, токтоло баштайт. Бул 5 күнгө чейин созулат. Мында шилекейдин акканы азайып, токтолот, сүйлөгөнү так болууга жакындап, жүрөгүнүн айланганы азаят, жумшак тамактарды аз-аздан жей баштайт; 3) бардык дүүлүктүргүчтөр толук жок болуп, тамакты кадимкидей эле чайнап, жеп калат. Адам оозунан жасалма тишти чыгарып койсо, оозунда бир нерсе жетишпей калгансып, аны батыраак кийип алууга шашат. Оозго бекилме жасалма тиштерге адам 1–2 суткада эле көнүп, өз тиштердей сезип, сүйлөөсү, тамак жеши эч кандай тоскоолдукту билдирбейт. Ошентип түрүнө жараша кийме тиштерге көнүү мөөнөтү 3 күндөн 33 күнгө чейин созулат.

ПРИВЫ́ЧКИ ДЕ́ТСКИЕ ВРЕ́ДНЫЕ — балдардын зыяндуу адаттары. Балдардын бет-жаак системасынын туура өсүшүнө тоскоолдук кылуучу зыяндуу адаттары. Зыяндуу адаттарга бармакты, тилди, эринди, калемди ж. б. нерселерди соруу кирет.

ПРИ́ЗНАК КРИВИЗНЫ́ КОРО́НКИ — коронканын кыйшайгандыгынын белгиси. Тиштин маңдай бетин тигинен экиге бөлө турган болсок, анда борборго жакыны дөмпөк, ал эми чет жагы мокок болот.

ПРИ́ЗНАК КРИВИЗНЫ́ КО́РНЯ — тамырдын кыйшайгандыгынын белгиси. Маңдайкы тиштердин тамырынын учу капталга, ал эми азуу тиштердин тамырынын учу артты карай кыйшайып турушу.

ПРИ́ЗНАК ПОЛОЖЕ́НИЯ КО́РНЯ — тамырдын абалынын белгиси. Ылдыйкы тиштин тамырынын борбордон четти карай кыйшайып турушу, жогорку тиштердин тамырынын борборго карай чогулушу менен мүнөздөлөт. Муну тишти жулуп алгандан кийин тик кармап туруп, аныктаса болот.

ПРИ́ЗНАК УГЛА́ КОРО́НКИ — коронканын бурчунун белгиси. Тиштин коронкасынын оң же сол жаккы экенин көрсөтүүчү белги. Маңдайкы тиштердин борборго караган

жагынын (медиальный) кесүү кырынын бурчу учтуу, ал эми четке караган (дистальный) жагынын кырынын учу томпогураак экендиги менен мүнөздөлөт.

ПРИ́ЗНАКИ ЦЕНТРА́ЛЬНОЙ ОККЛЮ́ЗИИ — борбордук окклюзиянын белгилери. Негизгилери: тиштерде – үстүңкү жана астыңкы жаактардагы тиштердин толук санда тийишип турушу; муундарда – астыңкы жаактын өсүгүнүн муун башчаларынын бетинин чыкыйлардагы муун бетинин айдөшүнүн таманында жайгашышы; булчундарда – астыңкы жаакты көтөрүүчү: чыкый, чайноочу жана медиалдык канат сыяктуу булчуңдардын жыйрылышы. Кошумчалары: беттин ортоңку чийиминин үстүңкү жана астыңкы борбордук кашка тиштердин ортосунан өтүшү; үстүңкү маңдай тиштер алдыңкы маңдай тиштерди төрттөн бирине чейин жаап турат; чайноочу үстүңкү тиштер астыңкы чайноочу тиштерди жаап турат; ар бир үстүңкү тиш астыңкы эки тиш менен (атташ жана арткы), ар бир астыңкы тиш үстүңкү эки тиш менен (атташ жана алдыңкы) тийишип турат. Бирден гана атташ менен 11, 21, 38 жана 48 тиштер тийишет.

ПРИ́КУС — үстүңкү жана астыңкы тиштердин катарларынын тийишип, ашташып тургандагы катышы. Прикус физиологиялык (ортогнатия, тик, бипрогнатия жана физиологиялык прогения), аномалиялык жана патологиялык болот. Аномалиялык прикустун төмөнкүдөй түрлөрү бар: ачык, терең, айкашкан жана В. Ю. Курляндскийдин далилдөөсү боюнча үстүңкү жаак туура өскөндө астыңкы жаактын чоң болуп калышы, астыңкы жаак туура өскөндө үстүңкү жаактын чоң болуп калышы, үстүңкү жаак туура өскөндө астыңкы жаактын өспөй кичине болуп калышы, астыңкы жаак туура өскөндө үстүңкү жаактын өспөй, кичине болуп калышы. Буга биздин (У. А. Амираев) кошумчабыз – бир жаак (айырмасы жок кайсы жаак экени) өтө чоң болсо, экинчиси өтө кичине болсо, аномалиялык прикуска жатат. Тиштердин катарынын туура же туура эместигин аныктай турган Пон индекси жана Хауляй-Гербст диаграммасы бар.

Аномалиялык прикусту врач ортодонт-стоматолог дарылайт. Акыркы убакта брекет системаны колдонуу жакшы натыйжа берүүдө. Патологиялык прикуста тиштердин жарым жартылайы же бардыгы түшүп калганда врач ортопед-стоматолог дарылайт, б. а. врач жасалма тиштердин ар кандай конструкциясын жасап, бет-жаак системасынын кызматын (функциясын) калыбына келтирет жана адамдын сырткы кебетесин оңдойт, жашартат. 28–32 соо тиштери бар физиологиялык прикусту дарылабайт.

ПРИ́КУС ГЛУБО́КИЙ — тиштердин терең катышы, ашташы. Маңдайкы тиштердин терең катышы. Мында астыңкы жаактын маңдайкы тиштери, үстүңкү жаактын маңдайкы тиштеринин таңдай жагындагы былжыр кабыкчасына барып тийип, оорутат. Үстүңкү жаактын маңдай тиштери астыңкы жаактын маңдай тиштерин толук жаап калат. Тиштердин туура катышында жогорку маңдай тиштер астыңкы маңдай тиштерди 1/4 ине чейин гана жаап турушу керек.

ПРИ́КУС МОЛО́ЧНЫЙ — сүт тиштердин катышы, ашташы. Тиштердин саны 20 болот: үстүңкү жаакта 10, астыңкы жаакта 10. Туруктуу прикустан айырмасы мында кичи азуу тиштери болбойт. Сүт тиштердин көлөмү кичине, тогологураак келип, көгүш-сары түстө болот, Туруктуу тиштерге караганда жумшак келет. Сүт тиштер 6–8 айдан 30–36 айга чейин чыгып бүтөт.

ПРИ́КУС ОТКРЫ́ТЫЙ — тиштердин ачык катышы, ашташы. Бул аномалиялык прикуска кирет, мында тиштерди тиштенгенде маңдайкы тиштер бири-бирине жетпей ортосу ачык калат. Бул баланын кичинесинде тилин, эринин жана упчуну узакка соруп жүргөндөн болот. Ачык прикус каптал тиштерде да болот.

ПРИ́КУС ПЕРЕКРЁСТНЫЙ — тиштердин кайчылаш катышы, ашташы. Астыңкы тиштердин катары оңго же солго жылып калып, жогорку тиштердин катары менен төп келишпей калат. Бул аномалиялык прикуска жатат.

ПРИ́КУС ПОСТОЯ́ННЫЙ — туруктуу тиштердин катышы, ашташы. Туруктуу тиштер 5,5–6 жаштан 12–13 жашка чейин, ал эми акыл азуу 18–25 жашта чыгат.

ПРИ́МА — прима. Стоматологиялык аспаптарды стерилдөөчү электрондук автоклав. Ушуга окшош ПРОКСИМА, ЭКЗАТА деген автоклавдар да бар. Бардыгы Италияда чыгарылат.

ПРИПО́Й ДЛЯ СТА́ЛИ НЕРЖАВЕ́ЮЩЕЙ — дат баспоочу болоттун данакери, кандоочусу. Курамына күмүш, жез ж. б. металлдар кирет, эрүү температурасы 800–850°Ска чейин жетет. Ооздон алынбоочу көпүрөчө жасалма тиштерди жасоодо колдонулат. Жасалма каптамалар менен шакшак жасоодо аларды бири-бири менен данакерлейт, ширетет.

ПРИШЛИФО́ВЫВАНИЕ ЗУБО́В ИЗБИРА́ТЕЛЬНОЕ — тиштерди тандап өгөөлөө. Тишин катарында кайсы бир тиштер физиологиялык жешилүүгө дуушар болбосо, аны бор машина менен өгөөлөп коюу.

ПРО́БА ВОЛДЫ́РНАЯ — ыйлаакча шишимектин сыноосу. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын билинбеген шишигин табуу үчүн коюлат.

ПРО́БА ГИСТАМИ́ННАЯ — гистамин сыноосу. Пациенттин аллергияга сезгичтигин аныктоо үчүн гистамин белгисин коюп көрөт.

ПРО́БА КАВЕ́ЦКОГО — Кавецкий сыноосу. Ткандын айыгуу мүмкүнчүлүгүн жана фагоцитардык активдүүлүгүн аныктоо үчүн коюлат.

ПРО́БА ЛЕЙКОПЕНИ́ЧЕСКАЯ — лейкопениялык сыноо. Акрил пластмассасынан жасалган кийме тиш кийип жүргөндө кээ бир кишилерде оозунун былжыр кабыкчасында бөлөк даам, ачышуу, чымчыгандай, күйүп калгандай сезимдер пайда болот. Мунун себеби жасалма тиштеби же башкадабы аныктоо үчүн тишти кийбей турганда манжадан кан алып, лейкоциттерин санайт, андан кийин жасалма тишти 3–4 саат кийгизип туруп, кайра дагы манжадан кан алып, лейкоциттерин санайт. Эгерде лейкоциттин саны 1 мм^{3}де 1000ге азайса, анда себеби пластмассада экени билинет. Бул сыноону адам ооруп же денеси ысытмалап турса жасоого болбойт.

ПРО́БА ПРОВОКАЦИО́ННАЯ — чыккынчы сыноо. Кийме тишти кийбей жүрүп, кайра кийгенде мурунку оорунун, кыйналуунун кайра башталуусу.

ПРО́БА РАЗГОВО́РНАЯ — сүйлөөнү сыноо. Кийме тишти жасаганда тиштери жок жаактардын аралыгынын туура же туура эмес аныкталгандыгын далилдөөчү ыкма. Аны үчүн жогорку жана астыңкы жаактарга негизи жана жаак сөөктөрүнүн мурунку тиштер турган кыры боюнча бийиктиги 12–15 мм, эни 8–10 мм келген момдон жасалган валикти (прикусной валик на восковом базисе) коюп, кайсы бир тамгаларды, муундарды, сөздөрдү айттыруу керек, мисалы, о, и, в, п, с, з, эки, үч, суу, сүт, нан ж. б. Ошондо валиктердин ортосундагы аралык 4–6 мм болушу керек. Эгерде бул аралык көп (8–13 мм же андан көп) болсо, тиштердин катышынын бийиктиги жапыз деп эсептелинет, же бул аралык аз (1–3 мм же андан да аз) болсо, анда боло турган жасалма тиштин тиштер катышынын бийиктиги бийик болуп калат. Бийиктик жапыз болуп калса, тиштери жок кишидей бырыш-тырышы көп болуп, адам картаң көрүнүп калат, ал эми бийик болуп калса сүйлөгөндө, тамак жегенде тиштери бири-бирине шакылдап тийип, жаак булчуң эттери чоюлуп, чарчап оорутат. Адамдын чыкыйы, башы ооруйт.

ПРО́БА С ЭКСПОЗИ́ЦИЕЙ — убакытка байланышкан сыноо. Кийме тиш менен жүргөндө ар кандай ыңгайсыздыктар болсо, аны убактынча (1–2 күн) аны алып коюу керек. Себеби акрил пластмассасында болсо, адам өзүн мурдакыдан жакшы сезип калат.

ПРО́БА ШИ́ЛЛЕРА-ПИ́САРЕВА — Шиллер-Писарев сыноосу. Тиштин этинин сезгенүүсүн жана анынканчалык даражада экенин аныктоочу ыкма. Аны үчүн 1 г йодду, 2 г калий йодидин дистирленген 40 мл сууга эритип, тиштин этине сыйпаш керек. Муну менен сезгенүүдө жайылып кеткен гликогенди аныктоого болот. Эритиндини сыйпаганда тиштин эти сары түстөн кара күрөңгө чейин боёлот. Ошого карап диагнозду тактоо менен катар дарылоонун натыйжасын билүүгө болот.

ПРО́БА ЯСИНО́ВСКОГО — Ясиновский сыноосу. Бул проба аркылуу былжыр кабыкчадан канча лейкоцит өткөнүн жана эпителийдин сыйрылган санын билүүгө болот.

ПРОГЕНИ́Я — прогения. Прикустун аномалиясы, астыңкы жаактын алдыга карай чыгып, андагы маңдайкы тиштердин үстүңкү маңдайкы тиштерди жаап турушу. Кээде жаман адаттын натыйжасында жалган прогения болушу мүмкүн. Ошондой эле тиштердин бардыгы түшкөндө карылык прогения болот (Кыргызда кемпир ээк деп коёт).

ПРОГНАТИ́Я — прогнатия. Прикустун аномалиясы, үстүңкү жаактын сөөгүнүн чоң болушунан же астыңкы жаактын толук өспөй калышынан болот. Мында үстүңкү жаактын маңдай тиштери өтө алдыга чыгып калгандыктан, астыңкы маңдай тиштерге тийишпей, арасы ачык болуп калат.

ПРО́ЛЕЖЕНЬ — жоордонуу. Эт оюлуу жарасы көбүнчө кийме тиштин негизинин чек арасы өлчөмдөн ашык болуудан, жасалма каптаманын кенен жасалганынан, көпүрө сымал жасалма тиштин аралыгынын былжыр кабыкчага такалып, тыгыз жасалганынан пайда болот. Бул учурда себепкер жерди оңдоп, кесип, кырып таштоо зарыл. Ансыз протезди кийиш, тамак жеш мүмкүн эмес. Көпүрө сымал жасалма тишти алып, кайра жасоо керек.

ПРОЛИФЕРА́ЦИЯ — ткандын өсүүсү. Сезгенүү мезгилинде (гингивит, пародонтит ж. б.) клеткалардын көбөйүп тиштин бүйлөсүнүн өсүп кетиши.

ПРОМЫВНО́Е ПРОСТРА́НСТВО — жуулуучу аралык. Көпүрө сымал жасалма тиштин денеси менен былжыр кабыкчанын ортосундагы жылчык.

ПРОНАЗА́ЛЕ — проназале. Мурундун эң учундагы антропометриялык чекит.

ПРОПЕДЕ́ВТИКА — пропедевтика. Негизги сабактын алгачкы башталышын туюндуруучу бөлүгү.

ПРОТАКРИ́Л-М — протакрил-М. Өзү катуучу акрил пластмассасы, кийме тиш протези сынып калганда, илмекти жабыштырганда, 1–2 өз тиши түшүп калганда, кийме протезге жабыштырганда керек болуучу пластмасса. Курамы күкүм жана суюктуктан турат. Күкүмү майда дисперстүү суспензиялык кошмо полимерлүү метилметакрилат жана

пластмассанын бат карып кетишине каршы заттардан, суюктугу турукташтырылган (стабилдештирилген) метакрил кислотасынын метил эфиринен ж. б. заттардан турат.

ПРОТЕ́З — дененин жасалма бөлүгү. Тиш протези тиштер бузулганда, тиш катарында кемтик пайда болгондо же тиштер жок болсо жасалат. Жасалма каптама, көпүрөчө, доголуу жана пластинкалуу жасалма тиштер деп аталат.

ПРОТЕ́З КОНСОЛЬНЫЙ — асма протез. Тиштердин катарынын кемтигин толуктоодо, таянычы (каптамасын) бир жагына жасап, оозго бекилүүчү жасалма тиш.

ПРОТЕ́З МОСТОВИ́ДНЫЙ — көпүрө сымал жасалма тиш. Тиш катарында кемтик пайда болгондо, жасалуучу таянычы (каптамалары, илмектери) эки жактан болгон жасалма тиш. Алар ооздон алынбоочу жана алынуучу болуп жасалат.

ПРОТЕ́ЗНОЕ ЛО́ЖЕ — кийме тиштин орду. Тиш протездери менен тийишип турган ткандар, алар: жаак сөөктөрүнүн кырынын, таңдайдын, ууртун былжыр кабыкчасы, ооздун түбү.

ПРОТЕ́ЗЫ ДЛЯ ДЕТЕ́Й — жаш балдарга жасалма тиштерди жасоо. Балдарга жасалма тиштерди жасаганда алардын курагына байланыштуу өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарыл. Жасалма тиштер жаак сөөгүнүн жана тиштердин катарынын туура болушуна тоскоолдук кылбашы керек. Жаак сөөгүнүн өсүшүнө жараша балдардын жасалма тиштерин бат-бат алмаштырып туруу зарыл. Көпүрө сымал жасалма тиштер жаак сөөгүнүн өсүшүнө тоскоолдук кылат. Тоскоолдук кылбас үчүн көпүрө сымал жасалма тиштердин ортосу бири-бирине кирип кыймылдап турушу керек.

ПРОТОПЛЕ́Н-М — протоплен-М. Былжыр кабыкчасы жука тишсиз жаакка кийме тиш жасаганда экинчи кабат кылып төшөнчү катары колдонулуучу жумшак пластмасса.

ПРОТРУ́ЗИЯ ЗУБО́В — тиштердин протрузиясы. Үстүңкү жаактын мандай тиштеринин эрин жакка карай өтө көп кыйшайып кетиши. Мында үстүңкү жана астыңкы маңдай тиштер тийишпей калат.

ПРОФЕССИОНА́ЛЬНЫЕ ПОРАЖЕ́НИЯ СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПО́ЛОСТИ РТА — ооз ичиндеги былжыр кабыкчанын кесипке байланыштуу бузулушу. Айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө ооз ичиндеги ткандар, органдар тыгыз байланышта болгонуна жараша ооз көңдөйүндө былжыр кабыкчанын ар кандай оорулары пайда болот. Химия өндүрүшүнүн өркүндөшүнө жараша химиялык заттардын түздөн-түз таасири жана алар менен өнөкөт, созулма түрдө ууланyy болот. Мында клеткалардын иммундук касиети өзгөрүлө баштайт.

ПРОФИЛАКТИ́ЧЕСКИЕ СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЕ СРЕ́ДСТВА — стоматологиялык алдын-алуу каражаттары. Алар төмөнкүлөргө бөлүнөт: ооз көңдөйүндөгү ткандар жана органдардын гигиенасы үчүн каражаттар (тиш пастасы, күкүмү), чайкоо үчүн каражаттар (фториддер, өсүмдүк маңызы, минералдык туздар, эликсирлер), чаптоо (аппликация) үчүн каражаттар (фторлак, кальций глюконаты, фториддер, гелдер), таңуу үчүн каражаттар (биологиялык активдүү заттар, гелдер, минералдык туздар), ичүүчү каражаттар (фторлуу туз, микроэлементтер, фторлуу сүт, фторлуу натрийдин таблеткасы, «Витафтор» витаминдери ж. б.).

ПРОЧНОСТЬ — бышыктык. Стоматологиялык материалдардын тышкы күчтүн таасирине көрсөткөн каршылыгы.

ПТОЗ — жабык көз. Үстүңкү кабакты көтөрүп туруучу булчуң эти шал болгондо, көзгө операция жасоодо кабакты көтөрүүчү булчунду кесип койгондо кабактын ылдый түшүп, көздү жаап калышы.

ПУЗЫРЧА́ТКА — ыйлаакча. Былжыр кабыкчадагы диаметри 5 мл ге чейин, ичине суу же кан толгон бүдүр. Көбүнчө эпителий катмарында болгондуктан, ал бат жарылып жарага айланат. Жийиркенүүдө, аллергияда оорунун биринчи белгиси.

ПУ́ЛЬПА ЗУ́БА — тиштин өзөгү. Тиштин коронка жана тамыр жагында көңдөй болот, ал көңдөйдүн негизин бириктирүүчү ткандар түзүп, анда ар кандай клеткалар

(одонтобласттар, гистиоциттер, фибробласттар, лимфоциттер ж. б.), талчалар (коллагендер) жана клеткалардын арасында жайгашкан (мукопротеин, гликопротеин, мукополисахарид) болот. Ошондой эле өзөктүн курамынын негизи нервдерден жана кан тамырлардан, көп борпоң ткандардан турат.

ПУ́ЛЬПАЭКСТРА́КТОР — тиштин өзөгүн жулуучу аспап. Тиштин тамырынын каналындагы өзөктү жулуу үчүн колдонулуучу курал. Ийкемдүү металлдан жасалат. Капталында өсүктөрү бар. Өзөккө сайгандан кийин аспапты бурап, анан пульпаны жулуп алат. Эң узуну 150 мм, кыскасы 30 мм, жоондугу ар кандай (№ 1, № 2 ичке, № 3 орто, № 4, № 5 жоонураак) болот.

ПУЛЬПИ́Т О́СТРЫЙ ДИФФУ́ЗНЫЙ — тиштин өзөгүнүн жалпы катуу сезгенүүсү. Мында тиш тынбай ооруп, оору баш, кулак, моюнга тарайт, пациент кайсы тиши ооруганын так көргөзө албайт. Зонд менен чукуганда, электр тогу менен текшерип көргөндө тиштин өзөгүнүн сезгичтигинин жок экенин көрүүгө болот.

ПУЛЬПИ́Т О́СТРЫЙ ГНО́ЙНЫЙ — тиштин өзөгүнүн ириңдүү сезгениши. Тиш локулдап, токтоосуз ооруйт, чыкый, жаак тушуна тарап, муздак сууну уурттаганда гана бир аз басылгансыйт. Дененин ысыганы 38°С температурага чейин жетет. Ооруган тиш тыкылдатып уруп көргөндө билинет. Тиштин көңдөйүн ачып, ириңин тазалаганда тиштин ооруганы басылат.

ПУЛЬПИ́Т О́СТРЫЙ ЧАСТИ́ЧНЫЙ — тиштин өзөгүнүн жарым-жартылай курч сезгенүүсү. Кариестин таманына жакын жагында башталат. Мында тиш өзүнөн өзү себепсиз мезгил-мезгили менен ооруйт, зонд менен чукуп көргөндө катуу ооруп кетет.

ПУЛЬПИ́Т РЕТРОГРА́ДНЫЙ — өзөктүн тескери сезгенүүсү. Өзөктүн тиштин чайноо бетинен эмес, тамырынын учунан башталган сезгенүүсү. Тиштин тамырынын учунда микроб чогулганда, тиштин этинин чөнтөкчөсү терендеп кеткенде өзөктүн сезгенүүсү тиштин тамырынын учунан башталат.

ПУЛЬПИ́Т ХРОНИ́ЧЕСКИЙ ГАНГРЕНО́ЗНЫЙ — тиштин өзөгүнүн чирип өнөкөт сезгенүүсү. Тиш ысык тамак ичкенде ооруп кетет, коронка жактагы өзөктү зонд менен сайгылап, анан жыттап көргөндө сасык жыттанат. Зонд менен тамырдын көңдөйүндөгү өзөктү сайганда сезгичтиги билинет.

ПУЛЬПИ́Т ХРОНИ́ЧЕСКИЙ ГИПЕРТРОФИ́ЧЕСКИЙ — тиштин өзөгүнүн өсүп өнөкөт сезгенүүсү. Тиштин өзөгүнүн өсүп тиш көңдөйүнө толуп калышы. Тиштин көңдөйү тамактын калдыктары тыгылып калганда, тиш бат ооруп кетет. Тиштин көңдөйүн изилдеп кароо аркылуу аныкталат. Зонд менен текшерип көргөндө өскөн өзөктүн түбү тиштин көңдөйүнүн таманында болот да, ооруп канап кетет.

ПУЛЬПИ́Т ХРОНИ́ЧЕСКИЙ ОБОСТРИ́ВЩИЙСЯ — тиштин өзөгүнүн өнөкөт сезгенүүсүнүн күчөшү. Өзөктүн сезгенүүлөрүнүн бардык түрлөрү күчөшү мүмкүн. Тиш зыркырап, токтобой, ооруп, адам кайсы тиши ооруганын так көргөзө албайт. Тиштер, жаак, чыкый кошо зыркырап ооруйт. Тиштин бетинде көңдөй бар болсо дарттын аты (диагноз) бат коюлат.

ПУЛЬПИ́Т ХРОНИ́ЧЕСКИЙ ФИБРО́ЗНЫЙ — тиштин өзөгүнүн фиброздуу сезгениши. Тишти текшерип караганда кариестин чуңкуру экени терең көрүнөт, бети ачылып калган тиштин өзөгүн зонд менен чукуганда ооруганы сезилет. Кээде өзөк жумшарган дентиндин астында болуп көрүнбөйт, зонд менен чукуганда өзөктүн көңдөйүнө түшүп кетет. Өзөк канайт. Фиброздуу сезгенүү кыттын астында да кездешет, муздакка ооруп кетет, ысыкка оорубайт.

ПУЛЬПОТОМИ́Я — пульпотомия. Тиштин коронка жагындагы пульпаны хирургиялык жол менен кесип алып салуу.

ПУЛЬПАЭКТОМИ́Я — пульпаэктомия. Тиштин пульпасын толук, тиштин тамырынын учуна чейин алып салуу.

ПУНКТА́Т — пунктат. Пункция аркылуу алынган ткандар менен суюктук, өлчөм.

ПУ́НКТЫ МЕЖЗУБНЫ́Е КОНТА́КТНЫЕ — тиштердин бири-бири менен тийишип турган жерлери. Бир тишке басым түшсө, ал басым тийишүү беттеринин жардамы менен

жанындагы тиштерге таралат. Илгерилеген сайын тиштер бири-бири менен сүрүлүп олтуруп, тийишкен беттери жешилип, тиштердин катары 1 см кыскарат. Тиштерде кариес пайда болуп, тийишүү бети жок болуп калса, кыт койгондо тийишүү бетин тыгыз жасоо керек, антпесе ал жерге тамак тыгылып кала берип, тиштин этинин сезгенүүсүнө себепкер болот. Тиштер тыгыз болбосо, кийинчерээк бул жерде папиллит, гингивит, пародонтит оорулары пайда болот.

ПУ́НКЦИЯ — пункция. Органды же денедеги кайсы бир көңдөйдү ичинде эмне бар экенин билүү үчүн ийне менен тешүү, диагнозду аныктоо максатында анализге жиберүү же дарылоонун натыйжасын билүү үчүн жасалат.

ПУ́РПУРА — пурпура. Кан тамырлардын көпшөктүгүнөн, борпоңдугунан пайда болгон кызыл ала темгилдер.

ПУ́СТУЛА — пустула. Бет терисине чыга турган ириңдүү ыйлаакча.

ПУТИ́ ПЕРЕДА́ЧИ ЖЕВА́ТЕЛЬНОГО ДАВЛЕ́НИЯ — чайноо басымын өткөрүү жолу. Чайноо басымы тиштерден пародонтко өтөт, андан ары жаак сөөгүндөгү жоонойгон түркүк (контрфорс) аркылуу баш сөөгүнүн түбүнө чейин жетип, жок болуп кетет. Валькгоф аларды маңдай-мурун, бет, канат-таңдай жана таңдай түркүктөр деп атаган. Катцтын далилдөөсү боюнча ылдыйкы жаакка түшкөн басымды жаак-чыкый мууну азайтып, жок кылат. Айрым изилдөөчүлөр чайноо басымы баш сөөгүнүн бардык сөөктөрүнө бирдей таралат деп эсептешет.

ПУТЬ ВВЕДЕ́НИЯ ПРОТЕ́ЗА — жасалма тишти оозго киргизип, ордуна коюу жолу. Кийме тиштерди ордуна коюунун, кийгизүүнүн өзүнчө ыгы болот. Бул кыймыл-аракет жасалма тиштин илмектери таяныч тиштерге тийгенден башталып, протез жайына толук жеткенде бүтөт. 5 жолу белгилүү: 1) жогорудан ылдый карай тик (вертикалдуу); 2) оңдон тик; 3) солдон тик; 4) артынан тик; 5) алдыңкы жактан тик.

ПУТЬ ВЫВЕДЕ́НИЯ ПРОТЕ́ЗА — жасалма тишти ооздон чыгаруу жолу. Жасалма тишти коюудагы кыймыл-ара-

кеттин тескерисинче так жасалышы, илмектердин тиштерден алынышы менен аяктайт.

ПЯТЁРКА ГАНА́У — Ганау бештиги. Тиштердин кыймыл-аракети (артикуляциясы). Ганау 5 түрүн белгилеген: 1) муундун жолунун эңкейиши; 2) кашка тиштердин катышуусу; 3) сагитталдык жана трансверзалдык ийриликтер; 4) болжол тегиздигинин эңкейиши; 5) тиштин чайноо бетиндеги дөмпөктөрүнүн бийиктиги. Кийме тиштерди жасаганда ушул 5 далил бири-бирине байланыштуу болот.

ПЯТНО́ — так. Былжыр кабыкчанын өңүнүн өзгөрүүсү. Морфологиялык өзгөрүүлөр болгондо эң биринчи көрүнүүчү белги. Пайда болушуна жараша төмөнкүдөй бөлүнөт: кан тамырга байланыштуу (эритема, розеола); кандын тарашына жараша (петехия, пурпура, экхимоздор); адистик факторлордун таасиринен боло турган (коргошун, висмут, сымап ж. б.) тактар.

ПЯ́ТНА КО́ПЛИКА-ФИЛА́ТОВА — Коплик-Филатов тактары. Бул кызамык оорусунда пайда болуучу тактар. Көбүнчө чоң азуу тиштердин тушундагы былжырлуу кабыкчада жайланышат, агыш-жашыл түстө болот.

Р

РАБДОМИО́МА — рабдомиома. Туурасынан ала-була булчуң эттин зыянсыз шишиги, көбүнчө тил булчуңунда кездешет. Кокустан пайда боло турган болсо өсүп, чоңоюп кетүүчү дарт.

РАДИОВИЗИОГРА́ФИЯ — радиовизиография. Рентген нурунун жардамы менен рентгенге тартуу. Мында пациент нурга 10 эсе аз кабылат жана рентген тасмасы, химикаттар колдонулбайт, жумуш бат болот.

РАДИОСИАЛОГРА́ФИЯ — радиосиалография. Радиоактивдүү иоддун изи аркылуу шилекейдин бөлүнүшүн ченеп, чыкый безинин кызматын аныктоочу клиникалык радиоизотоп ыкмасы.

РАК СЛИ́ЗИСТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПО́ЛОСТИ РТА И ЧЕЛЮСТЕ́Й — ооз ичиндеги былжыр кабыкча менен жаактын рагы. Эпителий катмарында пайда болуучу коркунучтуу шишик, ооз ичиндеги былжыр кабыкча менен жаак сөөктөрүндөгү рак оорусу. Бардык рак ооруларынын 10%ын бет-жаак аралыгындагы шишиктер түзөт. Кан жана лимфа тамырлары аркылуу бүт денеге тарап, башка жерде да оору пайда болушу мүмкүн. Коркунучтуу шишиктер орун алган жерине карай эрин рагы, тил рагы, ооз ичиндеги былжыр кабыкча рагы, жаак сөөгүнүн шишиги деп бөлүнсө, курамына карай — аденокарцинома (былжыр кабыктын эпителийи менен безден турган коркунучтуу шишик), чордонгон жана чордонбогон жалпак клеткалуу рак, одонтогендик (тиш менен чектеш, тектеш) рак деп аталат.

РА́НА — жара, жаракат, жараат. Ткандагы белгилүү бир себептер менен пайда болгон бузулуу. Себебине жараша: ок тийген жара (огнестрельная рана), кесилген жара (резанная рана), чабылган жара (рубленная рана), эзилген, жанчылган жара (разможенная рана), сайылган жара (колотая рана), айрылган жара (рваная рана) ж. б. болот.

РАНДО́ЛЬФ — рандольф. Сары түстөгү кошулма. Курамында 66% жез, 33% цинк, 0,5% темир, 0,5% коргошун бар. Окуу курал катары фантом жумуштарын жасоого жарайт. Жасалма тиш жасап, ооз ичине коюуга болбойт.

РА́НУЛА ИЛИ КИСТА́ ПОДЪЯЗЫ́ЧНАЯ РЕТЕНЦИО́ННАЯ — тил алдындагы ретенциялык гранула же киста. Тилдин алдындагы бездин шишиги. Шилекей келүүчү түтүктүн жарааттанып жана сезгенип калышынан пайда болгон сары дөмпөкчө бара-бара ретенциялуу кистага айланат.

РАПИ́Д РЕПА́ЙР — рапид репайр. Мала кызыл акрил пластмассасы, төмөнкү жылуулукта катат, оозго кийме тиштин негизи (базиси) жасалат. АКШда чыгарылат.

РАПИ́Н — рапин. Аллергияга, сезгенүүгө, гальванозго, сенсибилизацияга, шишимектенүүгө каршы колдонулуучу суюк дары. Курамында фтордун иондошкон туздары бар, pH 7,5–8,3кө барабар. Бишкекте чыгарылат.

РАСЕ́СТИПЕН — расестипен. Металлакрил жана металлкерамика коронкасын жасарда тишти өгөөлөө алдында анын бүйлөсүнүн кырын көтөрүү үчүн колдонулуучу хлордуу алюминий сиңирилген жип. № 0, № 1, № 2 жоондукта болот. Францияда чыгарылат.

РАСПО́РКА — кергич. Тиштер жулунгандан кийин, чектеп турган тиштер жылып кетпесин үчүн атайын кергич протездерди жасашат. Айрыкча сүт тиштерди жулганда туруктуу тиштерге орун сакташ үчүн жасалат.

РАСПРОСТРАНЁННОСТЬ КА́РИЕСА — кариестин таралуусу. Адамда кариестин (К) болушу, кытталганы (К; пломбированные – П) жана жулунганы (Ж; удаленные – У) жөнүндөгү мүнөздөмөнү берет ККЖ (КПУ). Мисалы, 100 кишинин ичинен 97синде кариестүү, кытталган жана жулунган тиштер болсо, анда бул топто кариестин таралуусу 97% болот.

РА́УЦЕМ — рауцем. Ооздон алынбоочу жасалма тиштерди бекитүү үчүн колдонулуучу цемент. Алматыда чыгарылат.

РАХИТИ́ЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕ́НИЯ ЗУБО́В И ЧЕЛЮСТЕ́Й — итийден тиштердин жана жаак сөөгүнүн өзгөрүүлөрү. Алар төмөнкүдөй болот: жаак сөөгүнүн бузулушу, тиштердин тамырынын өсүшүнүн бузулушу, тиштин чыгуу мөөнөтүнүн бузулушу, жогорку жана ылдыйкы жаактардын энсиз болушу ж. б. толгон-токой өзгөрүүлөр.

РА́ШПИЛЬ — рашпиль. Ири тиштүү, өгөөчү аспап.

РЕАНИМА́ЦИЯ — тирилтүү. Жандандыруу, жүрөккө массаж жасап, жүрөккө ийне сайып дары куюп, кан куюп, адам чукулунан өлүмгө дуушар болуучу учурда атайын көрсөтүлүүчү жардамдык чаралар.

РЕБАРО́Н — ребарон. Химиялык жол менен же жарыктын жардамы менен катуучу акрил пластмассасы, мала кызыл түстө болот, кийме тиштин негизин (базисин) оңдоодо, илмектерди, тиштерди жабыштырууда колдонулат. Японияда чыгарылат.

РЕАКТИ́ВЫ ДЛЯ ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ РАЗДРАЖА́ЮЩИХ МЕТА́ЛЛОВ ПРИ ПО́ЛЬЗОВАНИИ МЕТАЛЛИ́ЧЕСКИМИ

ЗУБНЫ́МИ ПРОТЕ́ЗАМИ — металл тиш протездерин пайдаланууда дүүлүктүрүүчү металлдарды аныктоочу реактивдер. Кээ бир пациенттерге жакпаган металл куймаларындагы металлды аныктоо үчүн алтынга алтын цианидинин 1%дуу, күмүшкө азот кычкыл күмүштүн 5%дуу, кобальтка күкүрт кычкыл кобальттын 2,5%дуу, жезге хлорлуу жездин 1%дуу суудагы эритмеси, никелге вазелиндеги 2,5%дуу күкүрт кычкыл никель, хромго 0,5%дуу кошхром кычкыл калий колдонулат.

РЕГЕНЕРА́ЦИЯ — калыбына келүү. Клеткалардын өсүшүнүн натыйжасында мурунку кемтиктин ордунун толушу, дененин кесилген жериндеги клеткалардын өсүшүнөн улам калыбына келиши.

РЕДО́НТ — редонт. Акрил пластмассасы. Редонттун жардамы менен кийме тиштердин сыныгын бириктирүүгө, илмекти жана тиштерди кийме тиштерге жамоого, тиштери жок жаактарга жасалган тиш протезин редонттун жардамы менен төп келтирүүгө (перебазировкалоого) болот, ошондой эле ортодонтиялык жана ортопедиялык аппараттарды жасоого жарайт, жаак сөөктөрү сынганда шакшак катары колдонсо болот. Редонт күкүм жана суюктуктан турат. Күкүмү метилметакрилат жана этилметакрилаттын кошулмасынан, ал эми суюктугу метилметакрилаттан, активдештирүүчү жана басандатуучу заттардан турат.

РЕДУ́КЦИЯ — кичирейүү, чөгүү. Тиштерди жулгандан кийин (кээде тиштерди жулбаганда деле) жаак сөөгүнүн кыры жоюла баштап, кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин жаак сөөгүнүн кыры жок болуп кетет. Кийме тишти жасагандан кийин жоюлуу, кичирейүү дагы ылдамдашы мүмкүн.

РЕД-ФЕЙЗ Р — ред-фейз Р. Тишке кыпчык (вкладка) жасоодо калып алуу үчүн колдонулуучу поливинилсилоксан массасы. Германияда чыгарылат.

РЕ́ЖУЩЕ-БУГОРКО́ВЫЙ КОНТА́КТ — кесүү-дөмпөк тийишүүсү. Тиштердин катарынын борбордук тийишүүсүндө маңдайкы астыңкы кашка тиштер үстүңкү маңдайкы кашка тиштердин тандай жактагы дөңчөсү менен тийишип турушу керек, муну кесүү-дөмпөкчө тийишүүсү (контакт) деп

аташат. Кесүү-дөмпөкчө тийишүүсү жаактардын мандайкы бөлүгүнүн бийиктигин аныктап турат.

РЕЗЕ́КЦИЯ — резекция. Терапиялык жол менен дарылап айыктыра албаган ооруларды операция жол менен алып таштоо. Мисалы: тиштин тамырынын учундагы кистаны операция жолу менен кертип алып таштоо.

РЕЗЕ́РВНЫЕ СИ́ЛЫ ПАРОДО́НТА — пародонттун сакталган күчү. Ал керек болгондо гана керектелинет, б. а. жумшак тамак жегенде сарпталбай, катуу тамак (жиптин түйүнүн чечкенде, жаңгак, өрүктүн данегин чакканда, тарамышты тиштегенде, чайнаганда гана) жегенде сарпталат. Тиштердин катарында кемтик болуп, көпүрө сымал тиш жасаганда таяныч тиштер резервдеги запас күчүн жумшайт.

РЕЗЕ́Ц БОКОВО́Й — каптал кашка тиш. Эки жаакта (үстүңкү жана астыңкыда экиден) төртөө болот, бир тамырлуу.

РЕЗЕ́Ц ЦЕНТРА́ЛЬНЫЙ — борбордук кашка тиш. Бир тамырлуу борбордук кашка тиштер үстүңкү жаакта эки, астыңкыда эки болот. Борбордук, каптал жана кылкыйма тиштер тамакты тиштеп алууга ыңгайлашкан. Бул тиштердин сырткы көрүнүшү кескичке, күрөккө окшош болот.

РЕЗИДЕ́НТ — резидент. Тиштердин калыбын алуучу силикон массасы. Тиштердин калыбын алгандан кийин бул массанын көлөмү болор-болбос 0,14–0,6%га кичирейет. Германияда чыгарылат.

РЕЗОДЕ́НТ — резодент. Тиштин тамырынын каналын кыттоодо өтүүгө кыйын болгон учурда колдонулуучу паста.

РЕЗО́РБЦИЯ — сиңирүү, сорулуу. Ооруган жерге дарыдармекти шыбаганда анын сиңүүсү, оозгогу былжыр кабыкча аркылуу ар кандай заттардын сорулуусу. Ошондой эле тишти кармап турган жаак сөөгүнүн кырынын сорулуп жок болуп кетишинин натыйжасында тиштердин бошоп кетиши.

РЕЗОРЦИ́Н — резорцин. Тиштин каналын дарылоодо колдонулуучу дары-дармек. Тиштин кариес оорусу татаалдашып, пульпит, периодонтит ооруларына өтүшүп кеткенде, тиштин тамырынын каналы бүтөлүп өтпөй калганда резорцинди сиңдирип дарылайт.

РЕКОНСТРУ́КЦИЯ СЪЁМНОГО ПЛАСТИ́НОЧНОГО ПРОТЕ́ЗА — кийме пластиналуу тишти кошумча оңдоо. Кийме тиштердин (пластиналуу, доголуу) илмектерин жылдыруу же жасалма тиштерди кошуу иштерин жүргүзүү.

РЕМИНЕРАЛИЗА́ЦИЯ — реминерализация. Тиштин тканына минералдардын сиңүүсү.

РЕМИ́ССИЯ — басаңдоо. Оорулуунун ооругандыгы убактынча басылып калган учур. Бул пульпит, периодонтит ооруларына тиешеси бар түшүнүк. Дарылоо натыйжалуу болгондо басаңдоо оорунун күчөшүнө караганда узара берет.

РЕНТГЕНОВИЗИОГРА́ФИЯ — рентгеновизиография. Акыркы убакта убакта рентген установкасы менен видеокамераны бириктирген аппараттар чыгууда. Бул аспап менен тартылган объектти экранда көрүүгө болот. Рентгеновизиограф тиштин тканынын сүрөтүн 27 эсе чоңойтуп берет. Тасмадан керек жердин сүрөтүн чыгарып алса болот.

РЕНТГЕНОГРА́ММА — рентгенограмма. Адамдын ар кайсы органдарынын морфологиялык жана функциялык өзгөрүүлөрүн изилдеп, диагноз коюуда рентгенге тартып изилдешет. Стоматологияда 2 түрдүү ыкма менен тартылат: 1-ыкмада ооздун ичине рентген кагазын коюп, 1, 2, 3 тишти тартуу; 2-ыкмада рентген кагазын жаактардын сыртына кармап, бардык тиштерди, жаак сөөктөрдү тартуу.

РЕОГРА́ФИЯ — реография. Бул ыкманы ишке ашыруу үчүн реограф керек. Реографтын жардамы менен ткандарга кан толуп, кан айланып турган кезде ткандардын электр тогуна каршылык көргөзүп, тамыр согушунун термелүүсүн жазат. Стоматологияда тиштин өзөгүндөгү кан айланууну изилдөө үчүн реодентография, пародонту изилдөө үчүн — реопародонтография, чыкый аймагын изилдеш үчүн — реоартрография ыкмалары колдонулат.

РЕОКА́П ТЕМП — реокап темп. Коронкаларды, көпүрөчө тиш протездерин убактылуу бекитүүдө, колдонулуучу, курамында эвгенолу жок цемент. Германияда чыгарылат.

РЕПИ́Н — репин. Катуу калып алуу үчүн масса, цинкоксидэвгенол пастасы. 2 түрдүү алюминий сыкмасынан турат: ак (негизи) жана сары (тездетүүчү-катализатор) пасталары. Тиштердин бардыгы толук түшкөндө калып алуу үчүн колдонулат.

РЕПЛАНТА́ЦИЯ ЗУ́БА — тишти реплантация жасоо. Хирургиялык ыкма, ооруган тишти жулуп алып, аны дарылап кайра өз ордуна коюп жандандыруу.

РЕПОЗА́ЦИЯ — салуу, түзөтүү. Сынган жаак сөөктөрдүн сыныктарын өз ордуна тууралап, түздөп келтирүү жана чыкый-ылдыйкы жаак мууну ордунан чыгып кеткенде салуу.

РЕТЕНЦИО́ННЫЕ АППАРА́ТЫ — токтотуучу аппараттар. Алынган натыйжаны бекитүү, акыркы абалды калтыруу үчүн колдонулуучу аппараттар.

РЕТЕНЦИ́Я ЗУ́БА — тиш ретенциясы. Кайсы бир тиштердин чыкпай, жаак сөөгүнүн ичинде калып калышы. Көбүнчө кылкыйма, акыл азуу тиштери ретенция болот.

РЕТРА́КЦИЯ ДЕСНЫ́ — бүйлөнүн ретракциясы. Тиштин этинин жыйрылып, тартылып, кичирейиши. Бул учурда тиштин тамыры ачылып калат. Ретракция пародонтит, пародонтоз менен ооруганда пайда болот.

РЕТРУ́ЗИЯ ЗУБО́В — тиштердин ретрузиясы. Үстүңкү жаактын маңдай тиштеринин ооз көңдөйүнө карай кыйшайып калышы.

РЕЦИДИ́В — кайталануу. Айыгып калган оорулардын кайра козголуусу же кайсы бир клиникалык белгилеринин билиниши.

РИНОПЛА́СТИКА — мурундун кемтигин оңдоочу пластикалык операция.

РО́ЖА — тилме. Теринин кызарып сезгенүүсү. Ал жаракаттануудан, аллергиядан жана стрептококктордун таасиринен болот. Беттеги кызыл так дененин температурасынын көтөрүлүшү, ден соолуктун кескин төмөндөшү менен коштолот. Кызыл тактар тилде, маңдайда, кабакта, бетте жана кулак калканында пайда болот.

РОЗЕО́ЛА — кызыл бүдүр. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчада, териде чоңдугу чекиттен чоңураак, басып көргөндө тарап кетүүчү кызыл тактар.

РОТА́ЦИЯ — айландыруу. Тишти жулганда алды менен ордунан айландырып козгоочу, кыймылдатуучу ыкма.

РОТОВА́Я ПО́ЛОСТЬ — ооз көндөйү. Тамакты сиңирүү ооз көндөйүнөн башталат. Анын чеги: капталынан ууртлар (щеки), алдынан эриндер (губы), үстүнөн таңдай (твёрдое нёбо), астынан тил (язык) жана ооз түбү (дно полости рта), артынан таңдай пардасы (нёбная занавеска) менен чектелген көңдөй. Ооз көңдөйү былжыр кабыкча менен капталып, шилекей менен сууланып турат.

РУБЕ́Ц — берч. Денеде жарадар болгондон кийин пайда болгон берч-тырык. Ал күйүктөн, кесилгенден, ириңдеп айыккан жарадан кийин да болот.

С

САЛИВА́ЦИЯ — шилекей бөлүнүп чыгуу. Ооз көңдөйүндө шилекейдин мааниси өтө зор. Тамак чайналганда шилекейдин жардамы менен ботког айланат да, тамакты сиңирүү үчүн шилекей ферменттери биринчилерден болуп таасир этет. Чыкый шилекей бези туура иштеп турган кезде, шилекей суюк болот, кайсы бир ооруга чалдыгып калса, шилекей коюуланып калат. Кээде шилекей күндөгүдөн көп бөлүнүп калат муну гиперсаливация, ал эми аз бөлүнүп калса, гипосаливация деп аталат.

САНА́ЦИЯ ПО́ЛОСТИ РТА — ооз ичин дарылоо. Ооз көңдөйүндө жайгашкан: былжыр кабыкчанын, тиштердин, пародонттун ооруларынын алдын алуу, эгер оору бар болсо аны айыктыруу иштерин жүргүзүү.

САНБЕ́РСТ — санберст. Коронка жана көпүрөчө тиш протездерин куюп жасоодо колдонулат. Курамында 60% алтыны бар кошунду, куюу касиети жогору.

САРКО́МА — сөөккө чыгуучу коркунучтуу шишик. Пайда болуу мөөнөтү ар кандай, кээде тез арада, кээде айлап

өсүп олтуруп, коркунучтуу шишикке айланат. Ден соолук тез начарлап, температура денеде көтөрүлүп, лимфа бездерине, өпкөгө, боорго бат тарап кетет. Клиникада ар кандай түрлөрү кезигет: фибросаркома, ангиосаркома, остеосаркома, ретикулосаркома ж. б.

СА́ХАРНЫЙ ДИАБЕ́Т — кант диабети (кант оорусу). Бул оорунун өзгөчөлүгү ооз ичиндеги былжырлуу кабыкча менен пародонттун оорушунда. Айтылган оорулардын өтүшү кант диабетинин оордугуна жараша болот. Пародонтоз оорусу жалаң кант оорусунда кездешет.

СВЕДЕ́НИЕ (КОНТРАКТУ́РА) ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаактардын карышуусу. Мындай учурда адамдын оозу такыр ачылбай же жарым-жартылай гана ачылышы. Себептери: чайноо булчуңдарынын рефлекстик катып калуусу, чыкый-ылдыйкы жаак муунун катып калышы, берч-тырыктын пайда болушу.

СВЕТОЛЕЧЕ́НИЕ — жарык шooласы менен дарылоо. Стоматологиялык ооруларды инфракызыл жана ультракызгылт көк шоола чыгара турган электр лампочкалары менен дарылашат. Ушул эле максат менен гелий, неон, лазер нурлары колдонулат. Сымап-кварц лампочкасы жаак сөөгүндө, пародонт, тиштин этинин ооруларында зат алмашуу процессин жогорулатып, жарадагы микроорганизмдерди өлтүрүп, микроэлементтерди, минералдык туздардын сиңишин жакшыртат. Солюкс лампочкасы таасир эткен жеринин кан айлануусун тездетет, кан канчалык бат айланса, ооруган жер, жара ошончулук бат айыгат.

СВИЩ ДЕСНЕВО́Й — тиштин бүйлөсүнүн ириңдеп тешилиши. Тиштин бүйлөсүнүн астын ириң тээп калганда, ал этти тешип чыгат. Ириңдин пайда болуу себептери: тиштердин периодонтит, пародонтит менен оорушу; чыкпай калган тиштердин сезгенүүсү; жаак сөөгүнүн өнөкөт кулгуна менен оорушунан пайда болгон чириген өлүү ткандардын ириңдеп кетиши.

СВИЩ СЛЮННО́Й — шилекей жолунун тешиги. Шилекей бездеринен же анын түтүктөрүнөн, жолдорунан шилекейдин бөлүнүп турушу.

СЕГАКЕ́СТ — сегакест. Форма берүүчү фосфаттуу масса, металлдын ар түрдүү куймаларын куюуга мүмкүндүк берет. Германияда чыгарылат.

СЕКВЕ́СТР — сөөктүн чирип, өзүнчө турганы. Кулгуна оорусунун натыйжасында чириген сөөк сорулуп кетпей, өзүнчө бөлүнүп калгандыктан, ал айланасындагы ткандардан байланышын үзгөндүктөн, өзүнчө бөлүнүп калышы. Бул көбүнчө сөөк сынып, инфекция кошулганда кезигет, кан аркылуу (гемотогенный) дагы болот.

СЕНСИБИЛИЗА́ЦИЯ — сенсибилизация. Ткандардын, клеткалардын аллергенге өтө сезгичтиги. Мындай учурда организм сезимталдыгын арттырат, күчөтөт. Бул абал белокторду бир нече жолу ийне саюу менен алгандан кийин болот.

СЕ́ПСИС СТОМАТОГЕ́ННЫЙ — стоматологиялык сепсис. Стоматологиялык ириңдүү булактардан инфекциянын бүт денеге тарап жайылып кетиши.

СЕ́ПСИС ХИРУРГИ́ЧЕСКИЙ — хирургиялык сепсис. Ириңди пайда кылуучу жана таратуучу микробдордун операциядан кийин канга кошулуп, жайылып тарашы. Буга асептика жана антисептиканын операция мезгилинде сакталбагандыгынан жана организмдин туруштугунун начарлашы өбөлгө болот.

СЕПТИКОПИЕМИ́Я — септикопиемия. Сепсистин бир түрү, ууландыруучу мүнөзү жана ар кайсы органдарда, ткандарда абсцесстердин пайда болушу менен айырмаланат.

СЕПТИЦИ́Я — септиция. Кан аралаш ириң бүт денеге таралса деле организмде сезгенүү очоктору болбойт.

СЕПТОКО́РД — септокорд. Жасалма коронкаларды (металлакрил, металлкерамика) жасарда тишти туура өгөө үчүн тиштин этинин кырын көтөрүүдө колдонулуучу алюминий жана калий сульфаттары сиңирилген жип. Жоондугу № 0, № 1, № 2 болот. Францияда чыгарылат.

СИАЛО́АДЕНИТ — шилекей безинин сезгенүүсү. Ооздо инфекция көбөйүп, шилекей бөлүнүп чыгуу процессинин бузулушунан пайда болот. Ооруган жер кызарып, шишип, баскан кезде ооруйт, шилекей аз бөлүнүп чыккандыктан, ооз кургап турат.

СИАЛОГРА́ФИЯ — сиалография. Шилекей бездеринин сөлөкөтүн атайын рентгендик изилдөө менен сүрөткө тартуу.

СИАЛОДОХИ́Т О́СТРЫЙ И ХРОНИ́ЧЕСКИЙ — шилекей безинин башкы өткөөлдөрүнүн тез жана өнөкөт сезгенүүсү, көбүнчө чыкый бези менен жаак алдындагы безде болот.

СИАЛО́ЛИТИАЗ — сиалолитиаз. Шилекей бездерине жана анын өткөөлүнө таш пайда болушу менен мүнөздөлгөн оору.

СИКО́Р — сикор. Жогорку эстетикалуу жасалма коронкаларды жасоо үчүн стоматологиялык ситалл. Вакуумдуу электр мешинде жогорку температурада 3–4 катмар (базис, дентин, эмаль, айнек) болуп жасалат. Стоматологиялык ситалл «Сикордун» курамында 4 түрдүү A, B, C, D күкүмү болот. Алар өзүнчө дагы бөлүнөт. A_1, A_2, A_3 A_4; B_1, B_2, B_3, B_4; C_1, C_2, C_3, C_4; D_1,D_2, D_3, D_4.

СИЛАУ́Р — силаур. Курамы 75% кремнезёмдун майда тартылган унунан жана 25% автоклавирленген гипстен турат. Силаур № 3-б жана Силаур № 9 деген ат менен чыгарылат. Отко чыдамдуу материал болгондуктан жасалма тиш жана протездин каркасын куят.

СИЛИДО́НТ — силидонт. Туруктуу кыттоо үчүн колдонулуучу зат. Физикалык жана химиялык касиеттери боюнча фосфат менен силицинге окшош. Күкүмдүн курамы 80% силицин, 20% фосфат-цементтен турат. Тиш тканына зыяны жок жана тиштин бетине жакшы жабышат.

СИЛИКО́НОВЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ — калып алуу үчүн силикон материалдары. Бул массалар ийкемдүү топко кирет. Алар: сиэласт — 69, 03, 05, 21 (Украина); экзафлекс, стомафлекс, дентафлекс (Чехия); кольтекс-кольтофлекс (Швейцария); кнетон-ситран, цафо-тевезил, дентасил, силасоф (Германия); 3М-экспрес, 3М-импринт, конденсационный силикон (Канада) ж. б. кирет.

СИЛИЦИ́Н — силицин. Негизинен мандайкы (кашка, кылкыйма, кичи азуу) тиштерди кыттого арналган зат. Өңү, жылтырактыгы тиштин эмалына окшош. Күкүмдүн курамы кремний кычкылы, алюминий, кальций жана фтордон турат. Суюктугунда фосфор кислотасынын эритиндиси бар.

СИМПТО́М — оорунун белгиси. Мисалы: ооздун ичиндеги былжырлуу кабыкчага ар түрдүү морфологиялык элементтер бөртүп чыгат. Ошолордун ичинен ак тактар лейкоплакияга таандык болсо, жалпак кызыл темиреткүнүн негизги белгиси — майда катуу түйүнчөктөрдүн пайда болушу.

СИМПТО́М БА́БОЧКИ — көпөлөк белгиси. Мурундун үстүндө жана бетте көпөлөктүн сөлөкөтүн берген бөртүүлөр.

СИМПТО́М БЕ́РТОНА — Бертон белгиси. Сатурнизм белгиси: коргошун менен ууланганда астыңкы жаактын тиштеринин бүйлөсүнүн кырында боз кыюунун пайда болушу.

СИМПТО́М БЕ́ХТЕРЕВА — Бехтерев белгиси. Мээ кабынын дүүлүгүүсүндө бет сөөктү тыкылдатып уруп көргөндө баш ооруйт жана беттин булчуңдары жыйрылат.

СИМПТО́М БО́УГА — Боуг белгиси. Бала 4–7 жашында туруктуу азуулардын аралыгы 28 мм ден ашпаса, ортодонтиялык дарылоону баштоо керек.

СИМПТО́М ВЕ́НСАНА — Венсан белгиси. астыңкы жаактын нервинин шишишинен же сезгенүүсүнөн астыңкы эрин менен ээктин жансыздануусу, сезүүнүн начарлашы.

СИМПТО́М ВЕ́СКИ — Вески белгиси. Бүйлөнүн тубаса гипертрофиялык сезгенүүсү.

СИМПТО́М ВИКЕ́МА (УИКХЕ́МА) — Викем (Уикхем) белгиси. Кызыл жалпак темиреткүнүн белгиси: майда тордолгон же бөртүктөрдүн бетинде сызыктары менен чектелген грануломатоздун пайда болуусу.

СИМПТО́М ВИ́ЛЛИСА — Виллис белгиси. Беттин нервинин жансызданып, иштебей шал болуп калышынан бетти кан басып кызарышы.

СИМПТО́М ВО́ЛОСА — чачтын белгиси. Тетраэтилкоргошун жана башка уулуу заттар менен ууланганда оозунда башка нерселер (чач, жип) бардай сезилип, тилдин жана эриндин же колдун жардамы менен алардан кутулуу аракетин жасоо.

СИМПТО́М ГАРЕ́ЛЯ — Гарель белгиси. Гайморит болгондо гаймор кобулундагы электр жарыгын пациенттин сезбеши.

СИМПТО́М ГЕРЕ́НА — Герен белгиси. Үстүңкү жаактын сынгандыгынын белгиси: оозду чоң ачтырып, негизги сөөктүн канат сымал илмегин сөөмөй менен басканда, оорунун сынган жерге таралуусу.

СИМПТО́М ГЕ́РКЕ — Герке белгиси. Медиастениттин билинүүсү: оорулуунун башын артка чалкалатканда көкүрөгү ооруп кетет, башты көтөргөндө оору басылат.

СИМПТО́М ГЕ́ТЧИНСОНА — Гетчинсон белгиси. Котон жаранын тубаса белгиси: кашка тиштердин формасы тешкичке окшош жана кесүү кырында жарым айдай кемтик болот.

СИМПТО́М ГИДРОВИБРАЦИО́ННОГО КОЛЕБА́НИЯ — гидровибрация термелүүсүнүн белгиси. Жаак сөөгүндө ичи сууга толгон киста пайда болгондо байкалуучу кубулуш. Киста чоңойгон сайын жаак сөөгү жукара берет, ушул мезгилде ага перкуссия жасаганда (чертүү) карама-каршы жакка берилген дирилдөө.

СИМПТО́М ГО́ВЕРСА — Говерс белгиси. Эринди түйрүгөндө бет нерви бузулуп иштебей калган жактагы беттин булчуңу иштебейт.

СИМПТО́М ДЮПЮИТРЕ́НА — Дюпюитрен белгиси. Жаак сөөгүнүн ичинде шишик пайда болгондо альвеола чорчогун басканда сөөктүн кычырашы.

СИМПТО́М ЖИЛЬБЕ́РО-А́НО — Жильберо-Ано белгиси. Боордун өнөкөт оорусунда бетте жана денеде жылдызчага окшош кан тактарынын пайда болушу.

СИМПТО́М КА́УФМАНА — Кауфман белгиси. Ириндүү гайморит болгондо былжыр кабыкчанын көчүп калуусунун натыйжасында, ал мурундун орто жолунун полипи деген жаңылышуу болушу мүмкүн.

СИМПТО́М КУ́ПЕРМАНА — Куперман белгиси. Вакеза же эритермия ооруларында байкалат. Ал канды иштеп чыгууга катыша турган сөөк кемиктеринин элементтеринин, жалаң кызыл кан денечелеринин, гемоглобиндин жана тромбоциттин санынын көбөйүшү менен мүнөздөлөт.

СИМПТО́М ЛИБЕРМЕ́ЙСТЕРА — Либермейстер белгиси. Аба эмболиясы болгондо, тилдин жансыздануусу жана тилде агарган тактын пайда болуусу.

СИМПТО́М МА́ЛЬЧА — Мальч белгиси. Тил астындагы нервдин ядролорунун бузулуусунун натыйжасында темгилдүү келтеде тилди алдыга чыгара албагандык.

СИМПТО́М МА́РФАНА — Марфан белгиси. Ич келте оорусунда тилдин учунун үч бурчтуктай болуп кызаруусу.

СИМПТОМ «МАСКИ КЛОУНА» — «Маскарапоздун бет кеби» белгиси. Ыйлаганда беттин нервинин шал болгон жагынын кызарбай турушу.

СИМПТО́М МИРША́НА — Миршан белгиси. Эпидемиялык паротит менен ооругандардын тилине сирке (уксус) сүйкөсө, шилекей чыкканда оорутат.

СИМПТО́М НИКО́ЛЬСКОГО — Никольский белгиси. Ооздогу былжыр кабыкчанын алдына жыйылган экссудаттын керип жиберишинен эпителий клеткаларынын өз ара байланышынын үзүлүшү, өзгөрүүсү. Клетка аралык байланыштардын бузулуусунан болот. Аныкташ үчүн гистологиялык изилдөө жүргүзүлөт.

СИМПТО́М «ОЧКОВ» — «көз айнек» белгиси. Жогорку жаак сынганда баш сөөктүн түбү кошо сынса, «көз айнек» белгиси пайда болот, мында көздүн айланасы шишип, кан жайылып, карайып кетет.

СИМПТО́М «РАЗБИТОГО ГО́РШКА» — «сынган карапа» белгиси. Кайсы бир себептер менен гаймор көңдөйү

жана бет сөөк травмага учураганда, алардын сөөктөрүнүн сынган-сынбагандыгын аныкташ үчүн колдонулуучу ыкма. Алар сынбаган болсо, тиштерди тыкылдатып урганда үнү таза чыгат, ал эми сынып калган болсо сынган, жарылган карапанын добушундай үн чыгат. Минтип изилдөөнүн себеби адамдын бет териси айрылбаган бүтүн бойдон калат.

СИМПТО́М ТРЕ́ЛЯ — Трель белгиси. Кургак учук оорусунда ооздун ичиндеги жаралардын четинде сары тактардын пайда болушу.

СИМПТО́М ФИЛА́ТОВА — Филатов белгиси. Кызылчанын башталуу стадиясында ооздун былжыр кабыкчасында ак тактардын пайда болушу.

СИМПТО́М ХЕ́ТЧКОКА — Хетчкок белгиси. Астыңкы жаактын бурчунун оорушу эпидемиялык паротиттин белгиси.

СИМПТО́М «ЩЕ́ЛКАЮЩЕГО» СУСТА́ВА — «кырсылдаган» муун белгиси. Астыңкы жаакты ары-бери кыймылдатканда кырсылдап турса, анда астыңкы жаак-чыкый муунү өнөкөт артроз, артрозоартрит ооруларына чалдыккандыгынын белгиси.

СИМПТО́М ШМРЕ́КЕРА — Шмрекер белгиси. Тиштин тамырынын учунда гранулема болуп, жаак сөөгү жок болуп калганда, бармакты ошол жерге коюп, тишти акырын ургуласа, солкулдакты сезет.

СИМПТО́М «ЯЗЫКО́В ПЛА́МЕНИ» — «оттун жалыны» белгиси. Балдардын тиши өнөкөт периодонтит оорусуна чалдыкканда байкалат. Тиштин тамырынын учу, жаак сөөгү бүтүндөй сезгенүүгө учураганда ошол тишти рентгенге тартканда оттун жалынына окшош сүрөт көрүнөт.

СИНДРО́М — синдром. Бир ооруну мүнөздөөчү көп белгилердин айкалышы болгондо ушул термин айтылат. Мисалы: Стейнтон-Капдепон синдрому, Бехчет синдрому ж. б.

СИНДРО́М АШЕ́РА — Ашер синдрому. Көздүн үстүңкү кабагынын шишиши кайталанып турат, эрин калыңдайт, эки кабаттанат, богок болот. Стоматологдор кабатталган эринди операция жолу аркылуу оңдойт.

СИНДРО́М АУРИ́КУЛО-ТЕМПОРА́ЛЬНЫЙ — кулак-чыкый синдрому. Шилекей безинин сезгенүүсү менен мүнөздөлөт. Ооруган жактын бети шишип, тердеп турат, кол тийгизбей ооруйт.

СИНДРО́М БЕ́ХЧЕТА — Бехчет синдрому. Бул оорунун негизинен үч белгиси бар: ооздун ичиндеги жана жыныс органдарындагы былжыр кабыкчасынын бат-бат кайталап, ыйлаакча басып сезгенип оорушу жана көздүн оорушу (ирит, увеит). Бул оорулар биригип кайталанганда адам өтө катуу жабыркайт. Муну 1937-жылы түрк дерматолог врачы H. Behcet сыпаттап жазган.

СИНДРО́М «ЗУБНА́Я АНГИ́НА» — «тиштин басма оорусунун» синдрому. Астыңкы жаактагы акыл азуунун кыйынчылык менен чыгуусунда байкалат, мында жуткунчактын айланасында лимфа бездеринин сезгенүү процесси болот, тамакты чайноо, жутуу кыйын болуп калат.

СИНДРО́М КОСТЕ́НА — Костен синдрому. Чыкый-астыңкы жаак муунунун катышынын өзгөрүүлөрүнөн кийин боло турган оору. Анын белгиси болуп кулактын ичи ооруйт, начар угат, оору кежигеге, ооз ичиндеги былжыр кабыкчага берилет, тил ысып, ооздун ичи кургап, баш ооруйт, айланат. Бул оору көбүнчө тиштери түшүп калгандарда жана тиштери өтө жешилип кеткендерде болот.

СИНДРО́М ЛЕФЕ́ВРА-ПАПИЙО́НА — Лефевр-Папийон синдрому. Синдромдун негизги белгилери: пародонт тканындагы сезгенүүнүн күчөшүнөн тиштердин кыймылдап калышы, тиштин этинин чөнтөкчөлөрү сезгенип, тереңдеп, ириң агышы, мурун кыймылдап турган тиштердин түшүп калышы, алакан менен согончоктун чордонушу жана адамдын көп тердеши.

СИНДРО́М ПЕ́УТЦА-ТУРЕ́НА-Е́ГЕРСА — Пеутц-Турен-Егерс синдрому. Оору эки түрдүүчө башталат: 1) бетте, ооз ичинде, кычыгында ар кандай формадагы тактардын пайда болушу менен; 2) ашказан-ичегилердин былжыр кабыкчасында өсүктөрдүн пайда болушу менен. Оору атадан балага берилет.

СИНДРО́М ПРИОБРЕТЁННОГО ИММУ́НОГО ДЕФИЦИ́ТА (СПИД) — алынган иммун жетишсиздигинин синдрому. Табияты вирус болгон жугуштуу оору. Ооруну баштоочу вирус HIV. Ал канга кошулганда Т-лимфоциттик системаны бузуп талкалайт, вирустун таасири клеткадагы Т-хелпер менен Т-киллердин касиеттерин өзгөртүп бузат.

СИНДРО́М РЕ́ЙТОРА — Рейтор синдрому. Оору дененин температурасынын тез көтөрүлүшү менен башталат. Ичеги, муундар сезгенет. Ооз ичинде ыйлаакчалар, жаралар пайда болот. Оору бир нече жумага созулуп грипп, ангина, пневмония, жүрөк ооруларына өтүшүп кетет.

СИНДРО́М РОБЕ́НА — Робен синдрому. Тубаса болуучу оору, астыңкы жаак жетилбей калат (микрогения), тилдин начар өсүшү, артка тартылышы (глоссоптоз), баланын тумчугуп калуусуна алып келет. Мындай бала көпкө жашай албайт.

СИНДРО́М РО́ССОЛИМО-МЕ́ЛЬКЕРСОНА-РОЗЕНТА́ЛЯ — Россолимо-Мелькерсон-Розенталь синдрому. Беттин нервинин шал болушу жана анын ичкериши, эриндин шишиши жана тилдин катмарланышы менен мүнөздөлгөн оору. Катмарлануу ооз ичине жана бетке да тарашы мүмкүн, себеби – тукум куучулук жана жугуштуу – аллергиялык фактор.

СИНДРО́М СТЕ́ЙНТОНО-КА́ПДЕПОНА — Стейнтон-Капдепон синдрому. Дентин менен эмалдын тубаса өрчүбөй калышы. Биринчи болуп Капдепон изилдеген. Тиштин коронкасынын сырткы катмарынын оорусу. Мында тиштин коронкасынын эмаль, дентин катмарлары эзилип, кыйшык, кыңыр болуп калат. Эмаль катмары жок болгон учурда дентин гана көрүнүп, тиш күрөң түстө болот.

СИНДРО́М СТИ́ВЕНСА-ДЖО́НСОНА — Стивенс-Жонсон синдрому. Оору күтүлбөгөн жерден, курч түрдө дененин ысышы менен башталат. Алды менен көздөр ооруйт, чел кабык баскан сезим пайда болот, териде ар кандай темгилдер, бүртүкчөлөр, ыйлаакчалар пайда болот. Ооз ичиндеги былжыр кабыкчага дагы ар түрдүү бүртүкчөлөр, ыйлаакчалар чыгат да, алар бат эле жарылып, сөл аралаш кан

чыгат, бетинде кабыкча пайда болуп, өтө сасыган жыт чыгат. Ириң чыгуу жыныс органдарында дагы болот.

СИНДРО́М СЛЮ́ДЕРА — Слюдер синдрому. Канат-таңдай нерв түйүнүн оорусу (невралгиясы). Жогорку жаакта, таңдайда, жогорку жаактын тиштеринин эттеринде, гаймор көңдөйүнүн дубалдарында, көздөрдө, кулактарда күйгүзүп тургандай, тарткандай катуу оорунун дайыма болушу. Адам шамалдагандай чүчкүрүп, көзүнөн жаш агып, бети шишигенсип, башы айланып, тумчугат.

СИНДРО́М ТАКАХА́РЫ — Такахара синдрому. Каталаза ферментинин тубаса аз болушунан пародонтоздун зыяндуу өрчүп, өтүшүп кетиши, тиштин этинин былжырлуу кабыкча-сынын чирип, тиштердин бошоп, түшүп калышы менен мүнөздөлөт.

СИНДРО́М ФЛО́РИКА-ЛО́БШТЕЙНА — Флорик-Лобштейн синдрому. Тиштердин көлөмү жана формасы туура, өңү өтө тунук болот. Бир эле кишинин тиштеринин өңү ар кандай болуп, маңдайкы тиштер менен биринчи азуу тиштер башкаларга караганда көбүрөөк жешилет. Дентин катмары начар минералдашат, эмаль менен сапатсыз биригет.

СИНДРО́М ШЕГРЕ́НА — Шегрен синдрому. Мурундун, тамактын, ооздун, былжыр кабыкчаларынын кургап турушу, шилекей бездеринин чоңоюшу, шилекей, тер, жаштын аз бөлүнүп чыгышы, тиштерде кариестин өтө көп болушу менен мүнөздөлөт. Бул оору менен көбүнчө аялзат ооруйт.

СИНЕРЕ́ЗИС — синерезис. Тиштерден калып алууда колдонулуучу ийкемдүү массалардын ичинен альгинат массасы чоң топту түзөт. Альгинат массасы сууга аралаштырылат, калып алгандан кийин, жуккан шилекейди сууга жууп, бат модель куюу керек. Тез куйбаса сууга аралаштырылган массанын суусу бууланып кетип, масса сыгылып, жыйрылып, кичирейип калат да, андан жасалган жасалма тиш (каптама, кийме протездери) тишке же кийме тиштин ордуна туура келбей калат. Ошондуктан калыпты алгандан кийин дароо куюуга кол тийбесе, 10–15 мүнөткө сууга салып коюу керек.

СИНОВИ́Т — синовит. Чыкый-ылдыйкы жаак муунунун синовиалдык катмарынын сезгенүүсүнөн улам суюктуктун көп бөлүнүп чыгуусу.

СИОЛИ́Т — сиолит. Алтындын куймасын куюу үчүн форма алуучу материал. Күкүмдөн жана суюктуктан турат. Күкүмү кварц, фосфат жана магнийдин окисинен турат. Суюктугу – силикозоль.

СИСТЕ́МА ДИ́ГИДЕНТ — Дигидент системасы. Жасалма каптаманы жана көпүрө сымал тиштин каркасын алтындан, титандан, керамикадан жана пластмассадан компьютердин жардамында фрезалоо жана жылмалоо жолу менен жасоо.

СИСТЕ́МА РУ́МПЕЛЯ — Румпель системасы. Доголуу тиш протезин жасаганда алды менен таянуучу тиштерге жасалма коронка жасап, алардын ортосуна металлдан тосунду (штанга) ширетип, анын үстүнө доголуу протезди коёт.

СИТА́ЛЛЫ — ситаллдар. Айнек сымал фазасында тегиз бөлүштүрүлгөн бир же бир нече кристаллдык фазалардан турган айнек кристаллдык материал. Союз учурунда А. А. Седунов (Алматы), В. Ю. Курляндский, В. Н. Копейкиндин (Москва) жетекчилиги астында ортопедиялык стоматологияда колдонуу иштелип чыккан. Муну айнек керамика (стеклокерамика) деп да айтышат.

СИ́ФИЛИС — котон жара. Бул оору болгондо бүтүндөй денени начарлатып оорута турган өнөкөт, жугуштуу жара. Бул оорунун козгогучу — ак трепанема. Котон жаранын, мерездин биринчи белгиси — (стадиясы) эринге нык тыгыз шанкр (ириңдүү жара) чыгышы. Ал 6–7 жумадан кийин байкалат. Тыгыз шанкрдын түбү тегерек, бетинде катмары жок, өңү кызыл этке окшош болуп, кармап көргөндө кемирчекке окшоп катуу. Жаранын экинчи белгисинде ооздун ичине бөрткөн темгилдер чыгат, түйүндөр пайда болот. Котон жаранын үчүнчү стадиясында ооз ичинде жана башка органдарда томпойгон катуу дөмпөктөр пайда болот. Үчүнчү белгисине жеткенде бул жара өтө жугуштуу.

СКА́ЛЕР — скалер. Тиштин этинин үстүндөгү ташын тазалоочу аспап. Анын жумушчу учу курч болот.

СКА́РИФИКАЦИОННО-ПЛЕ́НОЧНЫЙ ТЕСТ — чийме-тасмалуу аныктоо. Билектин терисине ийне менен узундугу 10 см болгондой кылып чийип, туздардын (никель хлориди $NiCl_2$, 5% кобальт нитраты $Co(No_3)_3$, 0,5% калий хроматы $K_2Cl_2O_7$) спирттеги эритиндисин сызыктардын бетине сүйкөп тасма менен жаап коюу керек. Тасма катары медициналык БФ желими колдонулат. 48 сааттан кийин караганда кызарганы, шишигени бары-жогуна карай маани берилет. Эгерде адамга ушул эритиндилердеги элементтер жакпаса, анда тери кызарат. Кызаруу деңгээли төмөнкүдөй белгиленет: (+) — 5 мм ге чейин кызаруу (эритема); (++) — тери шишимек тартып, 5 мм ге чейин кызарат; (+++) — тери көөп, шишип 10 мм ге чейин кызарат; (++++) — тери шишип, 20 мм ге чейин кызарат.

СКАРЛАТИ́НА — скарлатина. Скарлатина менен көбүнчө балдар ооруйт. Бети, денеси кызарат, оозунун ичи кыпкызыл болуп, шишип, денеси ысыйт. Денесин кызыл бүдүр дөмпөк басат да, 5–6 күндөн кийин жок болуп кетет.

СЛЕ́ПОК (О́ТТИСК) — калып. Тиштердин, жаактагы жасалма тиш орношуучу аймактын жана ага жакын жайгашкан жумшак ткандардын тескери көчүрмөсү. Жасалма тиштердин ар кандай конструкцияларын жасаганда алды менен ошол жердин калыбы алынат. Калып негизги же жумушчу жана жардамчы деп аталат. Ошондой эле калып анатомиялык жана функциялык болот. Ортодонтия ишинде көзөмөл калып алынат. Бул ортодонтиялык дарылоого чейин туура эместик кандай эле, дарылоонун жүрүшүндө кандай жана дарылануу бүткөндөн кийин кандай болду деп салыштырып көрүүгө мүмкүндүк берет.

СЛЮНА́ — шилекей. Шилекей үч түрдүү бездерден (чыкый жанынан, тилдин астынан, жаак астынан) чыга турган суюктук. Шилекейдин суутек көрсөткүчү — pH 6,9–7,0 аралыгында, курамында органикалык жана органикалык эмес заттар бар.

СЛЮНОКА́МЕННАЯ БОЛЕ́ЗНЬ — шилекей таш оорусу. Шилекей безинде таштардын пайда болушу.

СМЕ́ННЫЙ ПРИ́КУС — тиштердин алмашуу прикусу. Бул мезгил баланын 5,5–6 жашынан 13 жашына чейин созулат. Мында сүт тиштер туруктуу тиштер менен алмашып бүтөт.

СМЕСЬ НИКИ́ФОРОВА — Никифоров аралашмасы. Цитологиялык (клеткалык) изилдөөлөрдө, жалаң биопсияга керектелүүчү фарфор идиш-аспаптарды майсыздандыруу үчүн бирдей сандагы спирт менен эфирдин аралашмасынын эритиндиси.

СМЕСЬ ФЕНО́Л-ФОРМАЛИ́НОВАЯ — фенол-формалин аралашмасы. Тиштер узакка созулган периодонтитти дарылоодо фенол-формалин эритиндиси (40% формалиндин бир тамчысына фенолдун эки тамчысын) колдонулат.

СОЕДИНИ́ТЕЛЬНАЯ ТКАНЬ — бириктирүүчү ткань. Бириктирүүчү ткандын курамына клеткалардын ар кандай түрлөрү (фибробласттар, гистиоциттер ж. б.), клетка аралык заттар (мукополисахариддер, гексозаминдер ж. б.) жана талчалар кирет.

СОЛИТЭ́Р — солитэр. Жарыкта катуучу, фтор бөлүп чыгаруучу кыттоо үчүн материал.

СОСКО́Б — кырынды. Кырып алуу ыкмасы стоматологиялык изилдөөлөрдө цитологиялык аныктоо үчүн колдонулат. Кээ бир учурда изилденүү ткань тереңинде болсо, андан да кырып алынат.

СОСТОЯ́НИЕ ОТНОСИ́ТЕЛЬНОГО ФИЗИОЛОГИ́ЧЕСКОГО ПОКО́Я — физиологиялык тынчуунун салыштырма абалы. Мында чайноо булчуңдары минималдык тонуста жана ымдоо булчундары толук бош болот, астыңкы жаак эркин салаңдап турат.

СПЛАВ КО́БАЛЬТО-ХРО́МОВЫЙ — кобальт-хром куймасы. Бул эритиндиден доголуу жасалма тиш, жасалма каптама, илмектер, фарфор каптамалардын калпакчалары куюлат. Курамына кобальт, хромдон башка молибден, никель кирет, ооз ичиндеги ткандарга зыяны жок.

СПЛАВ ЛЕГКОПЛА́ВКИЙ — оңой эрий турган куймалар. Курамына коргошун, висмут, калай жана кадмий кирет, эрүү температурасы 90°Снан ашпайт. Жасалма капта-

маларды жана башка жасалма тиштин бөлүктөрүн жасоого жардамдаша турган эритме.

СПЛАВ МЕЛЛО́ТА — Меллот куймасы. Жеңил эрүүчү металл куймасы, курамында калай, коргошун, висмут, кадмий бар. Эрүү температурасы 63°–115°С. Жасалма коронкаларды жасоодо өтө керек кошулма.

СПЛА́ВЫ МЕТА́ЛЛОВ — металлдардын куймалары. Эки же андан көп металлдарды эриткенде жаңы касиеттерге ээ жаңы кошунду пайда болот.

СПЛА́ВЫ РТУ́ТИ — сымаптын куймалары. Сымаптын башка металлдар менен ар кандай кошундусу тиш кыттоо үчүн амальгаманы түзөт. Сымап натрий, калий, күмүш жана алтын менен оңой кошулат. Стоматологияда тишке кыт коюш үчүн жездин жана күмүштүн кошундулары колдонулат. Сымап өтө уулуу зат, ал жүрөккө, бөйрөккө, ичегилерге катуу таасир этет, ооздун былжыр кабыкчасын сезгентет.

СПЛА́ВЫ СЕРЕ́БРЯНО-ПАЛЛА́ДИЕВЫЕ — күмүш-палладий куймалары. Ал кымбат баалуу эритмеге кирет. Курамы 25% палладийден калганы күмүштөн турат жана дагы башка анча мынча кошулмалары бар. Бул куймалардан жасалма каптама, көпүрө сымал жасалма тиштерди жасоого болот. Эрүү температурасы 1040°С. ПД-250, ПД-190, ПД-140 деген белгилери бар.

СПОНТА́ННЫЙ — өзүнөн өзү. Сырткы таасирлерден эмес, ички себептердин улам оорунун өзүнөн өзү эле тез пайда болуусу.

СПОРИЦИ́ДИН — спорицидин. Тиш протездерин жасарда ооздон алынган калыптарды дезинфекциялоочу аэрозоль.

СПРЕ́ДЕР — спредер. Тиштин тамырындагы каптал каналдарды конденсациялоодо колдонулуучу кол менен иштетилүүчү аспап.

ССА́ДИНА — жоор, сүрүлгөн жер. Кийме тиш протезин жасаганда, алгачкы күндөрү протездин ашыкча кырлары былжыр кабыкчаны оорутат. Протезди алып көргөндө ошол жерлер кызарып, канталап калат.

СТАБИЛИЗА́ТОРЫ — стабилизаторлор. Полимердин эскирүүсүнө тоскоол болуучу заттар.

СТАБИЛО́Р — стабилор. Алтын менен палладийдин өтө катуу куймасы, анын СТАБИЛОР G жана СТАБИЛОР GL деген түрлөрү болот. Алардан каптама жана көпүрө сымал жасалма тиш жасалат. АКШда чыгарылат.

СТАДО́НТ — стадонт. Тиштер пародонтит, пародонтоз болгон кезде шакшак катары колдонулуучу турган бат ката турган акрил пластмассасы.

СТАТИ́ЧЕСКИЕ МЕ́ТОДЫ ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ ЖЕВА́ТЕЛЬНОЙ ЭФФЕКТИ́ВНОСТИ — чайноонун натыйжалуулугун аныктоонун статикалык ыкмалары. Тиштин чайноо жөндөмдүүлүгүн аныктоо үчүн Дюшанз, Вустров, Мамлок, Пиккереиль, Агапов, Оксман ар бир тишке көлөмүнө жараша бирдик ыйгарган. Алар тиштин абалына маани берген эмес, тиш катуу, жакшы турабы же ал бошоп, кыймылдап, түшкөнү калдыбы, баары бир ошол бирдикке ээ боло берген. Бул туура эмес, жакшы тиш кызматты жакшы аткарат, бошогон тиш кызматын аткара албайт. Ушуга байланыштуу В. Ю. Курляндский статикалык ыкма менен аныктоочу, бирок тиштин жакшы абалын жана биринчи, экинчи, үчүнчү даражадагы начарлаган, бошогон абалын эске алуучу одонтопародонтограмманы сунуш кылган. Бул ыкма клиникага өтө жакын ыкма болуп эсептелет жана динамикалык өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

СТЕ́ЙПУТ — стейпут. Фарфордон, металлкерамикадан жасалма коронкаларды жасоодо тиштин этинин кырын көтөрүү керек. Ошондо тиштин бүйлөсүнүн кырынын астына коюп, аны көтөрүү үчүн колдонулуучу ичине өтө ичке жез зым кошуп өрүлгөн жип.

STEP-BACK (СТЕП-БЭК) МЕТО́ДИКА — степ-бэк ыкмасы. Тиштин тар каналын кеңейтүү ыкмасы.

СТЕРИЛИЗА́ТОРЫ — стерилдегичтер. Медициналык инструменттерди, аспаптарды сууда кайнатып стерилдөө үчүн курал.

СТИРА́НИЕ ЗУБО́В ФИЗИОЛОГИ́ЧЕСКОЕ И ПАТОЛОГИ́ЧЕСКОЕ — тиштердин физиологиялык жана патологиялык жешилүүсү. Тиштер өмүр бою жешилиши керек. Эгерде жешилүү эмаль катмарынын деңгээлинде болсо, аны физиологиялык, ал эми дентин катмарынын деңгээлинде болсо, патологиялык жешилүү деп аташат. Патологиялык жешилүүнүн белгиси – тиштердин чайноо бетинде күрөң тактардын, аянтчалардын пайда болушу.

СТИРА́ЕМОСТЬ ЗУБО́В ФУНКЦИОНА́ЛЬНАЯ — тиштердин функциялык жешилүүсү. Тиштердин катуу тканынын табигый жешилүүсү тиштөө, чайноо бетинде жана каптал жагынан болот, ошондо ал жерлердеги тийишүү бетине таандык тегиздик пайда болот. Ушунун натыйжасында орто жашап калган кишилердин тиштеринин катары 1 см ге кыскарат. Кылкыйма, кичи жана чоң азуулардын дөмпөкчөлөрү жешилип, тегизделип калат.

СТО́ЙКОСТЬ КОРРОЗИО́ННАЯ — дат басууга туруктуулук. Материалдын дат басууга каршылык көргөзүү жөндөмдүүлүгү.

СТОЛБНЯ́К — селейме. Тарамыш тартылып зыңкыйып калма оору, жугуштуу, тез өтөт. Оорунун коздургучу селейме таякчасы, ал жанчылган, закымдалган жерге түшүп, ооруну коздурат. Ооруган адам оозун ача албайт чайноо, мимика жасоого катышуучу булчуңдардын кыймыл-аракети токтоп калат. Кээде адамдын оозун ачууга аракет жасаганда жаак сөөгү, тиштери сынып кетиши мүмкүн.

СТОМАДЕ́НТ — стомадент. Акыркы убакта чыгарылган химиялык жол менен катуучу, тиштерге кыт коюу үчүн композициялык материал. КОМПОДЕНТ, КОНСАЙЗ, ЭВИЭКРОД ИЗОПАСТ, СИЛАР ж. б. массалардын кызматы да ушундай эле.

СТОМ-АКРИ́Л — стом-акрил. Кийме протездерге негиз жасоо үчүн жаңы пластмасса.

СТОМАЛЬГИ́Н — стомальгин. Кийме же туруктуу жасалма тиш протездерин жасаганда алардын калыбын алуу үчүн жумшак ийкемдүү материал.

СТОМАТИ́Т — оозул. Ооз ичиндеги былжырлуу кабыктын сезгенүүсү. Сезгенүүгө биринчиден жергиликтүү факторлор (начар жасалган тиш протездери, жаман коюлган кыттар ж. б.) таасир этсе, экинчи жагынан ички органдардын оорулары (ашказан, ичеги, боор ж. б.), аллергиялык таасир этүүлөр оозулдун пайда болушуна шарт түзөт.

СТОМАТИ́ТЫ АКРИ́ЛОВЫЕ — акрил оозулу. Акрил пластмассасынан пайда болгон оозул. Кийме тиштин негизинде пластмассанын мономери өлчөмдөн көп болсо же ошол тиштти кайнатып бышырганда технологиянын бузулушунан мономер толук иштелбесе, былжырлуу кабыкка зыянын тийгизип, ооз көңдөйүнүн оорусуна алып келет.

СТОМАТИ́Т АЛЛЕРГИ́ЧЕСКИЙ — аллергиялык оозул. Ар түрдүү аллергендерден (микробдордон, дары-дармектен, тамактан, өсүмдүктөрдөн ж. б.) аз-аздан сезгичтиги көбөйүп (сенсибилизация), дененин сезимталдыгы жогорулап отуруп, оору күчөгөндө, ал ооз ичинде биринчилерден болуп билинет, оозул күчөйт. Сезгенүүнүн ар түрдүү (полиморфизм) белгилери көрүнөт: кызаруу, темгилдер, ыйлаакчалар, жаралар, кан тамыр жарылып, кан уюулар тез-тез пайда болот.

СТОМАТИ́Т ВЕЗИКУЛЯ́РНЫЙ — ыйлаакчалуу оозул. Оозду н тегерегинде, эринде, оозду н ичинде чыбырчыктар пайда болуп, алар жарылып кызарган илдет. Оорунун себепкери вирус болгондуктан, ал жугуштуу.

СТОМАТИ́Т ГОНОРЕ́ЙНЫЙ — сүзөк оозулу. Адамдын жыныс мүчөсүнүн жолун сезгентүүчү жугуштуу оору — сүзөк. Бул дартка гонококк микробу себепкер болот. Мына ошондо гонококк жумшак таңдайды, тилдин үстүнүн ортосун, тилдин чектөөчүсүн жана төмөнкү эринди сезгендирет, оозул пайда кылат.

СТОМАТИ́Т ГРИБКО́ВЫЙ — козу-карын оозулу. Адам ооруганда антибиотикти көп сайгандан, ичкенден ооз көңдөйүндөгү микрофлоранын тең салмактуулугу бузулат, кортикостероиддерди артыкча иштетүү дененин каршылык көрсөтүү күчүн начарлатат, дагы башка себептердин натыйжасында кандидоз оорусу пайда болот. Оозду н былжырлуу

кабыкчасына кан уюйт, эрин, уурт, тилдин бетинде өзгөчө ак тактар пайда болот. Оору күчөгөндө тиштин эти бат-бат канап, жарага айланат.

СТОМАТИ́Т КУРИ́ЛЬЩИКОВ — тамеки тарткандардын оозулу. Ооздун былжырлуу кабыкчасынын никотиндин таасиринин натыйжасында сезгенүүсү. Мында эриндин, урттун былжыр кабыкчасы кызыл-көк тартып, эпителий катмары бозоңкурап турат.

СТОМАТИ́Т МЕДИКАМЕНТО́ЗНЫЙ — дары-дармектин оозулу. Кабыл алган дары-дармектин кээ бирөөсүнүн жакпаганынан дененин сезимталдыгы артып, ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчада майда-майда бөрткөн дөңчөлөр, ыйлаакчалар, жаралар, ак тактар пайда болот. Бул айрыкча йод, новокаин, сульфаниламид, антибиотиктерди (тетрациклин тобу), кабыл алганда, иштеткенде пайда болот, бирок эмнеден экенин так аныктоо кыйынга турат.

СТОМАТИ́Т ПРИ ВЕТРЯНО́Й О́СПЕ — суу чечек оозулу. Вирустун таралышынан болгон өтө жугуштуу дарт. Денеде исиркектер пайда болот, кабырчыктанат. Ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчада ыйлаакчалар жарылып, төгөрөктөнүп, канап, оюк жарага айланат.

СТОМАТИ́Т ПРИ КО́РИ — кызамык оозулу. Кызамык вирусу денеге өткөндөн кийин эле ооз эпителийи бузула баштайт, бала кызамык менен оорурдан 1–3 күн мурун ууртунун ичинде көлөмү жарым миллиметрге жеткен тегереги кызыл ак тактар (исиркектер) пайда болот да, былжыр кабыкчанын бети сыйрылып түшөт.

СТОМАТИ́Т ПРИ ЛИМФОЛЕЙКО́ЗЕ — лимфолейкоз оозулу. Лимфолейкоздо жаак астындагы, колтуктагы ж. б. без түйүндөрү чоңоюп, тиштин эти, ооз былжыр кабыкчасы сезгенип, анан чирий баштайт. Диагноз кандын жалпы анализи аркылуу аныкталат.

СТОМАТИ́Т ПРИ МИЕЛО́ИДНОЙ ЛЕЙКЕМИ́И — лейкемия оозулу. Бул мезгилде адам алсызданат, көк боор ооруйт, дене бир аз гана ысыйт, кандын курамы өзгөрүлөт. Ооздун былжырлуу кабыкчасы бозоруп, тиштин эти канап, чирийт (некроз), чирик жаак сөөккө жетет. Денени исиркек басат.

СТОМАТИ́Т ПРИ ПЕЛЛА́ГРЕ — пеллагра оозулу. Бул оору денеге РР (никотин кислотасы) витамини жетишпегендиктен пайда болуучу оору. Ооруган мезгилде ууртта, таңдайда жана тиштин бүйлөсүндө ыйлаакчалар пайда болот, алар жарылып, ооруткан жара болот, эрин тилинип кургайт, тил шишип, капталдарында тиштердин издери калат.

СТОМАТИ́Т РТУ́ТНЫЙ — сымап оозулу. Көп убакыт бою сымаптын буусу денеге таасир эткенде пайда болот. Ууланган адамдын башы ооруйт, уйкусу келип, бат чарчайт. Мындай убакытта тиштин эти канап, тил ооруп, шилекей көп бөлүнүп чыгат, ооздун ичинин темир даамданганы кетпейт. Акыл азуунун арткы жагындагы жана маңдайкы тиштердин былжырлуу кабыкчасы бат-бат ооруп турат. Тиштин этинин кыры кара күрөң болуп, ооздон жагымсыз жыт чыгат.

СТОМАТИ́Т Я́ЗВЕННО-НЕКРОТИ́ЧЕСКИЙ — чирик-жара оозулу. Ооз көңдөйүндө жана тамактын катмарларында боло турган оору. Урчукка окшош спирохета бактериялары пайда кылат. Ууртта, тиштин бүйлөсүндө, таңдайда кездешүүчү дарт. Сары түстөгү тактар пайда болуп, акырындап былжырлуу кабыкчаны чиритип, сөөккө, булчуң этке чейин жетет.

СТОМАТО́ЛОГ — стоматолог. Бул сөз гректин эки сөзүнөн алынган (стома – ооз, логос – окуу, илим). Тиштин, ооз көңдөйүнүн жана жаак системасынын органдарынын ооруларынын себептерин билип, аларды дарылап жана ооруну болтурбоо үчүн алдын алуу маселелери боюнча кызмат көрсөтүүчү адис-врач.

СТОМАТО́ЛОГ, ПОЛОЖЕ́НИЕ РАБО́ЧЕЕ СИ́ДЯ — стоматологдун жумушту олтуруп иштөөсү. Жумушту отуруп иштегенде натыйжалуулук артат, албетте, буга көнүш керек. Дайыма олтуруп иштөө терс натыйжага да жеткириши мүмкүн. Жакшысы иш убактысынын 70%ында олтуруп иштеген, ал эми 30%ында туруп иштеген дурус. Дайыма олтуруп иштеген адамда бүкүрлүк (кифоз) пайда болушу мүмкүн.

СТОМАТО́ЛОГ, ПОЛОЖЕ́НИЕ РАБО́ЧЕЕ СТО́Я — стоматологдун жумушту туруп иштөөсү. Иштеп жатканда дайыма туруп турганда буттарга салмак көп түшөт. Көбүнчө бир жакка кыйшайып иштегендиктен, омурткалар кыйшайып (сколиоз) болушу ыктымал, ошондой эле буттагы көк кан тамырларынын оорулары (варикоз, тромбофлебит) да пайда болушу мүмкүн.

СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИЕ ЦЕМЕ́НТЫ — стоматологиялык цементтер. Булар тиштин өзөгүн сактоодо, убактылуу кыттоодо, жасалма тиштерди цементтөөдө колдонулат. Алар эки топко бөлүнөт: минералдуу жана полимерлүү. Минералдууларга цинк-фосфаттуу, силикаттуу, силикофосфаттуу, ал эми полимерлүүгө поликарбоксилаттуу, айнекиономерлүүлөр кирет. Цементтер көбүнчө күкүмдөн жана суюктуктан турат.

СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКОЕ ЗЕ́РКАЛО — стоматологиялык күзгү. Ооз ичин көрүү жана дарылоо ишинде керектелүүчү аспап. Эки бөлүктөн турат: күзгүдөн жана туткасынан.

СТОМАТОСКО́П — стоматоскоп. Ооз көңдөйүндөгү былжырлуу кабыкчаны бир нече эсе чоңойтуп көрсөтө турган оптикалык аспап. Бул аспап менен оорунун түрүн изилдеп аныктоого жана дарылоонун натыйжасы канчалык экенин билүүгө болот.

СТРУКТУ́Р — структур. Бат катуучу пластмассанын жаңы түрү, каткандан кийин жакшы жалтырайт, күкүм жана суюктуктан турат. Германияда чыгарылат.

СТРУКТУ́Р-2 — структур-2. Жарык менен катуучу эки пастадан турган пластмасса комплекти. Убактылуу жасалма каптама, көпүрө сымал жасалма тиш жана кыпчык (вкладка) жасоодо колдонулат, шприцте жана картрижде чыгарылат: U — универсалдуу, Y — сары, L — агыш түстө болот. Германияда чыгарылат.

СУ́ПЕРПАЛ — суперпал. Эң биринчи Россияда чыгарылган алтын-палладий эритиндиси, металл-керамикалык тиш протездерин жасаганда калпакча үчүн колдонулат. Ку-

рамында 60% палладий, 10% алтын бар. Россиялык патент менен корголуп, эл аралык стандартка жооп берет.

СУ́ПЕР ТЗ — супер ТЗ (өтө катуу алтын). Эритиндисинде 75% алтыны бар, өтө катуу алтын, сары түстөгү жасалма каптама, көпүрө сымал жасалма тишти жасоого болот, акупунктура ишинде колдонулуучу ийнелерди да жасашат. Бул эритиндиге цинк кошулуп даярдалат. Россияда чыгарылат.

СУ́ПРА СТОУН — супра стоун. Өтө катуу гипс, катуу мөөнөтү 8–10 мүнөт, катуу мезгилинде кеңейүүсү 0,07–0,09%, бекемдиги каткандан кийин 35–60 н/мм^2.

СШИВА́ГЕНТЫ — сшивагенттер. Полимер материалдарынын катуулугун жогорулатуу үчүн макромолекулалардын ортосуна туурасынан байланыш түзөт.

СШИ́ВКА — бириктирүү, кураштыруу. Полимер материалдарын бекемдөө үчүн макромолекулалардын сызык аралык байланышын түзүп, бириктирүү.

СЫПЬ — күдүрөйгөн темгил. Денеге чыккан темгилдер кайсы бир оорунун биринчи белгиси болуп эсептелет.

Т

ТАБ-2000 — таб-2000. Бат катуучу акрил пластмассасы, убактылуу каптама, көпүрө сымал жасалма тиш жасоодо колдонулат. Үч түстө болот: ак, сары, боз. АКШда чыгарылат.

Т-активи́н, тимаге́н, тимали́н — Т-активин, тимаген, тималин. Бул дарылар жалпы иммунитетти көтөрүп, ооз ичинде оорулар пайда болгондо, жергиликтүү иммунитетти жогорулатып, айыгууга шарт түзөт.

ТАМПО́Н — тыгын. Тиш жулунгандан кийин, жарадан аккан канды токтотуу үчүн колдонула турган дакиден же кебезден жасалган тоголок тыгын. Ошондой эле ушундай тампонду тиш дарылаганда, каптаманы цементке койгондо тиштердин катары боюнча коюп, шилекейден арылтат.

ТА́РГИС — таргис. Керомер тобуна кирүүчү, жарык менен катуучу паста сымал материал. 20 түстө. Лихтенштейнде чыгарылат.

ТАУРОДО́НТИЯ — тауродонтия. Тиштин өзөгүндөгү одонтобласттардын начар иштешинин натыйжасында пайда болуучу оору. Тиштер бошоп, кыймылдап, каналдары кеңейип, дентин катмарына зыян келтирилет.

ТВЕРДОСПЛА́ВНЫЕ БО́РЫ — катуу кошулмадан жасалган борлор. Дат баспоочу болоттон жасалган каптамаларды (коронкалар), көпүрө сымал жасалма тишти ооздун ичинен кесип алууда керектелүүчү аспап. Аны менен тиштерди, жасалма тишти өгөсө да болот.

ТВЁРДОСТЬ — катуулук. Металлга же анын кошундусуна башка катуу металлды киргизгендеги каршылыгы.

ТВЁРДЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ — калып алуу үчүн катуу материалдар. Бул топ гипс жана циноксидэвгенол массаларын бириктирет. Акыркы топко дентол, дентол-С (Украина), репин (Чехия) ж. б.материалдар кирет.

ТЕКУ́ЧЕСТЬ — агуу. Ар кандай материалдардын агуучулук касиетинин аркасында кандайдыр бир көлөмдү толтуруу.

ТЕЛА́ ИНОРО́ДНЫЕ — бөтөк, жат заттар. Тиштин көңдөйүндө, каналында, жаак сөөгүнүн ичинде ар кандай бөтөн нерселердин: ийне, темир, айнек, таш, жыгач ж. б. туруп калышы. Кээде бөтөн заттар кошулма ткань менен биригип калат. Башка учурда алды менен ириң чыгып отуруп, анан бөтөн затты ириң тээп чыгат.

ТЕЛЕРЕНТГЕНОГРАФИ́Я — телерентгенография. Аралыктагы рентгенография, ортодонтиядагы изилдөөлөрдө колдонуу ыкмасы. Бет сөөктөрүнүн өсүү өзгөчөлүктөрүн, үстүңкү жана астыңкы жаактардын катышын жана алардын баш сөөгүнүн башка сөөктөрү менен болгон катышын аныктоо үчүн жана ортодонтиялык дарылоонун натыйжалуулугун билүү үчүн колдонулат.

ТЕЛЕСКОПИ́ЧЕСКИЕ КОРО́НКИ — телескоптук коронкалар. Жөнөкөйлөтүп айтканда булар ички жана тышкы деп аталган эки каптамадан турат. Биринчиси таянып тура

турган тишке орнотулат, формасы цилиндрдей болот, экинчиси тиштин анатомиясындай болуп, кийме тишке жабыштырылат.

ТЕ́ЛО МОСТОВИ́ДНОГО ПРОТЕ́ЗА — көпүрө сымал жасалма тиштин тулкусу. Таянып туруучу жасалма каптамалардын ортосундагы тиш жок жерди толуктап, коронкаларга ширетилип турган бөлүк. Ал аралык бөлүк деп да аталат.

ТЕМДЕ́НТ — темдент. Убактылуу каптамаларды (коронкаларды) жана көпүрө сымал жасалма тиштерди жасоодо колдонулуучу материал. Германияда чыгарылат.

ТЕМП БОНД NE — темп бонд NE. Убактылуу коюлган жасалма каптама жана көпүрө сымал жасалма тишти жабыштыруу үчүн колдонулуучу цемент. Курамында эвгенолу бар. АКШда чыгарылат.

ТЕМПРО́Н — темпрон. Ооздон убактылуу алынбоочу жасалма тишти жасоо үчүн бат катуучу, күкүм жана суюктуктан турган пластмасса. Японияда чыгарылат.

ТЕНИ́Т — тенит. Жабышкак мом, тиш протездеринин конструкциясынын ар кандай бөлүктөрүн бириктирүүдө колдонулат. Гипске, металлга, пластмассага жакшы жабышат. Жогорку ысыктыкта күлү жок күйүп кетет. Японияда чыгарылат.

ТЕРАТО́МА — түйүн. Туура эмес өсүүдөн келип чыккан шишик. Сыртынан караганда кистага окшошуп кетет.

ТЕРМИНА́ТОР — терминатор. Стоматологиялык аспаптарды басым менен дезинфекция жасоочу атайын аспап. Швейцарияда чыгарылат.

ТЕРМОДИАГНО́СТИКА — термодиагностика. Тиштин өзөгүнүн өлүү же тирүү экенин ысык же муздак сууну тамызып билүү ыкмасы. Өзөгү жок же өлүү болсо ысык-суукка маани бербейт. Соо тиштер +50°С температурадан жогорку ысыкты, 0°С температурадагы суукту сезет.

ТЕРМОПЛАСТИ́ЧЕСКИЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ — ысытканда жумшаруучу калып алуу үчүн материалдар. Калып алардын алдында мындай массаларды ысык сууга салып жумшартат, ченкепке салып оозго койгондо катат.

Бул топко гуттаперча, стенс-02, акродент-02, стомапласт, ортокор, дентафоль, Вайнштейндин 1, 2, 3, 5 массалары, мом, Гербстин, Кругляковдун массалары (СССР), икзет (АКШ), ксантиген (Германия) ж. б. көп материалдар кирет.

ТЕРМОСКО́П — термоскоп. Жогорку ысыктыкка чыдамдуу атайын паста. Доголуу тиштин металл догосу сынып калганда аны ширетсе болот, бирок жакын жайгашкан пластмасса тиш же негиз күйүп кетиши мүмкүн. Эгерде аларды термоскоп менен шыбап, жаап койсо, анда аларга ысык өтпөй, күйбөй калат. Германияда чыгарылат.

ТЕСТ ОПРЕДЕЛЕ́НИЯ АКТИ́ВНОСТИ ФЕРМЕ́НТОВ СЛЮНЫ́ — шилекейдин ферментинин активдүүлүгүн аныктоо. Акрил пластмассасынын уулуулугу биохимиялык анализ аркылуу шилекейдеги ферменттердин активдүүлүгүнүн өзгөрүшүнө карай аныкталат. Жегич фосфатаза, лактатдегидрогеназанын активдүүлүгү 2–4 эсе жогорулайт, ал эми кычкыл фосфатазанын активдүүлүгү төмөндөйт.

ТЕСТ ХИМИ́ЧЕСКОГО СЕРЕБРЕ́НИЯ ПОВЕ́РХНОСТИ АКРИ́ЛОВОГО ПРОТЕ́ЗА — химиялык ыкма аркылуу акрил протездин бетин күмүш менен каптоо. Кийме тиштин акрил пластмассасынан жасалган негизиндеги пластмассанын мономери пациентти кыйнаганда (ачыштырат, күйгүзөт, оорутат, шишитет, даам сезүүнү өзгөртөт ж. б.) кийме тиштин ички бетине күмүш каптайт. Ал үчүн протездин сырткы бетин мом менен жаап, ички бетине күмүш нитратынан ($AgNO_3$) глюкоза же формальдегиддин жардамы менен гальваникалык жол аркылуу күмүштү жабыштырып каптайт.

ТЕТРАЦИКЛИ́НОВЫЕ ЗУ́БЫ — тетрациклин тиштери. Эне баланын тиштеринин тканынын минералдашуу мезгилинде тетрациклин (антибиотик) дарысын ичсе тиштердин өңү бузулат.

ТИ́ГЕЛЬ — тигель. Отко чыдамдуу материалдардан жасалган металл эритүүчү идиш. Стоматологияда көбүнчө алтындын, күмүштүн эритмесин жана платинаны эритишет.

ТИОДЕ́НТ — тиодент. Тиштерге жасалма каптама, көпүрө сымал жасалма тиш, ортодонтиялык аспаптарды, кийме

тиш протездерин жасаганда тескери көчүрмөсүн алууда керек болуучу материал. Тиодент ак жана кара пастадан турат. Курамында полисульфиддүү каучук, толтургуч жана тездеткич (катализатор) болот.

ТИ́РОКАЛЬЦИТОНИ́Н — калкан безинин белок-пептиддүү гормону. Негизги кызматы кандагы кальцийдин санын азайтып, кальций фосфат алмашуусунда ДЗ витамини менен кошулуп, сөөктүн батыраак айыгышына өбөлгө болуп, сезгенүүдөн жана шишүүдөн сактайт.

ТИТА́Н — титан. Химиялык элемент, металл. Дат баспоочу болоттун түзүлүшүн жакшыртат, ага тыгыздык берет, кристалл аралык дат басууну азайтып, морттукту жоготот.

ТОЛСТОМЕ́Р — калыңдыкты ченөөчү курал. Металл-керамикалык жасалма коронка жасаганда кобальт-хром кошундусунан алды менен каркас-калпачок (калпакча) куюшат, ошол каркастын калыңдыгын текшерүүчү аспап. Ошондой эле алтындан каптама жасаганда анын калыңдыгын текшерет.

ТОМОГРА́ФИЯ — томография. Адамдын ткандарын жана органдарын катмарлап рентген анатомиялык сүрөтүн тартуучу рентгендик ыкма. Муну компьютер менен тартса да болот, бирок магнит ядролуу резонанс жолу менен изилдөө эң жакшы натыйжа берет.

ТОРТОАНОМА́ЛИЯ — тортоаномалия. Тиштердин өз ордунда, бирок башка жакты карап айланып чыгуусу. Мында тиштин ички бети сыртка, сырткы бети ичке карап калат же болбосо 90 градуска айланып, кыйшык чыгат.

ТРАВЛЕ́НИЕ — жедирүү, ойдуруу. Стоматологияда химиялык заттарды тиштин кыт коюучу бетине сыйпап жууш керек. Мисалы: эвикрол менен иштегенде ал массанын тишке жакшы жабышуусу үчүн кыт коёрдун алдында тиштин көңдөйүн алды менен бир сыйра спирт, андан кийин эвикролдун өзүнүн суюктугу менен аарчып чыгуу зарыл. Ошондо тиштин дентин, эмаль катмары жешилип, жумшак эвикрол менен жакшы биригет. Кыттын сапаты бир канча жакшы болот.

ТРАВМАТИ́ЧЕСКИЕ УЗЛЫ́ — травмалык түйүндөр. Травмалык түйүндөрдүн эки түрү бар: түз жана чагылдыргыч (отраженный). Түз травмалык түйүндүн себептери: бийик коюлган кыт, кыпчык, жасалма коронка, көпүрөчө тиш протези, туура турбаган тиштер, физиологиялык жешилүүгө учурабаган тиштер, мында же ошол тиштер же карама-каршы турган тиштер бошоп кыймылдап кетет. Чагылдыргыч травмалык түйүндө азуу тиштери жок болгондо маңдайкы тиштер эки эселенген кызмат аткарып жатып, чарчап кыймылдап кетет. Травмалык түйүндөр пайда болгондо тиштер бат эле бошоп, кыймылдап кетпейт. Ал үчүн убакыт керек. В. Ю. Курляндскийдин далилдөөсү боюнча алды менен компенсация стадиясы болот. Мында тиштер түз же чагылдыргыч түйүндөрдө эки эселенген кызмат аткарышса да, бошондобойт, оорубайт. Убакыттын өтүшү менен тиштердин эти качып, тамыры ачылып, бошой баштайт. Бул мезгилде тиштер өз кызматтарын зорго аткарып калат. Бул субкомпенсация стадиясы деп аталат. Өтө катуу тамакты чайнай албайт. Ушинтип жүрө берсе, тиштер тамак чайноого мүмкүнчүлүгү болбой бошоп кетет. Муну В. Ю. Курляндский декомпенсация стадиясы деп атаган. Демек, тиштерде түз түйүндү болтурбоо үчүн кыттарды, жасалма тиштердин ар кандай түрлөрүн туура жасоо керек. Ал эми чагылдыргыч түйүн болбосун үчүн тиш жулунгандан кийин тез арада зарыл болгон жасалма тишти салуу керек.

ТРА́КО — трако. Фарфордон жана металл-керамикадан каптама жасоодо тиштин бүйлөсүнүн кырын көтөрүүдө колдонулуучу кебез-кагаз жип. Ал ичке орто жана жоон болот. Германияда чыгарылат.

ТРАНСПЛАНТА́ЦИЯ — трансплантация. Дененин же анын бөлүгүн которуп жабыштыруу, жамоо.

ТРАНСПЛАНТА́ЦИЯ ЗУ́БА — тишти которуп отургузуу. Жулунган тиштин уясына же сөөктү оюп тишке орун жасап тиштин катарынан кыйшык турган тишти тууралап, түздөп отургузуу.

ТРАНСПОЗИ́ЦИЯ — транспозиция. Тиштердин орун алмашып чыгуусу, кылкыйма тиш менен кичи кескич тиштин орун алмашып калыш менен мүнөздөлгөн аномалия.

ТРАХЕОТО́МИЯ — трахеотомия. Операциялык жол менен тамакты кесүү. Кекиртекти тешип дем алуу түтүгүн орнотуу, өпкөгө баруучу аба кекиртектен өтпөй, адам тумчугуп, муунуп баштаганда колдонулуучу ыкма.

ТРЕВО́ЖНОСТЬ — коркуу, тынсыздануу. Стоматолог врачка барарда пайда болуучу тынчсыздануу сезими.

ТРЕ́МА — трема. Тиштердин арасындагы ачык аралык, боштук. Кайсы бир тиштер чыкпай калгандыктан же тиштер жулунгандан кийин, убагында жасалма тиштерди салбагандыктан, тиштердин арасы ачылып калат. Ачыктык борбордук кашка тиштердин ортосунда эмес, башка тиштердин ортосунда болсо трема деп, борбордук кашка тиштердин ортосундагы аралык диастема деп аталат.

ТРЕ́МОР — тремор. Бармактардын, каштын, кабактын, кээде баштын калтырашы.

ТРЕПАНА́ЦИЯ ЗУ́БА — тишти көзөө. Бүтүн тиштин нервин алыш үчүн аны бор машина менен көзөйт, тешет.

ТРЕУГО́ЛЬНИК БО́НВИЛЛЯ — Бонвилль үч бурчтугу. Астыңкы жаактын борбордук кескич тиштеринин тийишип турган кыры менен астыңкы жаактын муундарынын баштарынын борборунун аралыгы 10 см ге барабар экенин Бонвилль далилдеп, тең бурчтуу үч бурчтук экенин айткан.

ТРЕ́ЩИНА — жарака. Ткандардын ийкемдүүлүгү начарлаганда, чектен ашык ийип койсо, жарака пайда болот. Жарака териде да, сөөктө да болот.

ТРИЗМ — карышуу. Жаак булчундарынын карышып калуусу. Бул оору ботулизм, талма, менингит жана ууланган мезгилде пайда болот.

ТРИМ — трим. Ооздон убактылуу алынбай турган жасалма тиш жасай турган пластмасса. АКШда чыгарылат.

ТРИОКСАЗИ́Н — триоксазин. Хирургиялык стоматологияда операция жасар алдында оорунун коркунучун азайтып, жоготуу үчүн жана оорутпай турган дарылардын жансыздандыруу касиетин күчөтүү максатында бериле турган дары.

ТРИФУРКА́ЦИЯ — трифуркация. Үч тамырлуу азуу тиштердин тамырларынын үч ачаланган жери.

ТРОМБ — уюган кан. Адам жараланганда кансыратуудан сактоочу нерсе. Ал эми уюган кан, кан тамырдын ичине туруп калса (инфаркт, инсульт, тромбофлебит ж. б.), ар кандай оор абалга алып келет.

ТРОМБОФЛЕБИ́Т — тромбофлебит. Бет-жаак айланасында кокк инфекциясынын таасиринде (фурункул, абсцесс, флегмона) тамырлардын сезгенип, бүтүп калышы.

ТРОФЕДЕ́МА — трофедема. Көбүнчө бетке чыга турган себеби белгисиз өнөкөт шишик. Беттин ар жери дөмпөйүп шишийт да, жумшак ткань менен кошулуп, катып калат. Кокус ал эринге чыкса эрин чоңоюп пилдин тумшугуна окшоп адамдын келбетин бузат.

ТРУ́БАЙТ БИОФА́РМ JPN — трубайт биофарм JPN. Акрил пластмассасынан жасалган жасалма тиштер бат жешилгендиктен, аларды жешилүүгө чыдамдуу кылыш үчүн дагы башка кошулмаларды кошуу менен катуу жасалган жасалма тиштер. АКШда чыгарылат.

ТУБЕРКУЛЁЗ СЛИЗИ́СТОЙ ОБОЛО́ЧКИ ПО́ЛОСТИ РТА — ооз көңдөйүндөгү былжырлуу кабыкчанын кургак учугу. Муну менен адамдын оорушу эки себептен болот: 1) ар кандай жарааттардан кийин кургак учуктун оору козгогучу жуккан болсо, оорунун биринчи белгилери, пайда болгон жерде былжырлуу кабыкча катууланып шишигенсип калат, 8–20 күндөн кийин ал жер жарага айланат. Жара тилде, тиштин бүйлөсүндө, эринде болсо, жаак астындагы лимфа бездери чоңоюп калат. Жаранын чоңоюшу 1–1,5 см ге жетет, кыры жана түбү катууланат, Пирке реакциясы оң чыгат; 2) кургак учук менен жалпы дене ооруса, ал ар кайсы органдарга жана ткандарга ошону менен катар ооз ичине да тарайт.

ТУ́РНЕРА ЗУ́БЫ — Турнер тиши. Тиштердин эмаль катмарынын бетинде боз тактардын болушу. Тиштер толук чыгып бүткөндөн кийин ал тактар сары күрөң болуп өзгөрүп, жаман көрүнөт.

ТУРУ́НДА — турунда (оромо). Стоматологияда тиштин тамырынын каналын тазалоо үчүн пайдаланылат. Миллердин ийнесине пахтаны ороп, суутек перекисине же спиртке малып жууйт. Пахтаны зонддун учуна оросо да турунда деп аталат.

У

У́ГОЛ БОКОВО́ГО РЕЗЦО́ВОГО ПУТИ́ (Готи́ческий у́гол) — кесүүчүнүн каптал жолунун бурчу (Готикалык бурч). Астыңкы жаакты оңго солго кыймылдатканда кесүүчүнүн жасаган бурчу, 110–120° ка барабар.

У́ГОЛ БОКОВО́ГО СУСТАВНО́ГО ПУТИ́ (У́ГОЛ БЕННЕ́-ТА) — муундун каптал жолунун бурчу (Беннет бурчу). Муун жолу менен сагиттал тегиздигинин кесилишиндеги бурч, ал 15–17°ка барабар.

У́ГОЛ ДИВЕРГЕ́НЦИИ — ажыроо бурчу. Тиштердин катарында кемтик пайда болгондон бир топ убакыт өткөндөн кийин, кемтикти чектеп турган тиштердин кемтиктен ары карай кыйшаюусу.

У́ГОЛ КОНВЕРГЕ́НЦИИ — биригүү бурчу. Тиштердин катарында кемтик пайда болгондон бир топ убакыт өткөндөн кийин, кемтикти чектеп турган тиштердин кемтикке карай кыйшаюусу.

У́ГОЛ САГИТТА́ЛЬНОГО РЕЗЦО́ВОГО ПУТИ́ — кесүүчүнүн сагитталдык жолунун бурчу. Үстүңкү жаактын кесүүчү тишинин алдыга жылуусунда окклюзиялык тегиздикке тийишкенинен түзүлгөн бурч. Гизи боюнча 40–50° ка барабар.

У́ГОЛ САГИТТА́ЛЬНОГО СУСТАВНО́ГО ПУТИ́ — муундун сагитталдык жолунун бурчу. Муундун сагиталдык жолунун окклюзиялык тегиздикке кесилишинде түзүлгөн бурч, ал 20дан 40°ка чейин болушу мүмкүн, орто эсеп менен 33°ка барабар.

УДАЛЕ́НИЕ ЗУБО́В — тиштерди жулуу. Тиштерди же тиштердин тамырын канчалык дарылап аракет кылса да айыкпай турган болсо, аны жулууга туура келет. Ал үчүн оорутпай турган дарыны ийне менен саюу керек жана атайын аспаптар колдонулат. Тиштерди жулуу — бул хирургиялык операция.

УДЛИНЕ́НИЕ ЗУ́БО-АЛЬВЕОЛЯ́РНОЕ — тиш-альвеола узаруусу. Карама-каршысындагы тиштер жулунгандан кийин убагында жасалма тиш протездери салынбаса, тиштер жаак сөөгүнүн кыры менен кошо узарып кетет.

УЗДЕ́ЧКА ГУБЫ́ КОРО́ТКАЯ — эриндин кыска чектөөчүсү. Ооздун кире беришинде жогорку эринди дал ортосунан бөлүп, эрин менен тиштин былжырлуу кабыкчасын кошуп турган анатомиялык түзүлүш. Чектөөчү кыска болсо кашка тиштердин ортосунда аралык (диастема) пайда болуп калат.

УЗДЕ́ЧКА ЯЗЫКА́— тилдин чектөөчүсү. Тилди ооздун түбү менен кошуп турат.

УЗЕ́ЛКИ БО́НА — Бон түйүнчөктөрү. Наристе балдардын таңдайында кездешет. Ал кээде жарага айланышы мүмкүн, көбүнчө өзүнөн өзү жок болуп кетет.

УИЛСО́НА КРИВЫ́Е — Уилсон ийриси. Оң жана сол жактагы кичи жана чоң азуу тиштердин чайноо беттери боюнча жүргүзүлгөн ийри сызык. Чайноо тиштеринин беттеринин ушундайча жайланышы тамакты майдалоого, чайноого жакшы өбөлгө түзөт, тиштердин тийишүү беттери солго-оңго жылганда узакка беттешип тийишет.

УЛЬТРАВЫСОКОЧАСТО́ТНАЯ ТЕРАПИ́Я (УВЧ) — ультра жогорку жыштыктагы ток менен дарылоо. Сезгенүүнү токтотуу, кан тамырларды кеңейтүү жана бактерияларды жоготууда жакшы натыйжа берет.

УЛЬТРАЗВУКОВА́Я ТЕРАПИ́Я — ультраүн менен дарылоо. Дарылаганда механикалык, температуралык, физика-химиялык таасир берет. Мунун натыйжасында зат алмашуу процесстери жакшырып, иммундук абал жогорулап, таштарды тиштерден алуу жеңилдейт. Ультраүн үчилтик нервдин невралгиясын, чыкый-астыңкы жаак муунунун сезгенүүсүн, пародонтоз (канжел), пародонтит ооруларын дарылаганда жакшы натыйжа берет.

УЛЬТРАФИОЛЕ́ТОВЫЕ ЛУЧИ́ — ультра кызгылт-көк нурлар. Күндүн нурлары жана жасалма нурлар оорунун алдын алуу жана ооруну дарылоо үчүн колдонулат. Нурлар организмге таасир этиши боюнча үчкө бөлүнүшөт: узун толкундуу 400–320 нм, орто толкундуу 320–280 нм, кыска токундуу 280–220 нм. Нурлар менен дарылоо зат алмашуу процессин жогорулатат, фосфор-кальций алмашуусун калыбына келтирет, Д витамини жана биологиялык активдүү заттар (гистамин, серотонин ж. б.) түзүлөт. Ультра кызгылт-көк нурларды стоматологияда колдонуу жакшы натыйжа берүүдө.

У́НИКС — уникс. Тишке коюлган кыттарды жарык менен полимерлештирүүдө колдонулуучу универсалдуу аспап. Германияда чыгарылат.

УНИФА́С — унифас. Стоматологиялык цемент, ооздон алынбоочу жасалма тиштерди табигый тиштерге бекитет. Россияда чыгарылат.

УНИЦЕ́М — уницем. Ооздон алынбоочу жасалма тиштерди бекитүүчү стоматологиялык цемент, эки компонентүү, үч өңдүү. Россияда чыгарылат.

УО́ЛДВЕСТ — уолдвест. Форма жасалуучу көмүртексиз майда дандуу фосфаттуу масса. Жасалма тиштерди металлдын кошундусунан куюуда колдонулат. 60 г жана 100 г өлчөмдөгү атайын суюктугу менен чыгарылат. АКШда чыгарылат.

УПРУ́ГОСТЬ — серпилгичтик. Тышкы күчтүн таасиринде формасын өзгөртүп, бирок тышкы таасир алынганда мурунку калыбына келип калуу.

УРО́ДЛИВЫЕ ЗУ́БЫ — көрксүз, кебетеси бузук тиштер. Мындай тиштер көбүнчө жогорку жаактын тиштеринде таңдайдын жана эриндин жырыгында кезигишет. Көрксүз (туура эмес) тиштер көбүнчө кашка тиштерде болот, алардын кесүү кырында жарым айдай кетик, урчук, дөңдөр болот.

УСА́ДКА — чөгүү, кичирейүү. Жасалма тиштерди жасарда алды менен тескери көчүрмөсү алынат. Ошондо күкүм менен сууну аралаштырып, ботко даярдап, өзүнүн ылайыкталган кашыгына салып, тиш жасоочу жердин калыбын алат. Калып алынгандан кийин тез — 10–15 мүнөттө ага гипстин боткосун куюп, үлгү (модель) алынат. Эгерде алынган калыпты 1–2 саатка үлгү куйбай коюп койсо, кийин ошол үлгүдөн жасалган жасалма тиш туура келбей калат. Себеби суусу бууланып кетип, көлөмү кичирейип кетет.

УХО́Д ЗА ПРОТЕЗА́МИ — протездерди күтүү. Алынбай турган протездерди өз тиштердей эле жууп чайкап жүрсө болот, ал эми кийме протездерди ар бир тамак ичкенден кийин чечип, жууп туруу керек. Азыр протезди таза күтүү үчүн Корега таблеткасы бар. Ал щётка жетпеген жерлерди тазалап жууп коёт.

УШИ́БЫ ЗУ́БА — тишти кокустатуу. Травма болгон тиштин өзүнө тийсе, же бут менен тээп, же кол менен урганда тишке кошо тийип кетсе, тиш зыянга учурайт, ооруп калган тишти табуу үчүн, тиштерди күзгүнүн же зонддун арты менен тыкылдатып уруп көрүү керек. Оорулуу тиш тез ооруп кетет. Эгерде тиштин өңү өзгөрүп, күңүрт болуп калса, демек ал тиштин өзөгү жансызданып калган.

Ф

ФАГОДИНАМОМЕ́ТРИЯ — фагодинамометрия. Ар кандай тамак-ашты чайнап майдалоодо канча күч сарп кылына турганын ченөө ыкмасы. Күчтү ченей турган аспап фагодинамометр деп аталган. Мисалы; кайнап бышкан этти майдалоо үчүн 12–14 кг, куурулган этке 13–16 кг, капуста салатына 10–12 кг, жумшак нанга 12–13 кг, нандын кырына 100,6 кг, ышталган катуу колбасага 80,6 кг күч керек.

ФА́ЗЕ-ПЛЮС — фазе-плюс. Альгинат тобуна кирген, ооздон алынбоочу жана алынуучу кийме жасалма тишти жасоодо калып алуу үчүн материал. Италияда чыгарылат.

ФА́ЗЫ ЖЕВА́НИЯ — чайноо фазалары, б. а. мастикациограмма. Мында тамакты чайноонун бир цикл мөөнөтүн эске алышкан, ал 5 фазадан турат: 1) ылдыйкы жаактын кыймылсыздыгы; 2) оозду ачуу, тамакты оозго салып, тиштеп алуу; 3 — тамакты азуу тиштерге жылдыруу; 4) тамакты толук чайноо; 5) тамакты тоголок формага келтирип, жутуу. Бул учурда тиштердин бардыгы бири-бири менен тийишип калышат.

ФА́КТОРЫ РИ́СКА СТОМАТОЛОГИ́ЧЕСКИХ ЗАБОЛЕВА́НИЙ — стоматологиялык оорулардын пайда болуу коркунучу. Келип чыгышына тукум куучулук, жашоо шарты, тамактануусу, тиштин түзүлүшү, айлана-чөйрөнүн таасир этиши ж. б. себепкер болот.

ФАНТО́М — фантом. Адамда тиштердин ар кандай ооруларын дарылоодо алды менен студенттерди гипстен, пластмассадан жасалган тиштерди бор машина менен өгөтүп,

кыттатып, калыбын алдырып, үйрөнүү үчүн курал. Жасалма коронка жасап, аны да фантомго коюп үйрөтөт.

ФАРФОРО́ВАЯ МА́ССА — фарфор массасы. Жасалма каптамаларды жасаш үчүн колдонулуучу фарфор масса. Ал курамында талаа шпаты 60–75%, каолин 3–10%, кварц 15–35% жана боёктору бар күкүм. Боёк марганец, хром, кобальт, цинк ж.б. металлдардын кычкылдары кирет. Талаа шпаты – фарфор массасынын негизги компоненти. Ал жаратылышта калий шпаты (ортоклаз), натрий шпаты (альбит), кальций шпаты (анорит) түрүндө таралган. Талаа шпаты илээшкектикти арттырат жана туруктуу форма берүүгө жардам берет. Кварц катуулукту жана химиялык инерттүүлүктү камсыз кылат. Каолин массаны күңүрт кылып, илээшкектикти жогорулатат. Боёктор болсо күкүмгө ар кандай түс жасоого мүмкүнчүлүк берет. Күкүм тазаланган (дистирленген) сууга аралаштырылып, коронканын формасын калыптандырып, вакуумдуу электр мешинде 1100–1300°С ысыкта бышырылат.

ФАСЕ́ТКА — фасетка. Өңү табигый тиштерге окшош жасалма тиш. Таңдай же тил жагындагы бети жана чайноо бети металлдан, сырткы көрүнүп турган бети пластмассадан же фарфордон болот.

ФЕНО́МЕН ПОПО́ВА-ГОДО́НА (ВТОРИ́ЧНАЯ ДЕФОРМА́ЦИЯ ЗУ́БО-ЧЕЛЮСТНО́Й СИСТЕ́МЫ) — Попов-Годон феномени (Тиш-жаак тизиминин (системасынын) экинчилик бузулушу). Тиштер жулунуп, тиштердин катарында кемтик пайда болгондо, өз убактысында жасалма тиш салынбаса, кемтиктин ичин карай карама-каршы турган тиштер өсүп кетет. Ылдый жакта тиштер жок болсо, үстүңкү тиштер ылдый карай, жогорку жакта тиштер жок болсо, ылдыйкы тиштер жогору карай жылып, өсөт. Кемтикти чектеп турган тиштер же кемтикке карай же кемтиктен тескери карай кыйшайып кетет. Ошондуктан мындай горизонталдык жана вертикалдык өзгөрүүлөр феномен деп аталат.

ФЕНО́МЕН ХРИСТЕНСЕ́НА — Христенсен феномени. Астыңкы жаакты алдыга жылдырып, маңдайкы кескич тиштерди тийиштиргенде, тиш катарынын арт жагында азуу

тиштердин арасында үч бурчтуу аралыктын пайда болушу, үч бурчтуктун чокусу алдыга карайт.

ФЕРМЕ́НТНЫЕ ПРЕПАРА́ТЫ — ферменттик дары-дармектер. Организмдеги бардык химиялык процесстерди тездетип, жарадагы өлүү, чирик ткандарды кетирип, бетин тазалап, карттандырып, айыгууга көмөк бере турган заттар. Аларга трипсин, химопсин, лидаза, ронидаза ж. б. кирет.

ФИ́БЕР-БОНД, ФИ́БЕР-СИ́ЛИТ, ФИ́БЕР-СИ́МЕНТ МЛ — фибер-бонд, фибер-силит, фибер-симент мл. Өтө ичке айнек буласынан туруп, бошогон тиштерге шакшак коюу үчүн колдонулат. Эгерде тиштер кыйшайып кетсе, аны оңдоп, түздөп Фибер-Бондду айланасына төгүп, куюп койсо, массанын катуусу менен тиштин бошогону токтойт. АКШда чыгарылат.

ФИ́БРОМАТО́З ДЁСЕН — тиштин бүйлөсүнүн фиброматозу. Бириктирүүчү ткандагы талчалардын көбөйүп өсүп, тиштерди толук жаап калышы. Сөөк жешилип, тиштин бошошуна алып келет.

ФИБРОСАРКО́МА — фибросаркома. Бет-жаак системасындагы бириктирүүчү талча ткандардан башталган зыяндуу шишик. Ал бат эле жаак сөөгүнө өтүп кетет. Көбүнчө жаштарда кездешет.

ФиБС — фиБС. Академик В. П. Филатов сунуш кылган препарат. Организмдеги зат алмашуу процессин иреттеп, каршылык көрсөтүү күчтөрүн жогорулатып, кубат бере турган зат. Аны колдонгондо жаранын бети карттанып, айыгуусу тездейт. Пародонтту жана башка стоматологиялык ооруларды айыктыруу үчүн колдонсо болот.

ФИКСАКРИ́Л — фиксакрил. Альгинаттуу, гидроколлоиддуу жана силикондуу калып алуучу массалар менен калып алганда алардын бети тегиз, жакшы чыгыш үчүн фиксакрилди сыйпоо керек.

ФИКСА́ТОРЫ — бекитүүчүлөр. Доголуу жасалма тиштерди ордунан кыймылдатпай турган таяныч, таянып-кармап туруучу илмектердин тобу.

ФИС-8 — фис-8. Натрий альгинатынын коллоиддик эритиндиси, гипс, пластмассага жабышпасын үчүн суюктукту

гипстин бетине сыйпаганда 0,01 мм калыңдыктагы катмар пайда болот, жасалма тиштердин сапатына тоскоол болбойт. Черногорияда чыгарылат.

ФИССУ́РЫ — чуңкурчалар. Кичи жана чоң азуу тиштердин чайноо бетиндеги дөмпөкчөлөрдүн ортосундагы чуңкурчалар.

ФИТОТЕРАПИ́Я — дары чөптөр менен дарылоо. Ооз ичиндеги ар түрдүү ооруларды, сезгенүүлөрдү дары өсүмдүктөр менен дарылоо жакшы натыйжа берет. Аларга ачуу жалбыз (мята перечная), түймедак (ромашка), уулуу саргалдак (чистотел большой), көк шимүүр (шалфей лекарственный) ж. б. кирет.

ФЛЕГМО́НА — флегмона. Тери астындагы майдын ириңдеши. Пайда болгон жерине жараша ал көз, чыкый, жуткунчактын айланасында ж. б. болуп бөлүнөт.

ФЛЕГМО́НА ВИСО́ЧНОЙ О́БЛАСТИ — чыкый тушундагы ириңдүү шишик. Чыкый, көз, баш, бет сөөктөрү шишип, адамдын бети бузулат. Чыкый тушунун териси шишип чоюлат. Чыкый булчуң этинин тартылуусунан ооздун ачылып жабылуусу кыйындайт.

ФЛЕГМО́НА ГЛАЗНИ́ЦЫ — көздүн чарасындагы ириңдүү шишик. Көз торунун курч сезгенүүсүнүн себептери: астыңкы кабактын сезгенүүсү, шишиши жана көздүн айланасына чыккан исиркектер.

ФЛЕГМО́НА ДНА ПО́ЛОСТИ РТА — ооздун түбүндөгү ириңдүү шишик. Ал шишиктин себептери: астыңкы жаак тиштери периодонтит, ириңдүү киста болгондо инфекциянын алардан таралышы. Адамдын бет түзүлүшү бузулуп, ээк жана жаактын астындагы ткандар ириңдеп шишийт. Дененин температурасы 40°Сна жетет, ахвалы кескин түрдө начарлап кетет, тили шишип оозуна батпай, сүйлөшү кыйындап, жута албай калат, бул клиникалык көрүнүш оорулууну ого бетер коркутат.

ФЛЕГМО́НА ОКОЛОГЛО́ТОЧНОГО ПРОСТРА́НСТВА — тамактын айланасындагы ириңдүү шишик. Анын себептери: тамактын тушуна ок тийгенде, башка бир заттардан

жараланганда же басма (ангина) болгондо ооз ичине ириңдин чогула башташы. Ооругу басма сыяктуу башталат: жутуу, дем алуу кыйындап, лимфа бездери чочуп, чоңоёт.

ФЛЕГМО́НА ПОДГЛАЗНИ́ЧНОЙ О́БЛАСТИ — көздүн астындагы ириңдүү шишик. Үстүңкү кылкыйма, кичи азуу тиштеринен инфекциянын таралышынан пайда болот. Ошондо үстүңкү эрин, беттин шишишинен адамдын өңү бузулат, төмөнкү кабактын шишигенинен көз жабылып, мурундун формасы өзгөрүлөт.

ФЛЕГМО́НА ПОДЧЕЛЮСТНО́Й О́БЛАСТИ — жаак астындагы ириңдүү шишик. Акыл азуу чыгарда былжыр кабыкча жанчылып, эзилип сезгенүүнүн таралышынан, астыңкы жаактын сөөгүнүн остеомиелитинен, жаак астындагы шилекей безинин сезгенишинен пайда болот. Шишиген жерди кармаганда ал катуу инфильтратка айланганы байкалат. Оозду ачканда ооруйт. Кабылдап кеткенде медиастинит оорусунуна өтүп кетиши мүмкүн.

ФЛЕГМО́НА ПОДЪЯЗЫ́ЧНОЙ О́БЛАСТИ — тилдин астындагы ириңдүү шишик. Астыңкы жаактын тиштеринин периодонтитке, ириңдүү пародонтитке, кулгунага кабылганда пайда болуучу патологиялык процесс. Оору күчөп кеткенде тил оозго батпай, адамдын оозу ачылып калат, тилдин асты көөп (инфильтрация) кетет.

ФЛЕ́КСИ-ВОСТ — флекси-вост. Жука, ийкемдүү, колдун жылуулугунда жумшарган мом, өзүнүн жабышкак жана созулчаактыгынан үлгүгө (моделге) жакшы жабышат. Узундугу 150 мм, эни 75 мм, калыңдыгы 0,3–0,6 мм болот. Германияда чыгарылат.

ФЛЮ́КСА — флюкса. Калып алуучу темир кашыктарды жана стоматологиялык аспаптарды көлөмү 3,2 л идиште ультра үн менен жууп тазалоочу аспап. Ошондой эле стерилдүүлүгү көп убакытка сакталсын үчүн жуулган аспаптарды кагазга ороп коюучу «АКСИОМА» деген машина бар. Италияда чыгарылат.

ФЛЮКТУА́ЦИЯ — былкылдоо. Сөөктүн термелишинен дубалы жумшак ийилчек болгон көңдөйдөгү болуучу суюктуктун козголушу, термелиши.

ФЛЮКТУОРИЗА́ЦИЯ — флюктуоризация. Синусоидалуу өзгөрүлмө электр тогун дарылык максат үчүн колдонуу. Жарааттын айыгышын, кан жана лимфа айлануусун тездетет, оорутпайт, ферменттердин кызматын күчөтөт.

ФЛЮОРО́З — флюороз. Сууда фтордун көп болуусунан (1 л сууда 2 мг дан көп) организмде фтор жана анын кошулмаларынын чектен артык көп болуп (нормада 0,7–1,3 мг/л), өнөкөт ооруга алып келет. Мунун негизги белгилери болуп остеосклероз жана тиш эмалынын жетилбестиги. Айрыкча тиш ткандары түзүлөр кезде фтордун таасиринен тиштин бети ар түрдүү өзгөрүүлөргө учурайт.

ФОРМОДЕ́НТ ЛИТЬЕВО́Й, ФОРМОДЕ́НТ ТВЁРДЫЙ — куюлуучу формодент, катуу формодент. Доголуу тиш протезин жасоо үчүн алды менен момдон конструкциясын жасайт, ошол максат үчүн колдонулуучу жашыл мом.

ФОРМАСИ́Л — формасил. Тиштердин калыбын алуу үчүн силикон массасы. Германияда чыгарылат.

ФОРМО́ВКА — формага келтирүү. Металлды эритип куюш үчүн жасалган атайын калып, форма. Момдон жасалган тиштердин, каптамалардын, доголуу жасалма тиштердин каркасын ж. б. сыртынан отко чыдамдуу масса менен ороп форма жасалат.

ФОРМОДЕ́НТ — формодент. Ийкемдүү пластмассадан жасалган ар түрдүү чуңкурлары бар форма. Ал чуңкурларга момду эритип куюп, доголуу жасалма тиштин конструкциясынын каркасын куруута болот. Андан кийин момдон жасалган каркас конструкцияны металлга алмаштырат. Аны кээде МАТРИЦА деп аташат жана жазышат.

ФОРМОЛИ́Т — формолит. Дат баспоочу болоттон тиштерди куюу үчүн калып алууда момдон жасалган тиштердин сыртынан каптоого, керектелүүчү кварцтын чаңынан, этилсиликаттан, бор кислотасынан жана кумдан турган отко чыдамдуу аралашма.

ФО́РМУЛА ЗУБО́В — тиштердин формуласы. Туруктуу тиштердин формуласы араб сандары менен белгиленет:

8 7 6 5 4 3 2 1	1 2 3 4 5 6 7 8
8 7 6 5 4 3 2 1	1 2 3 4 5 6 7 8

Сүт тиштердин формуласы рим сандары менен белгиленет:

V IV III II I	I II III IV V
V IV III II I	I II III IV V

Туруктуу тиштердин формуласы:

1	2
1.8 1.7 1.6 1.5 1.4 1.3 1.2 1.1	2.1 2.2 2.3 2.4 2.5 2.6 2.7 2.8
4.8 4.74.6 4.5 4.4 4.3 4.2 4.1	3.1 3.2 3.3 3.4 3.5 3.6 3.7 3.8
4	3

Азыркы убакта 1971-ж. стоматологдордун эл аралык федерациясы (FDI) сунуштаган формула колдонулат. Бул формула боюнча ар бир тишти көрсөтсө болот, оң жактагы жогорку алтынчы тиш 1.6 деп. Ал эми астыңкы сол жактагы жетинчи тиш 3.7 деп көрсөтүлөт. Анын негизги түшүнүгү боюнча ар бир тиш эки сан менен айтылат: биринчиси чарчы жак, экинчиси ошол жердеги тиш. Жаактын чарчысын туруктуу тиштер үчүн 1ден 4кө чейин, сүт тиштер 5тен 8ге чейин белгиленет. Мисалы, сол жактагы жогорку туруктуу жетинчи тишти 2.7, ал эми оң жактагы ылдыйкы туруктуу бешинчи тишти 4.5 (эки-жети жана төрт-беш деп окулат).

Сүт тиштердин формуласы:

5.5 5.4 5.3 5.2 5.1	6.1 6.2 6.3 6.4 6.5
8.5 8.4 8.3 8.2 8.1	7.1 7.2 73 7.4 7.5

Ал эми сүт тиштердин үстүңкү жаактын сол жагындагы бешинчиси 6.5, ал эми астыңкы жаактын оң жагындагы

бешинчи сүт тиш 8.5 болот (окуганда алты-беш жана сегиз-беш).

Ал эми 1975-жылы кабыл алынган номенклатура боюнча тиштердин катары төмөнкүчө жазылат:

1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11	12	13	14	15	16
32	31	30	29	28	27	26	25	24	23	22	21	20	19	18	17

Бул белгилөө боюнча тиштин номери жогорку оң жактагы сегизинчи тиштен башталып, сааттын жебесинин жүрүшү боюнча уланат. Мисалы, үстүңкү оң жактагы алтынчы тиш 3 болсо, астыңкы оң жактагы алтынчы тиш 30 болот.

ФОСФА́Т ЦЕМЕ́НТ — фосфат цемент. Стоматологияда кеңири колдонулуучу материал. Күкүмдүн курамы 80–83% цинк оксидинен, 6–10% магний оксидинен, кварц жана башка кошулмалардан, суюктугу 38–44% ортофосфор кислотасынын суудагы эритмесинен жана цинк, алюминий, магний фосфатынан турат. Фосфат-цемент туруктуу кыттарды өзөктөн бөлүп, чектеп турат, тиштердин тамырындагы каналдарды толтуруу үчүн, жасалма каптамаларды тишке бекитүү (карматуу) үчүн керектелинет.

ФОТОПЛЕТИЗМОГРАФИ́Я — фотоплетизмография. Тиштин өзөгүнүн, этинин, Филатов бутакчасынын (пластикалык операция болгондо) функциялык кызматын текшерүүгө мүмкүндүк берүүчү ыкма. Ткандарда кандын айланышынын өзгөрүүсүнө, оптикалык жарык өткөрүшүнө, ошондой эле жарык чыгаруунун өзгөрүшүнө карай белгилүү корутундуга келүүгө мүмкүнчүлүк берет.

ФРЕЙЗ — фрейз. Тиштердин калыбын алуу үчүн колдонулуучу масса, альгинат тобуна кирет, күкүмү кызгылт көк түстө, сууга аралаштырганда мала кызыл түскө өтөт, агара баштаганда оозго салып, тиштерге коюу керек, жылуулук 23° С болгондо 2,5 мүнөттө катат. Польшада чыгарылат.

ФРЕНУЛОТОМИ́Я — френулотомия. Чектөөчүнү тилип коюу.

ФРЕНУЛОЭ́КТОМИЯ — френулоэктомия. Чектөөчүнү кесип алып таштоо.

ФТОР — фтор. Химиялык элемент. Фтордун жетишпегендиги же ашыкчалыгы ар кандай тиш ооруларынын пайда болушуна себеп болот. Кариес оорусунун алдын алуу чараларынын ичинде өзгөчө орунду ээлейт. Биз ичкен суунун курамында фтор орто эсеп менен 1 мг/л болууга тийиш. Фтор мындан аз болсо, кариес, гипоплазия оорусу көбөйүп, ал эми көп болсо флюороз оорусу пайда болот.

ФТО́РАКС — фторакс. Акрил пластмассасына кирет. Мындан кийме тиштердин негизин жана тиши жок кишилерге жасалма тиш жасаганда жеке ченкеп жасоого болот. Курамында акрил пластмассасынан бөлөк фтор жана башка заттар бар.

ФТОРОТАН — фторотан. Стоматологиялык тажрыйбада жеңил операцияларды жасоодо колдонулуучу, наркоз катары керектелүүчү дары.

ФУ́ДЖИ-1 — фуджи-1. Фтор бөлүп чыгаруучу айнекиономерлүү цемент, күкүм жана суюктуктан турат. Японияда чыгарылат.

ФУ́ДЖИ ПЛЮС — фуджи плюс. Керамика жана металлкерамика тиштерди жакшы бекитүүдө керектелүүчү, полимери бар айнекиономерлүү цемент. Японияда чыгарылат.

ФУДЖИВЕ́СТ И ФУДЖИВЕ́СТ СУ́ПЕР — фудживест жана фудживест супер. Кемүртеги жок металлдын ар кандай кошундуларын куйганга форма алуу үчүн фосфаттуу масса. Металлды куюуда отко чыдамдуу башка массаны аздан ысытат, ал эми бул массаларды кызып турган мешке салса деле эч нерсе болбойт, жарылбайт, жумуш убактысы 2 саатка үнөмдөлөт. Японияда чыгарылат.

ФУДЖИРО́К-ЕР — фуджирок-ер. Ажыратылма үлгүлөрдү куюуда керектелүүчү өтө катуу гипс. Японияда чыгарылат.

ФУ́НКЦИИ ПАРОДО́НТА — пародонттун кызматтары. Пародонттун аткарган кызматы: тишти кармап-таянып туруучу (опроно-удерживающая), коргоочу (защитная), нерв-

рефлекстик (нервно-рефлекторная), иммундук-биологиялык (иммуно-биологическая), азыктандыруучу (трофическая), айыктыруучу (пластическая), амортизациялоо ж. б.

ФУНКЦИОНА́ЛЬНЫЕ ЖЕВА́ТЕЛЬНЫЕ ПРО́БЫ — чайноонун функциялык сыноосу. Тиштер соо, толук болгондо же тиштер начар, саны боюнча аз болгондо бир эле өлчөмдөгү же көлөмдөгү тамакты сапаттуу майдалап чайноо убактысы ар кандай болот. Биринчи болуп Христиансен 5 г бадамды 50 жолу чайноону сунуштаган. С. Е. Гельман 5 г бадамды 50 сек чайнаткан, И. С. Рубинов 0,8 г токой жаңгагын жутуу рефлекси пайда болгончо чайнаткан. Жутуу рефлекси 14 секундда пайда болот экен. Анан оозундагы бадамды, жаңгакты идишке түкүртүп, оозун чайкатып идишке түкүртүп, дезинфекция жасаш үчүн 5% сулеманын эритиндисинен 5-10 тамчы тамчылатып, шилекейден арылтып жууп, кургатып, көзөнөгүнүн диатери 2,4 мм болгон электен элеп, электе калганын таразага тартат. Чайноонун эффективдүүлүгү 2 г эленсе 40%, 3 г эленсе 60% болот.

ФУРАЦИЛИ́Н — фурацилин. Ооз көңдөйүндөгү ар кандай ооруларды: жара менен күйүктү, оозул менен пародонтитти, өнөкөт кулгунаны ж. б. ооруларды дарылоодо антисептик катары колдонуучу зат.

ФУРУ́НКУЛ — чыйкан, сыздоок. Тери-май безинин тез ириңдеп сезгенүүсү. Ошондой эле чачтын түпкү тамырынын (фолликула) сезгениши. Ал көбүнчө маңдайда, мурунда, жогорку эринде, ээкте болот.

ФУТУ́РА-ЗУЛЬФ — футура-зульф. Өзү катуучу акрил пластмассасы. ФУТУРАМАТ аппаратында басым астында 45–90°С температурада полимерленет. Германияда чыгарылат.

Х

ХААС-ЛА́ЗЕР 44Р — хаас-лазер 44Р. Көмүртеги аз кобальт, хром, молибден куймасын 2 мм терeңдикке чейин ширетүү үчүн аспап. Германияда чыгарылат.

ХА́БИТУС — дидаар (бет, жүз, ирең, ырай). Адамдын өңүнүн, түзүлүшүнүн сырткы көрүнүшү, адам оорубу же сообу, өлүүбү же тирүүбү анын хабитусунан билүүгө болот.

ХАЙ-КЕРА́М — хай-керам. Жалаң керамикадан жасалма тиш жасоо үчүн чыгарылган масса, негизин алюминийдин кычкылы түзөт. Германияда чыгарылат.

ХАЙ-ЛАЙТ — хай-лайт. Фарфордон жасалган жасалма тишти ооздун ичинде жалтыратуу үчүн колдонулуучу масса. Германияда чыгарылат.

ХА́УЭСА МЕ́ТОД — Хауэс ыкмасы. Жаак сөөгүнүн негизин же башкача айтканда тиштердин тамырынын учунун деңгээлиндеги жаактын негизин ченөөдө колдонулуучу ыкма. Ортодонтиялык дарылоодо бул ыкма боюнча жаак сөөгүн кеңейтүү же кайсы бир тиштерди жулуу керекпи деген маселе чечилет. Нормада 12 тиштин тамырынын учунун негизинин узундугу 44%ды түзүү керек. Эгерде ал узундук 37% болсо, анда кайсы бир тишти жулууга туура келет.

ХЕЙЛИ́Т — хейлит. Кызыл эриндин былжырлуу кабыкчасы менен терисинин сезгенүүсү. Сезгенүүнүн себептери: тышкы дүүлүктүргүч (травма, ысык, суук аба-метереология, химия), инфекция, аллергия. Жайгашуусу боюнча эриндин жогорку катмарында жана терисинде болот. Хейлиттин түрлөрү өтө көп.

ХЕРАМА́Т-Ц — херамат-ц. Фарфордон жасалган тиштерди күйдүрүү үчүн кичи габариттүү меш, көлөмү 30•33•58 см, 100 программасы бар. Германияда чыгарылат.

ХИМИКО́-СПЕКТРА́ЛЬНЫЙ АНА́ЛИЗ СЛЮНЫ — шилекейди химиялык-спектрдик анализдөө. Ал үчүн эртең менен тамактана электе 4–8 $см^3$ шилекейди алып, лабораторияга жеткирет. Темирдин, жездин, марганецтин, күмүштүн, алтындын, никелдин санынын көбөйүшү электр-химиялык процесстин бар экенин далилдейт.

ХИМОПСИ́Н — химопсин. Биологиялык касиети боюнча химотрипсин жана трипсинге жакын, бирок жалаң эле жергиликтүү оорулуу жерлерди дарылоого колдонулуучу фермент. Ириңдүү жараларды, күйүк, пародонтит, ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчанын ар кандай сезгенүүлөрүн бастырма (аппликация) ыгы менен дарылайт.

ХЛОРАМИ́Н — хлорамин. Антисептикалык каражат, жыт жоготкуч касиеттери жакшы, ткандарга зыяндуу таасирин тийгизбей, микробдорду жок кылат. Кариес кабылдап, пульпит, периодонтит болгондо, тиштин тамырынын каналын жууп тазалаганда, ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчанын ар кандай ооруларын дарылоодо, пародонтитте, тиштин этинин чөнтөкчөлөрүн дарылап жоюуда колдонулат.

ХЛОРО́З ПО́ЗДНИЙ — кечиккен хлороз. Кандын курамында темирдин аздыгынан боло турган аз кандуулук. Тиштин эмалынын жалтырактыгынын жоголушу, тиштин тез жоюлуп кетиши, тиштин кариесинин көбөйүшү, тилдин күйгөндөй оорушу, ооздун ичинин кургашы, даам сезүүнүн өзгөрүүсү — ушундай оорулар кечиккен хлороздун белгиси болуп эсептелет.

ХОНДРОСАРКО́МА — хондросаркома. Бул дарт жашы улгайган адамдарда жогорку жана ылдыйкы жаак сөөктөрдө болот, өрчүшү акырындык менен бөлөк органдарга тарайт. Клиникада сөөктүн кыйшайып калышынан билинет. Хондросаркома борбордук жана четки болуп бөлүнөт. Четкиси бет сөөктөрдө кездешет да беттин сөөгүн кыйшайтып, бара-бара сөөктүн чиришине алып келет. Оору рак оорусунун катарында.

ХОНСУ́РИД — хонсурид. Биологиялык активдүү зат. Бириктирүүчү ткандарды курарда негизги роль ойнойт. Жаранын бетинин айыгышын тездетип, ткандын жоюлган жерин калыбына келтире ала турган касиетке ээ препарат. Ооз ичи, эрин кызарганда, тилингенде, ооздун ичи оюлган, кызыл жалпак темиреткү, лейкоплакия ооруларын дарылоодо колдонулат.

ХОРОШИ́ЛКИНОЙ-ТОКОРЕ́ВИЧА ПРИСПОСОБЛЕ́НИЕ — Хорошилкина-Токоревич куралы. Мандайкы тиштер өтө алдыга чыгып, өсүп калганда колдонулуучу курал. Курал эриндин, тилдин жана уурттун тишти басуусун чектейт.

ХРОМ — хром. Химиялык элемент. Дат баспоочу болоттун кычкылдануу (окистенүү) жана дат бастырбоо касиетин күчөтүү үчүн хромду кошушат, ал сырткы тыгыз кабыгынын жардамы менен тышкы таасирди куймага өткөрбөйт, көмүртек менен хром кошулуп, хром карбидин түзүп, дат баспоочу болоттун катуулугун, айрылууга болгон каршылыгын күчөтөт.

ХРОНИОСЕ́ПСИС — өнөкөт сепсис. Организмдеги өнөкөт инфекция очокторунун, айрыкча оорунун, күчөп турушу. Ар кандай сезгенүү процессинин бирде басаңдап, бирде күчөп, бирде созулуусу.

ХРОНИ́ЧЕСКИЙ — созулмалуу, өнөкөт. Көпкө созулуп, айыкпай жүргөн оору, дарылаганда оңолуп калгансып, кайра эле баштала берүүчү кесел.

ХРУ́ПКОСТЬ — морттук. Картайган адамдардын жаак сөөктөрү менен абайлап иштөө керек: тишин жулганда, калыбын алганда сөөк морт болгондугунан, сынып кетиши мүмкүн. Ошондой эле убакыттын өтүшү менен кыттоочу заттардын физикалык-химиялык касиеттери төмөндөгөндүктөн, катуу тиштегенде кыттын кырынын сынып кетиши да морттук болот.

Ц

ЦЕГА́ЛЛ — цегалл. Ооздон алынбоочу жасалма тишти өз тиштерге жабыштырып бекините турган, бат катуучу цинк-фосфаттуу цемент.

ЦЕЛЛУЛО́ИД — целлулоид. Целюллоза нитратынын негизинде жасалган, өңү тунук, суу өткөзбөөчү пластмасса. Тиштеги кариес көңдөйүн кыттоодо керектелүүчү жука кабык.

ЦЕМЕ́НТ КО́РНЯ ЗУ́БА — тиштин тамырынын цементи. Тиштин тамырынын сыртынан жаап, каптап турган жука кабык. Анын курамында 68% органикалык эмес, 32% органикалык заттар бар. Химиялык курамы жана түзүлүшү боюнча сөөккө окшош, айырмасы – сөөктө кан тамырлар бар, цементте болбойт. Цементтин негизги заты – кальций туздары. Коллаген талчалары (байламталар) бир башы менен цементке жабышса экинчи башы менен жаак сөөктүн кырына жабышып, тишти уясында кармап турат.

ЦЕМЕ́НТ ИОНОМЕ́РНЫЙ — иономерлүү цемент. Бул өтө жабышкак, дүүлүктүрбөөчү зат, тиштин көңдөйүн кыттоого керектелинет. Күкүмүнүн курамында кремний менен алюминий жана фтор менен алюминий болот, суюктугу 50%дуу полиакрил кислотасынын суудагы эритиндиси.

ЦЕМЕ́НТ ЦИНКПОЛИАКРИЛА́ТНЫЙ — цинкполиакрилаттуу цемент. Мындай цемент менен тиштин көңдөйүн толтуруп, туруктуу кыт койсо болот. Күкүмү магний кычкылы кошулган цинк кычкылынан, суюктугу полиакрил кислотасынан турат.

ЦЕМЕНТО́МА — цементома. Зыянсыз шишиктердин тобу, негизинен цементке окшош ткандардан турат.

ЦЕМИО́Н-Ф — цемион-ф. Коронкаларды, кыпчыктарды, шиштүү тиштерди, көпүрөчө протездерди тишке бекитүү (цементтөө) үчүн колдонулуучу рентген контрасттуу, эки компоненттүү (күкүм, суюктук) айнек иономерлүү стоматологиялык цемент. Россияда чыгарылат.

ЦЕ́НТРЫ ЖЕВА́ТЕЛЬНЫЕ — чайноо борборлору. Мында сол жана оң жактагы азуу тиштер эсептелет, чайнаганда бир же эки жак тең иштеши мүмкүн.

ЦЕРИ́Н — церин. Кыпчык (вкладка) жасоодо колдонулуучу синтетикалык мом. Чехияда чыгарылат.

ЦЕФАЛОМЕТРИ́Я — цефалометрия. Антропометриянын бир бөлүгү, стоматологияда адамдын башын ар түрдүүчө ченөөдө колдонулат.

ЦИАНО́З — цианоз. Канда кычкылтектин аз болгондугунан эриндин, оoздун былжырлуу кабыкчасынын көгөрүүсү, кандын коюуланышы. Жүрөк, күрөө тамыр начар иштегенде, көгөрүү күчөп кетет.

ЦИНГА́ — цинга. Организмде С витамини жетпегендиктен, тиштин бүйлөсү көөп, тиштердин түшүүсү менен мүнөздөлгөн оору. С витамини күнүмдүк тамакта аз болсо же ал денеге сиңбей калса, адам тез чарчайт, шалдырайт. Тиштер бошоп, кыймылдап түшө башташат. Тиштин эти шишип, ириңдеп, чөнтөкчөлөр пайда болуп, ооздон сасык жыт чыгат, гингивит, оозул болот. Убактысында дарылабаса, бул оору бүт денеге тарайт, булчуң эттер, муундар жабыркайт.

ЦИНКА ОКИСЬ — цинк кычкылы. Сезгенүүнү азайтып жараларды кургатуучу касиетке ээ. Тиштин тамырын дарылоодо колдонулат.

ЦИСТОТОМИ́Я — цистотомия. Кистанын көңдөйүнүн оозун ачып, ооз көңдөйү менен катышуу жасоо.

ЦИСТОЭКТОМИ́Я — цистоэктомия. Кистанын ички катмарын сыйрып салып, кайра туюк тигип коюу.

Ч

ЧАСТОТА́ ВРАЩЕ́НИЯ — айлануу ылдамдыгы. Бор машиналардын айлануу жыштыгы, ылдамдыгы ар түрдүү болот. Мисалы, электр бор машинанын айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 10000–30000, турбиналуу бор машинаныкы 100000–300000 болот.

ЧЕ́ЛЮСТИ БЕЗЗУ́БЫЕ — тишсиз жаактар. Тишсиз калуунун себептери, кариес, пародонттун ар кандай оорулары, травма, кант оорусу, боор, ашказан, ичеги оорулары, кулгуна, зыяндуу жана зыянсыз шишиктерге байланыштуу операция жасоо ж. б. болот.

ЧЕ́ЛЮСТЬ ВЕ́РХНЯЯ — үстүңкү жаак. Беттин ортосун ээлеп турган жуп сөөк. Үстүңкү жаактын денеси жана төрт өсүгү бар: маңдай, бет, таңдай жана альвеолалык. Төрт тегиздиги бар: алды жактан, көз жактан, чыкый астындагы арт жактан жана мурундун ичинен. Үстүңкү жаактын ар бир жагында сегизден тиш уясы болот, ошондой эле эки жагында – денеде гаймор көңдөйү бар.

ЧЕ́ЛЮСТЬ НИ́ЖНЯЯ — астыңкы жаак. Баш сөөктүн чыкый сөөгү аркылуу астыңкы жаак кошулуп адамдын бе-

тин түзөт. Формасы такага окшош болот. Астыңкы жаакта 16 тиш уясы бар.

ЧЕШУ́ЙКА — кабырчык. Теринин бүдүрүндөгү (сыпь) экинчи морфологиялык элемент. Пара- же гиперкератоздо териде пайда болуучу кабырчыктар.

ЧИ́СТКА ЗУБО́В — тиштерди тазалоо. Тиштер узакка кызмат кылуусу үчүн аларды кечинде жана эртең менен тамактан кийин щётка жана паста менен жууп туруу керек. Тиштерди төмөнкүчө жууш керек: алды менен колду жууп, анан оозду чайкап, тиш щёткасын жакшылап жууп, щёткага пастаны сыгып, тиштерди жууп баштайт. Щётканы бир эле багытта сүрбөстөн, ар түрдүү (жогорудан ылдый карай, ылдыйдан жогору карай, айландырып) кыймыл менен жуу керек. Күнүгө жууп, врачка жылына эки жолу көрүнүп, тиштерине көңүл бөлүп жүргөн кишилер тиштерин 45–50 секунд жууса жетишет. Тишти 2,5–3,5 мүнөт түз (горизонтал) багытта сүрүп, жууй берсе, тиштин моюнчасынын аймагындагы эмалдын жешилүүсүнө алып келет. Тишти жууп болгондон кийин сөөмөйлөр менен тиштин этин массаждаган жакшы, аны үчүн самындап же жөн эле суулап тиштердин катары боюнча сүрүү, тиштин бүйлөсүн укалоо керек.

Ш

ШЕ́ЙКА ЗУ́БА — тиштин моюнчасы. Тиштин коронка бөлүгүнүн тамырга өтүүчү анатомиялык түзүлүшү, ал эмалдын цементке өтүүчү деңгээли.

ШИ́НА БОКСЁРСКАЯ — мушкер шакшагы. Спорттук машыгууларда, мелдештерде эрин эзилбесин, тиштери, жаак сөөгү сынбасын үчүн жумшак пластмассадан (Эластопласт, АКР-9, Боксил, ЭГмасс-12, Эладент, АКР 9, ПМ-01, Поливик ж. б.) тиштердин катарын, таңдайды, тиштин бүйлөсүн жаап туруучу шакшак даярдалат. Тиштердин катышы ортогнатиялык болсо, үстүңкү жаакка, ал эми прогениялык болсо астыңкы жаакка жасалат. Бул пластмассалар күкүмдөн жана суюктуктан турат, бир гана Поливик заводдон такта түрүндө даяр

келет, аны ысык сууга салып, жумшартып моделге орноштуруп, ашыкчасын кайчы менен кесип салат.

ШИ́НА ВАЙСЕ́НФЛЮ — Вайсенфлю шакшагы. Маңдай тиштер менен кичи азууларга коюлуучу кийме шакшак. Таңдайга кабатталган шиштери жасалма коронкага ширетилген гильзага кирип турат.

ШИ́НА ВАНКЕ́ВИЧА — Ванкевич шакшагы. Тиштери жок астыңкы жаактын сыныгында колдонулуучу шакшак. Анын таянуучу бөлүгү үстүңкү жаакта болуп, андан ылдый карай эки өсүктү астыңкы жаактын тил жагындагы бетине такап, жаак сөөктү туура абалда кармап турууга мүмкүнчүлүк берет.

ШИ́НА ВАСИ́ЛЬЕВА — Васильев шакшагы. Жоондугу 0,25–0,28 мм болгон дат баспоочу болоттон жасалган илмеги бар тасма. Бул тасма шакшак стандарттуу жасалат. Жаак сөөктөрү сынганда аларды бири-бирине тартып, сөөктүн сынган бөлүктөрүн бекем карматып коюу үчүн колдонулат.

ШИ́НА ВЕ́БЕРА — Вебер шакшагы. Жаак сөөгүнүн сыныгында колдонулуучу пластмассадан жасалган тишке жана тиштин бүйлөсүнө таянып туруучу шакшак.

ШИ́НА ГУ́НИНГА-ПО́РТА — Гунинг-Порт шакшагы. Тиштери жок үстүңкү жана астыңкы жаактар сынганда колдонулуучу бир блок менен жасалган шакшак. Бул шакшактын маңдай бөлүгүндө тамак берүү үчүн тешиги болот. Тешик аркылуу түтүк өткөрүп, пациентке тамак берет.

ШИ́НА КОЛПАЧКО́ВАЯ — калпакча шакшак. Маңдайкы тиштерге арналган, штамптоо жолу менен жасалган, бири-бири менен ширетилген, тиштердин коронка бөлүгүнүн жарымына чейин жапкан, ооздон алынбоочу шакшак. Ал тиштер бошоп, кыймылдап баштаганда колдонулат.

ШИНА ЛИМБЕРГА — Лимберг шакшагы. Тиштери жок жаактар сынганда колдонулуучу шакшак. Үстүңкү жаакка өзүнчө, астыңкы жаакка өзүнчө жасалат. Жаактарга орнотулганда оюкча жана устунча менен биригет.

ШИ́НА ЛО́ЖКА — ченкеп шакшак. Стоматологиялык аспап, жогорку жаак сынганда убактылуу колдонулат. Түзүлүшү дагарадай чуңкур болуп, таңдайга туура келет.

ШИ́НА МАМЛО́КА — Мамлок шакшагы. Маӊдайкы тиштер бошоп, кыймылдаганда колдонулуучу шакшак. Эстетикалык жактан жакшы. Себеби, шакшак таӊдай же тил жакта жайланышып, алды жактан металл көрүнбөйт, болгондо тиштин өзөгүн алып, каналды кыттоого туура келет. Өзөк жайланышкан каналга шиш кирет, да бошошкон тишти кармап турат.

ШИ́НА НЕСЪЁМНАЯ ИЗ КОРО́НОК — коронкадан жасалган алынбоочу шакшак. Алынбай турган жасалма каптамадан жасалган шакшак. Бошоп, кыймылдап кеткен тиштерди ортопедиялык жол менен дарылаганда жасалма каптамалардан бирин-бири менен ширетип шакшак жасап, цементке коюп коёт. Мындай шакшакты маӊдайкы тиштерге жана сол жак, оӊ жак капталга коёт.

ШИ́НА ПРОТЕ́З — шакшак протез. Тиштердин катарынын кемтигин толуктай турган жана бошогон тиштерди бекемдей турган жасалма тиш. Алар көбүнчө таяныр-кармай турган илмектери бар доголуу жасалма тиш болуп эсептелет.

ШИ́НА СТЕПА́НОВА — Степанов шакшагы. Шакшак Ванкевич шакшагына окшош, болгондо пластинка таӊдайдын ордуна металлдан дого жасалат.

ШИ́НА ТИГЕРШТЕ́ДТА — Тигерштедт шакшагы. Сөөк сыныктарын кыймылдатпай кармап туруучу шакшак. Аны алюминий зымынан ийип, ар бир пациентке өзүнчө жасашат, бириники бирине туура келбейт. Эки жаакка теӊ коюу үчүн аны илмектери менен жасап, резинка шакектер менен бириктирет.

ШИ́НА ЭЛЬБРЕ́ХТА — Эльбрехт шакшагы. Тиштерди вестибулярдык жана оралдык жактан кармап туруучу, илмектердин үзгүлтүксүз жабык системасынан турган кийме шакшак. Шакшак тиштердин пародонту ооруганда колдонулат.

ШИНИ́РОВАНИЕ — шакшактоо. Бир нече же бардык тиштерди, жаак сөөгүнүн сыныктарын шакшактап, кыймылдатпай бириктирип коюу.

ШИ́НЫ ПЛАСТМА́ССОВЫЕ ДЛЯ ЧЕЛЮСТЕ́Й — жаак сөөктөрү үчүн пластмассадан жасалган шакшактар. Жаак сөөгү сынганда, сөөктүн сыныктарын ордуна тууралап коюп, пластмасса шакшакты сынык айыкканча тиштерге орнотуп, бириктирет. Аны бат катуучу акрил пластмассалар «Акрилоксид», «Карбопласт», «Карбодент» менен жасоого болот. Синма тобундагы пластмассадан өз тиштеринин өңүндөй кылып сууга кайнатып жасайт. Ал үчүн калып алып, модель куюп, моделде шакшакты момдон калыптандырып, кюветага гипстеп, момду пластмассага алмаштырат.

ШИПОВИ́ДНЫЕ ЗУ́БЫ — формасы өзгөрүлгөн тиштер. Сырткы көрүнүшү конуска окшош тиштер.

ШЛИФОВА́ЛЬНЫЙ МОТО́Р — жылмалагыч мотор. Ортопедиялык стоматологияда кеңири колдонулат. Мотордун эки жагында эки учтук бар, аларга бекитилген ар кандай аспаптар менен жасалма тиштерди өгөп, тегиздеп, жылмакайлап, жалтыратат.

ШОК — сокку. Организмге өтө чоң күчтүү дүүлүктүргүчтүн таасиринен борбордук нерв системасынын, кан айлануусунун, дем алуунун, зат алмашуунун бузулушуна алып келүүчү, өмүргө коркунуч туудурган, курч башталган патологиялык процесс.

ШОК ТРАВМАТИ́ЧЕСКИЙ — травмалык сокку. Травма алгандан кийин адамдын өңү өзгөрүлүп, бозоруп, муздак тер чыгып, дененин температурасы көтөрүлүшү менен кан басымы төмөндөйт, адамдын алы кетип шалдырап, эсин жоготор абалы.

ШПАТ ПОЛЕВО́Й — талаа шпаты. Калий, натрий, кальцийдин алюмокремний туздарынын өтө көп таралган аралашмасы, стоматологиялык фарфордун негизин түзөт.

ШПА́ТЕЛЬ — калакча. Бул аспап үчкө бөлүнөт: 1) тиш техникалык, момду отко ысытып кескенге, эриткенге керектелет, металлдан жасалат, жыгач же пластмасса менен сапталат; 2) тиш-врачтык, металлдан же пластмассадан жасалат; цементти, пластмассаны аралаштыруу үчүн колдонулуучу аспап; 3) гипс боткосун аралаштырууга арналган, металлдан жасалат.

ШТАМП — штамп. Тиштин тез эригич металлдан жасалган модели. Жасалма каптама жасоо үчүн дат баспоочу металлдан жасалган гильзага киргизип, гильзаны штамптаганда гильза каптамага айланат. Кийме тиштин негизин штамптоодо да колдонулат.

ШТАМПО́ВКА — штамптоо. Металлдын куймасынан жасалма коронкаларды жасоодо колдонулуучу ыкма. Бир нече түрү бар: 1) ички Шарп ыкмасы; 2) сырткы Паркер ыкмасы; 3) аралаш ММСИ ыкмасы. Шарп ыкмасы боюнча жасалма коронканын формасын оңой эрий турган металлдан жасап, ошол формага отко күйдүрүлгөн гильзаны салып, анын ичине майда бытыраны салып, соккулоо керек. Ошондо басым гильзанын ичинен таасир кылып, керектүү формага келет. Паркердин ыкмасы боюнча жасалма коронкага басым күчү сыртынан таасир этилет. Ал үчүн тиштин формасы келтирилген гильзаны металл устунчага кийгизип, мольдинге (глицеринге аралаштырылган ак топурак) коюп, басым жасаганда коронка металл устунчанын сыртына жабышып штампталат. ММСИ ыкмасы боюнча ички жана сырткы ыкмалар колдонулуп, жасалма коронка бромштром жана пестик аспабы менен штампталат.

ШТЕРН-КВИК — штерн-квик. Стерилдүү аспаптарды ороп коюуга арналган, бир жак бети полиэтиленден жасалган стерилдүү кагаз салфеткалары. Өлчөмү 350•500 мм, 500•700 мм жана 700•1000 мм болот. Германияда чыгарылат.

ШТИФТ — шиш. Тиштердин тамырынын каналын дарылаганда аны сапаттуу толтуруу үчүн, кыттоо процессин жеңилдетүү жана тездетүү үчүн күмүш шиш колдонулат. Ошондой эле коронкасы жок, бирок тамырдын каналы толук, жакшы дарыланган болсо, тамырдын айланасында эч кандай патологиялык бузулуулар, өзгөрүүлөр болбосо жана тамырдын узундугу жеткиликтүү болсо ар кандай конструкциядагы шиштүү тиштерди жасоого болот. Мындай шиш дат баспоочу болоттон жана 750 белгидеги алтындан жасалат.

ШТИФТО́ВЫЙ ЗУБ АМИРА́ЕВА — Амираевдин шиш тиши. Бир шиши бар башка бардык шиш тиштерден айырмаланган өзгөчөлүгү – Амираевдин шиш тишинин шиши экөө экендиги. Шиш тиштин коронка бөлүгү шакектей жасалып, пластмассаны жакшы кармайт.

ШТИФТО́ВЫЙ ЗУБ АХМЕ́ДОВА — Ахмедовдун шиш тиши. Белкиндин кураштырылган коронкасына Ахмедов шишти ширетип, шиш тишти пайда кылган.

ШТИФТО́ВЫЙ ЗУБ ИЛЬИНО́Й-МАРКОСЯ́Н — Ильина-Маркосяндын шиш тиши. Башка шиш тиштерден өзгөчөлүгү, тамырдын каналынын айланасына төрт бурчтуу чуңкурча жасаган. Чуңкурча шиш тиштин айланып кетүүсүнө тоскоол болот жана цементтен бошоп кетишине каршылык көргөзөт.

ШТИФТО́ВЫЙ ЗУБ РИ́ЧМОНДА — Ричмонддун шиш тиши. Бул тиштин өзгөчөлүгү – алды жактан көрүнүп турган металлдан жасалган шакеги. Ричмонд бул тишти бүтүн бойдон алтындан жасаган.

ШТИФТО́ВЫЙ ЗУБ РИ́ЧМОНДА В МОДИФИКА́ЦИИ ММСИ — ММСИ өзгөртүүсү менен жасалган Ричмонддун шиш тиши. Өзгөртүүдө жагымсыз болгон шакекти көргөзбөй, табигый тишке окшотуп жасалгандыгында. Ричмонддун тишин асыл металлдан жасайт, тиштин бүйлөсүнөн асыл металлдын кыры көрүнүп турат жана аткаруу жумушу өтө татаал. ММСИ боюнча өзгөрүлгөн шиш тишти дат баспаган болоттон жасайт, металл көрүнбөйт жана аткаруу жумушу жеңил.

Щ

ЩВЯН — ЩВЯН. Бул аббревиатураны Clyde H Schuler киргизген, анын орусчасы «щечные верхних», «язычные нижних» (бугорки боковых зубов). Демек, каптал тиштердин уурт жактагы жогорку жана төмөн жактагы тил дөмпөкчөлөрү жөнүндө кеп болуп жатат, дөмпөкчөлөрдү физиологиялык жешилүүгө учурабаган бор машина менен өгөөдө айтылат.

ЩЕКА́ — уурт. Сырт жагы тери, ички бети былжырлуу кабыкчанын кыры болуп, ооз көндөйүнүн эки капталын түзүп турат. Ушул эки кабаттын ортосунда май бездери жайгашкан (Фардайс бездери), алар чогуу жайланышкандыктан, өңү сары болуп көрүнөт. Бул бездер бала жаңы төрөлгөндө толук (арымдуу) болот.

ЩЕЛЬ РОТОВА́Я — ооз жылчыгы. Жогорку жана төмөнкү эриндин тийишүү сызыгы.

ЩЁТКА ЗУБНА́Я — тиш щёткасы. Тиштерди жакшы сакташ үчүн күнүнө бир же эки жолу жууп туруу керек. Ал үчүн жаш балдарга өзүнчө (эни 7–9 мм, узундугу 18–25 мм), улгайгандар үчүн (эни 7,5–11 мм, узундугу 23–30 мм) өзүнчө чыгарылат. Мурда нукура кылдан жасалчу, азыр көбүнчө жасалма кыл (нейлон, перлон ж. б.) колдонулат. Щётканы жылына 4–6 жолу алмаштырып туруу керек. Күнүгө жууган кишиге 45–50 секунд жетет, көп сүрө берсе тиштин эмалы сүрүлүп кетет. Жууганда көбүнчө жогорудан ылдый, ылдыйдан жогору кыймыл жүргүзүү керек. Ошондо тиштер жакшы тазаланат жана тиштин моюнчасында «шынаа» сыяктуу жешилүү болбойт. Щётканы сактаганда суусун силкип, стаканга башын жогору каратып салып коюу керек.

ЩЁЧНЫЙ — уурт жак. Азуу тиштин, жасалма тиштин уурт, каптал жакка караган бети.

ЩИПЦЫ́ ДЛЯ ПРОКАЛЫВАНИЯ ВЕСТИБУЛЯ́РНОЙ ПОВЕ́РХНОСТИ МЕТАЛЛИ́ЧЕСКИХ КОРО́НОК — металл коронканын вестибуляр бетин тешүү үчүн кыпчуур. Белкиндин курраштырылган жасалма коронкасын жасаганда вестибуляр бетин тешүү үчүн У. А. Амираев сунуш кылган кыпчуур. Буга чейин металл коронканын вестибуляр бетин бор менен тешкен, ага 68–75 секунд убакыт кеткен. Мында коронка ысып, кол күйүп, кол менен кармоо кыйын, бор металлдан тайып кетип, бармактар жарадар болгон. Сунушталган кыпчуур менен металл коронканы 1–2 секундда тешип койсо болот.

ЩИПЦЫ́ КРАМПО́ННЫЕ — крампондук кыпчуур. Илмектерди бүгүүгө, зымдарды кесүүгө, каптамалардын кы-

рын бүгүүгө, диск кармагычты карматууга ж. б. көп майда жумуштарды аткарууга керектелүүчү аспап.

ЩИПЦЫ́ КЛЮВОВИ́ДНЫЕ — куш тумшук кыпчуур. Жасалма коронкалар кененирээк болуп калса, алардын кырын бүгүү үчүн колдонулуучу, формасы куштун тумшугундай аспап.

ЩИПЦЫ́ ЭКСТРАКЦИО́ННЫЕ — тиштерди жулуу, сууруу кычкачы. Тиштерди жулуу операциясына арналган атайын аспап. Кычкачтын аткара турган жумушуна карай бир нече түрлөрү бар: маңдайкы үстүңкү жана астыңкы тиштер үчүн, жогорку жана ылдыйкы азуу тиштер үчүн, акыл азуулар үчүн дагы бир башка. Кычкачтын жардамы менен адамды көп кыйнабай тиштерди оңой гана жулуп алса болот. Көлөмү боюнча алар жаш балдарга өзүнчө, чоң адамдарга өзүнчө чыгарылат.

Э

ЭВАКУА́ЦИЯ — чыгаруу, сордуруу. Денеде пайда болгон суюктукту сордуруу, көңдөйдөн чириктерди чыгаруу. Пародонтоз болгондо тиштин бүйлөсүндө пайда болгон ириңдерди чыгарып тазалоо.

ЭВИКРО́Л — эвикрол. Тиштердеги кариестин натыйжасында пайда болгон көңдөйлөрдү кыттоо үчүн керектелүүчү күкүм жана суюктуктан турган композиттик материал. Чехияда чыгарылат.

ЭГМА́СС-12 — эгмасс-12. Жумшак пластмасса. Мушкерлердин тиштерин, жаак сөөгүн сындырбоо үчүн шакшак жасалат, кийме протез жасалганда былжыр кабыкча жука болгондуктан, протезди кийгенде ооруса, протезге төшөнчү катары экинчи кабат кылып коюлат.

ЭЗОФАГОТОМИ́Я — кызыл өңгөчтү кесип коюу. Карындын булчуңунун кыймылдоосун, секрециясын ж. б. ишин изилдөөдө колдонулуучу ыкма. Жуткан тамак карынга жетпей кызыл өңгөчтөн түшүп калат. Мындай эксперимент

физиологияда академик И. П. Павлов, стоматологияда профессор И. С. Рубинов тарабынан жүргүзүлгөн.

ЭКВА́ТОР ЗУ́БА — тиштин экватору. Тиштин коронка бөлүгүнүн эң эле чыгып турган дөңүрөөк жери. Тишке каптама жасаганда экватор жасалбаса, тамакты тиштегенде ал тиштин бүйлөсүн сүрүп, жырып гингивит оорусуна алып келет.

ЭКЗАБА́ЙТ — экзабайт. Асыл металлдардын куймасын даярдоого арналган масса. 15 мүнөттө катат, 1 сааттан кийин ысытып баштаса болот. Куюлган нерсе бардык жагынан жогорку тактыкта чыгат.

ЭКЗАРТИКУЛЯ́ЦИЯ — экзартикуляция. Муунду ажыратуу.

ЭКЗОПРОТЕ́ЗЫ, ЭКТОПРОТЕ́ЗЫ — Экзопротездер, эктопротездер. Беттин жасалма бөлүктөрү – мурун, кулактын калканы, уурт, ээкти жумшак жана катуу пластмассадан калыптандыруучу протездер. Экзопротездер адамдын сырткы көрүнүшүн оңдойт, сүйлөгөнү оңолот, алар психологиялык-эмоциялык эффектке ээ.

ЭКЗОСТО́З — зкзостоз. Астыңкы жаактын кичи азуусунун тил жагында сөөктөн дөмпөйүп, кээде шиштей болуп чыгып турган сөөк. Оозго кийме тиш протезин жасаганда экзостозду протез менен басып оорутпоо үчүн протезде экзостоздун көлөмүндөй чуңкур жасоо керек. Ошондо сөөктүн ушундай дөңчөсүндө былжыр кабыкчанын астындагы катмары жок болгондугуна байланыштуу тамак жегенде протез дөмпөкчөгө такалбайт, оорутпайт. Антпесе протезди кийгенде ошол жерлерге протездин негизи такалып оорутат, жоорутат.

ЭКСКАВА́ТОР — экскаватор. Терапиялык стоматологияда тиштин көңдөйүндөгү чирик ткандарды жана тиштин ташын алуу үчүн аспап.

ЭКСКАВА́ЦИЯ — экскавация. Дененин бир жерине же бөлүгүнө чуңкур жасоо. Тиш экскаватору менен тиштин көңдөйүндөгү чирик ткандарды, тамактын калдыктарын тазалоо. Кыт же башка бир дарыны коюш үчүн ылайыктуу чуңкур жасоо.

ЭКСКОРИА́ЦИЯ — экскориация. Тырмангандан кийин териде калган так; ооз көңдөйүнүн былжыр кабыкчасынын бетинде калган сүрүлүүнүн тагы.

ЭКСПЛО́ЛЕРЫ ИЛИ ЗОНДЫ́ — эксплолерлер же зонддор. Тиштин бетиндеги таштарды, тиштин жана кыттын кемтиктерин изилдегенде колдонулуучу учталган учу бир аз бүгүлгөн аспап.

ЭКСПУ́ЛЬСИЯ — экспульсия. Имплантатты түртүп чыгаруу.

ЭКССУДА́Т — экссудат. Кан жана лимфа тамырларынын капталы сезгенген, жанчылган убакта сызылып чыккан суюктук. Экссудаттар кандуу (геморрагический), ириңдүү (гнойный), фибриндүү (фибринозный), сары суулуу (серозный) болуп бөлүнөт.

ЭКСТИРПА́ЦИЯ — экстирпация. Органды бүтүн бойдон хирургиялык жол менен кесип алып таштоо. Мисалы, тиштин коронкасындагы жана тамырындагы өзөктү аспап менен толук алып таштоо же тишти толук жулуп салуу.

ЭКСТРА́КЦИЯ ЗУ́БА — тишти жулуу. Тиштер жарабай калганда, жансыздандыруучу дарыларды сайып, тишти же тиштин тамырын хирургиялык жол менен жулуп салуу. Бул үчүн атайын ыкталган кычкачтар колдонулат.

ЭКСФОЛИАТИ́ВНЫЙ ХЕЙЛИ́Т — эксфолиативдүү хейлит. Кызыл эриндин ооруп, түлөшү менен мүнөздөлөт. Себеби нерв системасынын кызматынын бузулушунда. Хейлиттин эки түрү бар: кургак жана суулуу. Бул оору менен көбүнчө аялдар 20 жаштан кийин ооруйт.

ЭКХИМО́З — экхимоз. Кан тамырлардын ооруга чалдыгышына байланыштуу териде жана былжырлуу кабыкчада канталаган жерлердин пайда болушу. Экхимоздун үстүнөн басканда кандуу так кетпейт. Канталоонун убактысына жараша өңү алды менен кызыл анан кызыл-көк, жашыл-сары түскө өтөт.

ЭЛАДЕ́НТ-100 — эладент-100. Күкүмдөн жана суюктуктан турган өтө ийкемдүү, шилекейге туруктуу, базистин пластмассасына жабышкактыгы жакшы пластмасса. Күкүмү винилхлорид менен бутилакрилаттын аралашмасы, ылайлоочу титандын кош кычкылынан туруп, пигмент менен боёлгон. Суюктугу — диоктифтолат.

ЭЛА́СТИК — эластик. Альгинат тобуна кирген калып алуу үчүн чыгарылган ийкемдүү масса. Күкүмдү сууга аралаштырып, ботко кылып, ченкепке салып, оозго коюп, масса каткандан кийин алып, гипстин боткосун калыпка куюп, модель алынат. Ушул сыяктуу массалар азыр өтө көп. Чехияда чыгарылат.

ЭЛАСТИ́ЧНОСТЬ — серпилмелүүлүк, ийкемдүүлүк. Тышкы күчтүн таасиринде формасын өзгөртүп, тышкы таасир алынгандан кийин мурунку формасына кайра келүүчүлүк.

ЭЛАСТИ́ЧНЫЕ СЛЕ́ПОЧНЫЕ МАТЕРИА́ЛЫ — калып алынуучу ийкемдүү материалдар. Бул чоң топко альгинаттуу, силикондуу жана тиоколдуу материалдар кирет. Бул калып алынуучу материалдар «синтетикалык эластомерлер» деп аталат.

ЭЛА́СТОПЛАСТ — эластопласт. Хлорвинилсополимердин негизинде бутилакрил кошуп алынган ийкемдүү, жумшак пластмасса. Мушкерлердин тиштерин, жаак сөөгүн сакташ үчүн каптама (каппа) жасашат. Күкүмдөн жана суюктуктан турат.

ЭЛЕВА́ТОР — элеватор. Тиштерди же анын тамырын чукуп, козголтуп, көтөрүп жулууга арналган хирургиялык аспап. Колдонуусуна жараша тик, бурчтуу жана найза сыяктуу (Леклюз элеватору) болуп бөлүнөт.

ЭЛЕКТРОВОЗБУДИ́МОСТЬ ПУ́ЛЬПЫ ЗУ́БА — тиштин өзөгүнүн электр сезгичтиги. Тиштин нерви бар же жок экендигин билүү үчүн электр тогун колдонушат. Мында микроамперметрдин жардамы менен тиштин нервинин электр тогуна болгон сезимталдыгын аныктоого болот. Өзөктүн сезгичтиги пародонтоз менен ооруганда жогору болсо, кариес менен ооруганда төмөндөй баштап, өзөк чирип кеткенде электр тогуна сезгичтиги таптаза жок болуп калат. Соо тиштин электр тогуна сезгичтиги 3–6 мкА ге барабар болот.

ЭЛЕКТРОМИОГРА́ФИЯ — электромиография. Булчуң эттердин электрофизиологиялык термелүүсүн аныктоо мак-

сатында биопотенциалын жазуу. Булчуң эттин соо же оорукчал абалын жана ортодонтияда кайсы булчуң кандай электрофизиологиялык активдүүлүк менен иштеп жатканын билүү үчүн колдонулуучу ыкма.

ЭЛЕКТРООБЕЗБО́ЛИВАНИЕ — электр аркылуу оорутпоо. Тиштин каптамаларын жасоо үчүн, кыттоо мезгилинде тиштерди өгөгөндө, тиш пульпит менен ооруганда анын көңдөйүн ачууда колдонулат. Мында токту дене аркылуу ЭЛОЗ-1 аппаратынын жардамы менен өткөрөт.

ЭЛЕКТРОСО́Н — электр менен уктатуу. Борбордук нерв системасына туруктуу электр тогунун төмөнкү жыштыктагы кубатсыз күчү менен таасир берип уктатып дарылоо ыкмасы. Невроз, кан басымынын өзгөрүп турушун калыптандыруу үчүн, ошондой эле стомалгия, глоссалгия ооруларын дарылоодо белгилүү натыйжа берет.

ЭЛЕКТРОФОРЕ́З — электрофорез. Гальваникалык ток күчү менен иондолгон дарыны дарылоочу жерге жеткирүү. Тиш жана тиштин этине электрофорез жасоо – физиотерапиялык ыкмалардын ичинен жакшы натыйжа берүүчү ыкма.

ЭЛЕКТРОХИМИ́ЧЕСКИЕ НАРУШЕ́НИЯ В ПОЛО́СТИ РТА — ооз ичиндеги электр-химиялык бузулуулар. Ооз ичинде ар кандай металлдардын кошулмасы болсо (алтын, дат баспоочу болот, амальгама, күмүш ширетмеси, күмүш-палладий куймасы, платина, нитрид-титан каптамасы ж. б.), оoздун былжыр кабыкчасында ысуу, кызуу, чымчуу, даам сезүүнүн өзгөрүлүшү, электр тогу жүрүп кеткендей сезим пайда болуу, алюминий кашык менен тамак ичкенде көздөн от чагылып кетүү болот. Ашказаны, ичегилери, боору оорукчал адамдарга тез билинет.

ЭЛЬБРЕ́ХТА КЛАССИФИКА́ЦИЯ АЛЬВЕОЛЯ́РНЫХ ОТРО́СТКОВ ГРЕ́БНЕЙ ПРИ НЕОГРАНИЧЕ́ННЫХ ДЕФЕ́КТАХ ЗУБНО́ГО РЯ́ДА — тиштердин катарында чектелбеген кемтик болгондо альвеолалык өсүктүн кырынын Эльбрехт классификациясы. Автор альвелоанын кырын төрт түргө бөлгөн: биринчисинде кыр бир аз гана жоюлуп, бети тегиз болот, экинчисинде жоюлуу ары жагында (дис-

тально) көп болот, үчүнчүсүндө жоюлуу бери жагында (медиально) көп болот, төртүнчүсүндө альвелалык өсүк көп жоюлуп, борбору чуңкур болот.

ЭЛЬЦЕБО́НД CCV — эльцебонд CCV. Алынбоочу протездерди каптоо үчүн композициялык материал. Нур энергиясы менен полимерленет. Германиянын «Шульц-Дентал» фирмасы чыгарат.

ЭМА́ЛЬ — эмаль. Организмдеги эң катуу сөөк болуп эсептелет. Катуулугу жагынан кварц менен апатиттин аралыгында, дат баспоочу болоттон катуу. Тиштин коронкасын сыртынан каптап, тышкы дүүлүктүргүчтөрдөн сактайт. Курамы 4% органикалык заттардан, 94% органикалык эмес заттардан жана 2% башка туздардан турат.

ЭМБОЛИ́Я ВОЗДУ́ШНАЯ — аба эмболиясы. Көк тамыр жарааттанганда, аба кан тамырдын жолун тосуп калып кан жүрбөй калат. Бул адамга кан же башка дарыны шприц же система аркылуу куйганда же тишти жулуу үчүн лидокаин же башка анестетик менен жансыздандырганда аба тамырга кирип кетүүсүнөн болот.

ЭМФИЗЕ́МА ЛИЦА́ И О́РГАНОВ ПО́ЛОСТИ РТА — ооздун жана беттин шишиши. Бет жана ооз көңдөйүнө абанын кирип кетиши шприц аркылуу болот. Кээ бир убакта жулунган тиштин ордунан жана гаймор көңдөйүнүн жарааттануусунда аба кирип, оору күчөп кетет.

ЭНДОДЕ́НТ — эндодент. Тиштин тамырынын каналдарын толтуруп, кыттоочу материал. Курамында эпоксид чайыры жана суу жуктурбай турган касиетке ээ катыргычтар жана толтургучтар (рентген сүрөтүндө көрүнүүчү барий сульфаты) болот.

ЭНДОДО́НТИЯ — эндодонтия. Тиштин өзөгү менен периодонттун ооруларын дарылоо жолу. Тиштин тамырынын каналын сапаттуу жана зыянсыз дарылоо материалдарын изилдөө, каналды тазалай турган жана кыттай турган аспаптарды ойлоп табуу, күндөлүк иштелип келе жаткан ыкмаларды жакшыртуу боюнча изилдөө жүргүзүүчү стоматологиянын бөлүмү.

ЭНДОПРОТЕ́ЗЫ — эндопротездер. Беттин келбетин оңдоо үчүн булчуңдун, теринин астына коюлуучу жумшак пластмассадан же башка материалдан жасалуучу протездер. Эндопротез түшүнүгүнө жасалма көз да кирет.

ЭОДЕ́НТ — эодент. Тиштин тамырындагы каналды кыттоо үчүн колдонулуучу паста.

ЭПИДЕРМО́ИД ВРОЖДЁННЫЙ (ПУЗЫРЧА́ТКА ВРОЖДЁННАЯ) — тубаса эпидермоид (тубаса ыйлаакча). Зат алмашуу жана тамак сиңирүү процесстеринин бузулушунун натыйжасында пайда боло турган териде жана былжырлуу кабыкчада болуучу оору. Бөртүк жарылгандан кийин орду таксыз айыгат, ал эми колдун тырмагы күңүрт тартып калат. Оору баланын жыныс мүчөсү жетиле баштаганда кайтат.

ЭПИ́КРИЗ — туюндурма. Оорунун себеби, түрү, дарылоо ыгы жана эмне менен аяктагандыгы тууралуу оорунун тарыхына жазыла турган дарыгердин акыркы ой-пикири.

ЭПИТЕЛИА́ЛЬНЫЙ СЛОЙ — эпителий кабаты. Терини, безди жана ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчаны каптап турган катмар. Эпителий клеткалары түлөп түшүп тургандыктан, дайыма жаңырып турат. Айрыкча мындай көрүнүштөр таңдай, тил, тиштин этинде анык билинип турат.

ЭПИТЕЛИЗА́ЦИЯ — эпителийлешүү. Ооз ичиндеги былжырлуу кабыкчанын же теринин жараатталган бетинде эпителий кабаты пайда болуп, айыга башташы.

ЭПОКСИ́ДНЫЕ ПЛОМБИРО́ВОЧНЫЕ СОСТА́ВЫ — эпоксиддүү кыттоочу кошундулар. Алар чайырлардан, катыруучу суюктуктан жана толуктоочулардан (фарфор уну, силикатцементтин күкүмү) турат. Бул кошундулар жакшы кыт болот жана коронка, көпүрөчө протездерди бекитүүгө болот.

Э́ПУЛИС — эпулис. Бүйлөнүн шишик оорусу. Табияты боюнча ар түрдүү процесстерден туат. Мисалы, фибромага же бириктирүүчү ткандардын сезгенүүсүнөн пайда болгон шишикке окшош.

ЭРГОНО́МИКА В СТОМАТОЛО́ГИИ — стоматологиядагы эргономика. Анын мааниси зор. Адистин эмгек абалын

жакшыртуу максатында адамдын функциялык мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөчү илим. Эмгек өндүрүмдүүлүн арттырып, дарыгердин жумушка деген аракетин жогорулатуу, ден соолугун сактоо – ушул илимдин бирден-бир милдети.

ЭРИТЕ́МА — кызаруу. Териде жана былжырлуу кабыкчада байкалуучу бир жердин кан тамырлары жарылгандан келип чыккан кызарыңкы тарткан жер. Көлөмү 1,5 см ден чоң болсо эритема, ал эми кичине болсо Розеола деп атайт. Эритемага күйүк, кызамык, скарлатина жана башка ооруулардагы ооз көңдөйүндө кездешүүчү кызыл тактар кирет.

ЭРИТЕ́МА МНОГОФО́РМНАЯ ЭКССУДАТИ́ВНАЯ — көп түрдүү суулуу кызаруу. Бул негизинен инфекциялык аллергиялык ооруга кирет. Кээ бир кишилерде жаз, күз мезгилинде кайталанып турат, ооз көңдөйүнүн 65% жараатланып кетет. Оору күчөгөндө териде жана ооз ичинде ар түрдүү элементтер – тактар, кызаруулар, ыйлаакчалар, жаралар, кабырчыктап түлөөлөр, ууртта бат-бат канаган жаралар пайда болот, алардын сырткы бети кызыл-күрөң болуп карттанып кабырчыктанат.

ЭРО́ЗИЯ ЭМА́ЛИ — эмалдын эрозиясы. Тиштин эмаль катмарынын механикалык сүрүлүүнүн натыйжасында тышкы дүүлүктүргүчтөргө болгон сезгичтиги. Көбүнчө тиштердин көбү түшүп калганда жасалган кийме тиш протезиндеги зым илмек эмалдын бетине келсе бир топ убакыт өткөндөн кийин эмалдын сезгичтиги пайда болот. Ошондуктан жаштарга кийме тиш протездерин жасаганда илмек койгон тиштерге алды менен жасалма коронка коюп анан протездин илмеги коюлат. Эмалдын эрозиясы тиштердин патологиялык жешилүүсүндө да болот. Эрозия илмектен болгондо ал тиштин капталында жайланышат, ал эми патологиялык жоюлууда тиштердин кесүү, чайноо бетинде болот.

ЭСТЕДЕ́НТ — эстедент. Харьковдогу медициналык полимерлер жана стоматологиялык материалдар заводунан чыгуучу сүрүлүүгө бек пластмасса. Ушул пластмассадан кийме тиш протездерине жасалма тиш жасашат. Ал сүрүлүүгө чыдамдуу болушу менен бирге өз тиштерге окшоп жаркыл-

дап турат. Себеби анын химиялык негизин фторлуу сополимер менен полиметилметакрилаттын жалгашылган аралашмасы түзөт. Эстедент-02 улгайгандар үчүн жана Эстедент-Д балдар үчүн чыгарылат.

ЭТАКРИ́Л — этакрил. Тиштердин бардыгы же көбүрөгү түшкөндө кийме тиштин негизин этакрил пластмассасынан жасайт. Ошондой эле ортодонтиялык жана бет-жаак аппараттарын жасаганда керектелинет. Курамы күкүм жана суюктуктан турат. Күкүмдүн курамында полиметилметакрилат, суюктугунда акрил мономери бар.

ЭТЕ́СТ — этест. Аспаптарды стерилдөөдө автоклавка коюп стерилдөө цикли туура экендигин текшерүүчү аспап. АКШда чыгарылат.

ЭФФЕКТИ́ВНОСТЬ ЖЕВА́НИЯ — чайноонун натыйжалуулугу. Чайноо аппаратынын иштөөсүнүн баалуулугунун көрсөткүчү. Чайноонун натыйжалуулугун белгилүү убакта канча тамак чайнала тургандыгына карата билсе болот. Аны статикалык жана функциялык жол менен аныктайт. Статикалыкты Габер, Агапов, Оксман, Курляндский, Вустров, Мамлок, Дюшанз, Пиккереиль ал эми, функциялыкты Христенсен, Гельман, Рубинов сунуш кылышкан

ЭФФЕКТИ́ВНОСТЬ ПРОТЕЗИ́РОВАНИЯ — тиш салуунун эффективдүүлүгү. Эффективдүүлүк пациенттин сөзүнөн билинет, жасалма тиштин жарашыгы, жаакта жакшы кармалып, тамакты чайнашы жана тилдин, жаак булчуңдарынын чарчабай иштеши менен аныкталат.

Э́ЧИНГ-ПЕ́ЛЛЕТС — эчинг-пеллетс. Кебезден тоголоктолуп, цилиндр өңдүү жасалган, стерилденген оромолор. Алар кичине, орто жана чоң болот. Германияда чыгарылат.

ЭХООСТЕОМЕ́ТРИЯ — эхоостеометрия. Астыңкы жаактын сөөгүнүн тыгыздыгын аныктоочу ыкма. Стоматологияда ЭОМ-ОЦ эхоостеометри колдонулат. Ыкма жаак сөөгү сынганда, пародонтитте, кулгуна оорусунда жаак сөөгүнүн абалын билүүгө жана дарылоо мезгилинде сөөктүн айыгуу процессинин кандай өтүп жатканын көзөмөлдөп турууга мүмкүндүк берет.

Ю

Ю́ИНГА САРКО́МА — Юинг саркомасы. Көбүнчө жаш балдарда жана өспүрүмдөрдө кезигүүчү, бириктирүүчү ткандардан өсүп чыккан өтө коркунучтуу шишик. Көрүнгөн сырткы шишиктен, сөөктүн жооноюшунан бөлөк, шишик ооздун ичине өтүп, тиштерди бошотуп, кыймылдатып, ооздун ичине жаралар чыгат. Кээде шишик тиштин себебинен болгон кулгунанын белгиси болот.

Ю́ПИТЦА ЦИ́РКУЛЬ — Юпитц циркулу. Беттеги белгилүү бир аралыкты чоң жана кичине бөлүктөргө бөлүү үчүн Юпитц сунуш кылган үч буттуу циркуль. Тиштери жок адамдарга кийме тиш протезин жасаганда беттин ылдыйкы бөлүгүн туура табуу үчүн колдонулат. Ал үчүн адам оозун чоң ачат, циркулдун бир бутун ээкке коёт, экинчи четки бутун мурундун учуна коёт, ошондо ортоңку буту жогорку эринге тийип калат. Анан оозду жаптырып, ортоңку бутун мурундун учуна келтиргенде, беттин ылдыйкы бийиктиги аныкталат. Акыркы бийиктик прикус бийиктиги деп аталат. Бул ыкма антропометриялык деп аталат, мында каталыктар көп кездешет.

Я

Я́ЗВА — күлапса. Ооз көңдөйүндөгү былжырлуу кабыкчанын эпителий (эң жогорку) катмарынан башталып, тереңдеп, булчуң эттерге чейин жете турган патологиялык процесс. Жара экинчи морфологиялык процесс, анын түбү, капталы, кыры болот.

Я́ЗВА ДЕКУБИТА́ЛЬНАЯ — декубиталдык жара. Туура эмес жасалган тиш протезинин кырларынын сүрүүсүнөн, кыпчуусунан, курч кырдуу тиштерден, кыттардан пайда болгон оюк жара.

Я́ЗВА ТРОФИ́ЧЕСКАЯ — азыктануунун начарлануусунан боло турган жара. Көбүнчө жүрөк, кан тамыр оорулары

менен коштолот. Жаранын кыры тегиз болбойт, түбүн ак-сур келген чириги бар тактар басат. Жара ооз көңдөйүнүн бардык жерине жайылуусу мүмкүн.

Я́ЗВА ТУБЕРКУЛЁЗНАЯ — кургак учук жарасы. Ооз көңдөйүнүн, мурундун, көтөн чучуктун, сырткы жыныс органдарынын былжырлуу кабыкчаларында жана аларга жакын жайланышкан териде кызыл түстөгү, көп майда түйүндөр пайда болот. Ошол түйүндөрдүн жарылып биригип, канап турган жарага өтүшү жаранын кырында Трел чекиттеринин пайда болушу менен мүнөздөлөт.

ЯЗЫ́К — тил. Даам билүүчү орган, чайноо жана сүйлөө кызматына да катышат. Чайнаганда тамакты оң жакка жана сол жакка аралаштырып турат.

ЯЗЫ́К ДЕСКВАМАТИ́ВНЫЙ — түлөгөн тил. Тилдин сырткы кабатынын жипке окшоп күбүлүп түшүшү. Тилдин ооруган жери кызарып, ар кандай тактардын болушу менен соо жеринен айырмаланып турат. Ошондуктан мындай тилди «географиялык» деп айтышат.

ЯЗЫ́К ПЕНИЦИЛЛИ́НОВЫЙ — пенициллиндин таасиринен болгон тил оорусу. Бул оору пенициллинди көп кабылдагандан болот. Канталап кызарган тилдин бети жалтырак келет. Тил дайыма ысып, кызып туруусу менен өзгөчөлөнөт.

ЯЗЫ́К ПРИ УРЕМИ́И — уремиядагы тил. Ооз, тил кургайт, тилдин бети кызарып тактар пайда болот, тилдин капталы шишийт. Оору күчөгөндө жаралар пайда болот.

ЯЗЫ́К СКЛА́ДЧАТЫЙ — катмарлуу тил. Тилди караганда терең катмарлар көрүнөт, ал адамдын тынчын албагандыктан, ага көп көңүл бурушпайт.

ЯЗЫК ЧЁРНЫЙ — кара тил. Ушул убакытка чейин себеби белгисиз, өтө сейрек кездешүүчү оору. Тилдин үстүндө жипке окшош кара түктөр пайда болот, ал узарып, жооноёт. Өңү кара-күрөң болуп сыртынан караганда «чачка» окшоп кетет.

ЯЗЫКОЗАЩИ́ТНИК — тилди коргогуч. Астыңкы жаактын чоң жана кичи азууларын жасалма коронка салуу үчүн

өгөгөндө тилди коргоп, кесип кетүүдөн сактап туруучу күрөккө окшош аспап.

Я́НСОНА БИОНА́ТОР — Янсондун бионатору. Бул ортодонтиялык аппарат астыңкы жаактын артта калуусунда (дистальный прикус) жана жаактын маңдайкы тиштеринин алдыга карап (протрузия) калуусунда колдонулат. Аппараттын максаты – эрин менен уурттун, тиштердин ортосунда туруп калбасы жана эриндердин кымтылып турушу үчүн астыңкы жаактын өсүшүн өрчүтүү, үстүңкү жаактын өсүшүн токтотуу.

ЯТРОГЕ́НИЯ — ятрогения. Врачтын туура эмес мамилесинен, сөзүнөн пациенттин көп ойлонуп, психикасынын өзгөрүлүп, кайгы тартуусу.

ЯЧЕ́ЙКА ЗУ́БА — тиштин уясы. Жаактын кырындагы тиштердин орду. Тиштин тамыры менен жаак сөөгүн бириктирүүчү ткандан турган байламталар бириктирип турат жана тишке түшкөн басымдын күчүн азайтат.

ЯЩУ́Р — шарп. Эпидемиялык оозул. Ооруган малдын (ири мүйүздүү мал, төө, чочко) сүтүндөгү, шилекейиндеги вирус адамга жугуп, оорунун башталышына себеп болот. Ооруганда башы ооруп дене ысыйт. Ооз көңдөйүндө алды менен тактар пайда болот, анан алардын ордуна ыйлаакчалар чыгат, ыйлаакчалар жарылып, жарага айланат.

МАЗМУНУ

А

Абдукция	4
Абразивные инструменты	4
Абразивные материалы	4
Абразивный хейлит Манганотти	4
Абразия	4
Абсолютная сила жевательных мышц	4
Абсорбция	5
Абсцесс	5
Авитаминоз	5
Авиценна	5
Автоклав	6
Аггравация	6
Агевзия	6
Аглоссия	6
Агнатия	6
Агранулоцитоз	6
Адамантинома	6
Адамантома	6
Адаптация	6
Адаптация к съемному пластиночному протезу	6
Адгезия	6
Адгезионный мостовидный протез	7
Адгезор	7
Адгезор карбофине	7
Аддукция	8
Аденоиды	8
Аденокарцинома	8
Аденома	8
Аденофлегмона	8
Адентия	8
Адреналин	8
Аквамерон	8
Аква-сем	8
Аккумикс и аккуфлекс	9
Аккумуляция	9

Акрел	9
Акрилаты	9
Акриловые стоматиты	9
Акрилоксид	9
Акродент	10
Акродент-2	10
Акромегалия	10
Акронил	10
Акрон М Си	10
Акро-сеп	10
Акр П	11
Активатор Вундерера	11
Активатор Хофмана	11
Активаторы Андрезена-Гойпля	11
Актиномикоз	11
Аллергический стоматит	11
Аллергия	11
Алокс	12
Алоэ	12
Алустрал	12
Альвеола зуба	12
Альвеолит	12
Альвеолотомия	12
Альвеолэктомия	12
Альвеолярная дуга	12
Альвеолярная пиоррея	13
Альвеолярный отросток челюстей	13
Альгидур	13
Альгинатные слепочные материалы	13
Альтерация	14
Альфакост 2	14
Амальгама	14
Амальгама медная	14
Амальгама серебряная	14
Амортизаторы	14
Амоцид	14
Ампутация верхушки корня зуба	14
Ампутация пульпы	14
Анальгин	14

Анамнез 15
Анастомоз 15
Анатомические образования нижней трети лица 15
Анатомический метод определения высоты прикуса беззубых челюстей в положении центральной окклюзии 15
Анатомо-физиологический метод определения высоты прикуса беззубых челюстей в положении центральной окклюзии 15
Анатомо-функциональный метод определения высоты прикуса беззубых челюстей в положении центральной окклюзии 16
Анафилаксия 16
Анафилактический шок 16
Ангина 16
Анестезин 16
Анестезия 17
Анкилоз 17
Анкилоз височно-нижнечелюстного сустава 17
Аномалия 17
Аномалия прикуса 17
Антиверсия 17
Антидот 18
Антимикробные агенты 18
Антисептики 18
Антиоксиданты 18
Антропометрические ориентиры 18
Антропометрический метод определение высоты прикуса беззубых челюстей в положении центральной окклюзии 19
Апекс 19
Аплазия 19
Аппарат ГР-2 (Гальванизатор ротовой) 19
Аппарат д'Арсиссака 19
Аппарат Бойслера и Шредера 19
Аппарат Джонсона 20
Аппарат ДКС-2М (Диатермокоагулятор стоматологический) 20
Аппарат Ларина 20

Аппарат литейный	20
АппаратЛуч-2	20
Аппарат Лури	20
Аппарат Мершона	20
Аппарат наркозный	20
Аппарат Оксмана	21
Аппарат Петросова	21
Аппарат рентгеновский	21
Аппарат рентгеновский дентальный	21
Аппарат рентгеновский дентальный панорамный	21
Аппарат репонирующий А. Я. Катца	21
Аппарат репонирующий В. Ю. Курляндского	21
Аппарат ретенционный	21
Аппарат В. В. Рудько	21
Аппарат Самсона	21
Аппарат «Ультразвук»	22
Аппарат функциональный Буни	22
Аппарат Ходорович-Бургонской	22
Аппарат Хорошилкиной	22
Аппарат Хургиной	22
Аппарат Эйнсворта	22
Аппарат ЭЛОЗ-1	22
Аппарат Энгля	22
Аппараты замещающие	23
Аппараты исправляющие	23
Аппараты комбинированные	23
Аппараты механического принципа действия	23
Аппараты направляющие	23
Аппараты ортодонтические	23
Аппараты ортодонтические пластиночные съёмные	23
Аппараты разобщающие	24
Аппараты фиксирующие	24
Аппараты формирующие	24
Аппараты функционального принципа действия	24
Аппараты ЭОМ-3 (электроодонтометр), ЭОД (электроодонто-диагностика)	24
Аппликация	24
Аргил	24

Арома файн	24
Артикулятор	24
Артикуляционная бумага	25
Артикуляционная пятерка Ганау	25
Артикуляция зубов	25
Артикуляция челюсти	26
Артральгия	26
Артрит височно-челюстного сустава	26
Артроз височно-челюстного сустава	26
Артропатия	26
Асептика	26
Ассиметрия лица	26
Асфиксия	27
Аттачмен	27
Аттачмен Рооха	27
Атерома	27
Атропин	27
Атрофия	27
Аурит	27
Аутогемотерапия	27
Афония	28
Афта	28
Аффинаж	28
АХД 2000 — специаль и лизанин	28
АЦ-1 лак разделительный	28

Б

Баббиты	28
Базальная дуга	28
Базальная мембрана	28
Базис протеза	29
Базисы с прикусными валиками	29
Бакрил	29
Баллонирующая дегенерация	29
Балочное крепление протеза	29
Барлова болезнь	29
Бегодур	30
Бегостал	30

Беднара афты	30
Бейсик	30
Белагель О	30
Беладонт	30
Бернара токи (диадинатерапия)	30
Би краун моляр кит	30
Биокрон, биоплюс	31
Биопсия	31
Биостабил, Артиплюс	31
Биостимуляторы	31
Бипрогнатия	31
Бисико	31
Бифуркация	31
Боксил экстра	32
Болезнь	32
Болезнь Вакеза	32
Болезнь Верльгофа	32
Болезнь Боуэна	32
Болезнь Лайелла	32
Болезнь Леттера-Зиве	32
Болезнь Микулича	33
Болезнь Педжета	33
Болезнь слюннокаменная	33
Болезнь Танисона	33
Болезнь Таратынова	33
Болезнь Хенда-Шюллера-Крисчена	33
Боли гетеротопические	33
Болтающийся гребень	33
Боль	34
Бормашина	34
Бородавчатый предрак красной каймы губ	34
Борозда десневая	34
Брекет система	34
Бромштром и пестик	34
Бруксизм	34
Бруцеллёз	35
Бугорок	35
Бугорок альвеолярный	35
Бугорок суставной	35

Бура 35
Бутадион 35
Буферные зоны 35
Бюгель 36
Бюгельный протез 36
Бюгодент 36

В

Валюкс плюс 36
Ван стэп 36
Вариант 36
Васкулит геморрагический 37
Везикулярный стоматит 37
Вектрис 37
Венечный отросток 37
Вест джи 37
Вибробери 37
Вивоперл-пе 37
Вигален-30 38
Викарная функция 38
Викасол 38
Викопрес 38
Виниры 38
Виноксол 38
Винты ортодонтические 38
Вировест 38
Вирон 88 39
Височно-нижнечелюстной сустав 39
Висфат цемент 39
Вита акцент 39
Вита вакумат 39
Вита люмин вакуум 39
Витальная ампутация пульпы (пульпотомия) 40
Витальная экстирпация 40
Вита омега 900 40
Витадур 40
Витакрил 40
Витафтор 40

Витребонд 40
Вкладки 40
Вкус 41
Влияние разнородных сплавов металлов на слизистую оболочку полости рта 41
Водяной рак (нома) 41
Воколоид 41
Вокосепт 41
Вокотемп 42
Волдырь 42
Воск 42
Воспаление 42
Время затвердевания 42
Всасывание 42
Вторичная (привычная) центральная окклюзия 42
ВТ-100 43
Вывих височно-нижнечелюстного сустава 43
Вывих зуба 43
Выравнивающий протез
Высота относительного физиологического покоя 43
Высота прикуса 43
Вязкость 43
Вялое жевание 43

Г

Гайморит одонтогенный 44
Галлодент-М 44
Гальванизация 44
Гальванопластика 44
Гальваностегия 44
Гамма 44
Гангрена 44
Гастрит 44
Гексорал, элюдрил 44
Гелин 45
Гемангиома 45
Гематома 45
Гемигипертрофия 45

Гемисекция 45
Гемофилия 45
Гениопластика 45
Гепарин 45
Гербста метод 46
Геркулайт 46
Герметики 46
Герпес 46
Гигиена полости рта 46
Гидротерапия 46
Гильзы 46
Гингива ликвид 47
Гингивит 47
Гингивит гипертрофический 47
Гингивит катаральный 47
Гингивит язвенный 47
Гингивопластика 47
Гингивотомия 48
Гингивоэктомия 48
Гиперальгезия 48
Гипердонтия 48
Гиперэстезия твердых тканей зуба 48
Гиперкератоз красной каймы губ
ограниченный предраковый 48
Гиперкинез 48
Гиперостоз височно-нижнечелюстного сустава 49
Гиперплазия 49
Гиперсаливация 49
Гиперцементоз 49
Гипоксия 49
Гипоплазия эмали 49
Гипосаливация 49
Гипс медицинский 50
Гипсовочная комната 50
Гипсогал 50
Гипсол 50
Глабелла 50
Глазурь 50
Глас спан 50

Глейз 50
Глория специал 51
Глоссальгия или глоссодиния (стомалгия) 51
Глоссит 51
Глоссоптоз 51
Глотка 51
Глубокий прикус 51
Гнатодинамометр 51
Гнатостат 52
Гнатосхизис 52
Гнусавость 52
Гонококковый стоматит 52
Госсил, Силэп 52
Гранулема на верхушке корня 52
Грат 52
Гребень альвеолярный 52
Гребень альвеолярный болтающиеся 52
Грязелечение 53
Губа 53
Губа двойная 53
Губа заячья 53
Гуттаконденсор 53
Гуттаперчевые штифты 53

Д

Давление жевательное 53
Дайркет сем 53
Дарсонвализация 53
Девит-арс 54
Девитализация 54
Дегенерация 54
Дегувест софт, Дегувест Н10 54
Дегуфлекс 54
Дезинфекция 54
Дезодорация 54
Дезокклюзия 54
Декальцификация 54
Декомпенсация 54

Декубитальная язва 55
Демаркация 55
Деминерализация 55
Денс нобилис 55
Дента 55
Дентакол 55
Денталон плюс 55
Дентафикс 55
Дентафоль 56
Дентикль 56
Дентиметр, биндрат 56
Дентин 56
Дентин для повязок 56
Дентин паста 56
Дентипласт 56
Деонтология 57
Депурал 57
Дерипласт 57
Дерматоз 57
Десенсибилизация 57
Десквамация 57
Десна 57
Десна прикрепленная 57
Десна свободная 57
Дёсновая жидкость 58
Деструктивный процесс 58
Детазил 58
Детатрин 58
Дефекты зубных рядов 58
Дефекты коронок зубов 58
Дефекты нёба 58
Деформация 59
Джелтрейт, Джелтрейт плюс 59
Джексона кламмер 59
Диагноз 59
Диагностические модели 59
Диаграмма Хаулея-Гербста 59
Диалог 59
Диастема 59

Диатез геморрагический 59
Диатермия 59
Дивергенция 59
Диеты профилактические в стоматологии 60
Дизартрия 60
Дикаин 60
Диоксивисфат 60
Дисбактериозы 60
Дисбиоз, биоценоз, микробиоценоз 60
Диспансеризация 60
Дисплазия Капдепона 61
Дистопия 61
Дистрофия 61
Дисфункция височно-нижнечелюстного сустава 61
Дондерса пространство 61
Дрильборы 61
Дробители нагрузок 61
Дуга альвеолярная 61
Дуга базальная 61
Дуга зубная 62
Дупло 62
Дурогал 62

Ж

Жаберные дуги 62
Жаропонижающие средства 62
Жевание 62
Жевательное давление 62
Железы 63
Желобок десневой 63
Желудок 63

З

Заболеваемость 63
Заболевания нервов челюстно-лицевой области 63
Заболевания пародонта 63
Завеса резиновая 63

Загипсовка моделей в кювету	63
Заеда	65
Закалка	65
Законы Бонвиля	65
Законы (пятерка) Ганау	66
Защита препарированных зубов	66
Зерна Треля	66
Зетаплюс	66
Змент	66
Золото	66
Зонд	67
Зондирование	67
Зоны безопасности зубов	68
Зубная бляшка	68
Зубная имплантация	68
Зубная киста	68
Зубной камень	68
Зубной эликсир	68
Зубные капли	68
Зубные нити (флоссы)	68
Зубные протезы	69
Зубодесневой карман	69
Зубочистки	69
Зубы	69
Зубы боковые	69
Зубы Гетчинсона	69
Зубы диаторические	69
Зубы импактные	70
Зубы искусственные	70
Зубы комбинированные	70
Зубы мудрости	70
Зубы передние	70
Зубы пластмассовые	70
Зубы ретинированные	70
Зубы фарфоровые	70
Зубы штифтовые	71

И

Иваклар 71
Ивакрил 71
Иглотерапия 71
Идиопатический 71
Идиосинкразия 72
Измерение электрических потенциалов (или микротоков) в полости рта между металлами, металлами и другими участками тела 72
Изодент 72
Изолирующие материалы 72
Иммедиат протез 72
Иммобилизация 72
Иммунитет 73
Импетиго 73
Имплантат 73
Имплантация в ортопедической стоматологии 73
Импрегнация 73
Ингибитор 73
Индекс восстановленности коронки зуба (ИВКЗ) 73
Индекс гигиены Федорова и Володкиной 74
Индекс диастолический (ДС) 74
Индекс дикротический (ДИ) 75
Индекс папиллярно-маргинально-альвеолярный (РМА) 75
Индекс пародонтальный (РИ) 75
Индекс периферического сопротивления (ИПС) 76
Индекс Пона 76
Индекс разрушенности окклюзионной поверхности зуба (ИРОПЗ) 77
Индекс реографический (РИ) 77
Индекс состояния растяжимости сосудистой стенки в единицу времени (ИРЕС) 77
Индекс эластичности (ИЭ) 77
Индивидуальная ложка по Боянову 77
Инициаторы 77
Инклюзия зуба 77
Инородные тела 78
Инструменты для прохождения корневого канала 78

Инструменты для расширения корневого канала 78
Инструменты для расширения устья
корневого канала 78
Интактный 78
Интеграция костная 78
Интеграция фиброзная (фиброинтеграция) 78
Интоксикация одонтогенная 79
Интрадентально 79
Инцизион 79
Инфильтрат 79
Инфильтрация 79
Инфрадентале 79
Инфраокклюзия 79
Инъекция 79
Ионосцел 79
Иррадиация 79
Ирригация 80
Искусственные зубы 80
Исследования инструментальные и лабораторные 80
История болезни 80

К

Кайма красная 81
Калвелиса пластинка 81
Калсинол 81
Кальмецин 81
Кальцин-паста 81
Камень зубной 81
Камперовская плоскость, линия 81
Канал корня зуба 82
Кандидоз 82
Каналонаполнитель Lentulo 82
Кандидомикоз 82
Канинон 82
Канцерогенные вещества 82
Каолин 82
Каппы лечебные 82
Карат 82

Карбоко 83
Карбопласт, карбопласт-М 83
Карбункул лица 83
Кариес зуба 83
Кариес ретроградный 83
Кариес фиссурный 83
Кариес циркулярный 83
Кариесрезистентность 83
Кариосан 83
Каркас бюгельного протеза 83
Каркас мостовидного протеза 84
Карман пародонтальный 84
Катаральное воспаление 84
Кварц 84
Квинке отёк 84
Келлоид 84
Керамика 84
Керамика гидрооксиапатитная 84
Керамикор 85
Керамиксепаратор 85
Кератозы 85
Керомеры 85
Кетак-сем 85
Киста 85
Кистогранулёма 85
Кламмер 85
Кламмер Адамса 85
Кламмер Аккера 86
Кламмер Аккер-Роуча 86
Кламмер Бонвилля 86
Кламмер Джексона 86
Кламмер Кемени 86
Кламмер непрерывный 86
Кламмер Рейхельмана 86
Кламмер Роуча 86
Кламмеры опирающие 86
Кламмеры системы Ней 87
Клапан замыкающий 87
Классификация беззубой верхней челюсти А.И.Дойников 87

Классификация беззубой нижней челюсти Келлера 87
Классификация беззубых челюстей
В. Ю. Курляндского 87
Классификация беззубых челюстей И. М. Оксмана 88
Классификация беззубой верхней
челюсти Шрёдера 88
Классификация дефектов зубного
ряда У. А. Амираева 89
Классификация дефектов зубного
ряда А. И. Бетельмана 89
Классификация дефектов зубного
ряда Е. И. Гаврилова 90
Классификация дефектов зубного
ряда А. Л. Грозовского 90
Классификация дефектов зубного ряда Кеннеди 91
Классификация дефектов зубного
ряда Л. М. Перзашкевича 91
Классификация дефектов зубного
ряда В. А. Пономаревой 91
Классификация кариозных полостей зубов по Блеку 91
Классификация переломов верхней челюсти
по Ле Фору 92
Классификация переломов верхней
челюсти по В. Ю. Курляндскому 92
Классификация переломов нижней
челюсти по В. Ю. Курляндскому 92
Классификация переломов верхней
челюсти по И. Г. Лукомскому 92
Классификация переломов нижней
челюсти по Д. А. Энтину 93
Клиническая шейка 93
Клинический анализ крови 93
Клиновидный дефект 93
Клыки 93
Кобальтохромовые сплавы 93
Когезия 94
Кожный рог 94
Колпачки защитные 94
Коллапс 94

Кома	94
Комок пищевой	94
Компактоостеотомия	94
Компенсация	94
Композитные пломбировочные материалы	95
Компомеры	95
Компосайт	95
Коналор	95
Конвергенция	95
Конденсор	95
Кондилион	95
Конкремент	95
Консистенция	95
Консольный протез	95
Контакт межзубной	96
Контакт окклюзионный	96
Контакт окклюзионный преждевременный	96
Контаминация	96
Контрактура челюстей	96
Коплика-Филатова пятна	96
Корень зуба	96
Корка	96
Корневые штифты	96
Коронка зуба	96
Коронка искусственная	97
Коронкосниматель	97
Коронки телескопические	97
Коррекция окклюзии	97
Коррекция протеза	97
Коррентил	98
Коррозия	98
Крампон	98
Красная волчанка	98
Красный плоский лишай	98
Краудинг	98
Кремний	98
Крепитация	99
Крепление замковые	99
Кривые окклюзионные компенсационные Шпея, Уилсона	99

Криотерапия 99
Кровотечение из лунки 99
Ксеростомия 99
Культя 99
Культя искусственная 99
КУ-ПЛЦ 100
Купровент 100
Кутикула 100
Кювета 100
Кюрета 100
Кюретаж 100

Л

Лаборатория зуботехническая 100
Лазер 101
Лайф 101
Лак стоматологический покрывной 101
Лактодонт 101
Легирование 101
Легкоплавкие сплавы 101
Лейкоз 101
Лейкоплакия 102
Лечебная эффективность 102
Лечебные средства в ортопедической стоматологии 102
Лигатура 102
Лидаза 103
Лизис 103
Лизоцим 103
Ликвация 103
Лимфаденит 103
Лимфангоит 103
Линия «А» 103
Линия резцовая 103
Линия челюстно-подъязычная 104
Липома 104
Литейная комната 104
Литейный аппарат 104
Литьё 104

Лицо 104
Ложе имлантационное 104
Ложки слепочные (оттискные) 105
Лучевая болезнь 105
Люголя раствор 105
Люминесэнс 105
Люминофоры 106
Лябион 106

М

Мазок 106
Макроглоссия 106
Макродентия 106
Мамелон 106
Мандибулярный 106
Марганец 106
Маска лица 106
Массаж 107
Мастикациография 107
Материаловедение 107
Материаловедение стоматологическое 107
Материалы для дублирования гипсовых моделей челюстей 107
Материалы моделировочные 107
Материалы слепочные (оттискные) 108
Материалы стоматологические 108
Материалы формовочные 108
Мацерация 109
Медиальный 109
Межзубной 109
Меланома 109
Ментон 109
Метод Гербста 109
Метод Макари 109
Методика Хорошилкиной-Малыгина 109
Методы штамповки металлических искусственных коронок 110
Миалгия 110

Миастения 110
Микозы 110
Микрогения 110
Микроглоссия 110
Микрогнатия 110
Микродентия 110
Микрометр 110
Микростомия 110
Миксома челюсти 111
Миозит 111
Миорелаксация 111
Миотерапия 111
Модели вспомогательные 111
Модели диагностические 111
Модели контрольные 111
Модели огнеупорные 111
Модели рабочие или основные 112
Модельсепаратор 112
Модиолюс 112
Молочница 112
Молочные зубы 112
Молочный прикус 112
Монсона кривая 112
Мольдин 112
Моляры 112
Мостовидный протез 113
Мотивация к профилактике 113
Мумификация 113
Мышление клиническое 113
Мышцы жевательные 113
Мышцы мимические 113
Мышьяковистая паста 113
Мыщелковый отросток 114

Н

Наддесневик (эпулис) 114
Надкостница 114
Наждачная бумага 114
Назальный 114

Назион 114
Наклёп 114
Наковальня зуботехническая 114
Наконечник 114
Наклонная плоскость 115
Налёт зубной 115
Наполнители композитных материалов 115
Напыление 115
Наркозный аппарат 115
Нёбные слепые ямки 115
Невралгия 116
Неврит 116
Нейропатия тройничного нерва одонтогенная 116
Нейрофиброматоз (болезнь Реклингхаузена) 116
Некроз 116
Непереносимость к пластмассовым протезам 117
Неправильное глотание 117
Нержавеющая сталь 117
Нестираемость твердых тканей зубов 118
Несъёмный протез 118
Нёбо 118
Никель 118
Нобус ТМ 118
Нозологические единицы или формы 118
Нома 118
Норакрил-100 118

О

Обезболивание 119
Обжиг 119
Облитерация 119
Облой 119
Обморок 119
Оболочка слизистая твердого неба 120
Обследование зубов 120
Обтураторы 120
Одонтобласт 121
Одонтома 121
Одонтопародонтограмма 121

Ожоги 122
Озокеритолечение 122
Окалина 122
Окись цинка 122
Окклюдаторы 122
Окклюзиограмма 122
Окклюзионная высота нижней трети лица 123
Окклюзия 123
Оконтовка 123
Омнифлекс 123
Опалесценция 123
Оперативная обработка кариозной полости 123
Операция Цешинского-Видмана-Неймана 124
Определение высоты прикуса в положении центрального соотношения челюстей 124
Определение pH слюны 124
Опорные части мостовидного протеза 124
Опрос 124
Опухоль 124
Оральный 125
Орбитальная плоскость 125
Ормокеры 125
Ороговение 125
Ортогнатия 125
Ортодонтия 125
Ортодонтические аппараты 125
Ортокор 126
Ортопедия 126
Ортопедия челюстно-лицевая 126
Ортосил-М 126
Осмотр слизистой оболочки полости рта 127
Оссификация 127
Остеоартрит 127
Остеоартроз 127
Остеобласты 127
Остеодисплазия 127
Остеодистрофия 128
Остеокласт 128
Остеомиелит 128

Остеомиелит челюстей 128
Остеопороз 128
Остеосклероз 128
Остеотомия 128
Остеоэктомия 128
Остит 128
Острон 128
Ость подбородочная 128
Отбел 128
Отбеливание 129
Отёк 129
Отёк Квинке 129
Отжиг 129
Отморожение лица 129
Оттиск 129
Оценка качества и правильности
конструкций зубных протезов 129
Очаги инфекционные стоматогенные 130

П

Паковка 130
Паладон-65, Паладур, Палапрес 130
Паладур 130
Паллиативный 130
Пальпация 130
Папиллит 131
Папиллома 131
Папилломатоз 131
Папула 131
Параимпланит 131
Паракератоз 131
Паралич 131
Параллелометр 131
Парафункция жевательных мышц 131
Парез 132
Парестезия 132
Парниковый эффект 132
Пародонт 132

Пародонтит 132
Пародонтоз 132
Пародонтолиз 132
Парорексия 133
Паротит 133
Пассивация 133
Паста 133
Пациент 133
Паяние 133
Пелликула зубов 133
Пемфигус 133
Перебазировка протеза 133
Передняя окклюзия (сагиттальное движение нижней челюсти) 134
Перелом 134
Переломы зубов 134
Периапекальный 134
Периимпланит 135
Перикоронит 135
Периодонт 135
Периодонтит 135
Периостит 135
Перкуссия 136
Перорально 136
Перфорация 136
Петехии 136
Петрификация 136
Пигментация 136
Пинцет 136
Плаггер 136
Пластика уздечки языка 136
Пластинка накусочная 137
Пластинка с вестибулярной дугой 137
Пластинки нёбные литые 137
Пластиночные аппараты съёмные 137
Пластиночный съёмный протез 137
Пластическая операция 137
Пластичность 137

Пластификаторы 137
Пластмассовые зубы 137
Пластмассы стоматологические 138
Пластмассы термопластические 138
Пластмассы термореактивные 138
Платонова жидкость обезболивания 138
Пломба 138
Плоскости наклонные 138
Плоскость окклюзионная 139
Плоскость орбитальная 139
Плоскоклеточный рак 139
ПМ-01 139
Побочное действие протеза 139
Повреждение 139
Повторное протезирование 140
Повышенная стираемость зубов 140
Повязка 140
Погонион 140
Податливость слизистой оболочки протезного ложа 140
Податливость слизистой оболочки протезного ложа по Люнду 140
Податливость слизистой оболочки протезного ложа по Суппле 141
Подвижность зубов патологическая 141
Подвижнoть зубов физиологическая 141
Подвижность слизистой оболочки 141
Подвывих 142
Поднутрение 142
Подъязычное пространство 142
Позиционер 142
Показатель интенсивности поражения 142
Показатель тонуса сосудов — ПТС 142
Покой функциональный жевательных мышц 142
Поле окклюзионное 143
Поле протезное 143
Поливик 143
Поликонденсация 143
Полимеризация 143

Полимеризация пластмассы 143
Полимеризационная комната 144
Полимерные пломбировочные материалы некомпозитные 144
Полимеры 144
Полиморфизм 144
Полип 144
Полипласт 144
Полиприсоединение 144
Полисульфидные слепочные массы 144
Полиэфирные слепочные массы 145
Полировочная комната 145
Полоскание растворами фторидов 145
Полукоронка 145
Пониженная стираемость молочных зубов 145
Порошки зубные 145
Порошок для полировки протезов 146
Поскал 146
Постоянные зубы 146
Починка съёмного пластиночного протеза 146
Праща подбородочная 146
Предварительное лечение больного перед протезированием 146
Предрак красной губы, бородавчатый 147
Премедикация 147
Премоляры 147
Препарирование зубов 147
Претыл 147
Привыкание к протезам 147
Привычки детские вредные 148
Признак кривизны коронки 148
Признак кривизны корня 148
Признак положения корня 148
Признак угла коронки 148
Признаки центральной окклюзии 149
Прикус 149
Прикус глубокий 150
Прикус молочный 150
Прикус открытый 150

Прикус перекрёстный 150
Прикус постоянный 150
Прима 151
Припой для стали нержавеющей 151
Пришлифовывание зубов избирательное 151
Проба волдырная 151
Проба гистаминная 151
Проба Кавецкого 151
Проба лейкопеническая 151
Проба провокационная 151
Проба разговорная 152
Проба с экспозицией 152
Проба Шиллера-Писарева 152
Проба Ясиновского 152
Прогения 153
Прогнатия 153
Пролежень 153
Пролиферация 153
Промывное пространство 153
Проназале 153
Пропедевтика 153
Протакрил-М 153
Протез 154
Протез консольный 154
Протез мостовидный 154
Протезное ложе 154
Протезы для детей 154
Протоплен-М 154
Протрузия зубов 154
Профессиональное поражение слизистой
оболочки полости рта 155
Профилактические стоматологические средства 155
Прочность 155
Птоз 155
Пузырчатка 155
Пульпа зуба 155
Пульпаэкстрактор 156
Пульпит острый диффузный 156
Пульпит острый гнойный 156

Пульпит острый частичный 156
Пульпит ретроградный 156
Пулыпит хронический гангренозный 157
Пульпит хронический гипертрофический 157
Пулыпит хронический обостривщийся 157
Пульпит хронический фиброзный 157
Пульпотомия 157
Пульпаэктомия 157
Пунктат 157
Пункты межзубные контактные 157
Пункция 158
Пурпура 158
Пустула 158
Пути передачи жевательного давления 158
Путь введения протеза 158
Путь выведения протеза 158
Пятерка Ганау 159
Пятно 159
Пятна Коплика-Филатова 159

Р

Рабдомиома 159
Радиовизиография 159
Радиосиалография 159
Рак слизистой оболочки полости
рта и челюстей 160
Рана 160
Рандольф 160
Ранула или киста подъязычная ретенционная 160
Рапид репайр 160
Рапин 160
Расестипен 161
Распорка 161
Распространённость кариеса 161
Рауцем 161
Рахитические изменения зубов и челюстей 161

Рашпиль 161
Реанимация 161
Ребарон 161
Реактивы для определения раздражающих металлов при пользовании металлическим зубными протезами 162
Регенерация 162
Редонт 162
Редукция 162
Ред-фейз Р 162
Режуще-бугорковый контакт 162
Резекция 163
Резервные силы пародонта 163
Резец боковой 163
Резец центральный 163
Резидент 163
Резодент 163
Резорбция 163
Резорцин 163
Реконструкция съёмного пластиночного протеза 164
Реминерализация 164
Ремиссия 164
Рентгеновизиография 164
Рентгенограмма 164
Реография 164
Реокап темп 164
Репин 165
Реплантация зуба 165
Репозиция 165
Ретенционные аппараты 165
Ретенция зуба 165
Ретракция десны 165
Ретрузия зубов 165
Рецидив 165
Ринопластика 165
Рожа 165
Розеола 166

Ротация 166
Ротовая ролость 166
Рубец 166

С

Саливация 166
Санация полости рта 166
Санберст 166
Саркома 166
Сахарный диабет 167
Сведение (контрактура) челюстей 167
Светолечение 167
Свищ десневой 167
Свищ слюнной 168
Сегакест 168
Секвестр 168
Сенсибилизация 168
Сепсис стоматогенный 168
Сепсис хирургический 168
Септикопиемия 168
Септиция 168
Септокорд 168
Сиалоденит 169
Сиалография 169
Сиалодохит острый и хронический 169
Сиалолитиаз 169
Сикор 169
Силаур 169
Силидонт 169
Силиконовые слепочные материалы 169
Силицин 170
Симптом 170
Симптом бабочки 170
Симптом Бертона 170
Симптом Бехтерева 170
Симптом Боуга 170

Симптом Венсана 170
Симптом Вески 170
Симптом Викема (Уикхема) 170
Симптом Виллиса 170
Симптом волоса 171
Симптом Гареля 171
Симптом Герена 171
Симптом Герке 171
Симптом Гетчинсона 171
Симптом гидровибрационного колебания 171
Симптом Говерса 171
Симптом Дюпюитрена 171
Симптом Жильбера-Ано 171
Симптом Кауфмана 172
Симптом Купермана 172
Симптом Либермейстера 172
Симпом Мальча 172
Симпом Марфана 172
Симптом «маски клоуна» 172
Симпом Миршана 172
Симптом Никольского 172
Симптом «очков» 172
Симптом «разбитого горшка» 172
Симптом Треля 173
Симптом Филатова 173
Симптом Хетчкока 173
Симпом «щелкающего» сустава 173
Симптом Шмрекера 173
Симптом «языков пламени» 173
Синдром 173
Синдром Ашера 173
Синдром аурикуло-темпоральный 174
Синдром Бехчета 174
Синдром «зубная ангина» 174
Синдром Костена 174
Синдром Лефевра-Папийона 174
Синдром Пеутса-Турена-Егерса 174

Синдром приобретенного
иммунодефицита (ВИЧ) 175
Синдром Рейтора 175
Синдром Робена 175
Синдром Россолимо-Мелькерсона-Розенталя 175
Синдром Стейнтоно-Капдепона 175
Синдром Стивенса-Джонсона 175
Синдром Слюдера 176
Синдром Такахары 176
Синдром Флорика-Лобштейна 176
Синдром Шегрена 176
Синерезис 176
Синовит 177
Сиолит 177
Система Дигидент 177
Система Румпеля 177
Ситаллы 177
Сифилис 177
Скалер 177
Скарификационно-пленочный тест 178
Скарлатина 178
Слепок (оттиск) 178
Слюна 178
Слюннокаменная болезнь 178
Сменный прикус 179
Смесь Никифорова 179
Смесь фенол-формалиновая 179
Соединительная ткань 179
Солитэр 179
Соскоб 179
Состояние относительного
физиологического покоя 179
Сплав кобальто-хромовый 179
Сплав легкоплавкий 179
Сплав Меллота 180
Сплавы металлов 180
Сплавы ртути 180

Сплавы серебряно-палладиевые 180
Спонтанный 180
Спорицидин 180
Спредер 180
Ссадина 180
Стабилизаторы 181
Стабилор 181
Стадонт 181
Статические методы определения жевательной эффективности 181
Стейпут 181
Step-back (степ-бэк) методика 181
Стерилизаторы 181
Стирание зубов физиологическое, патологическое 182
Стираемость зубов функциональная 182
Стойкость коррозионная 182
Столбняк 182
Стомадент 182
Стом-акрил 182
Стомальгин 182
Стоматит 183
Стоматиты акриловые 183
Стоматит аллергический 183
Стоматит везикулярный 183
Стоматит гонорейный 183
Стоматит грибковый 183
Стоматит курильщиков 184
Стоматит медикаментозный 184
Стоматит при ветряной оспе 184
Стоматит при кори 184
Стоматит при лимфолейкозе 184
Стоматит при миелоидной лейкемии 184
Стоматит при пеллагре 185
Стоматит ртутный 185
Стоматит язвенно-некротический 185
Стоматолог 185

Стоматолог, положение рабочее сидя 185
Стоматолог, положение рабочее стоя 186
Стоматологические цементы 186
Стоматологическое зеркало 186
Стоматоскоп 186
Структур 186
Структур-2 186
Суперпал 186
Супер ТЗ 187
Супра стоун 187
Сшивагенты 187
Сшивка 187
Сыпь 187

Т

Таб-2000 187
Т-активин, тимаген, тималин 187
Тампон 187
Таргис 188
Тауродонтия 188
Твердосплавные боры 188
Твердость 188
Твердые слепочные материалы 188
Текучесть 188
Тела инородные 188
Телерентгенография 188
Телескопические коронки 188
Тело мостовидного протеза 189
Темдент 189
Темп бонд NE 189
Темпрон 189
Тенит 189
Тератома 189
Терминатор 189
Термодиагностика 189
Термопластические слепочные материалы 189

Термоскоп 190
Тест определения активности
ферментов слюны 190
Тест химического серебрения
поверхности акрилового протеза 190
Тетрациклиновые зубы 190
Тигель 190
Тиодент 190
Тирокальщитонин 191
Титан 191
Толстомер 191
Томография 191
Тортоаномалия 191
Травление 191
Травматические узлы 192
Трако 192
Трансплантация 192
Трансплантация зуба 192
Транспозиция 192
Трахеотомия 193
Тревожность 193
Трема 193
Тремор 193
Трепанация зуба 193
Треугольник Бонвилля 193
Трещина 193
Тризм 193
Трим 193
Триоксазин 193
Трифуркация 193
Тромб 194
Тромбофлебит 194
Трофедема 194
Трубайт биофарм JPN 194
Туберкулез слизистой оболочки полости рта 194
Турнера зубы 194
Турунда 194

У

Угол бокового резцового пути 195
Угол бокового суставного пути (угол Беннета) 195
Угол дивергенции 195
Угол конвергенции 195
Угол сагитального резцового пути 195
Угол сагитального суставного пути 195
Удаление зубов 195
Удлинение зубо-альвеолярное 195
Уздечка губы короткая 196
Уздечка языка 196
Узелки Бона 196
Уилсона кривые 196
Ультравысокочастотная терапия (УВЧ) 196
Ультразвуковая терапия 196
Ультрафиолетовые лучи 196
Уникс 197
Унифас 197
Уницем 197
Уолдвест 197
Упругость 197
Уродливые зубы 197
Усадка 197
Уход за протезами 197
Ушибы зуба 198

Ф

Фагодинамометрия 198
Фазе-плюс 198
Фазы жевания 198
Факторы риска стоматологических
заболеваний 198
Фантом 198
Фарфоровая масса 199
Фасетка 199

Феномен Попова-Годона (Вторичная деформация зубо-челюстной системы) 199
Феномен Христенсена 199
Ферментные препараты 200
Фибер-бонд, Фибер-силит, Фибер-симент МЛ 200
Фиброматоз десен 200
Фибросаркома 200
ФиБС 200
Фиксакрил 200
Фиксаторы 200
Фис-8 200
Фиссуры 201
Фитотерапия 201
Флегмона 201
Флегмона височной области 201
Флегмона глазницы 201
Флегмона дна полости рта 201
Флегмона окологлоточного пространства 201
Флегмона подглазничной области 202
Флегмона подчелюстной области 202
Флегмона подъязычной области 202
Флекси-вост 202
Флюкса 202
Флюктуация 202
Флюктуоризация 203
Флюороз 203
Формадент литьевой, формадент твердый 203
Формасил 203
Формовка 203
Формодент 203
Формолит 203
Формула зубов 205
Фосфат цемент 205
Фотоплетизмография 205
Фрейз 205
Френулотомия 205

Френулоэктомия 206
Фтор 206
Фторакс 206
Фторотан 206
Фуджи-1 206
Фуджи плюс 206
Фудживест и фудживест супер 206
Фуджирок-ер 206
Функции пародонта 206
Функциональные жевательные пробы 207
Фурацилин 207
Фурункул 207
Футура-зульф 207

Х

Хаас-лазер 44Р 208
Хабитус 208
Хай-керам 208
Хай-лайт 208
Хауэса метод 208
Хейлит 208
Херамат-ц 208
Химико-спектральный анализ слюны 208
Химопсин 209
Хлорамин 209
Хлороз поздний 209
Хондросаркома 209
Хонсурид 209
Хорошилкиной-Токоревича приспособление 210
Хром 210
Хрониосепсис 210
Хронический 210
Хрупкость 210

Ц

Цегалл 210
Целлулоид 210
Цемент корня зуба 211
Цемент иономерный 211
Цемент цинкполиакрилатный 211
Цементома 211
Цемион Ф 211
Центры жевательные 211
Церин 211
Цефалометрия 211
Цианоз 211
Цинга 212
Цинк окиси 212
Цистомия 212
Цистоэктомия 212

Ч

Частота вращения 212
Челюсти беззубые 212
Челюсть верхняя 212
Челюсть нижняя 212
Чешуйка 213
Чистка зубов 213

Ш

Шейка зуба 213
Шина боксёрская 213
Шина Вайсенфлю 214
Шина Ванкевича 214
Шина Васильева 214
Шина Вебера 214
Шина Гунинга-Порта 214
Шина колпачковая 214

Шина Лимберга 214
Шина ложка 214
Шина Мамлока 215
Шина несъемная из коронок 215
Шина протез 215
Шина Степанова 215
Шина Тигерштедта 215
Шина Эльбрехта 215
Шинирование 215
Шины пластассовые для челюстей 216
Шиповидные зубы 216
Шлифовальный мотор 216
Шок 216
Шок травматический 216
Шпат полевой 216
Шпатель 216
Штамп 217
Штамповка 217
Штерн-квик 217
Штифт 217
Штифтовый зуб Амираева 217
Штифтовый зуб Ахмедова 218
Штифтовый зуб Ильиной-Маркосян 218
Штифтовый зуб Ричмонда 218
Штифтовый зуб Ричмонда в модификации ММСИ 218

Щ

Щвян 218
Щека 218
Щель ротовая 218
Щётка зубная 218
Щёчный 218
Щипцы для прокалывания вестибулярной поверхности металлических коронок 219
Щипцы крампонные 219

Щипцы клювовидные 220
Щипцы экстракционные 220

Э

Эвакуация 220
Эвикрол 220
ЭГМАСС-12 220
Эзофаготомия 220
Экватор зуба 221
Экзабайт 221
Экзартикуляция 221
Экзопротезы, эктопротезы 221
Экзостоз 221
Экскаватор 221
Экскавация 221
Экскориация 222
Эксплолеры или зонды 222
Экспульсия 222
Экссудат 222
Экстирпация 222
Экстракция зуба 222
Эксфолиативный хейлит 222
Экхимоз 222
Эладент-100 222
Эластик 223
Эластичность 223
Эластичные слепочные материалы 223
Эластопласт 223
Элеватор 223
Электровозбудимость пульпы зуба 223
Электромиография 223
Электрообезболивание 224
Электросон 224
Электрофорез 224
Электрохимические нарушения
в полости рта 224

Эльбрехта классификация альвеолярных гребней при неограниченных дефектах зубного ряда 224
Эльцебонд CCV 225
Эмаль 225
Эмболия воздушная 225
Эмфизема лица и органов полости рта 225
Эндодент 225
Эндодонтия 225
Эндопротезы 226
Эодент 226
Эпидермоид врожденный (пузырчатка врождённая) 226
Эпикриз 226
Эпителиальный слой 226
Эпителизация 226
Эпоксидные пломбировочные составы 226
Эпулис 226
Эргономика в стоматологии 226
Эритема 227
Эритема многоформная экссудативная 227
Эрозия эмали 227
Эстедент 227
Этакрил 228
Этест 228
Эффективность жевания 228
Эффективность протезирования 228
Эчинг-пеллетс 228
Эхоостеометрия 228

Ю

Юинга саркома 229
Юпитца циркуль 229

Я

Язва 229
Язва декубитальная 229
Язва трофическая 229
Язва туберкулёзная 230
Язык 230
Язык десквамативный 230
Язык пенициллиновый 230
Язык складчатый 230
Язык при уремии 230
Язык черный 230
Языкозащитник 230
Янсон бионатор 231
Ятрогения 231
Ячейка зуба 231
Ящур 231

АМИРАЕВ УБАЙДИЛЛА

СТОМАТОЛОГИЯЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

Окуу куралы

(Русско-кыргызский словарь)

Редактору *Төлөгөнова С.Ш.*
Корректору *Сакелова Р.*
Компьютерде калыпка салган *Терибаева Р.*

Басууга 10.10.2009. кол коюлду.
Форматы $60x84^1/_{16}$. Көлөмү 17,25 б.т. Нускасы 100,

720000, Бишкек ш.,